КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ЗАМАНБАП ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунда
УДК 811.112.2 (575.2) (043.3)

ДАРБАНОВ МАККАМБАЙ ЕРМАТОВИЧ



ДҮЙНӨНҮН КОГНИТИВДИК-ТИЛДИК СҮРӨТҮНДӨГҮ «АДАМ» КОНЦЕПТИ

10.02.01 – кыргыз тили

Филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

Илимий кеңешчи: филология илимдеринин доктору,
профессор Зулпукаров Капар Зулпукарович

Жалал-Абад– 2021

МАЗМУНУ

Киришүү.....3

I бап. Концептуалдык изилдөөлөрдүн негиздери.....12

1.1. Когнитивдик лингвистикада антропологиялык маселелердин берилиши жөнүндө…….....13
1.2.Лингвомаданият таануу илиминин негизги проблемалары.....22
1.3. Концепт жана анын изилдениши.....…….....28
1.4. Концептуалдык изилдөөлөрдүн азыркы абалы.....…….....33
1-баптан алынган тыянактар …….....41

II бап. Изилдөөнүн материалдары жана методдору.....43
2.1.Изилдөөнүн негизги материалдары жана булактары.....43
2.2.Изилдөөнүн негизги материалдары катары кызмат кылган тил каражаттары жана алардын семантикалык мейкиндиги.....45
2.3. Изилдөөнүн негизги аспектилери жана методдору.....54

III бап. “Адам” концептинин кыргыз дүйнө таанымында лексика-семантикалык жана провербиалдык түрдө экспоненттелишин изилдөөнүн негизги натыйжалары.....57

3.1. “Адам”концептинин философиялык катмарынын мазмуну.....58
3.2. “Адам” концептинин социалдык-тарыхый жана биологиялык катмары.....63
3.3. “Адам” концептинин мифологиялык катмары.....69
3.4. “Адам концептинин деривациялык катмары 75
3.5. Антропологиялык концепттердин этимологиялык катмарына сереп.....82
3.6. Менталдык чөйрөдөгү “Адам” концепти катышкан номинативдик бирдиктерди талдоо.....…….....84
3.7. “Адам” концептинин репрезентацияланышы (лексикографиялык булактардагы маалыматтар боюнча).....…....…….....97
3.8. “Адам” концептинин репрезентациялоочу синонимдер жана антонимдер.....107
3.9. “Адам” концептин сыпаттоочу эпитеттердин жалпы бөтөнчөлүктөрү.....119
3.10. “Адам” концептин синтагмалык жактан изилдөөнүн натыйжалары.....127
3.11. Негизги антропологиялык концепттерге компоненттик талдоо.....133

3.12.1. Провербиалдык каражаттардын (бирдиктердин) белгилери.....143
3.12.2. “Адам” концепти туруктуу сөз айкаштарда.....144
3.12.3. “Адам” концептин уюштурган когнитемалардын тобу.....162
3.12.4. “Адам” компоненттүү провербиалдык бирдиктерди когнитивдик-семантикалык жактан анализ.....169
3.12.5. Провербиалдык бирдиктерде “Адам” концептинин мүнөздөлүшү (ар кыл сапаттарга ээ болушу).....231
3.13. “Адам” концепти кыргыздардын поэтикалык ой казынасында 240
3.14. Кыргыз этносунун аң-сезиминде “Адам” концепти кандайча ассоциацияланат? 257
3.15. “Адам” концептин изилдөөнүн негизги натыйжалары.....269
3-баптан алынган тыянактар.....272
Корутунду……...……...……....277
Колдонулган адабияттардын тизмеси……..….....285
Тиркемелер……...…….....304

Киришүү

Бүгүнкү күнгө чейин педагогика, психология, философия, социология, этнография ж.б. илимдеринде адам темасы иликтөөгө алынып, кыргыз тил илиминде белгилүү лингвисттердин (К.К. Юдахин, Б.М. Юнусалиев, Б.Ө. Орузбаева, Ж. Шүкүров, Ж. Мамытов, С. Өмүралиева ж.б.) эмгектеринде гуманитардык маселелер азыноолак каралгандын эске албаганда, адамга байланыштуу тил бирдиктери өз алдынча лексикалык топ жана «Адам» концепти катары атайын изилдөөгө алына элек болчу.

Сунушталып жаткан диссертациялык иш азыркы мезгилде зарылдыгы өзгөчө бааланган когнитивдик лингвистика, лингвомаданият таануу, этнолингвистика, лингвопаремиология сыяктуу илимдердин алкагында «Адам» концептин кыргыз тилинин материалында сыпаттап берүүгө арналган.

Адамдын маани-маңызынын проблемасы жана бизди курчап турган дүйнөдөгү анын ролу ар дайым актуалдуу болуп келген жана бүгүнкү күндө дагы азыркы замандын реалийлеринин котекстинде чечкиндүү ролду ойноп келүүдө. Адам төрөлгөндө эле өзү жашай турган коомдун, ал коомго мүнөздүү улуттук маданияттын толук укуктуу ээси катары жарык дүйнөгө келет. Коомдук талапка, чөйрөгө ылайык адамга тарбия берилип, таалим-тарбиянын өзөгүн улуттук маданият түзгөндүктөн, адамга байланыштуу тил бирдиктеринде улуттук түшүнүк, маданият, менталитет кеңири камтылат. Ошол себептен адамга байланыштуу лексика когнитивдик лингвистика менен лингвомаданият таануу илиминин изилдөө объектиси боло алат. Элдин каада-салтына, динине, укугуна байланыштуу этнографиялык, социологиялык ж.б. изилдөөлөр адам феноменинин коомдук маданий көрүнүштөргө көз каранды экендигин далилдеди [Төлөкова , 2012, 3-б.].

Лингвомаданият таануу илиминин изилдөө предмети болуп саналган, өз мазмунуна адамга байланыштуу улуттук маданиятты камтыган архетип, маданий стереотип (мурастык түшүнүктөр модели), паремия, фразеологизмдер кыргыз тилинде тилдик мурас, байлык катары сакталуу

менен, муундан-муунга өтүп келет. Тил калктын маданиятын өзүнө сиңирип, муундан өткөрүүчү – аккумулятивдик функцияны аткарат[Төлөкова, 2012, 3-б.].

Когнитивдик, лингвомаданий изилдөөлөр элдин маданий эстутумунда калыптанган универсалдуу тажрыйбаны таанып билүүгө багытталып, улуттук менталитетти, анын баалуулуктарын жана приоритеттерин терең түшүнүүгө жол ачат. Бул багытта чет элдик жана россиялык төмөнкү илимпоздор алектенишкен: Ж.Р. Андерсон, Т.Р. Андерсон, Л.В. Барсалоу, Б. Шварц (1987), С. Шифер, С. Стил, Р. Жекендорф, Ж. Лакофф, А. Вежбицкая, Д.С. Лихачев, В.В. Колесов, Ю.С. Степанов, Е.С. Кубрякова, В.Н. Телия, Р.М. Фрумкина, В.И. Карасик, З.Д. Попова, И.А. Стернин, В.А. Маслова, Л.О. Чернейко ж.б. Когнитивдик лингвистиканын негизги маселелерине түркологияда да бир топ окумуштуулар кайрылышкан (Э.Р. Тенишев, К.М. Мусаев, А. В. Дыбо, И.В. Кормушин, Д.М. Насилов, И.Г. Добродомов, З.Н. Экба, З.И. Салиева, А. Сейтимбек ж.б). Кыргызстандык тилчи-когнитологдор да бул жаңы тармак менен алектенишип, ага бир топ салым кошту. Когнитивдик лингвистиканын, лингвомаданият таануунун идеялары, методдору жана категориялары тилдин айрым орчундуу маселелерин изилдөөдө колдонулуп, дурус эле натыйжалар алынды. Бизде когнитивдик талдоого морфемика менен дериватология (М.Ж. Тагаев), “жизнь/өмүр”, “тагдыр/судьба”, “жамандык/все плохое”, “смерть/өлүм” ж.б, «кыймыл» концепти (З.К. Дербишева), дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүндөгү темпоралдык категоризация (У.Д. Камбаралиева), айрым локативдик лексемалар (Б.Т. Борчиева), кээ бир портреттик концепттер (Ы.А. Темиркулова), паремикадагы теологиялык концепттер (К.З. Зулпукаров, А. Абдулатов, М.А. Малабаев, С.С. Сейитбекова, А. Калмурзаева), антонимдик концепттер (С.Б. Эргешова), «бала» концепти (Э.Т. Төлөкова) “суу” концепти (Г.А. Абыканова), “жашоо, турмуш/жизнь” концепти (А.Р. Бутешова) жана когнитивдик лингвистиканын жалпы маселелери (З.К. Дербишова, Л.И. Дрофа, Ш.А. Адинаев) алынды.

Ушул изилденген концепттер менен катар кыргыз адамынын улуттук баалуулуктар системасына “Адам” концептин да киргизүүгө болот.

Бүгүнкү күндө азыркы тил илиминде руханий маданиятыбыздын баалуу түшүнүктөрүн тилдик каражаттар аркылуу изилдөө жана окуп-үйрөнүү жигердүү ишке ашууда (Ю.Д. Апресян, Н.Д. Арутюнова, А. Вежбицкая, В.В. Колесов ж.б.).

Азыркы лингвистикада “Адам” концептинин семантикалык талаасын изилдөө боюнча бир нече иштер аткарылган. Алсак, А.И. Геляева адамды дүйнөнүн тилдик сүрөтүндөгү номинациялардын объекти катары карап, изилдеген (2002), Е.В. Федина адам концептинин орус тилинин паремиологиясындагы чагылуусун карап чыккан (2015), О.Б. Клевцова адамдын денесине байланыштуу концепттерди байыркы орус тили менен байыркы кытай тилин салыштырып анализдөөнүн материалында когнитивдик жактан моделдештирип чыккан (2007). Ошондой эле, Т.В. Сычева орус тилиндеги буюмдардын аталыштарын камтыган фразеологиялык бирдиктер негизинде “Адам” концептин вербалдаштырган (2012). Бирок бүгүнкү күнгө чейин кыргыз тили илиминде “Адам” концептин когнитивдик, лингвомаданий, паремиологиялык өңүттө изилдөөгө алган атайын лингвистикалык изилдөөлөр кезикпейт.Демек, бул диссертациялык изилдөө улуттук-маданий баалуу түшүнүктөрдү окуп-үйрөнүү, өздөштүрүү салтын улантып, өнүктүрүү менен бирге азырынча жетишерлик деңгээлде изилденбеген, т.а., “Адам” концептин когнитивдик, лингвомаданий жана паремиологиялык планда сыпаттап берүүнүн орчундуу маселелерине арналган.

Изилдөөнүн актуалдуулугу:

1) “Адам” концептине тиешелүү лексиканын кыргыз лингвистикасында атайын иликтенбегендиги;

2) ага тиешелүү жана аны менен байланышкан концепттердин маани-маңызынынталдана электиги;

3) “Адам” концептин репрезентациялоочу каражаттардын түрлөрү, саны, кепте колдонулуу өзгөчөлүктөрү ушул кезге чейин аныкталбай келгендиги;

4) когнитивдик лингвистиканын, лингвомаданият таануунун идеялары, принциптери, методдору кыргыз тил илиминде ар тараптан бир өңүттө системалаштырылып, сыпатталбагандыгы;

5) когнитивдик-лингвистикалык түшүнүктөрдүн жана категориялардын (элес, түшүнүк, фрейм, сценарий, схема, гештальт, пропозиция, когнитема ж.б.) кыргыз тилинин менталдык аспектисин изилдөөдө кенен колдонулбагандыгы менен;

6) «Адам» концептинин чегинде ядро–периферия, денотация–коннотация, баштапкы–туунду, нейтралдуу–эмоциялуу, объективдүү–субъективдүү, чектүү–аралык ж.б. көрсөткүчтөрдүн милдеттери жана касиеттери каралбагандыгы менен шартталат, о.э. жашоодогу эң маанилүү жандуунун маани-маңызын ой-тутумда чагылдырган «Адам» концептинин когнитивдик мазмунун ачып берүү дагы иштин зарылдыгын белгилейт.

Диссертациянын темасынын негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы. Тема Билим берүү жана илим министрлиги каржылаган «Кыргызстандын лингвомаданий объектилери учурдагы илимий парадигмалардын контекстинде» (2009-2011-ж.ж.) жана «Тилдин полипарадигмалык теориясынын когнитивдик-психолингвистикалык жана лингвоэтномаданият таануу аспектилери» (2012-ж.) аттуу долбоорлордун алкагында иликтенди.

Илимий изилдөөнүн объектиси болуп кыргыз тилиндеги «Адам» концептине тиешелүү тилдик, провербиалдык бирдиктер саналат.

Илимий изилдөөнүн предмети катары дүйнөнүн тилдеги «Адам» концептине таандык, аны репрезентациялоочу когнитивдик, тилдик, провербиалдык каражаттар тандалып алынды.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Изилдөөнүн **максаты** катары кыргыз тилиндеги «Адам» концептинин когнитивдик мазмунун,

деривациялык жана провербиалдык бирдиктерди лингвомаданият таануу алкагында комплекстүү изилдөө эсептелет.

Мына ушул максатта төмөнкүдөй **милдеттерди** аткаруу зарылдыгы келип чыгат:

1) когнитивдик лингвистиканын негиздери, жетишкендиктери менен таанышып чыгып, анын жоболорун, категорияларын жана ык-методдорун изилдөө объектине ылайыктап иштеп чыгуу;

2) «Адам» концептинин мазмунундагы түйүндүк когнитивдик түзүүчүлөрдү ачып берүү максатында кыргыз тилиндеги «Адам» концептин репрезентациялоочу лексемаларга лексикографиялык анализ жүргүзүү;

3) кыргыз тилиндеги провербиалдык бирдиктердин материалында «Адам» концептинин когнитивдик мазмунун ачыктоо;

4) «Адам» концептинин талаалык структурасын түзүү, анын борборун жана жакабелин аныктоо;

5) «Адам» концептинин когнитивдик мазмунун түзгөн элес (ойдогу «из», образ), түшүнүк, схема (модель), фрейм, сценарий (скрипт), когнитема сыяктуу категориялардын маанисин ачып мүнөздөп чыгуу;

6) «Адам» концептинин өнүгүү динамикасын жана анын түшүнүк берүүчү көлөмүн анализдөө;

7) бул концепттин улуттук (этностук) фреймдик-когнитемалык маңызын паремиялардын материалында мүнөздөп, анын ар түрдүү касиеттеринин аныкталышын көрсөтүп берүү.

Коюлган милдеттерди аткаруу үчүн иште концептти изилдөөнүн төмөнкү **ык-жолдору** пайдаланылды:

I. Диссертациялык иште сүрөттөп жазуу ыкмаларынын бири – лингвистикалык байкоо ыкмасы колдонулду. Бул ыкманын жардамында «Адам» концептинин изилденип жаткан белгилүү бир категориясына таандык тилдик фактылар текстерден, ар кыл булактардан бөлүнүп алынды.

II. Изилдөөнүн бардык этаптарында анализденип жаткан бирдиктерди эсептөөдө саноо ыкмасы, ошондой эле: 1) ачкыч сөзүн тандап алуу жана анын

семантемаларын анализдөө ыкмасы, интерпретациялоо ыкмасы, сыпаттама ыкмасы, 2) концептти объективтештирүүчү паремияларды анализдөө ыкмасы колдонулду.

Демек, изилдөөдө сыпаттоо, байкоо, талдоо, эксперимент, топтоштуруу, моделдештирүү (когнитемалардын негизинде), саноо, тилдик талааны анализдөө ж.б. методдор колдонулду.

Изилдөөнүн **илимий жаңылыгы** төмөнкүлөр:

1) «Адам» концептинин изилдөө үчүн тандалышы, бул концепттин маңызын ачууда когнитивдик, лингвомаданий категориялардын, методдордун жана принциптердин колдонулушу, «илимий – демейдеги (көнүмүш)», «илимий – поэтикалык», «демейдеги – эмоциялуу», «баштапкы – туунду», «нейтралдуу – баалоо», «оң – терс», «жалпы – жеке» ж.б. дихотомиялардын алкагында каралып жаткан концепттин мазмунунун аныкталышы;

2) алгачкы жолу бир иштин рамкасында адам жөнүндөгү, адам идеясын имплициттик түрдө (көмүскөлүү) камтыган кыргыз тилинин лексикалык бирдиктери, макал-лакаптары, учкул сөздөрү, фразеологизмдери топтолуп, системалаштырылып, анализденип чыккандыгы;

3) диссертациялык иш «Адам» концептин репрезентациялоочу тилдик каражаттарды комплекстүү лингвистикалык анализдөөнүн алгачкы кадамын өзүнө камтыгандыгы;

4) «Адам» концептиндеги мазмун түшүнүк, пропозиция, когнитема, схема, символ ж.б. когнитивдик категориялардын жардамы менен жиктелип сыпатталышы;

5) «Адам» концепти биринчи жолу дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүнүн фрагменти катары изилдениши, анын кыргыз элинин улуттук тилинде объективтешүүсүнүн спецификасы ачыкталышы;

6) микроталааларды түзүү «Адам» концептинин талаа моделин жана *адам* сөзүнүн семантикалык талаасын түзүүнүн алгачкы иш-аракети болгондугу менен аныкталат.

Изилдөөнүн практикалык мааниси. Иш тил илиминдеги когнитивдик лингвистика, этнолингвистика, лингвопаремиология сыяктуу тармактардын идеялары, жетишкендиктери, принциптери жана методдоруна таянып, кыргызча факты-материалдарынын негизинде иштелип чыкты.

Биринчиден, иштин материалдары жана негизги жоболору когнитивдик лингвистика, кыргыз тилинин лексикологиясы, паремиологиясы жана фразеологиясы боюнча лекциялар курсунда, о.э., кыргыз семасиологиясын жана когнитивдик лингвистикасын өнүктүрүүгө өбөлгө болуу менен бирге аталган тармактар боюнча атайын курстарды окууда жана атайын семинарларды өткөрүүдө колдонула алат. Экинчиден, иштеги натыйжаларды лингвомаданият таануу, лексикалык семантика, психолингвистика, социология боюнча изилдөөлөрдө колдонсо болот. Үчүнчүдөн, кыргыз элинин изилденип жаткан кубулушка карата мамилесин чагылдырган айрым тыянактар ар түрдүү типтеги жарнамалык жана идеологиялык текстерди түзүүдө база катары кызмат кыла алат.

Коргоого коюлуучу жоболор:

1. Концепт реалдуу чындыктын белгилүү бир фрагменти жөнүндөгү элестөөлөрдүн жана түшүнүктөрдүн системасын чагылдыруучу менталдык-когнитивдик түзүлүш катары кабыл алынат жана аны изилдөө анын тилдик репрезентанттарынын мазмундук мүнөздөмөлөрүн ачып берүүдө турат. Кыргыз лингвистикасында биз тандап алган концепт өзүнчө объект болуп изилденбеген. Анын репрезентативдери когнитивдик-тилдик өңүттө атайын каралууга тийиш.

2. «Адам» - семантикасы түркүн элементтерге ээ, көп булактуу, эң таркалган концепт. Ал предметтик, образдык, аксиологиялык компоненттерден турат. Анын көп элементтүүлүгү тиешелүү денотаттын жашоодогу орду, мааниси жана баалуулугу менен түшүндүрүлөт.

3. Кыргыздын көптөгөн паремияларында жана эпитеттеринде *адамдын* түркүн кулк-мүнөзү, кыял-жоругу, жүрүм-туруму, сырткы келбети ж.б. сын-

сыпаты мүнөздөлөт, демек, ал кыргыз элинин күндөлүк практикалык баалуулуктарынын катарына кирет.

4. «Адам» концепти көп катмардуу жана көп деңгээлдүү. Ал кыргыз тил ээлеринин аң-сезиминде “Адам, киши, инсан, пенде, тирүү жан”, “Адам сөзү Алла Таала Адам ата менен Обо энени жараткандан кийин пайда болгон”, “Адамды адам кылган сапаттар - адамгерчиликтүүлүк, ыймандуулук, боорукердик, адептүүлүк”, “Адамды айбан кылган сапаттар - ичи тардык, кызганчаактык, көрө албастык, ач көздүк, урушчаактык, сараңдык” сыяктуу концептуалдык белгилер аркылуу берилүүчү, концепттин өнүгүүсүн чагылдырган когнитивдик катмарларды өзүнө камтыйт.

5. Паремияларды концептуалдык анализдөө концепттин мазмунун лексикографиялык интерпретацияларга салыштырмалуу бир кыйла кеңейтип жиберет, эл тарабынан иштелип чыккан ойлордун жыйындысы лингвомаданий жалпылык катары паремияларда орун алат. Эмгекке байланыштуу лексемалар, фразеологиялык сөз курамы жана макал-лакаптар кишинин менталдык дүйнөсүн чагылдырат. Улуттук түшүнүктөрдү ар түрдүү когнитивдик түзүлүштөр (фрейм, сценарий, когнитема ж.б.) уюштурат.

6. «Адам» концептинин, анын ичинде *адам* сөзүнүн семантикалык талаасынын борбордук лексемалары катары *киши, инсан, пенде, жан, жаран* сөздөрү кызмат кылат, ал эми семантикалык талаасынын жакабелине “персона”, “индивид”, “субъект” ж.б. көптөгөн түшүнүктөр кирет.

Автордун жекече салымы. Теманын, багыттын тандалышы, материал жыйноо, системалаштыруу, чечмелөө жана жалпылоо изденүүчү тарабынан жекече аткарылды. Сунушталган ой-пикирлер, көз караштар, изилдөөдөн алынган илимий корутунду, жыйынтыктар диссертанттын өзүнө таандык.

Изилдөөнүн апробациясы. Диссертациялык изилдөөдөналынган тыянактар жана жоболор заманбап эл аралык университетинин тилдер кафедрасынын отурумдарында 3 жолу, университеттин окутуучуларынын илимий-практикалык конференцияларында 2 мертебе жана эл аралык,

республикалык, регионалдык конференцияларда 4 жолу автор тарабынан жасалган докладдарда баяндалган.

Иш ошол эле университеттин тилдер кафедрасынын кеңейтилген жыйынында ар тараптан талкууланып, коргоого сунушталды.

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын толук жарыяланышы. Изилдөөнүн мазмунун чагылдырган 19 макала жарыяланып, анын ичинен Кыргызстанда РИНЦ индексине кирген басылмаларда 8 макала жана чет элдик индекстелген (РИНЦ, Scopus) илимий басылмаларда 11 макала жарык көрдү.

Диссертациялык эмгектин түзүлүшү. Эмгек киришүүдөн, үч баптан, корутундунан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Колдонулган адабияттардын тизмеси 179 аталышты камтыйт. Иштин жалпы көлөмү- 313 бет.

I БАП. КОНЦЕПТУАЛДЫК ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН НЕГИЗДЕРИ

Когнитивдик лингвистика өзүнчө илимий сала катары пайда болгонуна бир топ жыл болуп калды. Тилдин, ойдун, аң-сезимдин жана маданияттын ортосундагы өз ара алакаларды изилдөө бул тармактын негизги максаты болуп калды. Когнитивдик лингвистиканын объектиси катары тил аркылуу дүйнөнү өздөштүрүү, тилде катталган этностук билим-тажрыйбаны жана билимди изилдөө, тилде чагылдырылган дүйнө сүрөтүн жана концептосфераны талдоо проблематикасы калыптанды.

Когнитивдик, лингвомаданий изилдөөлөр элдин маданий эстутумунда калыптанган универсалдуу тажрыйбаны таанып билүүгө багытталып, улуттук менталитетти, анын баалуулуктарын жана приоритеттерин терең түшүнүүгө жол ачат. Кыргызстанда лингвокогнитивдик өңүттө бир нече баалуу эмгектер пайда болду (М.Ж. Тагаев, К.З. Зулпукаров, З.К. Дербишева, Б.Т. Борчиева, Л.И. Дрофа, Ш. Адинаев, А.А. Абдулатов, Ы.А. Темиркулова, Г.А. Абыканова, С.Б. Эргешова, Э.Т. Төлөкова ж.б.). Бул изилдөөлөрдө да когнитивдик лингвистика менен лингвомаданияттын принциптери тилдин конкреттүү деңгээлдеринин материалында иликтенип, кыргыз тил илимине жаңы жышаан жана табылгалар кошулду.

Бул бапта жарык көргөн адабияттарга обзор берилип, тилдин азыркы учурдагы антропоборбордук парадигмасындагы когнитивдик лингвистиканын, лингвомаданият таануунун абалы, жалпы жоболору талкууланып, андагы учуроочу түрдүү көз караштар талданып, диссертациялык эмгекте колдонулуучу *менталитет, менталдуулук, концепт, концептосфера, фрейм, сценарий, когнитема* ж.б.сыяктуу негизги терминдердин илимий изилдөөлөрдөгү аныктамалары чечмеленет, о.э., когнитивдик лингвистикада концептти изилдөөнүн азыркы абалы серептелет.

1.1. Когнитивдик лингвистикада антропологиялык маселелердин берилиши жөнүндө

Өткөн кылымдын аягынан тартып тил илиминдеги басымдуулук кылып жүргөн системалык-структуралык жана статикалык парадигманын ордуна адамга «Бардык нерсе адам аркылуу аныкталат» деген статусту кайрадан ыйгарган жана адамды дүйнөнүн борборунан орун алдырган антропоборбордук, функционалдык, когнитивдик жана динамикалык парадигма келди. Антропоборбордук парадигма – бул изилдөөчүлөрдүн кызыгууларынын таанып билүүнүн объектинен субъектине карай өтүүсү, б.а., адамдын тилде анализдениши же тилдин адам аркылуу талдануусу. Мындай изилдөөлөргө ылайык атайын илимий бөлүмдөр пайда болууда. Алсак, лингвистикалык антропология, антрополингвистика, антропологиялык лингвистика. Лингвистикалык антропология – тилдердин өзгөрүү тарыхын, тил менен маданияттын өз ара байланыш-катышын, о.э. тилдин социалдык жашоого таасир этүүсүн окутуп үйрөтүүчү антропологиянын багыты. Ал лингвистикалык, этнографиялык, маданият таануучулук алкактарды өз кучагына алат. Антрополингвисттер тил менен адамдардын жана алардын маданиятынын башка аспектилеринин ортосундагы байланыштарды табууга аракет кылышат. Жазуу түрүндө берилүүсү жок тилдердин структурасын изилдөө алардын көңүл чордонунда турат. Бул багыт (тийиштүү термин) америка лингвистикасында Түндүк Американын жергиликтүү калкын, алардын жашоо образын, баарлашуусун изилдөөдөн улам келип чыккан.

Антрополингвистика, антропологиялык лингвистика – адамдын ой жүгүртүү эволюциясын тийиштүү тилдик эволюцияда чагылдырылуусунун негизинде окутуп-үйрөтүүчү лингвистикалык бөлүм. Адамдын аң-сезиминдеги, маданияттын өнүгүүсүндөгү, билимдердин өсүүсүндөгү бардык тарыхый өзгөрүүлөр тилдин лексикалык системасында чагылуусу анын баштапкы жобосу болот. Антрополингвистика эпистемология, антропология, илим таануу, курак психологиясы, социалдык

психология, этнолингвистика жана лингвомаданият таануу сыяктуу илимдер менен тыгыз байланышта.

Антрополингвистиканын пайда болуусу 2004-жылы Улуу Британиянын, Германиянын, Польшанын, Россиянын жана Украинанын белгилүү термин таануучулары кол койгон “Белосток манифестинде” жарыяланган. Бул конференциянын материалдары “антрополингвистиканын белосток сериясынын” биринчи томунда чагылдырылган. 2005-жылы Москвада «Основы антрополингвистики (к лингвистическим основаниям эволюции мышления)» деген эмгек жарык көргөн жана ушул эле жылы Нижний Новгороддо бул тематика боюнча алгачкы диссертация жакталган [Гринев-Гриневич С. В., Сорокина Э. А., Скопюк Т. Г. Основы антрополингвистики (к лингвистическим основаниям эволюции мышления): Учебное пособие. М., Издательский центр “Академия”, 2008, 128 с.]. Азыркы тил илиминде антропоборбордук парадигманын чегинде бир катар багыттар өнүгүп келүүдө, биз алардын экөөсүнө токтолобуз – когнитивдик лингвистика жана лингвомаданият таануу.

Тил илиминдеги антропоборбордук парадигманын алкагында когнитивдик лингвистика туруктуу орун ээлеп калды. Эки кылымдын тогошуусундагы 30 жылдын ичинде ал пайда болуп, калыптанып жана интенсивдүү өнүгө баштады. Дүйнөнү таанып билүү, категоризациялоо, классификациялоо жана түшүнүү процесстери, билимдердин топтолуусу кандай жүрүп жаткандыгын, маалыматтар менен болгон ишкердиктин түрлөрүн кандай системалар камсыздап жаткандыгын түшүнүп-билүү анын негизги максаты болуп калды.

Когнитивдик лингвистика үчүн тил маалыматты каттоонун, сактоонун, өзгөртүүнүн жана жайылтуунун зарыл каражаты катары бааланат. Бул тармактын борбордук идеясы тил менен ойдун, сүйлөө – угуу менен ойлоонун карым-катнашын, жалпы когнитивдик механизмдерин чагылдырат.

Ал психолингвистиканын жетишкендиктерине таянат. Кепти уюштуруунун, сүйлөө-угуунун, жазуу-окуунун жүрүшүн изилдөө, тилди

адамдын аң-сезиминде сакталчу белгилердин системасы катары аныктоо, тилдин колдонуш жана пайдаланыш чөйрөлөрүн иликтөө (Ч. Осгуд, Т. Себеок, Ж. Гринберг, Ж. Кэррол, А.А. Леонтьев, Ю.Н. Караулов, И.А. Зимняя ж.б.) когнитивдик лингвистиканын түптөлүшүнө негиз болду.

Бул тармактын негиздөөчүлөрү катары америкалык илимпоздор (Жорж Лакофф, Рональд Лангакер, Рэй Жакендофф ж.б.) эсептелишет. Анын предмети катары маалыматты өздөштүрүүнүн, сактоонун, иштетүүнүн бөтөнчөлүктөрү, тилдин жардамы менен билим-тажрыйбаны менталдык чөйрөдө жайгаштыруунун ыкмалары мурда эле пайда болгондугун айтууга болот. Когнитивдик лингвистика дисциплина аралык когнитивдик илимге таянат, анын негизинде жаралган. Когнитивдик илимдин предмети когниция болуп саналат. Когниция - билим таануу процесси, курчап турган чөйрөнүн аң-сезимде чагылдырылышы. Учурда когниция терминин мазмуну кеңейип, өз кучагына ойлоонун ичте, менталдык чөйрөдө, интериоризациялык алкакта жүрүшүн атайт [Кубрякова, 2004: 9]. Когнитивдик илимдин милдетине билимдерди жана маалыматты аң-сезимде жайгаштыруу, каттоо жана иштетүү принциптери менен системаларын изилдөө кирет. Ошону менен бирге ал адамдын когнитивдик жөндөмдөрүнүн өз ара байланышта бирдиктүү менталдык механизмге уюшуп кирүү принциптерин иликтейт [Кубрякова, 2004: 8-9]. Ушунун негизинде когнитивдик лингвистиканы дисциплиналар аралык когнитивдик илимдин бир тармагы катары баалашат. Когнитивдик лингвистика билим-тажрыйбанын аң-сезимде жайгашуу, иштөө механизмдеринин тилдик аспектилери менен гана алектенет. Когнитивдик лингвистика Америка, Европа континенттеринде пайда болот. Россияда да фундаменталдуу изилдөөлөр жүргүзүлөт. Когнитивдик лингвистиканын түптөлүшүн, өнүгүшүн, таркалышын жана салааланышын орус лингвисти Е.С. Кубрякова атайын изилдеп чыккан [Кубрякова, 1994, 1997, 1999, 2004].

Америкалыктардын баштапкы эмгектеринин айрымдары «Новое в зарубежной лингвистике» сериясынын XXIII томунда (М., 1998) басылып

чыккан. Америкалык когнитивдик лингвистиканын илимий аппараты «Краткий словарь когнитивных терминов» (М.,1996) аттуу сөздүктө кенен чагылдырылган. А. Ченки да америкалык когнитолог-лингвисттердин эмгектерине дурус талдоо жүргүзгөн. (Караңыз: Ченки А. Современные когнитивные подходы в семантике: свойства и различия в теориях и целях Вопр. языкознания. 1996. –№2. 68–78.) Мындай обзорду В.И. Герасимов менен В.В Петров да кеңири бере алган.(На пути к когнитивной модели языка // Новое в зарубежной лингвистике. Вып. XXIII Когнитивные аспекты. – М.,1988 – 4 – 26.)В.А. Плунгян менен Е.В. Рахилина андан беш жыл илгери франциялык когнитолог-лингвисттердин эмгектерине обзор берген эле [О сборниках статей проблемной группы «Логический анализ языка»// Вопр. языкознания. 1991. - №2 - 126 – 129].

Когнитивдик лингвистиканын Россияда түптөлүшүнө «Структуры представления знания о языке» (М., 1994) аттуу эмгеги менен Н.Н. Болдыревдин «Когнитивдик семантика» аттуу китеби баалуу салым кошту (Тамбов, 2001). Когнитивдик лингвистиканын предмети, көлөмү, түзүлүшү, илимий-методологиялык аппараты кийин да көптөгөн илимпоздордун изилдөө объекти болуп калды (Р.И. Розина, 1994, В.З. Демьянков, 1994, А.А. Худяков, 1996; Р.М. Фрумкина, 1996; И.Б. Рузин, 1996; А.Н. Баранов, Д.О. Добровольский, 1997, 2008; Н.Н. Болдырев, 1998, 1999, 2004; Т.А. Фесенко, 1999; А.А. Залевская, 2002, 2003, 2005; А.Л. Шарандин, 1998; В.И. Шаховский, 2000, 2006; И.К. Архипов, 2001; В.А. Маслова, 2004; В.И. Красных, 2004; А.В. Рудакова, 2002; Б.А. Крюкова, 2007; Е.В. Иванова, 2006; В.В. Колесов, 1995, 2002 , 2006; Н.А. Красавский, 2008; З.Д. Попова, И.А. Стернин, 1999, 2002, 2003, 2004, 2007 ж.б.)[Төлөкова Э.Т., 2012, 30-б.].

Когнитивдик-лингвистикалык изилдөөлөр, албетте, биздин республикада да түптөлүп, өркүндөй баштады. Кыргызстанда деле когнитивдик лингвистиканын метод-ыкмалары, идеялары, илимий аппараты конкреттүү материалдын негизинде колдонулуп бир топ табылгалар, натыйжалар пайда болду. (М.Ж. Тагаев, 2003, 2004, 2005; М.И. Лазариди,

2005; К.З. Зулпукаров, 2005, 2011; З.К. Дербишева, 2010; А. Абдулатов, 2008; С.Б. Эргешова, 2009, 2010; Б.Т. Борчиева, 2008; Ы.А. Темиркулова, 2005, 2006, 2007,2010; Л.И. Дрофа, 2009; Ш. Абдразакова, 2009, 2010.) М.Ж. Тагаев когнитивдик-лингвистикалык анализди морфемика менен дериватологияга карата, М.И. Лазариди психикалык абалды (коркуу, кыжырлануу, сүйүнүү ж.б.) билгизүүчү каражаттардын номинативдик-функциялык бөтөнчөлүктөрүнө байланыштуу, А. Абдулатов менен С.Б.Эргешова лингвопаремиологияга байланышта, Ы.А. Темиркулова портреттик лексиканын айрым концепттерине карата жүргүзсө, Л.И. Дрофа «Ключевые понятия когнитивной лингвистики» аттуу эмгегинде (Ош, 2009) бул тармактын теориялык негиздерин ар кыл өңүттөрдө талдап чыккан.

Когнитивдик лингвистика аң-сезимде чын дүйнөнү чагылдыруу, өздөштүрүү учурунда пайда болгон менталдык процесстерди, менталдык бирдиктердин ойдо жайгашуусунун түрлөрүн жана формаларын иликтейт. Анын талдоо материалы катары тил кызмат кылат, максаты ар түрдүү: ал тилди когнитивдик жалпы категориялар жана терминдер аркылуу иликтөөдөн тартып, этностун аң-сезимин түзгөн айрым концепттердин мазмунун жана түзүлүшүн конкреттүү моделдештирүүгө чейин изилдейт.

Когнитивдик лингвистика когнитивдик илимден бөлүнүп чыгып, негизги максаты катары ой-туюмдун иш-аракети тууралуу тилдик маалыматтарды алууну жана талдоону тандап алган [Кубрякова, 2004: 10]. Ал аң-сезимди тилдин материалында мүнөздөйт, когнитивдик процесстерди, адамдын ой-туюмундагы менталдык кубулуштардын жайгашышын, иштешин, түрлөрүн когнитивдик талдоонун негизинде ишке ашырат.

Когнитивдик лингвистика бир кылка эмес. Анда «представлены разные направления в когнитивном исследовании и определились лидеры и ведущие фигуры в разных школах когнитивной лингвистики» [Кубрякова, 2004: 11]. Демек, бул тармактын эле ичинде өз алдынча агымдардын, мектептердин, буларды уюштурган лидерлердин бардыгын айтууга болот. Когнитивдик лингвистиканын агымдарын талдап ажыратуу,

классификациялоо диссертациялык изилдөөлөрдө жана обзордук макалаларда учурайт. Мисалы, Е.Ю. Балашова өзүнүн «Концепты *любовь* и *ненависть* в русском и американском языковых сознаниях» аттуу эмгегинде [Саратов, 2004: 6] орус когнитивдик лингвистикасы үчүн эки ири багытты ажыратат: биринчиси - лингвокогнитивдик багыт, экинчиси - лингвомаданий багыт.

Лингвомаданий багытта улуттук концептосферанын бөтөнчөлүктөрү бир же бир нече тилдин материалында изилденет. Изилдөө маданияттан аң-сезимге карай аткарылат. Бул багыттын тарапкерлери Ю.С. Степанов, В.А. Маслова, В.И. Карасик, В.В. Красных, Н.Ф. Алефиренко ж.б. Булар концептти маданияттын базалык бирдиги катары аныкташып, улуттук менталитетти билдирүүчү каражат сыяктуу мүнөздөшөт.

Лингвокогнитивдик багытта дүйнө жөнүндөгү билимдердин негизин концепт түзөөрү, концептти менталдык информациянын бирдиги жана социумдун концептосферасына чыгаруучу «эшик» катары аныкталат. Бул багыттын тарапкерлери (Е.С. Кубрякова, З.Д. Попова, И.А. Стернин, В.Н. Телия ж.б.) концепттердин алкактык моделдерин иштеп чыгышып, «борбор-жакабел» (ядро-периферия) түрүндө беришкен.

Е.Ю. Балашова бул эки багыттан тышкары когнитивдик лингвистикада психологиялык, психолингвистикалык, нейропсихолингвистикалык, семантикалык, логикалык-түшүнүктүк логикалык анализдердин болушун ырастайт.

Когнитивдик лингвистиканын багыт-өңүттөрүн жиктөөгө А.В. Костин да салым кошкон. Ал «Способы концептуализации обиходно-бытовых понятий в разножанровых произведениях В.И. Даля (на материале концепта «вода») аттуу изилдөөсүндө (Воронеж, 2005) лингвокультурологиялык (С.Г. Воркачев, В.В. Воробьева, В.Н. Телия, Б.В. Токарева, Ф.Ф. Фархутдинова ж.б.), менталдык-аракеттик (С.А. Аскольдов), жекече кептик (Д.С. *Лихачев)*, семантикалык (Н.Ф. Алефиренко, А. Вежбицкая, В.В. Колесов, И.П. Михальчук, П. Нерознак), маданият таануучулук (Ю.С. Степанов, В.И. Карасик), логикалык (М.Д. Арутюнова, Г.В. Булыгина, А.Д. Шмелев, Г.В.

Макович, Р.И. Павиленис, М.Р. Проскурякова, И.Г. Проскурякова), когнитивтик (А.П. Бабушкин, Е.С. Кубрякова, З.Д. Попова, И.А. Стернин, Г.В. Токарев, Ж.Ф. Ришар, С.Х. Ляпин, А.В. Кравченко, Г.А. Волохина, Б.В. Быкова) сыяктуу багыттарды ажыратат. С.В.Кузлякин да когнитивдик лингвистиканын ички бөлүнүштөрүнө көңүл бөлүп, «Проблема создания концептуальной модели в лингвистических исследованиях» деген макаласында аларды жалпылап сыпаттап бере алган. Анын ою боюнча, когнитивдик лингвистикада психологиялык (Д.С. Лихачев), логикалык (Н.Д.Арутюнова жана «Тилдин логикалык анализи» боюнча мектеп), философиялык (В.В.Колесов), интегративдик (С.Х. Ляпин, Г.Г. Слышкин) салаалар даана ажыратылат (Кузлякин, 2005).

Жогорку кыскача обзорлордо эле салаалардын аталыштары жана буларга катышы бар окумуштуулардын ар түрдүү берилип жүргөндүгүн оңой байкоого болот . Мисалы, Д.С. Лихачев бир көз караш боюнча жекече кептик салаада, экинчи көз караш боюнча психологиялык салаада өзүнчө теориянын ээси катары бааланып калган. Ал эми В.В. Колесов бирде семантикалык, бирде философиялык когнитивдик лингвистиканын өкүлү катары берилип жүрөт.

Илимде когнитивдик лингвистиканын төмөндөгүдөй тармактары жиктелип жүрөт:

1. **Маданият таануучулук багыт**. Мында ар түрдүү илимдердин негизинде концепттер маданияттын элементтери катары бааланат (Ю.С. Степанов). Тил концепттер тууралуу билимдин бир булагы катары сыпатталат да, аларды дисциплиналар аралык объект катары белгилешет. Лингвистика концепттер жөнүндө илимдердин бирөө гана катары мүнөздөлөт.

2. **Линговомаданий таануучулук багыт** (лингвокультурологиялык багыт). Тилдик бирдиктер атаган концепттер бул учурда улуттун тилдик да, маданияттык да элементи катары каралат. Тилдик каражаттар улуттук дөөлөттөр менен маданияттын улуттук бөтөнчөлүктөрү менен кошо талданат.

Изилдөө «тилден маданиятка» формуласы менен жүргүзүлөт. Тил баштапкы позицияны түзөт (В.И. Карасик, С.Б. Воркачев, Г.Г. Слышкин, Г.В. Токарев, Е.И. Грущик, С. Ибрагимов, З.К. Дербишева, А.А. Жапанов, А. Абдулатов ж.б.) [Төлөкова Э.Т., 2012, 32 -34-бб.].

3. Психолингивистикалык жана когнитивдик-педагогикалык багыт (И.А. Зимняя, А.А. Леоньтев, Б.В. Колшанский, Н.Д. Арутюнова, Р.И. Повиленис).

4. **Этномаданий багыт** (Т.А. Фесенко, К.З. Зулпукаров. Л. Жусупакматов, С. Сейитбекова, В.Б. Суркеева ж.б. «Лингвоэтномаданий объекттери илимдин учурдагы парадигмаларынын контекстинде» аттуу 2009-2011-ж илимий отчетунда). Москвада чыккан «Этнокультурная специфика языкового сознания» аттуу жыйнактын материалдары [М., 1996: 273].

5. **Психика-эмотивдик багыт** (Н.А. Красавский, В.И. Шаховский, М.И. Лазариди ж.б.).

6. **Улуттук-менталдык багыт** (В.В. Колесев, В.М. Касевич, О.А. Леонтович, О.Н. Чарыкова ж.б.). Воронежде ар жылы чыккан «Язык и национальное сознание» деген жыйнак (1998-2006) бул багыттагы көп маалыматты камтыйт.

7. **Логикалык багыт** (Н.Д. Арутюнова, Р.И. Павиленис). Мында концепттерди талдоо логикалык методдор, ыкмалар аркылуу жүргүзүлөт. Алардын анализи түздөн-түз тилдик формага баш ийбейт.

8. **Семантика-когнитивдик багыт** (Е.С. Кубрякова, Н.Н. Болдырев, Е.В. Рахмилина, Е.В. Лукашевич, А.П. Бабушкин, З.Д. Попова, И.А. Стернин, Б.В. Быкова). Бул өңүттөн алганда, тилдеги лексика-грамматикалык семантика концепттердин мазмунуна кирүүчү каражат катары каралат. Изилдөө «семантикадан концептке» ыкмасы аркылуу аткарылат.

9. **Философиялык-семантикалык багыт** (А.В. Кравченко). Мында тилдик каражаттар билип таанууну уюштуруучу белгилер катары сыпатталат. «Белгилөөчү» менен «белгиленүүчү» концепт түзүүчү каражат катары аныкталат[Төлөкова Э.Т., 2012, 32 -34-бб.].

Ар бир багыт өзүнчө түптөлүп калган. Ар биринин өзүнүн принциптери бар. Баарын бириктирчү идея - концепт. Концепт бул салаалардын баарында аң-сезимдин бирдиги катары мүнөздөлөт.

Бул чектөөлөр негизинен шарттуу. Анткени көп изилдөөчүлөрдө бул багыттардын кээ бир касиеттери окшош эле талданат. Айрымдарында концепт жана сөз мааниси кескин айырмаланбайт. З.Д. Попова менен И.А. Стерниндин сөзү менен айтканда: «традиционный анализ семантики слова называется при этом анализом концепта, а семантические исследования - когнитивными» [Попова, Стернин, 2007: 17]. Башкача айтканда, семантикалык жана концептуалдык-когнитивдик анализ бирдей, тектеш жана окшош эле процедуралар катары каралып жүрөт. Ошентип, когнитивдик лингвистиканын өзөгүн концепт түшүнүгү түзөрүн ишеничтүү эле айтууга болот.

Когнитивдик лингвистиканын антропология (*антропо* – адам жана *логия* – окуу же илим) менен тыгыз байланышта. Тилдик форма адамдын аң-сезиминин, ойлоосунун жана таанып билүүсүнүн когнитивдик структураларда чагылуусу болот. Тилге карата колдонулган когнитивдик ыкма тилдик формада адамдын аң-сезиминин, ойлоосунун жана таанып билүүсүнүн структурасын, адамдын дүйнө өздөштүрүү аракетин, дүйнөнү концепттештирүү жана категориялаштыруу акты менен байланышкан тилдик процесстерди чагылдырат дегенди билдирет. Демек, когнитивдик лингвистика адамдын тилди өздөштүрүүсүнүн механизмдерин ачып берүү жана бул механизмдерди тизмектөө принциптери менен алектенет. Анын принциптери адам, анын акыл эси жана таанып билүү ишмердүүлүгү менен байланышкан бардык лингвистикалык дисциплиналардын негизинде жатат, андыктан, когнитивдик лингвистика антропологиялык маселелерди чагылдыруунун теориялык негизги булагы деп саноого болот.

Бүгүнкү күндө когнитивдик илим – бул психологияны, лингвистиканы, философияны, социологияны, адабият таанууну, антропологияны, маданият таанууну, б.а., гуманитардык билимдердин бардык спектрлерин камтуучу дисциплиналар аралык илим катары саналат. Когнитивдик лингвистикада

адамдын дүйнө туюму, аңдап-туюусу, көз карашы, эске тутуусу ж.б. менталдык тараптарынын тилинде берилиши, чагылдырылышы, иликтениши бул илимдин антропология менен болгон тыгыз байланышын көрсөтүп турат.

1.2. Лингвомаданият таануу илиминин негизги проблемалары

Акыркы мезгилдерде азыркы лингвистикада лингвомаданият таануу проблематикасына арналган бир нече эмгектер пайда болду. Ага россиялык алдыңкы катардагы тилчилер кайрылышууда. Алсак, Ю.С. Степанов орус тил ээлери үчүн актуалдуу концепттер, алардын кеңири комментарийлери берилген «Константы: Словарь русской культуры» деген эмгегин жарыкка чыгарды [Степанов, 2001]. Н.Д. Арутюнованын «Язык и мир человека» деген изилдөөсү ар кыл мезгилдеги ар түрдүү элдердин тексттеринен алынган маданияттын универсалдык терминдерин изилдөөгө багытталган [Арутюнова, 1999]. В.Н. Телия жана анын мектеби бул тармактын изилдөө предмети катары фразеологизмдерди, ал эми максаты катары алардын маданий-улуттук коннотацияларын сүрөттөөнү жана “менталитетке мүнөздүү белгилерди” ачып көрсөтүүнү санашат [Телия, 1996]. Жалпы жонунан лингвомаданият таанууга байланыштуу терминдер акыркы жылдарда көптөгөн изилдөөлөрдүн аталыштарында катышып келүүдө, бирок бул түшүнүктөрдүн дефинициялары авторлор тарабынан толук түрдө чечмеленип, негизделе элек. Муну бул илимий тармактын жаңыдан пайда болуп, калыптануу доорун баштан өткөрүп жаткандыгы менен түшүндүрүүгө болот.

Лингвомаданият таануу илими жөнүндө көптөгөн окумуштуулар өздөрүнүн ой-пикирлерин айтып келишет.

Уорф Сепирдин гипотезасына ылайык, лингвомаданият таануу – бул улуттук-маданий объекттерди тилде чагылдырылган маданий баалуулуктардын функционалдык системасы катары бүтүндөй теоретикалык жактан сүрөттөп жазууга арналган изилдөө, ар түрдүү элдердин

лингвомаданий чөйрөсүн лингвистикалык салыштырмалуулук теориясынын негизинде контрастивдик анализдөө.

Е.О. Опаринанын аныктамасы боюнча, ал - улуттук тилдеги маданияттын өзгөчөлүктөрүн окутуп-үйрөтүүчү гуманитардык илим. Лингвомаданият таануу илиминин объекттерин изилдөө үчүн семантиканын, сигматиканын, синтактиканын жана прагматиканын биримдигин камтыган системалык ыкманы колдонуу талапка ылайык.

В.В. Красных «Этнопсихолингвистика и лингвокультурология» деген эмгегинде лингвомаданият таанууну маданияттын тилде жана дискурста дүйнөнүн улуттук сүрөтү, тилдик аң-сезим, менталдык-лингвалдык комплекстин өзгөчөлүктөрү менен түздөн-түз байланышкан чагылуусун жана фиксациясын окутуп-үйрөтүүчү дисциплина катары аныктайт. Лингвомаданият таануучулук спецификасын ачыктап көрсөтүү үчүн коммуникацияга карата лингво-когнитивдик ыкманы колдонуу сунуш кылынат, анткени бул ыкма анын жалпы лингвистикалык аспектисин талдаган сыяктуу улуттук компонентин дагы анализдөөгө жол берет. Автор этнопсихолингвистика менен лингвомаданият таануунун ортосундагы ачык чекти көрсөтпөйт, алардын проблематикасынын жалпылуулуктарын ырастайт, изилдөө ыкмаларындагы айырмачылыктар белгиленбейт [Красных, 2002: 12].

Лингвомаданият таануу проблемалары Волгоград мектебинин илимпоздору, атап айтканда, В.И. Карасик жана Е.И. Шейгал тарабынан иштелип чыгууда. В.И. Карасик лингвомаданият таанууну тил менен маданияттын өз ара байланышы, өз ара таасир этүүсү жөнүндөгү илимий билим комплекстүү областын карайт жана бул областын салыштырылуучулук мүнөзүнө басым жасайт. Лингвомаданият таануунун негизги бирдиги катары ал маданий концептти атайт, ал эми изилденүүчү бирдиктери катары реалийлерди жана “фондук маанилерди, б.а., мазмундук мүнөздөмөлөрүн туура түшүнүү үчүн элдердин маданияты жөнүндөгү кошумча маалыматтар

талап кылынган конкреттүү жана абстракттуу аталыштарды” белгилейт [Карасик, 2002: 103, 108, 121].

Е.И. Шейгал менен В.А. Буряковскаянын ишинде лингвомаданият таануу “дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүнүн айрым объекттерин жана аларды этностук көз карашта коомдук аң-сезим жана тил аркылуу түшүнүүнү” окутуп-үйрөтүүчү дисциплина катары аныкталат [Шейгал, Буряковская, 2002: 9].

Е.И. Зиновьева жана Е.Е. Юрков “Лингвокультурология: теория и практика” деген эмгегинде “Лингвомаданият таануу – бул дүйнө жөнүндөгү билимдерди чагылдыруунун ар түрдүү жолдорун изилдөөчү филологиялык илим. Ал тигил же бул тил ээсинин маданиятын ар түрдүү деңгээлдеги тилдик бирдиктерди, кептик ишкердикти, кептик жүрүм-турумду, дискурсту изилдөө аркылуу аныктайт. Тилдик объектилерди лингвомаданият таануу илиминин алкагында изилдөө тил ээлеринин аң-сезимин чагылтуучу анализденип жаткан бирдиктердин маани-маңызын, маанилик боектуулуктарын, коннотация жана ассоциацияларын толугу менен ачып берүүгө жол берет”, - деп жазышат [Зиновьева, Юрков, 2009: 13].

Россиянын азыркы лингвистикасында лингвомаданият таануунун теориялык-методикалык негиздери толугураак түрдө В.В. Воробьевдун «Лингвокультурология: теория и методы» деген эмгегинде берилген. Окумуштуунун пикири боюнча, лингвомаданият таануу илимий тармак катары бир катар өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт:

- ал – маданият менен филологиянын ортосунда пайда болгон илимий тармак;

- анын негизги объекти болуп, тил менен маданияттын чегиндеги өз ара байланыш, өз ара аракеттер саналат;

- анын предмети – тилдик коммуникацияда туюнтулуучу, маданий баалуулуктарга негизделген коомдун жашоосунун улуттук формалары;

- лингвомаданият таануу жаңы ой толгоолор, коомдун азыркы жашоосу көтөрүп чыккан маданий баалуулуктарга, өлкөнүн маданий жашоосунун

түрдүү областары жөнүндөгү маалыматтарды, фактыларды жана кубулуштарды объективдүү толук интерпретациялоого багыт алат;

- элдердин маданиятын объективдүү, толук, бүтүн интерпретациялоо лингвомаданият таануудан тилде ошол элдин маданиятын системалык түрдө чагылтып берүүнү талап кылат [Воробьев, 1997].

Лингвомаданият таануу илиминин келип чыгуу тарыхы узак мезгилди өз ичине камтыйт. Бул илимдин өз алдынча илимий тармак катары калыптануусунда батыш, орус окумуштууларынын эмгектери, орус окумуштууларынын ичинен В.А. Маслованын «Лингвокультурология» аттуу эмгеги зор мааниге ээ болгон. Анын бул эмгеги ата мекендик илимдеги эң популярдуу иш болуп саналат. Анда бул тармактын методологиялык базасы келтирилет, Россиядагы лингвомаданият таануу боюнча изилдөөлөрдүн учурдагы багыттары көрсөтүлөт. Автор лингвомаданият таанууну “лингвистика менен маданият таануунун кошулган жеринде пайда болгон лингвистикалык тармак”, “улуттук жандуу тилде жана тилдик процесстерде туюнтулуп-көрсөтүлүүчү материалдык жана руханий маданиятты окутуп үйрөтүүчү гуманитардык дисциплина” же “маданият таануудагы жана тил илиминдеги, этнолингвистикадагы жана маданий антропологиядагы изилдөөлөрдүн натыйжаларын өзүнө сиңирип алуучу, билимдердин бириктирүүчү областы” катары аныктап, анын предметтер аралык мүнөзүн белгилейт [Маслова, 2001: 9, 30, 32]. Ал эми Кыргызстанда лингвомаданият таануу илимине байланыштуу ири материал, бул илимий тармактын багыттары, проблемалары, жалпы эле теориялык негиздери С. Ибрагимов “Лингвокультурология – тилдик маданият таануу” аттуу эмгегинде чагылдырылган. Биздин өлкөдө бул илимий багыттын үстүнөн иштеген илимпоздор төмөнкүлөр: С. Ибрагимов, К.З. Зулпукаров, З.К. Дербишева, М. Дж. Тагаев, У. Камбаралиева, П. Кадырбекова, Л. Дрофа, Э. Төлөкова ж.б.

Лингвомаданий ыкманын негизинде улуттук түшүнүк алкагы (концептосфера) маданияттан аң-сезимди карай изилденет, б.а., маданият аркылуу улуттук аң-сезимдин өзгөчөлүгү аныкталат. Ал эми

лингвокогнитивдик ыкмада чындыкка байланыштуумаалымат билиминин негизин менталдык маалымат түзүп, концепт жалпы коомчулуктун түшүнүк алкагынын өзгөчөлүгүн аныктаган бирдик катары каралат. Лингвокогнитивдик ыкманын негизинде концепттин өзөгүн жана анын алкактарын уюштуруучу өзгөчө бир түзүлүштөр (фрейм, сценарий ж.б.) иштелип чыккан [Төлөкова, 2012, 54, 27-бб.].

Когнитивдик лингвистикадагыдай эле лингвомаданият таануу илимине да концептуалдык изилдөө мүнөздүү болгону менен, когнитивдик лингвистиканын изилдөө предмети *когнитивдик концепт* болсо, лингвомаданият таануу илиминин изилдөө предмети *лингвомаданий концепт* болот. Лингвомаданий концепт өз мазмунуна этномаданий маалыматты, улуттук баалуулукту туюндурган түшүнүктөрдү камтыганы менен когнитивдик концепттен айырмаланат. Когнитивдик лингвистика концепттин схема, фрейм, сценарий ж.б. түрүндөгү типтерин табууну көздөйт.

Лингвомаданият таануу илими өз алдынча илимий тармак катары өзүнө таандык милдеттерин аныктап, анын негизинде төмөнкү маселелерди: тил концепттеринин жаралуусунда маданият канчалык деңгээлде роль ойноорун; «маданий түшүнүк» тилдик белгилердин кайсы маанисинде орун алаарын; маданий концепттик чөйрө кандайча жаралаарын; бул илимге мүнөздүү негизги түшүнүктөрдү кантип системалаштыруу мүмкүн экендигин чечүүсү зарыл.

Тил менен маданият көп аспектиге ээ болгондуктан, алардын табиятын, аткарган функциясын бир методдун жардамы менен таанып-билүү мүмкүн эмес. Ошондуктан изилдөөдө бири-бирин толуктаган көптөгөн методдор колдонулат. В.А. Маслованын пикири боюнча, лингвомаданият таануу илиминде лингвистикалык, социологиялык, маданият таануу, этнографиялык мейкиндик, маданиятты лингвистикалык жактан реконструкциялоо методдорун колдонууга болот. Айрым материалды этнографиянын, когнитивдик лингвистиканын анализдөө методун колдонуп талдоого туура келет. Маданий маалымат тил бирдиктеринде сөздүн түз маанисине караганда,

көмүскө түрдө сакталгандыктан, психосоцио-маданият таануу экспериментин колдонуу да натыйжалуу. Лингвомаданият таануу илиминде тил ээси үчүн баалуу булак болуп саналган материалдар изилдөөгө алынууга тийиш [Маслова, 2001: 34].

Лингвомаданият таануу – лингвистикалык изилдөөлөрдүн башкы багыттарынын бири. Ал тилдин жанынан жана тилдик менталитет менен байланышкан тигил же бул кубулуштардан келип чыгып, кептик сүйлөшүүнү уюштуруунун улуттук-маданий өзгөчө эрежелерин иликтейт, элдердин тилде чагылдырылган руханий дөөлөттөрүн, маданий баалуулуктар системасын ачып көрсөтөт.

Бул илимий тармак антропология, философия, улуттук кулк-мүнөз, менталитет менен тыгыз байланышта. Ал улуттук-маданий өзгөчөлүк, кептик сүйлөшүүнүн мазмунун уюштуруу жөнүндөгү кандайдыр бир билимдердин жыйындысын өзүнө камтыйт. Лингвомаданият таануу жаатындагы изилдөөлөр азыркы лингвистиканын жалпы тенденцияларына дал келип, тилдик кубулуштарды адам жана анын ойлоосу, маданияты, руханий ишкердиги менен тыгыз байланышта карайт.

“Тил жана маданият” концепциясында адам жөнүндөгү бардык илимдердин кызыкчылыктары жакындашат. Бул концепция адамды изилдөөчү илимдердин арасындагы чекти бузат, анткени адамды анын тилинен тышкары үйрөнүүгө болбойт. Тил улуттук маданияттын жашоосунун жана чагылуусунун башкы формасын өзүнө камтыйт. Ал маданиятты билдирүүнүн реализацияланган ички формасы жана маданий билимдерди сактоонун каражаты катары кабыл алынат. Андыктан тил менен маданияттын өз ара байланыш-катышы лингвомаданият таануу илиминин пайда болуусун толугу менен шарттайт.

Жыйынтыктап айтканда, жалпы кабыл алган аныктама боюнча, лингвомаданият таанууну тилди маданият менен ажырагыс биримдикте карап изилдөөчү илим катары саналат. Маданий маалымат камтылган концепттер, эталондор, архетиптер, стереотиптер, метафоралар, образдар, ырым-

жырымдар, ишенимдер, ритуалдар, мифологемалар ж.б., б.а., лингвокультуремалар бул илимдин предметтери болот.

1.3. Концепт жана анын изилдениши

Концепт - ой жүгүртүүчү, байкоо жүргүзүүчү мүнөзгө ээ болгон категория жана анын бул өзгөчөлүгү изилдөө ишинде кеңири мейкиндикти жаратты. Концепт категориясы бүгүнкү күндө философторду, психологдорду, логиктерди, маданият таануучуларды өзүнө тартып, ошону менен бирге ал илимдерге мүнөздүү изилдөө ыкмаларын өзүнө сиңирип алды.

Россияда *концепт* термини алгач С.А.Аскольдов-Алексеев тарабынан 1928-жылы колдонулган. Окумуштуу концептти көптөгөн жандуу жана жансыз нерсенин, кыймыл-аракеттин ойго таандык функциясынын ой жүгүртүүгө болгон катышынан пайда болгон ой түзүлүшү катары аныктаган [Аскольдов, 1997: 143,22].

Тил илиминде «концепт» термини (изилдөөчүлөр: Ю.Д. Апресян, Ю.С. Степанов, В.В. Петров, Е.С. Кубрякова, В.З. Демьянков, А.Д. Шмелев, Н.Д. Арутюнова, М.В. Никитин, И.М. Кобозева, И.А. Стернин, Н.Н. Болдырев, В.И. Карасик, И.К. Архипов, В.В. Воробьев, З.Д. Попова, Г.Г. Слышкин, С.Г. Воркачев, А.В. Костин, А.П. Бабушкин, Д.О. Добровольский, Е.В. Рахилина, Р.М. Фрумкина; чет өлкөлүк изилдөөчүлөр: А. Вежбицкая, Р. Джакендофф,Дж. Лакофф, Р. Лангакер, Ч. Фильмор, У. Чейф ж.б.; ал эми кыргызстандык окумуштуулар: М.Дж. Тагаев, К.З. Зулпукаров, З.К. Дербишева, К. Абыканова, Э.Т. Төлөкова, А. Бутешова ж.б.) бүгүнкү күнгө чейин так аныктамага ээ боло элек[Төлөкова Э.Т., 2012, 32-40-бб.]. Алсак, окумуштуу В.И. Карасик концептке: «Дүйнө канчалык көп кырдуу болсо, концепт да ошончолук көп кырдуу» [Карасик, 2004: 39]; «концепт - бул адамдын акыл-эсинде маанилүү маалымат катары баамдалган тажрыйбанын үзүндүсү, эсте сакталган менталдык маалымат»; «адам баласы өз жашоо

турмушунда башынан өткөргөн кандайдыр бир маалыматтын фрагменти» [Карасик, 1997: 81-86], - деген аныктамаларды берген.

Окумуштуу В.И.Карасиктин концептке берген аныктамаларын толук кубаттайбыз. Анткени когницияны (аңдап-туюу процессин) изилдегенде, кандай гана түшүнүк болбосун, анын аң-сезимде туюлуу, тилде чагылуу өзгөчөлүгүн анализдей берүүгө болот. «Концепт» түшүнүгү когнитивдик лингвистиканын чегинен алып караганда, маданиятка көз карандысыз түрдө каралган, ал эми лингвомаданият таануу илиминин чегинен алып караганда, мазмунуна маданий маалымат камтылган тилдик бирдик катары саналган татаал түшүнүк.

Окумуштуу Ю.С. Степанов концептке: «Концепт - бул адамдын аң-сезиминде калыптанган жана аны маданияттуу кылган маданий түшүнүктөрдүн уюткусу» [Степанов, 2007: 111]; концепт - нерсенин абстракттуу, конкреттүү-ассоциативдик, эмоционалдык-баалуулук белгисин, о.э., ага байланыштуу көп маалыматты өз ичине камтыган идея [Степанов, 1997: 41-42] - деген аныктамаларды берген. Окумуштуу Ю.С. Степанов бул аныктамаларда концептке чектелген түрдө мүнөздөмө берген. Сын көз караштан алып караганда, Ю.С.Степанов концептти маданият менен гана байланыштуу мазмундук түшүнүк катары караган. Чындыгында, концепт маданиятка байланышы болбогон түшүнүктөрдү да өз ичине камтыйт. Мисалы, “үй” деген өзүнчө бир түшүнүк. Анын аталышында эч кандай маданий маалымат жок. Ар бир эл улутуна карабай, өзүнүн түшүнүк алкагына (концептосфера) ылайык *үй* түшүнүгүн ар түрдүүчө атайт жана ал «баш калкалоочу жай» деген мазмундук түшүнүктөн турат. Бул мазмундук түшүнүк когнитивдик лингвистикада улуттук маданиятка көз карандысыз түрдө, ал эми лингвомаданият таануу илиминде улуттук маданий түшүнүктөргө таянуу менен чечмелениши ыктымал. Биздин оюбузча, концептти «маданий маалымат камтылган түшүнүк» катары гана карап, маанилик жактан чектөөгө болбойт [Төлөкова, 2012, 57-б.].

Окумуштуу А.Соломоник: «Концепт - бул күндөлүк турмуштун базасында иштелип чыккан абстракттуу илимий түшүнүк» деген аныктама берет [Соломоник, 2001: 78]. Биз бул окумуштуунун пикирине да кошула албайбыз, себеби концепт «абстракттуу илимий түшүнүк» эмес, ал кандайдыр бир турмуштук фрагментти чагылдырган идея болушу ыктымал.

Окумуштуу В.В. Колесов концептке: «Сөздүн мазмундук формасындагы образ, түшүнүк, символ түрүндөгү маанинин маңызы» - деген так аныктаманы берген [Колесов, 1992: 19-20].

Окумуштуу А.А. Залевская концептке: «Адам акылындагы кадимки түшүнүктөн, мааниден айырмаланып, илимий сыпаттоонун азыгы катары аң-сезимде объективдүү түрдө жашоочу, динамикалык мүнөздө сезилип-туюлуучу когнитивдик түзүлүш» деген, биздин пикирибизде, туура аныктама берген [Залевская, 2005: 39]. А.А. Залевская өзүнүн акыркы бир эмгегинде концепттин мээнин ар башка тарабында жайгашкан нейрондук ансамблин активге келтирүүчү негизин мүнөздөгөн. Сөз, же кандайдыр бир белги аркылуу мээнин ар башка тарабындагы инструменттер кыймылга келип, ансамбль бир мезгилде ойногондой эле, адам акылындагы ой кыймылдаткычтары иштеп, ой бүтүмү жараларын далилдеген [Залевская, 2005: 51]. Психолингвистикалык көз караштан алып караганда, А.А. Залевская концепттин табийгый-индивидуалдык өзгөчөлүгүн баса белгилеп: «Концепт - бул адамдын түшүнүк жарата алуу мүмкүнчүлүгү, акылынын мүлкү, адамзаттын жеке өзүнө таандык энчиси» деген жыйынтыкка келген [Залевская, 2001: 36-44].

Казак окумуштуулары концептология багытында (С.Е. Исабеков, З.К. Ахметжанова, Э.Д. Сулейменова, К.М. Абишева, Н.Г. Шаймерденова, Л.В. Екшембеева, Л.К. Жаналина, З.К. Темиргазина, А.Р. Бейсембаев, Ш.К. Жаркынбекова, Г.Г. Гиздатов, Р.З. Загидуллин, М.Ш. Мусатаева, Г.И. Байгунисова, Г.А. Хамитова ж.б.) көптөгөн изилдөө иштерин жүргүзүп, концепт маселесин кеңири карап чыгышкан. Казак окумуштууларынын ичинен Г.М.Алимжанова концептке мүнөздүү лингвокогнитивдик жана

лингвомаданий түшүнүктүн чегин аныктап: «Лингвокогнитивный и лингвокультурный подходы к пониманию концепта не являются взаимоисключающими: концепт как ментальное образование в сознании индивида связан с концептосферой социума, т.е. в конечном счете, с культурой, а концепт как единица культуры есть фиксация коллективного опыта, который становится достоянием каждого человека. Другими словами, эти два подхода различаются векторами по отношению к носителю языка: когнитивный подход к концепту предполагает направление от индивидуального сознания к культуре, а культурологический подход - направление от культуры к индивидуальному сознанию» -деген баасын берген [Төлөкова, 2012: 22].

Биздин оюбузча, **концепт, биринчи кезекте, мазмунуна бизди курчап турган дүйнөгө байланыштуу жалпы маалыматты камтыган бирдик болсо, экинчиден, улуттук маданиятта сакталуучу, топтолуучу, муундан-муунга өтүүчү өздөштүрүлүүчү касиетке ээ болгон менталдык бирдик катары каралышы шарт.** Бул бирдиктер татаал түзүлүшкө ээ болуп, биздин мээбизде сакталат. Ал түзүлүштөр мээде ар кандай элес түрүндө уюшулат. Элестер адамдын мээсинде кээ бир учурда жөнөкөй элес, сүрөт түрүндө болсо, кээ бир учурда бир сүрөт менен чагылдырылышы мүмкүн болбогон, кыймыл-аракеттүү, окуялуу татаал түшүнүк түрүндө уюшулат. Мисалы, *эки жаштын баш кошуу* аземин алып көрсөк, мында мээде: *эки жаш, алардын достору, тууган-уруктары, келген коноктору* жана *үйлөнүү тойго байланыштуу кыймыл-аракеттик түшүнүктөр, окуянын жүрүшү* ж.б. элестейт.

Тил илиминде аз убак мурун эле концепт «түшүнүк» деген терминдин эквиваленти катары каралып келген. Түшүнүк менен концепттин ортосундагы өз ара айырмачылыкты алардын негизин, мазмунун, көлөмүн салыштыруу жолу менен аныктоого болот. Түшүнүктүн негизи логикалык жол менен аныкталса, концепттин негизи сублогикалык (логиканын ичиндеги түшүнүктөр) жол менен аныкталат. Түшүнүк - бул логикалык бирдик. Адамзат улутуна, билимине, маданиятына карабай, логикалык бирдиктер боюнча ой

жүгүртөт. Түшүнүк адамзаттын жалпылыгын аныктайт. Мисалы, «адам», «бала» түшүнүгү бардык улутта бар. Бирок ар бир улут баланы, адамды өз тилинде ар башкача атайт (мисалы, *адам, бала* орус тилинде – *человек, ребёнок;* түрк тилинде – *insane,gocuk;* англис тилинде – *person, baby, child*ж.б.) [Төлөкова, 2012, 57-б.]. Демек, **түшүнүк - бул сөздөгү улуттук өзгөчөлүккө көз карандысыз түрдө, логикалык негизде ой жүгүртүү жолу менен алынган маани.** Концепт – түшүнүккөкараганда көп кырдуу, көлөмдүү менталдык бирдик. Анда кандайдыр бир маданият, баалуулук, адам турмушундагы тажрыйбанын өзөгү чагылдырылат. Адам баласынын жашоо-турмушу канчалык көп кырдуу болгон сайын, ал ошончолук көп маалыматты өз мээсинде концепт түрүндө жаратууга жетишет. Концепт түшүнүктү, о.э., ал түшүнүккө таандык болгон денотативдик, коннотативдик, ассоциативдик байланыштардын жыйындысын өз ичине камтыйт. Концепт өзүнүн ички мазмуну, функционалдык касиети боюнча түшүнүктөн айырмаланат. Бирок экөө тең тилди, аң-сезимди, маданиятты комплекстүү изилдөөнү талап кылуучу идеяга баш ийет [Төлөкова, 2012, 5-22-бб.].

Концептке мүнөздүү белгилерге төмөнкүлөр кирет:

1)концепт - адамзаттын идеалдуу түрдө элестетүүсүнүн сөз түрүндөгү вербалдуу жана вербалдуу эмес чагылышы;

2)концепт - маалымат билимин иштеп чыгууда, сактоодо жана аны муундан-муунга өткөрүп берүүдө кызмат кылган негизги бирдик;

3)концепт - кыймылдуу мүнөзгө ээ болгон конкреттүү функцияны аткаруучу бирдик;

4)концепт - маданияттын негизги уячасы [Попова, Стернин, 2010: 66-67].

Концепттин негизги милдети адамдын ой жүгүртүү процессин камсыз кылыш, маалыматты эске тутуу функциясынын милдетин аткаргандыктан, когнитивдик лингвистикада, негизинен, ой туюмдун бирдиги катары каралат.

Концепт сөзсүз түрдө тил аркылуу туюндурулушу мүмкүн эмес. Анткени көрүү, угуу, даамдоо, сезип-туюу, боолголоо сыяктуу ар түрдүү сезимдер менен аңдап-туюлуучу нерсенин баары аталышка ээ боло бербейт.

1.4. Концептуалдык изилдөөлөрдүн азыркы абалы

Концепт терминин маанилик жактан ачык эместиги, анын чегинин даана аныкталбагандыгы, илимий адабияттарда жалпыга маалым, универсалдуу аныктамасынын жетишпегендиги концептуалдык изилдөөлөрдө айрым тактоолорду жана толуктоолорду талап кылат. Муну С.А. Аскольдов (Алексеев), Д.С. Лихачев, Р.М. Фрумкина, Ю.С. Степанов, Е.С. Кубрякова, Н.Н. Болдырев, В.Н. Телия, В.И. Карасик, В.В. Колесов, З.Д. Попова, И.А. Стернин, А.П. Бабушкин, Е.А. Селиванова, Г.Г. Слышкин, С.Г. Воркачев, Л.О. Чернейко ж.б. россиялык белгилүү лингвисттердин эмгектери да тастыктайт.

Концепт терминин ар бир окумуштуу өзүнчө чечмелейт. Алсак, А. Вежбицкая биринчилерден болуп концептке төмөнкүдөй аныктама берет: «Это объект из мира “Идеальный”, имеющий имя и отражающий определенные культурно-обусловленные представления человека о мире “Действительность”» [Вежбицкая, 1997: 416]. Мында концепт өз атына ээ, чын дүйнө жөнүндөгү адамдын маданият менен шартталган анык көз карашын чагылдырган идеалдуу объект катары сыпатталат.

З.Д.Попова, И.А.Стернин концептти билимди чагылтуучу структура катарында карашат. Өздөрүнүн «Понятие *концепт* в лингвистических исследованиях» аттуу эмгегинде алар концептти структураланган билимдин квантын өзүнө камтуучу глобалдуу ойлоо бирдиги катарында көрсөтүшөт. Концепттер – булар адамдын акыл-эсинде пайда болуучу идеалдуу маңыздар [Попова, Стернин, 1999: 34].

В.Н.Телиянын ою боюнча, концепт – бул «все то, что мы знаем об объекте во всей экстензии этого знания». Концепт – объект тууралуу билимдердин толук жыйындысы. Ал жалпы семантиканын конкретизациясынын жеке маанилерин кучагына алган, абстракциянын эң жогорку даражадагы семантикалык категориясын өзүнө камтыйт [Телия, 1988: 173].

Д.С.Лихачев «Концептосфера русского языка» макаласында өзүнүн оюн өрчүтөт. Ал мындайча жазат: «Концепт сөздүктөгү сөз маанисинен турбайт, бул маани адамдын жекече жана этностук тажрыйбасы менен биригүүсүнүн натыйжасында пайда болот…..» [Лихачев, 1997: 281].

А.П.Бабушкин мындайча аныктама берет: концепт – тил өкүлдөрүнүн улуттук эс тутумунда вербалдаштырылган түрдө сакталуучу коллективдик аң-сезимдин же идеалдык дүйнөнүн дискреттүү, мазмундуу бирдиги [Бабушкин, 1996: 13].

Н.Д.Арутюнова концепттерди көз караштын түшүнүктөрү, б.а., эң маанилүү турмуштук маңыздарды билдирүүчү каражаттар катары түшүнөт [Арутюнова, 1998: 10-11].

В.В.Красных концептти эң жалпы, максималдуу түрдө абстракцияланган, бирок аң-сезимде конкреттүү репрезентацияланууучу, улуттук-маданий маркировка аркылуу белгиленген, бардык валенттүү байланыштардын жыйындысында когнитивдүү иштеп чыгууга жарамдуу «предметтик» идея деп божомолдойт [Красных, 2003: 196].

Жогоруда айтылган ойлорго таянуу менен концепт – маалыматты сактоонун, иштеп чыгуунун жана топтоонун маданий феномени, балким, эң кыска логикалык мүнөздөмө анын универсалдык дефициясы болот деп ишеничтүү айтууга болот: **концепт – дүйнөнүн тилдик сүрөтү боюнча маалыматтарды топтоочу жана сактоочу конструктивдик түшүнүк.** Анын маанилик көлөмүндө түшүнүк, фрейм, гештальт, пропозиция, прототип, сценарий, элес, символ ж.б. семантикалык категориялар орун алган (Н.Н. Болдырев, З.Д.Попова, И.А.Стернин, Л.И.Дрофа).

Ар кыл илимий көз караштардагы маалыматтар концепттин аныктамасынын базалык компоненттерин бөлүп көрсөтүүгө жол берет. Негизгилерин санап өтөлү: 1) *Концепт* – ойлоо бирдиги. 2) *Концепт* – билим бирдиги, билимдин кванты. 3) *Концепт* – маанинин жыйындысы. 4) Концепт – маданияттын уюп катып калган руханий элементи. 5) *Концепт* – түшүнүк. 6) *Концепт* – билимдин бардык жыйындысы. 7) *Концепт* – дүйнөнү

категориялаштыруу ыкмасы. 8) Концепт – көп өлчөмдүү билим. 9) Концепт – эске тутуунун оперативдик бирдиги. 10) Концепт – термин. 11) Концепт – вербалдаштырылган (сөз аркылуу берилүүчү) түшүнүк. 12) Концепт – мүнөздөмө. 13) *Концепт* – ой түзүмү. 14) Концепт – дүйнө сүрөтүнүн оперативдик бирдиги [Төлөкова , 2012, 38-43-бб.; Трофимова, 2005: 10-20].

Азыркы учурда тил теориясында окумуштуулар тарабынан изилденген бир канча концепттер бар. Алсак, Н.М. Катаева «Русский концепт *воля*: от словаря к тексту» аттуу диссертациясында орус менталитетинин өзгөчөлүгүн чагылдырган *эрк* концептинин мазмунун психолингвистикалык жана лингво-маданият таануу ыкмаларынын негизинде ачыктайт [Катаева, 2004: 21].

У.Д.Камбаралиеванын «Темпоральная категоризация в концептуальной картине мира» деген монографиясы дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүнө байланыштуу теориялык маселелерди терең изилдөөгө арналган. Мында автор орус жана кыргыз тилдериндеги темпоралдуулукту жана темпоралдык мамилелерди категориялаштыруунун жолдору менен каражаттарын комплекстүү түрдө талдап чыккан. У.Д. Камбаралиеванын бул эмгеги дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүн “Время” жана “Убакыт” концептосфераларынын алкагында сыпаттоого багытталган баалуу жана масштабдуу иш катары эсептелет [Камбаралиева, 2013: 490].

О.В.Кошманова «Концепт *скромность* в русской, американской и иранской лингвокультурах» деген диссертациясында бул элдердин маданиятындагы *токтоолук* концептине комплекстүү мүнөздөмө берет. Автордун ою боюнча, токтоолук концепти социалдык-этикалык регулятивдердин бири болот [Кошманова, 2007: 3-10].

З.К.Дербишеванын «Ключевые концепты кыргызской лингвокультуры» аттуу монографиясы фундаменталдык эмгек катары саналат. Монография азыркы лингвистиканын когнитивдик багытынын нуугунда аткарылган. Анда социомаданий, антропоморфтук, улуттук-маданий, рухий-маданий, рухий-нравалык концепттер сыпатталган [Дербишева, 2012].

Орус тилдик дүйнө сүрөтүндөгү «*Турмуш, жашоо*» концепти О.А.Ипанованын эмгегинде лингвомаданият таануу жана лексикографиялык аспектиде каралат [Ипанова, 2005: 7-10]. А.В.Трофимованын *от* концептине арналган ишинде концепт түшүнүгүнүн илимий чечмеленүүсүнүн аналитикалык сүрөтү толугу менен көрсөтүлөт [Трофимова, 2005: 10-21].

Г.А.Абыканова «Концепт *вода/суу* в русском и кыргызском языках» деген диссертациясында *вода/суу* концептин орус жана кыргыз тил өкүлдөрүнүн
аң-сезиминдеги маңызын салыштырмалуу тил илиминин прин-циптеринин жана идеяларынын таянып сыпаттайт [Абыканова, 2012: 5-10].

А.Р.Бутешова «концепт *жизнь* в русской и кыргызской языковой картине мира» деген диссертациясында жизнь-өмүр концептинин орус жана кыргыз тил өкүлдөрүнүн аң-сезиминде чагылдырылышын ачып көрсөткөн жана бул концепттин тилдик ички жана тил аралык белгилерин аныктаган [Бутешова, 2012: 3-5].

А.Н.Усачева «Концепт *здоровье* в английской и русской лингвокультурах» деген эмгегинде англис тилинде бул концепти вербалдаштыруучу лексикалык каражаттардын фреймдик түзүлүшүнө жана тилдик жактан толукталуусуна изилдөө жүргүзөт [Антология концептов, 2007: 101].

Е.Ю.Балашова «Концепт *любовь* и *ненависть* в русском и американском языковых сознаниях» аттуу диссертациясында *сүйүү* жана *жек көрүү* концепттери каралат, Россиянын жана АКШнын лингвомаданиятындагы бул концепттердин улуттук өзгөчөлүктөрүнө салыштырмалуу анализ жүргүзүлөт [Балашова, 2004: 5].

Э.Т.Төлөкова «Кыргыз тилиндеги *бала* концепти (Лингвомаданият таануу илиминин аспектиси боюнча)» аттуу эмгегинде кыргыз тилиндеги *бала* концептин лингвомаданият таануу илиминин жана когнитивдик лингвистика илиминин чегинде терең изилдеген [Төлөкова, 2012: 182].

Концепт ар түрдүү түзүлүшкө жана элементтерге ээ. Ал когнитивдик лингвистикада фрейм, сценарий, схема, символ, когнитема, прототип, пропозиция түзүлүштөрүнө ээ болуп, менталдык маалыматтарды ушул категориялар аркылуу туюндурат.

Менталитет илимде эки түрдүүчө аныкталат. Бул термин тар жана кенен мааниге ээ болуп жүрөт.

Тар маанисинде *менталитет* деп акылдын туруктуу «кампасын», дүйнө көрүүнү айтышат [Филд, 1996: 8; Ревель, 1996: 8; Ревель, 1993: 51]. *Менталитет* - дүйнө сүрөтүн аныктоочу «ой кампасы» [Гачев, 1995: 21]. *Менталитет* – бир социалдык топко таандык пикирлердин, көз караштардын жыйындысы [Пушкарев, 1996: 8]. Кээде менталитетти улуттун интеллектуалдык, рухий жана эрк сапаттарынын типтүү жүзөгө ашуусун камсыз кылган эне тилдин категорияларында берилген дүйнө тааным катары баалашат [В.В. Колесов, 2006: 16]. *Менталитет* - улуттук тил жана сөз [Менталитет, 1996: 11-12].

Л.Н. Пушкарев *менталитетти* социалдык топторго мүнөздүү дүйнө таанымга байланыштырса, В.В. Колесов улутка, этностун эне тилине карата аныктайт.

Менталитет кең маанисинде да колдонулат. Бул учурда «менталитет» түшүнүгүнүн мазмунуна башка менталдык элементтер кошулуп кетет.

И.Т. Дубовдун пикиринде, «*Менталитет*… - интегральная характеристика людей, живущих в конкретной культуре, которая позволяет описать своеобразие видения этими людьми окружающего мира, обьяснить специфику их реагирования на нее» [Дубов, 1993: №5, 20]. Бул аныктамада *менталитеттин* көп сапаттуулугу, интегралдуулугу, белгилүү маданияттын таасири, айлана-чөйрөнү көрүүнүн бөтөнчөлүгү, мунун таасирине болгон адамдын реакциясы (жообу) камтылган.

Г.В. Гетц берген аныктамада *менталитет* деп жүрүм-турумдун жана түшүнүүнүн ыкмаларынын, көз караштардын жыйындысы айтылат. Бул аныктамага ылайык, «менталитет» түшүнүгүнүн мазмунунда акыл кампасы,

дүйнө көрүү манерасы, көз караштардын системасы, жүрүм-турумдардын жыйындысы камтылат [Гетц, 1993: 59].

Менталитет - «исторически сложившееся долговременное умонастроение, единство сознательных и несознательных ценностей, норм, установок в их когнитивном, эмоциональном и поведенческом воплощении, присущее той или иной социальной группе (общности) и ее представителям» [Караңыз: Вассоевич, 1998: 7]. Мында менталитет тарыхый жактан узак убакытта калыптанган акылдын абалы, тигил же бул социалдык топко (жалпылыкка) жана анын өкүлдөрүнө мүнөздүү аңдалган жана аңдалбаган баалуулуктардын, нормалардын жана максаттардын когнитивдик, эмоциялык жана жүрүм-турумдук түрдө ишке ашкан биримдиги катары мүнөздөлөт.

Башка бир аныктамада *менталитет* инсандын тилин, акылын, аң-сезимин, оюн, өзүн («менин») камтыган рухий дөөлөт катары белгиленет. *Менталитет* тилге, ойго байланыштуу [Менталитет, 1994: 3-4].

Талданып жаткан түшүнүктөрдүн тар, кең маанилерин кошуп кароого да болот. Көптөгөн аныктамаларга таянып, биз **менталитетти жеке кишиге, социалдык же этникалык топко мүнөздүү аң-сезимдин когнитивдик стереотиптердин, көнүмүш касиеттердин жыйындысы менен мүнөздөлчү дүйнө көрүүнүн жана түшүнүүнүн өзгөчө ыкмасы** катары аныктайбыз. Ошондуктан жекече, топтук (тайпалык) жана улуттук менталитетти ажыратууга болот.

Фрейм *жана* ***сценарий.*** *Фрейм* – статикалык түшүнүктү (кыймылсыз кырдаалдык элести), ал эми *сценарий* – динамикалык түшүнүктү (кыймыл-аракеттүү кырдаалдык элести) иерархиялык мүнөздө чагылдыруучу түзүлүш.

Фрейм (англ. Frame – “*скелет*”, “*каркас*”, “*рамка*”) – реалдуу жагдайда кыймылдын схемасын өзүнө камтуучу, табигый эмес интеллекттеги билимдерди көрсөтүү ыкмасы. *Фрейм* түшүнүгүн алгач ирет Марвин Минский мейкиндик түшүнүктөрүн кабыл алуудагы билимдердин структурасын

аныктоодо киргизген. *Фреймдин* түзүлүшүнө кырдаалдык ырааттуулукту чагылдырган кутучаларды колдонуу мүнөздүү.

Учурда когнитивдик лингвистиканын негизги термини болгондугу менен ага азырынча атайын терминологиялык статус бериле элек. *Фреймди* чечмелөөдө ар кыл аныктамалар берилип келүүдө. Алсак, америкалык Марвин Минскийдин пикири боюнча, *фрейм*, бул - «стереотиптик кырдаалды чагылдырган түзүлүш» [Минский, 1979: 185]. «*Фрейм* – кандайдыр бир кырдаалга байланыштуу аң-сезимде пайда болгон ассоциациялардын иреттүү жыйындысы» [Бабаева, 2004: 19]. Ч. Филлмордун ою боюнча: «*Фрейм* – өз ара тыгыз байланыштуу сөздөрдү түшүнүүдө шарттуу түрдө колдонулган өзгөчө түзүлүштөгү билим» [Филлмор, 1988: 54]. А.Н. Баранов, Д.О. Добровольский когнитивдик лингвистика боюнча адабияттарды анализдешип, *фрейм* типтештирилген жагдайлар жөнүндөгү билимдерди сүрөттөөчү, абдан белгилүү когнитивдик категория деп эсептешкен. Ал бири-бири менен белгилүү семантикалык алакада болуучу слоттордон же кутучалардан турат. М.Ж. Тагаевдин аныктамасы боюнча: «*Фрейм* – это языковой опыт человека в рамках этноязыковой картины мира, стереотипные знания в коммуникативном пространстве языка, который может быть не совсем понятен носителю иной языковой системы» [Тагаев, 2004: 84].

Ошентип, *фрейм* кандайдыр бир концептке мүнөздүү маалыматты камтыган моделдин милдетин аткарат. Белгилүү бир концепт *фреймдин* өзөгүн түзөт. Өзөк *фреймди* айланта же биринин артынан бири келүүчү ырааттуулукта кутучалар жайгашат. Өзөк *фрейм* менен кутучалар маанилик жактан тыгыз байланышып, бир бүтүндүктү түзөт. Тил каражаттары аркылуу туюндурулган байланыштуу фрагмент, кырдаалдар *фрейм* алкагындагы кутучаларга стандарттуу түрдө биринин артынан бири келүүчү ырааттуулукта жайгаштырылат.

Сценарий. Концептке мүнөздүү статикалык түшүнүктөрдөн *фрейм* кутучалары жаралса, динамикалык түшүнүктөрдөн *сценарий* кутучалары пайда болот. Өзөк сценарий менен анын кутучалары кайсы бир кырдаалдын

жүрүшүн чагылдырат. *Сценарий* кутучалары менен *фрейм* кутучалары окшош көрүнгөнү менен, *фрейм* алкагында заттык маанидеги түшүнүктү (конкреттүү маанидеги түшүнүктөр) бир учурда чагылдырган кутучалар, ал эми *сценарий* алкагында кыймыл-аракеттик элес маанисиндеги түшүнүктү (абстракттуу маанидеги түшүнүктөр) убакытта тизмектеп чагылдырган кутучалар орун алып, алар өз ара бири-бирин толуктап турат.

Сценарийди фреймден айырмалаган белги – бул анын убакытка көз каранды болуп, убакыт бирдиги менен өлчөнгөндүгүндө, т.а., кыймыл-аракеттин ишке ашуусу үчүн убакыт сарпталгандыгында. [Бабушкин, 1996: 14].

Когнитема түшүнүгү дүйнөнүн макалдык сүрөтүн когнитивдик анализдөөнүн негизинде ачып берүүдө Е.В. Иванова тарабынан киргизилген [Лихачев, 1997:104]. Е.В. Иванова когнитема деп бир же бир нече макалдын семантикалык мейкиндигин анализдөөдө реконструкциялануучу жана бир макалдын, дүйнөнүн макалдык сүрөтүнүн же дүйнөнүн бардык макалдык сүрөтүнүн фрагментинин когнитивдик моделин сыпаттоодо функционалдык жактан маанилүү, билимдин пропозициялык жалпылоочу бирдигин айтат. Изилдөөчү дүйнөнүн макалдык сүрөтүн мүнөздөөдө когнитеманы макалга караганда кичинерээк жана структурасы боюнча жөнөкөйүрөөк жалпылоочу бирдик катары белгилейт жана аны дүйнөнүн макалдык сүрөтүнүн макалдан кийинки экинчи, негизги «курулуш блогу» деп эсептейт. Ушул эле учурда Е.В. Иванова адамдын аң-сезиминде жана эс-тутумунда когнитемага окшош айрым аналогдор бар экендигин божомолдойт [Иванова, 2006]. Б.М. Гаспаровдун айтуусунда, адамдын аң-сезиминде, кептик ишкердиктин процессинде даяр формула катары колдонулуучу кептин бүтүндөй бир бөлүгү, шаблондору сакталат. Алар когнитемалык мүнөзгө ээ.

Жогоруда айтылган теориялардын негизинде этностун, этникалык топтун эс-тутумунда когнитема жашайт деп ойлоого болот.

Этностун, адамзаттын өнүгүүсү менен изилдөөгө муктаж концепттердин саны бара-бара өсүүдө жана алардын маанилеринин көлөмү, түзүлүшү, чеги, багыты дайыма өзгөрүлүүдө.

Биринчи баптан алынган тыянактар

1. Когнитивдик лингвистика менен лингвомаданият таануу - азыркы тил илиминде антропоборбордук парадигманын чегинде өнүгүп келе жаткан багыттар.

2. Когнитивдик лингвистика - тил илиминин интенсивдүү өнүгүп бара жаткан тармагы. Ал менталдык дүйнөнүн тилдик каражаттарда жана аларга байланыштуу жашашын аныктайт. Когнитивдик лингвистика менталингвистикалык, лингвомаданий, лингвокогнитивдик, логикалык-семантикалык, философиялык-семиотикалык өңүттөрдө талданышы мүмкүн. Изилдөөчүнүн позициясына жараша бул тармактын объектиси, колдонулчу метод-ыкмалары, натыйжалары түрдүүчө болот.

3. Лингвомаданият таанууну тилди маданият менен ажырагыс биримдикте карап изилдөөчү илим катары саналат. Маданий маалымат камтылган концепттер, эталондор, архетиптер, стереотиптер, метафоралар, образдар, ырым-жырымдар, ишенимдер, ритуалдар, мифологемалар ж.б., б.а., лингвокультуремалар бул илимдин предметтери болот.

4. Концепт - когнитивдик лингвистиканын негизги түшүнүгү, категориясы. Ал менталдык-тилдик дүйнөнүн негизги көрсөткүчү. Концепттердин жыйындысы концептосфераны жаратат. Концепт вербалдык каражаттарда да, алардан сырткары да жашай берет. Концепт - бул менталдык бирдик. Ал адамдын ойтуюмунда когнитивдик түзүм катары жашайт. Концепт тилдик каражаттар аркылуу «тышталат». Ал лексемаларда, фразеологизмдерде, паремияларда жана ири текстттерде берилет.

5. Менталитет жеке инсанга, топко, этноско мүнөздүү когнитивдик стереотиптердин, көнүмүш касиеттердин, салт-санаалардын, эрежелердин жыйындысы катары когнитивдик лингвистиканын объектиси боло алат.
6. Концепттин ички түрлөрү, категориялар катары элес, символ, түшүнүк, гештальт, скрипт, пропозиция, когнитема, фрейм ж.б. эсептелинет.

II БАП. Изилдөөнүн материалдары жана методдору

2.1. Изилдөөнүн негизги материалдары жана булактары

Изилдөө ишибиздин материалдарынын семантикалык диапазонунун кенен экендигине үчүнчү баптын дээрлик ар бир параграфында антропологиялык лексиканын, антропологиялык алкактагы негизги түшүнүктөрдү атаган тил каражаттарынын, тагыраак айтанда, номинативдик бирдиктерин, лексикалык каражаттардын, ошону менен эле бирге паремиялогиялык бирдиктердин, антропологиялык концепттерди сүрөттөөчү

номинанттардын, *адам/киши* сөздөрү катышкан макал-лакаптардын, фразеологизмдердин, афоризмдердин ж.б. провербиалдык бирдиктердин, ал гана эмес адам темасына арналган көптөгөн прозалык, поэтикалык, философиялык, фантастикалык, детективдик ж.б. жанрдагы чыгармалардын да изилдөөнүн негизги материалы катары алынгандыгын башкы аргумент катары келтирүүгө болот. Мындай жагдай, диссертациялык ишибиздин биринчи бабында айтылгандай, биринчи кезекте, «Адам» концептинин баардык маданияттар үчүн универсалдуулугу көп катмардуу жана көп деңгээлдүүлүгү жана масштабдуулугу аркылуу түшүндүрүлөт.

Изилдөө ишибиздин материалдары тилди талаа моделине ылайык, атап айтканда, «борбор-жакабел (ядро-периферия)» катышында кароо менен чектелбестен, алардын бири-бирине карата «түз-кыйыр», «нейтралдуу-эмоционалдуу» өңдүү семантикалык катыштары да аныкталгандыгын белгилөөгө болот. Маселен, «Адам» концептинин, анын ичинде *адам* сөзүнүн семантикалык талаасынын борбордук лексемалары катары *киши, инсан, пенде, жан, жаран* сөздөрү талдоого алынса, ал эми семантикалык талаасынын жакабелине “персона”, “индивид”, “субъект” өңдүү бир синонимдик катарга кирген лексикалык каражаттар иликтенди. Ошону менен эле бирге, семантикалык талаанын борборуна түз же кыйыр катыштагы лексикалык, провербиалдык бирдиктер жана фразеологиялык айкаштар, алардагы пропозициялар, сыпаттап, чечмелөө тиешелүү сөздүктөрдөн алынган материалдарга таянуу аркылуу ишке ашырылды. Мындан тышкары изилдөө ишибиздин негизги объектиси болгон “Адам” концептисинин репрезентативдерине синонимдик жана антонимдик катышта болгон лексемалар лингвокогнитивистик өңүттөн талдоо жүргүзүлдү. Антропологиялык концепттерге перифериялык, коннотациялык, ассоциативдик катыштагы көркөм, образдуу тилдик каражаттардын, эпитеттердин жана башка номинативдик бирдиктердин синтагмалык табияты изилденип, алардын башка лексикалык бирдиктер менен семантикалык жактан валенттүүлүк потенциалы, айкашуу мүмкүнчүлүгү конкреттүү тилдик

иллюстрациялардын мисалында каралып, аларга компоненттик талдоо жүргүзүлгөн. Ал эми тилдин провербиалдык фондунда камтылган когнитемалардын жана алардын типтеринин түшүнүктүк, образдык жана аксиологиялык табиятына семантикалык талдоо жүргүзүлүп, алардын эксплициттик (ачык) жана имплициттик (каймана) кептик кырдаалдардагы семантика-функционалдык табияты, коммуникативдик потенциалдары таза тилдик жана лингвомаданий өңүттөрдөн каралган. Таза тилдик өңүт дегенде, эң оболу, «Адам» концептинин жана аны менен периферияльык, коннотациялык, ассоциативдик катыштагы тил каражаттарынын этимологиясына илик жүргүзүүнү түшүнүшүбүз керек. Ошондой эле алардын тексттин тулкусундагы семантика-функционалдык табияты көркөм чыгармалардын контекстинде, асыресе, поэтикалык чыгармалардын мисалында ар тараптуу изилденген. Жыйынтыктап айтканда, изилдөөнүн материалы катары кыргыз элинин макал-лакап, учкул сөздөр жыйнактарынан бүтүндөй иргеп алуу ыкмасынын негизинде түзүлгөн картотека кызмат кылат. Бул изилдөөнүн картотекасында 835 провербиалдык бирдик бар. Алардын 563үндө адам лексемасы, 257синде киши лексемасы, алтоондо жан лексемасы, бешөөндө пенде лексемасы, төртөөндө адамдык, адамчылык, адамча лексемалары катышкан. Мындан тышкары «Адам» концептинин мазмунунун когнитивдик түзүүчү зонасын ачып берүү максатында түшүндүрмө, этимологиялык, сөз түзүүчү, фразеологиялык, энциклопедиялык сөздүктөрдүн, синонимдер жана антонимдер сөздүктөрүнүн материалдары, бардыгы – 18 лексикографиялык булак пайдаланылды. Ошондой эле кыргыз макал-лакап, учкул сөз жыйнактары: “Макал-лакаптар, нуска сөздөр, накыл кептер, залкар ойлор” (Жыйнаган К. Нускаев, 2007); “Кыргыз макал, лакап жана учкул сөз түрмөктөрү” (Топтогондор Г. Тажиева, А. Курманбекова, 2004); “Кара кыргыз” 5-том (Орозбек Айтымбет, 2007); “Кыргыз макал-ылакап, учкул сөздөрү” (М. Ибрагимов, 2005) жыйнактар болуп, бардыгы 6 булактан материалдар алынды. Ошону менен эле катар изилдөө ишинде кошумча булактар катары Интернеттеги сайттардан жана кээ бир илимий

булактардан алынган маалыматтар, *адам/киши* компоненттери катышкан фразеологизмдер, афоризмдер ж.б. провербиалдык бирдиктер, оондой эле адам темасына арналган көптөгөн прозалык, поэтикалык, философиялык, фантастикалык, детективдик ж.б. жанрдагы чыгармалардан алынган иллюстративдик материалдар пайдаланылды.

2.2. Изилдөөнүн негизги материалдары катары кызмат кылган тил каражаттары жана алардын семантикалык мейкиндиги

Бул параграфта антропологиялык алкактагы негизги түшүнүктөр аркылуу биз адамга, кишиге, инсанга, пендеге жана жалпы эле адамзатка байланыштуу терминге, кээде туруктуу сөз айкаштарына айланган тилдик бирдиктердин маанилерин кыскача чечмелеп, аларды белгилүү бир тартипте топтоштуруп, классификациялап, алардын түрдүү өзгөчөлүктөрүн, касиеттерин ачыктап берүүгө аракет жасамакчыбыз. Ошондой эле, *адам* сөзү менен тыгыз алакадагы элдин жалпы катмарына жеткиликтүү эмес айрым түшүнүктөрдү чечмелеп бермекчибиз. Бул иш-аракеттерди жүзөгө ашырууда ар кыл энциклопедиялык, түшүндүрмө, фразеологиялык, котормолуу ж.б. сөздүктөрдөн, справочниктерден, Интернеттеги сайттардан жана кээ бир илимий булактардан пайдаландык.

1. “Адам” концептине байланыштуу айрым диний жана мифологиялык түшүнүктөр – 1) Адам ата - диний түшүнүк боюнча Кудай жараткан эң алгачкы киши, адамзаттын атасы. Ал жалгызсырабасын деп Кудай кийин Ова энени жараткан имиш. Экөө бейиште жашаган. Алла Тааланын айтканын аткарбай, күнөөкөр болуп, бейиштен куулган. **2) Адам Кадмон** - (евр. adam qadmön, “алгачкы Адам”, “алгачкы адам баласы”) иудаизмдин мистикалык салты боюнча материалдык жана руханий дүйнөдө адамзаттын алгачкы образы, абсолюттук, руханий пайда болушу. **3) Агач киши** – карачайлардын жана азербайжандардын мифтеринде (меша - адам) “токой адамы”, Кавказдын тоолуу токойлорунда жашоочу жиндер. Адам менен маймылдын ортосунда пайда болгон аял-эркек кейипиндеги чачтуу,

жагымсыз жыттары бар адам түрүндө көрүнүшкөн. **4)Ажина** - тажиктердин, өзбектердин, каракалпактардын, кыргыздардын, бир жагынан казактардын мифологиясында жин-шайтандар, арам күчтөр. Ажина көлөмү кокусунан чоңоюп кетүүчү, чоң дөө аялга айланып кетүүчү аял кейипинде же ар кыл жаныбар түрүндө көзгө көрүнгөн. **6)Жин** – мусулман мифологиясындагы шайтан. Аравияда мусулманчылыкка чейинки доордо меккеликтер аларды Аллахтын туугандары деп эсептешкен. Мусулмандардын салтына ылайык жиндерди Аллах түтүнү жок оттон жасаган жана алар акыл-эске ээ аба же от денелүү болушкан. **8. Пери** – учуп жүрүүчү, канаттары бар, аял кебетесиндеги айдай сулуу, узун чачтуу, кереметтүү жан. **9. Перизаада** – пери тектүү, периден төрөлгөн бала, киши. **10. Суу пери** – элдин ишениминде – узун чачтуу, балык куйруктуу, сууда жашоочу айгыр. Мындагы мисалдар “Адам” концептинин мифологиялык жана диний катмарларынан кабар берет.

2. “Адам” концептине байланыштуу юридикалык түшүнүктөр – 1) Адамдын жана гражданиндин укуктарынын декларациясы - Улуу француз революциясынын программалык документи. 1789-жылы 26-августта уюштуруу чогулушунда кабыл алынган. **2) Адам-күнү** - жумуш убактысын эсептөө өлчөмү. Жумушчунун ишке келген күнү ал канча саат иштегенге карабастан, аткарылган адам-күнү болуп эсептелет. Адам-күнүнө жумушчу иш ордунда же командировкада, дем алыш, майрам убактысында иштеген күндөрү да кирет. **3) Адам-саат** - өндүрүштөгү жумуш убактысын эсептөөдөгү чен бирдиги. Өндүрүштө пайдаланылган адам-саат сменада жана сменадан тышкаркы бардык жумушчу иштеген сааттын саны менен аныкталат. Көпчүлүк өлкөлөрдө эл чарбасындагы бардык жумушчулар менен кызматчылар жумасына 39 саат иштешет. **4) Жак** – жарандык укуктун субъектиси катары сот алдында доочу же жоопкер болууга акылуу адам же жамаат.**5) Жаран** - 1. Расмий түрдө тигил же бул мамлекеттин туруктуу тургуну болуп эсептелип, ошол мамлекет тарабынан камсыз кылынган бардык укуктардан пайдаланган жана мыйзам аркылуу белгиленген бардык милдеттерди аткарууга тийиштүү болгон адам. Келтирилген бирдиктерди

“Адам” концептинин юридикалык катмарын чагылтуучу мисалдар катары кароого болот.

3. “Адам” концептин ачыктаган илимдер жана багыттар: 1) Антропогенез – антропологиянын негизги тармагы; адамдын чыгуу тегин изилдөөчү илим. Ал изилдөөчү негизги проблемаларга: адамдын сүт эмүүчүлөрдүн ичинен алар орду, адеп чыккан жери жана убагы, адамды адам кылган факторлор кирет. Буларды чечүүдө антропогенез салыштырмалуу анатомия, эмбриология, физиология, палеонтология, археология, геологиянын накта даректерине таянат. **2) Антропологизм** – (антропо ..... жана logos – окуу) – адамды жаратылыштын эң жогорку продуктусу деп эсептеп, адамдагы бардык өзгөчөлүктөр менен касиеттерди анын табияттан чыккандыгы менен түшүндүргөн философиялык багыт. **3) Антропология** – (антропо ..... жана логия) кишинин жаралышы жана эволюцияланышы, адамзат расаларынын пайда болушу жана кишинин дене түзүлүшүнүн нормалдуу вариациялары жөнүндөгү илим. **4) Антропонимика** – (гр. «адам» + «ат») адамдардын аттарын (антропонимдер); алардын келип чыгышын, эволюциясын жана алардын пайдаланылыштарынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн окутуп-үйрөтүүчү, ономастиканын бир бөлүгү. Антропоним деп адамдар аталуучу бардык аттарды: энчилүү адам аттарын; *Айбек, Гүлгаакы, Баатырбек, Төлөгөн, Анара, Роза* ж.б.; атасынын аттарын; *Сапарбаевич, Каныбекович, Мадумаровна* ж.б.; фамилияларды; *Жунусов, Айтматов, Сарыгулов* ж.б.; лакап аттары (псевдонимдерди):*Балка, Горький, Казак, Ташчайнар, Жолборс* ж.б.; жасалма аттары (клички):*Коба, Куба, Чанач, Боке* ж.б. **5) Антропософия** – (антропо ..... жана гр. sophia – акылмандык) адамды кудай кылып көрсөткөн диний-мистикалык декаденттик философиянын бир түрү. Антропософияга биринчи дүйнөлүк согуштун алдында мистик немец илимпозу Рудольф Штейнер негиз салган. **6) Антропоцентризм** – (гр. антропо ..... жана лат. centrum - борбор) ааламдын түп негизи жана максаты адам деп эсептеген идеалисттик көз караш; теологиянын бир түрү. Диний окуу менен тыгыз байланышта болуп, илимге каршы. Антропоцентризм көз карашын

төгүндөөдө Коперниктин теориясы, Дарвиндин окуусу ж.б. илимий ачылыштар эбегейсиз зор салым кошкон. **7) Анатомия** (гр. anatome – тилип-кесүү, муунга ажыратуу) организмдин, органдардын, ткандардын жана клеткалардын формалары жана түзүлүштөрү жөнүндөгү илим. **8) Физиология** – бүтүндөй организмдин, анын айрым органдарынын жана алардын системаларынын жашоо функциялары жөнүндөгү илим. **9) Гигиена** – саламаттыкты сактоо жана чыңдоо, о.э., жумушка, эс алууга жана турмуш-тиричиликке туура шарт түзүү жөнүндөгү илим. **10) Евгеника** – адамдарды селекциялоо жана алардын мурастык касиеттерин жакшыртуунун жолдору жөнүндөгү окуу. Ал адамдын генофондундагы тукумдун бузулушуна, начарлашына байланыштуу кубулуштар менен күрөшүүгө арналган. Төмөндө адамга байланыштуу бир нече илимдерди санап өтөлү: **адам жана коом,адам таануу,археология,социобиология, биология, биохимия, приматология, генеалогия, геногеография, тарых, филология, лингвистика, палеолингвистика, онтопсихофизиология, медицина, логика,** психология**, социо**психология**, философия, педагогика,** маданият **таануу, риторика, демография, дин таануу, манас таануу, коом таануу, жаран таануу,** социология**, пале**социология**,** этнография**,** этология**, укук таануу,экономика, саясат таануу, эмбриология, геронтологияэтика** ж.б.

4. Адам жөнүндөгү түрдүү концепциялар, багыттар:*а) биологизатордук концепция:***1) Расизм** – адамдын табияты анын расалык таандыктыгы менен аныкталат. **2) Социал-дарвинизм** - жогорку катмардын өкүлдөрү коомдо алдыңкы орунда турушат, анткени алар жаратылышынан башкалардан жогору өнүгүшкөн. **3) Социобиология** - адамга тиешелүү болгон көпчүлүк жүрүш-туруш стереотиптеринин формалары башка сүт эмүүчүлөргө да тиешелүү, демек, адам жаныбарлар менен бирдиктүү табиятка ээ. **4) Психологизм** - адамдар табияты боюнча ар түрдүү, адамдын маңызын анын психологиялык өзгөчөлүгү түзүп турат. Адамга жалпы социалдык идеалдарды таңуулабастан, алар кандай болсо, ошондой кабыл алуу керек. **5) Натурализм** - адамдын маңызы жаратылыш мыйзамдары (климат, географиялык чөйрө

ж.б.) аркылуу аныкталат. **6) Волюнтаризм** - адамдын маңызы анын «бийликке болгон эркинде». Ал адамдын бүткүл жүрүш-турушун аныктайт. **7) Натуралисттик дуализм** - ага адамдын материалдык жана рухий болгон эки дүйнөдө жашоосун камсыз кылган эки деңгээлдик маңызы жөнүндөгү диний окуулар киришет. *б) социологизатордук концепция:***1) Конвенционализм** – адамдардын жашоосу жана жүрүш-турушу илимпоздордун өз ара конвенциясынын (келишиминин) негизинде кабыл алынган эрежелер менен шартталат. **2) Социализм** – бул вульгардык-материалисттик концепция, адамдагы жаратылыштык негизди танат. Белгилүү бир социалдык шарттарга жараша каалагандай адамды жасап алууга болот. **3) Панлогизм** – дүйнөлүк логика же дүйнөлүк акыл-эс жашайт. Адам дүйнөлүк акыл-эстин идеяларынын ишке ашышы. **4) Социологиялык дуализм** – адамдагы инстинктивдик энергиялар аморалдуу жана аларды кармап турууга болбойт, о.э., алар табияты боюнча иррационалдуу. Акыл, аң-сезим эмес, ошол инстинктивдүү энергиялар адамдын жүрүш-турушу менен ишмердүүлүктөрүнүн башкы стимулу болуп эсептелишет.

5. "Адам" концептинин негизги экспоненттери: 1) Адам – 1. Акылы, ойлоо, сүйлөө жөндөмдүүлүгү бар, өндүрүш куралдарын жасап жана эмгек процессин пайдалана билген жан, киши. *Адамды адам кылып баккан эмгек* (Бөкөнбаев). 2. Жогорку моралдык жана интеллектуалдык касиеттерди өзүнө топтогон, жакшы сапаттары бар киши. 3. Бой тарткан, акыл-эси, билими бар, колунан иш келген киши (өспүрүм, жаш адамдарга карата). **2)Адамзат** - 1. Киши, адам баласы. *Адамзат көзү барда көп байкалбай, Жок болсо «кайран ай» деп сагындырар* (Осмонов). 2. Эл-журт, бүткүл адам баласы. **3)Киши -** 1. Ойлоо, сүйлөө жөндөмдүүлүгү бар, акыл-эстүү жан, адам. *Эркек киши. Алп киши. Чоң киши. Шамбет кары кишиге артык тамаша айтпай, ажарлуу гана күлүп койду* (Сыдыкбеков). 2. Аң-сезимдүүлүгү, жөндөмдүүлүгү, кишилик сапаты бар адам. **4) Инсан -** Жеке адам (личность). *Бир календер түркүн ташты тагынып. Төрт-беш инсан кызмат кылат жагынып* (Байзаков).

6. Курамында адам, киши лексемалар катышкан, белгилүү бир бүтүн түшүнүктү билдирген кош сөздөр:1) Адам ата – диний түшүнүк боюнча жер жүзүнө биринчи пайда болгон адам жана бүткүл адамзаттын эң түпкү атасы. *Адам ата, Обо эне* («Манас» С.К.).**2)Адам баласы** - адам, адамзат. *Бригадир деле биз сыяктуу адам баласы* (Сыдыкбеков). **3)Адам ноо**- 1.Жөө жомоктук, мифтик жандык. 2.Жапайы адам маанисинде да кездешет. 3. Кээде дөө, өтө чоң, акылы кем, адам түспөлүндөгү жандык. *Убара чаркөө, адам ноо* («Манас», С.О.). **4) Адам заада** - адам баласы, адам уулу.*Ушул ажайып, ушул бейжай дүнүйөдөн кетеримде жанымда бир Адам заада болбогону кызык болду а?!* (Касымбеков). **5) Киши-кара -** кимдир бирөө, жалпы эле киши. *Киши-кара көрүнсө, Дым чыгарбай жаткыла* («Эр Табылды»). **6) Киши кийик -** эпостордо, жомоктордо учуроочу жапайы адам. *Киши кийик, төө кийик Адырында көп экен* («Манас»). **7) Киши шер -** баатырлардын баатыры, кыраандардын кырааны. *Ал ыраматылык айкөл калың кошундан качпаган киши шердин бири эле* (Субанбеков). **8)Агач киши** – карачайлардын жана азербайжандардын (меша-адам) мифтеринде “токой адамы”, Кавказ тоолорунун токойлорунда жашоочу духтар. Маймыл менен адам кейипиндеги, жагымсыз жыты бар, аял, эркек жынысындагы чачтуу жандык катары көрүнгөн.

7. Кыргыз адамынын улуттук менталитетин чагылдырган этномаданий түшүнүктөр:

А. Адамга бата берүүдө, жакшы тилек каалоо билдирүүдө колдонулуучу тилдик маданий мурастар:1) Аркаңды мал бассын, алдыңды бала бассын! – көбүнчө келиндерге карата “бактылуу бол”, “бала-бакыралуу бол”, “этек-жеңиң жыйылсын” деген мааниде айтылган алкоо. *Кыз журту башка илгертен: эми өз журтуңа барасың, кудай аркаңды мал басып, алдыңды бала басып, өз алдыңча болосуң, кагылайын* (Касымбеков). **2) Жеңил барып, оор кел. 3) Ат байгелүү болсун!4) Кут болсун!** – “Буюрсун”, “болгону жакшы болуптур” деген мааниде бирөөнү куттуктоо, ага тилек кылуу, каалоо иретинде айтылат. **5) Жаткан жери жайлуу болсун.6) Көч байсалдуу**

болсун!7) Бакыт жылоолосун. 8) Жакшы жатып, жай туруңуз!9) Бешик бооң бек болсун! – жаңы төрөлгөн баланын ата-энесин куттуктоо маанисинде колдонулат. **10) Жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун!11) Көшөгөң көгөрсүн! 12) Боосу бек болсун!** ж.б.

Б. Каада-салт, үрп-адат ылайык колдонулуучу иш-аракеттер, ырым-жырымдар:1) Ачуу басар – кыз качып кеткенде кызды алган жак анын ата-энесинен кечирим суроо, алдынан өтүү, таанышуу максатында тийиштүү жол-жобосу менен келүү салты. *Турсун куда ачуу басарына бир тай, бир кой, эки миң сом акча, эки ящик алып келет* (“Советтик Кыргызстан”). **2) Жүк көрсөтөр.3) Бел куда болуу** – балдары төрөлө электе, боюнда барда, курсакта экенинде убадалашып, кудалашып коюу. *Акун-хан менен Манас бел куда болушкан* (“Семетей”). **4) Бешик куда болуу.**

В. Каргоо, наалат айтуу, жамандык, кырсык тилөө маанисинде колдонулуучу улуттук айтымдар: 1) Баралыңа жетпегир – жашабагыр, узабагыр деген маанидеги каргыш. – *Оо, баралыңа жетпегир! Ублалы уктатпасын ушул нерсенин* (Өмүрбаев). **2) Кара башыңды жут!3) Башыңа көрүнгүр (кара башыңа көрүнгүр). 4) Кемелиңе келбегир. 5) Жер жуткур! (жер соргур).6) Башыңды жуткур** – каргоо маанисинде колдонулат. – *Ии, башыңды жуткур, бала эмес эле желмогуз го? Жубарымбек!* (Осмоналиев). **7) Жети атаңдын боорун же!8) Кепиниңди жегир! (жалмагыр, кепиниң күйгүр, өрттөнгүр!). 9) Береке таппагыр** – оңолбогур, жарыбагыр деген маанидеги каргыш. **10) Ичиңен кан өткүр** – жаман көргөндө айтылуучу каргыш сөз. **11) Көрүңдө өкүр! (көрүңдөн таш чыккыр!).12) Бооруңа келгир! (бооруңа чечек чыккыр!, бооруңа чок түшкүр!).**

Г. Тилдөө, жекирүү, сөгүү, кагуу, жемелөө маанисинде колдонулган эталондор:1) Жерге кир – тилдөө, жемелөө же жактырбоо маанисинде колдонулат. **2) Жаагың сынгыр! (жаагың кыйрагыр!, жаагың карышкыр!). 3) Жүзү курсун. 4) Кара жерге кир!** – жемелөө, тилдөө иретинде колдонулат. **5) Жаагыңа таш!6) Көзүнө көр топурак тыгылсын.7) Жумуран кал** – көбүнчө тилдегенде, урушканда “куруп кал” деген мааниде

колдонулат. **8) Кара оозуңа кан толгур! 9) Жетеңден ургур!10) Жоругу жолдо калсын!**

Д. Жалынып-жалбаруу, жакшы көрүү маанисинде колдонулуучу маданий бирдиктер: 1) Кагылып кетейин – жалынып-жалбаруу маанисинде айтылат. **2) Жанымды чабайын!** – жакшы көрүү, жалынып-жалбаруу маанисинде колдонулат. **3) Садага болоюн (садагаң кетейин, секет болоюн). 4) Жанымды курман чабайын.5) Жанымды чабайын** – жакшы көрүү, жалынып-жалбаруу маанисинде колдонулат. *Жанымды чабайын! – деп абышка небересин жыттагылап, бети-башынан өптү* (Бейшеналиев).

Е.Адамдын эр жетүүсүн, турмуш шартынын оңолушун туюндурган улуттук түшүнүктөр: 1) Адам катарына кошулуу - 1. Адам болуу. 2. Жашоо-тиричилиги, турмушу жакшыруу, өйдөлөө, оңолуп элге аралаша баштоо. *Эмне гана күндү көрбөдүк! Өлгөндөн калган эл жерине кайтып, ушу керемет таңдын, ажайып күндүн деми менен адам катарына кошулдук* (Өмүрбаев). **2) Адам болуу** - 1. Эр жетүү, эс тартып, киши катарына кошулуу. 2. Оорудан айыгуу, жакшы болуу, баш көтөрүү. **3. Киши болуу.Киши катарына кошуу -** *Андай ооруйт экен, өзүн эле окутуп-чокутуп, киши катарына кошсоңор болбодубу кагылайын* (Өмүрбаев).

Ж. Курамында "Адам" концептинин экспоненттери бар ар кыл маданий түшүнүктөр: 1) Киши колдуу болуу - 1.Өз ажалынан эмес, бирөө тарабынан өлүм табуу, өлтүрүп коюу. *Мунун киши колдуу болуп өлгөнүн же өз ажалынан мүрт кеткенин кийин аныктарбыз* (Бектенов). 2. Уурдалуу. **2) Киши келдиби, ит келдиби дебөө -** эч көңүл бөлбөө, назар салбоо, теңсинбегендей мамиле жасоо. **3) Кишинин ичине кирип чыккандай. 4) Адам оозуна алгыс** - 1. Өтө одоно-орой, уят, ыплас кеп, сөз ж.б. 2. Жегенге жараксыз, өтө начар, бузулуп кеткен (тамакка карата). **5) Киши аласы ичинде. 5) Киши-кара -** Кимдир бирөө, жалпы эле киши. *Киши-кара көрүнсө, Дым чыгарбай жаткыла* («Эр Табылды»).

8. Антропологиялык маанидеги ар кыл түшүнүктөр жана терминдер: 1) Адамдын конституциясы (лат. constitutio – дене түзүлүшү) -

организмдин тукум куугуч жана көнүмүш касиеттеринин негизинде бир калыпка келген реактивдүүлүгүн аныктоочу функционалдык жана морфологиялык өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысы. Анын морфологиялык белгилери Пиньенин индекси боюнча, о.э., функционалдык касиеттерине карата астеник, нормостеник жана гиперстеник болуп үч типке бөлүнөт. **2) Адам факторлору -** «Адам жана машина» системасындагы адамдын ролун ачып көрсөтүүчү инженердик психологиянын түшүнүгү. Адам факторлору башкаруу системасындагы адам-оператордун жөндөмдүүлүгүн изилдөө, адам жана башкарылуучу процесстин өз ара аракетинин оптималдуу шарттарын түзүүгө байланыштуу. **3) Антропогендик ландшафт** – пайда болушуна адамдын чарбачылык иши чоң роль ойногон географиялык ландшафт. **4) Антропозооноздор** – (антропо ...., zoon – жаныбар, nosos – оору, ылаң) адам менен жаныбарлардын жугуштуу жана инвазиялуу оорулары. Муну зооноздор деп да аташат. Антропозооноздорго: бруцеллез, мал туберкулезу, күлапса, туляремия, маңка, чакалай, төө чумасы (адам чумасы), эхинококкоз, шарп ж.б. кирет. **5) Антропологиялык типтер** – дене түзүлүш белгилеринин мурас болушу жагынан жалпылыгы бар, теги бирге адамдардын топтору. Кеңири мааниде алганда, антропологиялык типтер адамзат расаларынын синоними болуп эсептелет. **6) Гуманизм** – 1. Кайра жаралуу мезгилиндеги (XV-XVI кылымдар) адамдын эркин өсүп өнүгүшүн феодализм менен диндин тушоосунан бошотуу принцибин көздөгөн прогрессивдүү кыймыл. 2. Адамдарга боорукердик, камкордук кылууга, жакшы көрүүгө, сыйлоого, урматтоого негизделген мамиле, адамгерчилик. 3. Адабиятта адамгерчиликти, адам баласына урмат-сый көрсөтүүнү бийик сапат, прогрессивдүү идея катары көтөрүп чыгуу. **7) Антропоморфизм –** адамдардын алгачкы оюнун формасы, бул кезде – нерселерде, табияттын кубулуштарында, айбандарда адамдын касиеттери бар деп ойлошкон. **8)Непотизм** - бүлө күтүү,эрди-аял, бала-чаканын үйүр болушу.

2.3. Изилдөөнүн негизги аспектилери жана методдору

“Адам” концептинин сферасы кенен. Ал жалпы адамзатты, жеке адамды, алардын кыял-жоругун, өң-түсүн, кыймыл-аракетин, маданиятын ж.б. өзгөчөлүктөрүн атоодо колдонулуучу лексикалык бирдиктердин баарын камтыйт. Анын номинанттары көлөмү, маани-мазмуну, түзүлүшү, ойду туюндуруу потенциалы, тилдик деңгээлге тиешелүүлүгү, символдору, денотаттары, ич ара алакалары ж.б. көрсөткүчтөрү боюнча ар түрдүү болот.

Концепттин денотаты – адамзаттын жашоосун, өнүгүүсүн жана келечегин уюштуруунун эң зарыл фактору. Ансыз жашоо, өнүгүү токтоп калмак.

“Адам” концепти көп катмардуу жана көп компоненттүү мазмунга ээ болгондуктан, аны изилдөөнүн төмөндөгүдөй бир канча аспектиси бар:

1) түшүнүк аспектиси бир нече кичи катмарлардан турат; анын курамына энциклопедиялык-философиялык, логикалык, социалдык-тарыхый, экономикалык, саясий, идеологиялык, магиялык, семиотикалык ж.б. катмарлар кирет;

2) этимологиялык аспектиси концепт номинанттарынын төркүнү, теги, тектеш тилдердеги репрезентацияланышы, өнүгүү эволюциясы жана этаптары тууралуу маалыматтарды камтыйт;

3) деривациялык аспекти уңгу маанисинин тармакталышы, полисемияланышы, өтмө маанилердин жаралышы (семантикалык деривация), уңгуга сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн жалганышы менен туунду сөздөрдүн, сөз формаларынын пайда болушу, ырааттуу агглютинациянын уюшулушу, уңгулар кошулуп татаал сөздөрдүн жана фразеологизмдердин келип чыгышы сыяктуу катмарларды өз кучагына алат;

4) синтаксистик аспектиси концептти репрезентациялоочу, конкреттештирүүчү жана материалдык сөлөкөткө алып чыгуучу сөздөрдүн сөз айкаштарды жаратуусу; зат атооч + зат атооч, сын (сан) атооч + зат атооч, зат атооч + этиш, тактооч + этиш ж.б. моделдердин алкагында типтүү сөз айкаштардын жана сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн шарттайт;

5) провербиалдык аспектиси “Адам” концептине тиешелүү идеомалардын, макал-лакаптардын, афоризмдердин, хадистердин ж.б. паремиялардын когнитивдик-тилдик мазмунун аныктайт;

6) мифтик-магиялык аспектиси Адам атага, Обо энеге тиешелүү салттуу ырым-жырымдарды, ритуалдарды, церемонияларды, жоромолдорду, тергөөлөрдү, пирлерге кайрылууларды, эм-дом жоосундарын ж.б. чагылдырат;

7) семиотикалык аспектиси адамдын сөлөкөтүнүн салааларына, түрлөрүнө, мүнөзүнө жана ишкердик чөйрөсүнө жараша кабыл алынган белгилер (жол чырагындагы (светофордогу), медициналык мекемелердеги, ажаатканын эшигиндеги, трансформатордогу, спорттук объекттердеги, таштардагы ж.б.у.с. көптөгөн өздүк белгилерди камтыйт;

8) текст түзүүчүлүк аспектиси ири коммуникативдик бирдиктерди (сүйлөмдөн жогорку) уюштуруп, өз мазмунун жайылтып ачылышына жана аныкталышына жол беришин белгилейт.

Ошентип, “Адам” концептинин номинанттары: мүнөзү, колдонуу чөйрөсү жана түзүлүшү боюнча көп түрдүү экендиги туурасындагы жыйынтыкка келүүгө болот.

Жогоруда саналып өткөн аспектилерден тышкары изилдөөдө коюлган башкы максатка жана милдеттерге ылайык, төмөнкүдөй бир катар методдор пайдаланылды:

I. Диссертациялык иште сүрөттөп жазуу методдорунун бири – лингвистикалык байкоо методу колдонулду. Бул методдун жардамында «Адам» концептинин изилденип жаткан белгилүү бир категориясына таандык тилдик фактылар тексттерден, ар кыл булактардан бөлүнүп алынды.

II. Изилдөөнүн бардык этаптарында анализденип жаткан бирдиктерди эсептөөдө саноо методу, ошондой эле: 1) ачкыч сөзүн тандап алуу жана анын семантемаларын анализдөө ыкмасы, интерпретациялоо ыкмасы, сыпаттама ыкмасы; 2) концептти объективдештирүүчү паремияларды анализдөө ыкмасы колдонулду.

Демек, жыйынтыктап айтканда, изилдөөдө сыпаттоо, байкоо, талдоо, эксперимент, топтоштуруу, моделдөө (когнитемалардын негизинде), саноо, тилдик талааны анализдөө ж.б. методдор колдонулгандыгын белгилөөгө болот.

III БАП. “АДАМ” КОНЦЕПТИНИН КЫРГЫЗ ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНДА ЛЕКСИКА-СЕМАНТИКАЛЫК ЖАНА ПРОВЕРБИАЛДЫК ТҮРДӨ ЭКСПОНЕНТТЕЛИШИН ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ НАТЫЙЖАЛАРЫ

Иштин үчүнчү бабы антропологиялык концепттерди туюнтуучу, чагылдыруучу жана мүнөздөөчү лексикалык, провербиалдык бирдиктерди жана фразеологиялык айкаштарды ачыктоого, алардагы пропозицияларды аныктоого, сыпаттап берүүгө жана аларды сөздүктөрдөгү материалдардын негизинде чечмелөөгө арналган. Коюлган максатка жетүү төмөнкү милдеттерди аткаруу зарылчылыгын белгиледи:

1) Түрдүү сөздүктөрдө берилген макалалардын негизинде «Адам» концептинин ачкыч сөзүнүн семантикасын ачыктоо жана ал маалыматтардын алкагында «борбор- жакабел (ядро-периферия)», «түз-кыйыр», «нейтралдуу-эмоционалдуу» ж.б. семасиологиялык белгилерди аныктоо;

2) тандалган концепттин тутумундагы репрезентативдерге синонимдик жана антонимдик катышта болгон лексемаларга кайрылып, аларды когнитивдик жактан анализдеп чыгуу;

3) антропологиялык концепттерди комплекстүү жана ар кыл көз караштан сыпаттоо максатында аны образдуу чагылдыруучу эпитеттерге кайрылуу;

4) “Адам” концептин синтагмалык жактан изилдеп, анын башка лексемалар менен болгон айкалышуусун, кызматташуусун иликтөө;

5) түшүнүктөрдүн ортосундагы байланыш-чекти аныктоо максатында негизги антропологиялык концепттерге компоненттик талдоо жүргүзүү;

6) адам баласынын туруктуу сөз айкаштарында камтылган кулк-мүнөзүн жана сын-сыпатын ачып, системалаштырып берүү;

7) тилдин провербиалдык фондунда камтылган когнитемаларды белгилеп, алардын типтерин, түшүнүктүк, образдык жана аксиологиялык түзүмдөрүн аныктоо;

8) семантикалык талдоонун жана когнитемалык-лингвомаданий анализдин интерпретациялык-сыпаттагыч өзгөчөлүктөрүн «Адам» концептинин базасында мүнөздөөгө алуу;

9) изилденип жаткан концепттин кептик жагдайларда эксплициттик (ачык) жана имплициттик(жашыруун) түрдө колдонулушун белгилөө;

10) антропологиялык концепттердин текст уюштуруучулук дараметин жана концептуалдык маңызын аныктоо, аталган концептти кыргыз этносунун билим-тажрыйбасынын базалык элементи экендигин ачыктоо;

11) провербиалдык бирдиктердеги «Адам» концептинин мүнөздүү белгилерин, сыпатталышын ачып көрсөтүү;

12) Белгиленген концепттин көркөм поэтикалык чыгармалардагы, эстрадалык ырлардагы ордун аныктоо;

13) “Адам” концептинин кыргыз этносунун улуттук дүйнө сүрөтүндө, вербалдык эс тутумунда жана тилдик аң-сезиминде чагылуу өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүү.

3.1. “Адам” концептинин философиялык катмарынын мазмуну

Философияда адам түшүнүгү иликтенет. Бирок байыркы мезгилдерде ойчулдар *Адам* маселесине адегенде эле кайрылышкан эмес. Алсак, байыркы грек философиясына **космоцентризм** мүнөздүү. Ал кезде философтордун көңүлүнүн борборун космос, аалам, дүйнөнүн тек жайы жөнүндөгү көйгөйлөр ээлеген. Протогордун «Бардык нерсе адам аркылуу аныкталат» («человек - мера всех вещей») деген туюнтмасы кеңири таркаганы менен адам проблемасы теориялык ойдун четинде калып, философтор эң алды «дүйнө кантип жаралып, кандай түзүлгөн» деген суроо менен алек болушкан.

Ал эми орто кылымдарда философиянын өзөгүн **теоцентризм** түзгөн. Бардык нерсе барып-келип кудайдын кудурети менен түшүндүрүлгөн. Адамдын жашоо-турмушу, өмүр-өлүмү, ой-тилеги да диний түшүнүктөрдүн күзгүсүндө каралган. Жаңы заман өз шаанисин орноткон. Философия акыл-эс, аң-сезим, билим-илим категорияларын төбөсүнө көтөрүп, гносеология кеңири кулач жайып, адам биринчи кезекте таанып-билүүнүн субъектиси катарында каралган. Бул доордун философиясына **рациоцентризм** мүнөздүү. Ал эми XIX кылымдын аягындагы, XX кылымдагы философия **антропоцентризмге** ооду десек болот. Себеби, адам меселеси курч коюлуп, адам баласынын табият-тагдыры философиялык татаал проблема катары көңүлдүн борборун ээлей баштаган.Илим, техника, цивилизация адам баласынын жашоо турмушунун түпкү маселесине байланыштуу иликтенет.

Адам жөнүндөгү философиялык окуу өз нугун таап, өзүнчө стиль күтүп өнүгө башташына Д. Виконун, Х. Вольфтун эмгектери зор салым кошкон. Антропология (антропология - грекче anthropos, «адам» деген сөздөн) адам жөнүндөгү илим катарында көп тармактан куралат, анын медицина, табият таануу, когнитивдик лингвистика, маданият таануу, этнолингвистикага ж.б. тиешелүү тармактары бар. XX кылымда социологиялык, педагогикалык, юридикалык, структурачыл, культурологиялык антропология өндүү теориялык багыттар пайда болду. Ал эми философиялык багыт катары түптөлүп-өнүгүшүнө И. Кант зор салым кошкон. Өзүнүн окумал адамдарга, интеллектуалдарга кеңири маалым үч суроосунун («Эмнени таанып биле

алам?», «Эмне кылышым керек?», «Эмнеден үмүт кылсам болот?») башын бириктирип, мунун баары түпкүлүгүндө бир эле «Адам деген ким?» деген суроону түзөт деп ырастаган. Ал өзүнүн «Антропологияга прагматикалык көз караш» деген эмгегинде (1798-ж.) адам маселесине терең кайрылган. Философиялык антропология адам табиятын «дух», «жан», «акыл-эс», «азаттык», «адеп-абийир», «болмуш», «инсан», «экзистенция», «жашоо» сыяктуу категориялар менен бирге изилдейт. Демек, байыртан баштап адам баласынын сырын ачып, анын жашоосунун түпкү маани-маңызын түшүнүшкө аракет кылыштын натыйжасында жаралган идея, **философиялык антропологиянын** изилдөө объектиси болот.

Адам жалпы эле гуманитардык илимдердин изилдөө объектиси болуп эсептелет. Педагогика аны билим-таалим берүү жагынан карайт. Тарых илими пендезаттын, коомдун өзгөрүп-өнүгүшүн убакыт алкагында сыпаттайт. Бирок түпкүлүгү «адам теориясын» түзүш философиянын энчиленген милдети болуп эсептелет. Философиялык аныктамага ылайык, адам баласы - ай-ааламда кайталангыс, керемет неме. Биз билген табияттын өрчүп-өсүшүнүн кыл чокусу, жеткен жери. Акыл-эси, ага негизделген күч-кубаты, жөндөм-шыгы жагынан жаратылышта андан ашкан неме жок. Тереңдетип изилдеген сайын, кенендетип талдаган сайын адам баласынын кайталангыс касиети таң калтыра берет. Философияда адам өзгөчөлүгү ар кыл мүнөздө сыпатталып, адамдын элеси түзүлүп, анын кайсы бир түрү (тип, архетип) өзгөчө маниге ээ болуп, өзүнчө философиялык-антропологиялык окум куралат.

Homonaturalis(человек натуральный, естественный) -**табигый адам.** Ал табият туундусу, биологиялык жандык, жан-жаныбарлардын жогорку, өнүккөн түрү, табият тартуулаган инстинкттерге баш иет, эркине, акылына баш бербеген сезим-туюмдарга жетеленет.

Homoreligiosis (человек религиозный, верующий) - **динчил адам.** Кудайдын кудуретине, бейиш менен тозокко ишениш, дин жол-жоболорун карманыш адам баласын айбандан айырмалайт дешет.

Homosapiens (человек разумный) – **акыл-эстүү адам.** Бул - элдин баарына маалым, кеңири таркаган элес (образ). Адамды адам кылып турган башкы касиет - анын акыл-эси деп ырасталат.

Homobaber (человек создающий орудия) - **курал-жарак жасаган адам.** Айбандан айрымаланып, адам курал жасайт, тигил же бул затты жарак иретинде колдонот (тээ жер каймактаганда таштан бычак жасап, жыгачтан союл кылган), турмуш-тиригилиги табиятта жок, өз колунан чыккан буюмдарга таянат. Адамдын, коомдун, цивилизациянын тарыхы - бул курал-жарактардын улам көбөйүп, улам өркүндөп, күчү, кызматы, курамы барган сайын артып, «экинчи табияттын»түзүлүшүнүн тарыхы,таш бычактан космос кораблине чейин баскан жол.

Homosymboliens (человек символический) - символ түзгөн, **символ урунган адам.** Айбандар дүйнөсүндө биологиянын эреже-талаптары кандай орун ээлесе, адам жашоо-турмушунда деле ошондой. Бирок, андан сырткары адам баласы өзүнүн кыялы аркасында символдор дүйнөсүн түзөт, ушу дүйнөнүн курчоосунда, мейкининде күн көрүп, өмүр сүрөт. Философиялык антропологияда адам элесинин жогоруда кыскача мүнөздөлгөн түрлөрү негизгилери болуп эсептелет.

Zoonpoliticon (общественное животное) - **коомдук** жаныбар. Бул байыркы грек ойчулу Аристотель берген аныктама. Анын айтымында адамдын өзгөчөлүгү анын башкалар менен чогуу жашап, бирге оокат өткөргөнүндө. Адам баласы бүлө күтүп, балалуу-чакалуу болуп, коомдук турмуштун эреже талаптарын карманып,мамлекет баштаган саясий институттарга баш иет.

Homoludens (человек играющий) - **оюнкараак адам** (Хейзинга). Адамдын жашоо-турмушу оюнкатегориясынын жарыгында каралат. Адамдын өзгөчөлүгү анын ойной алганында, оюнга берилгенинде, иш-кызматын ойноп аткарганында деп эсептелет.

Homopictus (человек рисующий) - **сүрөтчү адам** (Йонас). Дүйнөнү, айлана-чөйрөнү сүрөттөш,элесин тартыш (сөз, шарттуу белги, боек, үн, сызма-чийме ж.б. аркылуу) -адамды айбандан ажыратып тургандай.

Homocreator (человек творящий) - **чыгармачыл адам** (В.Е. Мюльман). Адамдын адамдыгы анын чыгармачыл аракет, шык-жөндөмүнө, жаңыны жаратышына байланышат.

Homoviator (человек странник) - **жолоочу адам** (Г.Марсель). Адам такай жолдо, сапарда, ал кудайга бет алып, ушул жолунда өз «сырын» түшүнүшкө далалат кылат.

Homodegeneratus (человек дегенеративный, разрушающий) - **талкалагыч адам.** Бул көз карашта жаратылыш адамды жаратканда жаңылып калган. Адам баласы түбүндө, канында жырткыч, агрессиячыл инстинкттерге берилет, зордук зомбулукка оойт. Ал табияттын өзүн талкалап, айлана-чөйрөсүн бүлдүрүп, шаар-кыштактарды өрттөп, кызыл кыргын согуш чыгарат. Башынан кара ниет.

Homoinsiens (человек неумелый) - **айласыз адам.** (Х.ОртегаиГассет). Табиятынан адам баласы бечара, чабал. Жашоо-тиричиликке эби-камы жок. Тубаса сезим туюмдары, инстинкттери айбандыкынан кем, жетишсиз. Шор тартып, кыйналып-кысталып, айласы куруп отуруп, адам баласы жашоо-турмушка эптешет, көнөт, өзүнө тиешелүү шарт түзөт, курал-жарак жасайт, техника чыгарат. Ал эми биологиялык жандык иретинде колунан эч нерсе келбеген неме.

Философиялык антропологиянын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири В. Брюнинг адам табияты, маңызы жөнүндөгү концепция, окууларды мындай түрлөргө бөлөт.

Салттык философия же **субстанционализм:** дүйнөдө белгилүү бир тартип өкүм сүрөт, баары өз-өз ордуна коюлган. Ар нерсенин маани-маңызы, баасы, баркы бекем тартип орногон ушул мейкинде аныкталат. Адам баласынын жашоо турмушу да обьективдүү, абсолюттук ушундай тартип менен аныкталат.

Рационализм: адам жашоосу акыл-эс аркылуу аңдап-билер жол-жоболоргобашийет. Адам аларды таанып-билип, талдап-түшүнүп, иш-аракетин ошого негиздейт.

Натурализм: адамды биологиялык мыйзамдар башкарат. Адам баласынын ой-түшүнүгү, кылган-эткени, табият берген касиеттерге жараша болот.

Персонализм: адамдын керт башына өзгөчө маани берилет; инсан, анын кайталангыс тагдыры, жан-дүйнөсү, тажрыйбасы баарынан жогору коюлат.

Экзистенциализм: инсан маселеси алдыга чыгып, анын өзгөчөлүгү, эркиндиги жогору баа алат; адамдын жашоо-турмушу анын жигерине байланат. Карым-катыш, контакт, коммуникация (Кудай, башка кишилер, а түгүл буюмдар менен) өзгөчө баалуу, маанилүү эсептелет.

Иррационализм: адам жашоосу дайра агымындай, форма, норма, структура жоголуп, баары өзгөрүп-кубулуп турат. Тирүүлүк, турмуш агымы талап-тартипке, эреже-жобого баш бербейт. Акыл-эске баш ийбеген, эркке көнбөгөн көмүскө,түшүнгүскүчтөрпенденин өмүрүнө бийликкылат.

Адамдын адамдыгы туурасында сөз кылганда «адам кантип жаралган?» деген суроону айланып өтүп кете албайбыз. Бул маселе **антропосоциогенез** деп аталат. Бир чети, ал абдан маанилүү болсо, бир чети, ал ошончолук татаал, табышмак. Динге ишенгендер адамды Кудай жараткан деп түшүндүрсө, илимпоздор жер шарынын шартында табигый акыбалда пайда болгонун ырастайт. Ал эми XX кылымда адам баласынын түп теги башка планетадан келген деген көз караш да таркай баштады. Дарвиндин эволюциячыл теориясы адам маймылдан чыккан деп далилдейт (бирок барган сайын мунун чындыгына шек келтирген илимпоздордун саны көбөйүп жатат).

3.2. “Адам” концептинин социалдык-тарыхый жана биологиялык катмары

“Адам” концептинин мазмуну социалдык-тарыхый, биологиялык концепциялар аркылуу аныкталат. Ушунун негизинде анын дагы бир

бөтөнчөлүгүн белгилөөгө болот. Бул концепт социалдык-тарыхый, биологиялык семаларга да ээ. Анда социалдык-тарыхый жана биологиялык семалар даана көрүнүп турат. Анткени алар жаратылышта адамдын пайда болуусу, калыптануусу, аң-сезиминин, акыл-эсинин, кебинин өнүгүүсү, адамдык асыл сапаттарынын жаралышы, башкаларга болгон мамилесинин аныкталышы ж.б. түшүнүктөрдү камтыйт. Концепттин социалдык-тарыхый, биологиялык мазмунуна тиешелүү бир нече маалыматтарга сереп жүргүзүп көрөлү.

Социологиялык сөздүктөрдөгү маалыматтарга ылайык адам баласы төмөндөгүчө чечмеленет – “Жердеги тирүү организмдердин жогорку баскычы, жашоонун коллективдик жана аң-сезимдүү жолу - анын маңызы. Ал - коомдук-тарыхый ишкердиктин жана маданияттын негизги субъекти болот. Адамдык ишкердиктин өнүгүүсү аны табигый бүтүндүктү түзүүчү субъектке айландырат” [**Словарь-справочник “Человек и общество”.** (Философия). Авторы-сост. Коротец И.Д., Штомпель Л.А., Штомпель О.М. Ростов-на-Дону: Изд-во “Феникс”, 1996. – 544 с.]. Адам дагы башка биологиялык түрлөр сыяктуу эволюция процессинде калыптанган. Ал жаратылыштан бөлүнүп чыкса да, анын бөлүгү болуп кала берет. Адамдын организми тирүү жандыктардын баарына тиешелүү жалпы мыйзамдар боюнча өнүгүп турат. Жашоого жөндөмдүү болуш үчүн ал тамак менен кислородго муктаж. Башка бардык тирүү организмдер сыяктуу ал өзгөрүүлөргө учурайт, өсөт, карыйт жана өлөт. Адамдардын көбөйүү процесси тирүү жаратылыштын процесстерине окшош жүрөт. Бирок адамдын организмин гана, социалдык мааниде алганда, адам катары саноо жетишсиз. Адамдардан толугу менен ажыратылып, обочолонтуп коюлган жаш бала сүйлөөгө үйрөнө албайт, анын акылы жетилбейт. Адам социалдык чөйрөдө жашап өнүккөндө гана адам боло алат. Бул адамдын жаратылыштагы жаңы кубулуш катары Жер шарында биологиялык эволюциянын чегинен чыгып кеткен жападан жалгыз жан экендигинен кабар берет. Ошондой болсо да, жогорку омурткалуулардын жашоосундагы коомдун ролун жеткире баалабоого болбойт. Жырткычтардын

ата-энесинен бөлүнүп калган балдары аңчылыкка үйрөнө алышпайт. Социалдык чөйрө, үй-бүлө жырткычтарды үйрөтүүдө башкы ролду ойнойт, андан дагы чоң ролду адамдын психикасынын калыптануусундагы социалдык факторлор ойнойт.

Адамда муундар алмашкан сайын генетикалык механизмдерге тиешеси жок байланыштын өзгөчө формасы пайда болот Бул - каада-салтты, маданиятты, илимди, билимди улантуучулук. Алардын баары абстракттуу ойлоонун, кептин, эмгек ишкердигинин өнүгүүсүнүн натыйжасында мүмкүн болуп калды. Адам жеке жашоосунда топтогон тажрыйба, аны менен кошо жок болбойт, жалпы адамзаттык маданиятты толуктап, ага кошулуп турат.

Эмгек куралдарын мыкты даярдоо, тамак-ашты өндүрүү, турак-жайды куруу маданиятына ээ болуп, адам өзүн климаттын жагымсыз факторлорунан ажырата алды, бирок ушуну менен эле катар социалдык шарттардан жана тарбиядан көз каранды болуп калды. Адамзат коомусуз өзгөчө адамдык сапаттардын пайда болуусу мүмкүн эмес болуп калды. Ата-бабаларынан адам тарбияны, ар түрдүү илимий, маданий, техникалык маалыматтарды алып калып, өзүнө чейин жашап өткөн миллиондогон адамдардын тажрыйбасы менен өзүн байыта алат.

Ушинтип, адамдын калыптануусу – бул баарынан мурда коомдун калыптануусу. Антропогенез социогенезден ажырабайт, алар биргеликте адамдын жанакоомдун калыптануусунун жалгыз процессин түзүшөт. Антропосоциогенезде социогенез башкы жак катары каралат.

Адамдын чыныгы табигый жүзүн биологиялык, анатомиялык, физиологиялык тараптарын аныктоо максатында адам жөнүндөгү төмөнкү маалыматка токтоло кетсек. *Адам* (киши) - жердеги тирүү организмдердин ичинен өзүнүн өрчүп-өсүшүндө эң жогорку баскычка жеткен, коомдук-тарыхый ишмердүүлүктүн жана маданияттын жаратуучусу жана ээси.

Адам жаныбарлардан айырмаланып, акыл-эс, ойлоо жөндөмдүүлүгүнө ээ, эмгек куралын жасап, аны менен айлана-чөйрөгө таасир этип, өзгөртө алат; мээ түзүлүшү татаал, сүйлөөгө жөндөмдүү. Адам гендик жактан жаныбарлар

менен тектеш, ал аң-сезимдүү коомдук жандыкка айлангыча узакка созулган биологиялык, социалдык, тарыхый жолду басып өткөн. Адам сымал маймылдын жашоо үчүн табияттагы даяр нерселерди курал катары колдонушу кийин эмгек куралын жасашына түрткү берген. Адамдын эң негизги жөндөмдүүлүгү эмгек куралын жасап, аны табиятты өзгөртүү үчүн пайдаланышы. Адам сымал маймылдын адамга айланышына шарт түзгөн эмгек болгон. Эмгек анын аң-сезиминин, сезүү органдарынын жана мээсинин иштешин жакшыртып, дене түзүлүшүн өзгөртүп, антропогенездин улам жаңы баскычына көтөрүп, миллиондогон жылдан кийин жаңы биологиялык түрдү пайда кылган. Эмгек аң-сезимдин туундусу катары сүйлөө жөндөмдүүлүгүн жараткан. Анатомиялык-морфологиялык бөтөнчөлүктөрү жагынан сүт эмүүчүлөрдүн приматтар түркүмүндөгү «гоминид» (латынча homo – адам) тукумуна кирет. Гоминиддердин түпкү теги катары саналган, мындан 1 млн 600 жыл мурда Чыгыш Африкада жашаган хомохабилис (Homo habilis ишке жөндөмдүү адам) келип чыккан. Археологиялык казындыларда хомохабилистин сөөктөрү менен кошо колго жасалган жөнөкөй эмгек куралдары да табылган. Эмгек куралын жасоо питекантроптордун убагында эле эзелки адамдын аң-сезимине таасир этип, өз ара пикир алышуу зарылдыгын туудурган. Ушуга байланыштуу алардын мээ түзүлүшү да өзгөрө баштаган. Мындай эволюциялык өзгөрүүлөр адам коомунун алгачкы доорунда эле башталган. Буга Европа, Африка, Азияда жашаган неандерталдардын көп калдыктары далил.

Төртүнчүлүк доордун аяк ченинде неандерталдарда коомдук мамилелер өнүгө баштаган. Кийинчерээк алардын ордун кроманьондор баскан. Алар илимде Homo sapiens (акылы бар А.) деген атка конгон, неандерталдарга караганда татаалыраак курал жасоого жөндөмдүү болушкан. Алардын дене түзүлүшү менен түр түспөлүндө да туруктуу морфологиялык жана расалык белгилер пайда болгон. Ошентип, эволюциялык жана тарыхый өнүгүүнүн натыйжасында калыптанган адам жер жүзүндөгү ар түрдүү материктерде жашап, ошол жердин ысык-суугуна жана тиричилик шарттарына ыңгайлашып

отурган. Натыйжада адамдын сырткы келбети, түспөлү өзгөрүп, ар кайсы жерде түрдүү расалар калыптанган.

Адамдын органдары жана системалары ткандардан куралат.Скелет, муундар жана булчундар кыймыл функциясынаткарат.Адамдын тамактанышы тамак сиңирүү органдары аркылуу жүрөт, дем алуу жолу жана өпкө аркылуу дем алат. Зат алмашууда пайда болгон зыяндуу заттар бөйрөк, тери аркылуу денеден сыртка чыгарылып, кан курамын туруктуу сактап турат. Ткандарды жана клеткаларды азык, кычкылтек, гормон менен камсыз кылуу, зыяндуу заттарды бөлүп чыгаруу милдетин жүрөк,кантамыр жана лимфа системалары аткарат. Жалпы денедеткань, орган системаларынынбири-бири менен байланышынборбордукнервсистемасы башкарат.

Адамдын бою антропологияда жана медицинада дененин морфологиялык өсүшүн, мүчөлөрдүн бири бирине шайкеш келишин мүнөздөйт. Жаңы төрөлгөн эркек ымыркайдын боюнун орточо узундугу 54 см, кыздыкы 53 см болот. Аялдын боюнун өсүшү 17-18, эркектики 20-23 жашка чыкканда токтолот. Бул процесс акселерацияга байланыштуу. Адам бою 45 жаштан кийин ар бир он жылда 1-1,5 смге кыскара баштайт. Бул негизинен омуртка кемирчектеринин, тамандын жукарышынан ж.б. себептерден болот. Адамдын конституциясы дененин тукум куума жана көнүмүш касиеттеринин негизинде калыптанган функциялык жана морфологиялык өзгөчөлүктөрү болуп эсептелет. Азыр дүйнөдө адамдардын саны 7, 5 млрддан ашты (2018-жылы).

Адамдын маани-маңызы, анын пайда болуусу жана өнүгүү перспективалары жөнүндөгү суроо коомдук аң-сезим үчүн маанилүү. Адамдын тарыхый табиятын аныктоо үчүн бир нече тарыхый формацияларга окумуштуу-философтордун ой-пикирлерине таянууга туура келди.

Антик дүйнөсүндө адам космостун бир бөлүгү катары түшүнүлгөн. Адам “стихиянын” бардык элементтерин өзүнө камтыйт, жаны бар, духту алып жүрөт. Эзотерикалык салтка ылайык, адам бүткүл дүйнөлүк “духтун” денелүү ээси. Байыркы грек философиясында бул маселени “түбөлүктүү”

талкуулоого негиз салынган. Платон адам эки ар түрдүү субстанцияны (денелик жана руханий) ишке ашырат деп санаган.

Христиан дининде адам Кудайдын чагылуусу катары, Аллага окшотулуп түшүндүрүлөт. Жаңы заманда, мисалы, Декарт өзүнүн системасына жана европалык рационализмге адамдын ойлонууга жөндүмдүүлүгүн негиз кылып алган (“ой жүгүртүп жатамбы, демек, жашап жатам”). Мында адам ой жүгүртүүчү жан болуп калат. Дене ойлоо ишкердиги бар адамдык абалга туура келүүчү машина, автомат катары түшүндүрүлө баштайт. Адамды түшүнүүдөгү бул дуализм кээ бир ыкмаларда азыркыга чейин сакталып келүүдө.

Кант адам маселесин философиянын борборуна жайгаштырат. Ал үчүн адам адеп-ахлактуу, көз карандысыз, муктаждыкты билдирүүчү табигый жандык. Көз карандысыз жандык катары адам өзүнө өзү шарт түзүшү керек.

XVIII-XIX кылымдардагы немец романтиктери адамды бүтүн образ катары түшүнүү менен дуализмди танууга аракет жасашкан. Адамдын ийкемдүүлүгү өзүнө маданият жасоого жол берет (Гердер).

Романтиктер, Гегель адамдын тарыхый калыптануу идеясын шөкөттөйт. Алар үчүн адамды биринчи кезекте дух түзөт, дух анын тарыхый бүтүндүгүн аныктайт.

Фейербах, тескерисинче, адамды антропологиялык жактан карайт. Ал үчүн адамдын негизин денеге таандык тиричилик аракет түзөт.

Маркс адамды коомдук-тарыхый жандык катары карайт. Адамды тиричилик аракеттин формалары, биринчи кезекте, идеалдуу түшүндүрүлүүчү материалдык мамилелердин практикалык жыйындысы аныктайт.

XIX-XX кылымдарда иррационалдык ыкма өнүгөт. Бул багыттын ойчулдары адамды күндөлүк тажрыйбадан жана классикалык типтеги диний салттан тышкары “тереңирээк” түшүнүүгө аракет кылышкан. Алар көбүнчө ишкердиктин ойдон тышкаркы формаларын изилдешкен. Адамдагы эң башкы нерселер сезим, эрк, умтулуу, экзистенция болуп калган (Ницше, Шопенгауэр, Кьеркегор). Адам руханий жактан аныкталуучу, өзүн аң-сезимдүү жана аң-

сезимден тыш жасоочу болуп калган. Турмуштун философиясынын (Дильтей) жана феноменологиянын (Гуссерль) чегинде философиялык антропология өнүккөн. Адам дүйнө үчүн ачык, дүйнө да адамга ачык (Шелер, Гелен, Плеснер).

Жалпысынан адамды түшүнүү барган сайын тереңдеп жатат деп айтууга болот. Адамды уюштуруудагы ички, иррационалдык, аң-сезимден тышкаркы процесстерге болгон кызыгуунун жогорулоо тенденциясы байкалууда. Эрк, адеп-ахлак, өз демилгелүүлүк, жоопкерчиликтүүлүк, көз карандысыздык, чыгармачылык сыяктуу адамдын жашоосунун ж.б. аспектилери менен байланыштуу учурлар анализденүүдө.

ХХкылымда адамга карата болгон европалык ой чыгыш ыкмасы менен бириге баштады. Бул эки ыкма личностун руханий, психикалык дүйнөсүнө, өзүн өзү тарбиялоосуна жана руханий структурализациясына багыт алышкан.

Ошентип, “Адам” концептинин социалдык-тарыхый жана биологиялык мүнөзгө ээ болушу ырасталды.

3.3. “Адам” концептинин мифологиялык катмары

Көптөгөн булактарда кудай адамды топурактан жууруп, таноосуна үйлөп жан киргизип, жердин, андагы жан-жаныбарлардын ээси кылыптыр деген имиш айтылган. Бирок илим мындай имиштерди, уламыштарды танган учурлар да жок эмес. Биз бул параграфта Адам атанын, деги эле, адам баласынын жаралуусун мифологиялык көз карашта ачыктап берүүгө далалаттарды жасамакчыбыз.

Адам – бул библия жомокторунда алгачкы адам. Библияда адамды кудай жараткандыгы тууралуу эки негизги жомок бар. Биринчи жомок элдики, анда адамды кудай топурактан жана жашоонун деминен (дыхание жизни), а аялын болсо, анын кабыргасынан жасагандыгы жөнүндө айтылат: анткени жерди иштетиш үчүн адам жок болчу. Ошентип, Яхве кудайы жердеги топурактан адамды жасап, бетине жашоо демин үйлөп койгондо, адамга жан кирген.....

Ошондо Яхве кудайы: адамдын жалгыз болгону болбойт тура; анын жардамчысын жасашым керек экен деп, жердеги бардык жаныбарларды жана асмандагы куштарды жаратып, адам аларды кантип атаарын, кандайча ысым берээрин көрүү үчүн аларды адамга алып келет. Адам малдардын, талаа жырткычтарынын, асман куштарынын баарына ысым берет; бирок ага өзүнө окшош жардамчы табылбайт. Анда Яхве кудайы адамды катуу уктатып коюп, анын бир кабыргасын сууруп алып, андан аялды жасап, адамга алып келип берет. Адам ошондо: бул менин сөөгүмдөн, денемден жасалыптыр, аны аялым деп аташым керек деп айтыптыр. Ошондуктан адам өзүнүн атасын да, энесин да таштап, аялына жабышат экен. Экинчи жомок диний төбөлдөргө мүнөздүү, библия тексттеринин кийинки катмарына таандык, дин илимине тиешелүү мазмунга ээ, израилдиктердин ааламды жараткан кудай жөнүндөгү алгачкы элестөөлөрүнөн алынган: анда кудай тарабынан элдерди жаратуу менен бирге дүйнөнү алты күн бою жаратуу дагы аяктайт. “Кудай айтыптыр:өзүмө окшогон, менин кейпимдеги адам жаратсам, ал деңиздеги балыктарга, асмандагы куштарга, мал жандыктарга, сойлоочу жана жерде-сууда жашоочу жаныбарларга, кыскасы жердегинин баарына ээлик кылсын. Ошентип, кудай өзүнө окшогон, кудай кейпиндеги адамды, эркекти жана аялды жараткан экен. Анан аларга: “Өнгүлө, өскүлө, көбөйгүлө да жер жүзүн толтургула, аларга ээлик кылгыла жана жер бетиндеги бардык жандыктарга кожоюндук кылгыла”, деп бата бериптир.

Айтылган айтымдардын мазмундары бир катар мотивдер менен бири биринен айырмаланат. Биринчисинде адамдын жаратуучусу Яхве деген кудай, экинчисинде да жаратуучу кудай, бирок башкача аталат. Биринчисинде кудай ааламдын чектелбеген бийликтүү жаратуучусу катары эмес, кайрымдуу багбан, чебер, билгич карапачы болуп, экинчисинде кудай – төрөбөс, туудурбас, ааламдын жалгыз жаратуучусу катары элестетилет, адам анын бир бөлүгү болот. Биринчи жомок боюнча, адам топурактан жана жашоо деминен жаралган, анын табияты эки түрдүү (топурактан жасалган дене, кудайдын деминен жасалган жан), адам акылдуу, ал баарына ысым ыйгарат делсе,

экинчи жомок боюнча, жаратылыштагы бардык нерселер, адамдар улуу күчтүн “кудайдын сөзүнүн” негизинде, жок нерседен жаралган, адам кудай кейпинде, кудай акылдуу, ал адамга ысым берет деп айтылат. Биринчи версия боюнча, алгач адам жаралган – жерди иштетүү, эмгек кылуу үчүн, андан кийин ал жалгыз болбостугу үчүн өсүмдүктөр, жаныбарлар (аял кийинчерээк жаралган) пайда болгон, экинчи версия боюнча, аял менен эркек бирдей, бир мезгилде “кудай кейпинде” жаратылып, кудай аларга көбөйүүгө, балыктарга, куштарга, жаныбарларга, кыскасы, жер бетиндеги бардык жандыктарга кожоюндук кылууга укук берген делет.

Библия салты боюнча (т.а., диний төбөлдөргө таандык уламыштар боюнча) бардык адамдар кудай жараткан адамдан таркаган (Адам төрөлгөн эмес, ал жаратылган, ал ушунусу менен башкалардан айырмаланат) деп айтылат. Ошондой эле мында жыландын азгырыгына кирген “аялы” Ева, анын артынан күйөөсү Адам едем багында (бейиште) кудайдын буйругун аткарбай, тыюу салынган дарактын жемишин жеп алышканда, анын натыйжасы Адам үчүн да, Ева үчүн да, бүткүл адам баласы үчүн да өтө аянычтуу болгон: ушундан кийин адам өзүн оокатын бешене тери менен таап жешке өткөн, өлбөстүктөн айрылган жана дагы бир версия боюнча, аялы экөө бейиштен куулган. Бул аларга болгон кудайдын жазасы болгон. Диний төбөлдөргө таандык булактар боюнча, Адамдын тукумун улаган балдары болгон: “Адам жүз отуз жыл жашап өзүнө окшош, өзү кейиптүү уулдуу болот. Ага Сиф деп ат коет. Сиф төрөлгөндөн кийин сегиз жүз жыл өтүп, Адамдын дагы уул-кыздары төрөлөт. Ошентип, бардыгы болуп Адам тогуз жүз отуз жыл жашап, андан кийин көз жумган” делет. Андан ары Сифтин асыл тукум уругу улантылат: Енос (евр. enos – “адам”; adam – еврейче “адамды” билдирген жападан жалгыз сөз эмес), Каинан, Малелеил, Иаред, Енох, Мафусаил, Ламех, Ной жана анын балдары – Сим, Хам, Иафет.

Адамдын жерден, топурактан жаратылгандыгы көптөгөн элдердин антропогоникалык мифтеринде кезигет, алсак, египет, шумер-аккад мифтеринде; ошону менен катар акаддарда адамдардын ылай статуэткалардан

жасалгандыгы, болгондо да жуп-жубу менен, аларга жан киндиктери аркылуу берилгендиги жөнүндөгү айтымдар жашайт.

Аялдын эркектин кабыргасынан жасалышы Библия тексттеринде ачык-айкын айтылбайт. Бирок бул нерсе шумердик мифологиялык тексттин негизинде ынанымдуу чагылдырылат. Бул текстке ылайык, Энки кудайынын оорулуу кабыргасын дарылоо үчүн кабырганы дарылоочу аял кудай жаратылган. Болжолдуу түрдө анын аты Нин-ти болгон. “Ти” шумер сөзү “кабырга” дегенди эле билдирбестен “жашоо берүү” дегенди дагы түшүндүргөн. Ушул адабий кош маанилүү сөздүн негизинде Еваны “жашоо тартуулоочу” катарында эле эмес, “кабыргадан жасалган аял” катары да кароочу библия версиясы жаралышы мүмкүн.

Адамдын жаралуусу жана жашоосу менен байланыштуу көптөгөн маалыматтар бар. Алардын биринде мындайча айтылат. Адам менен анын аялы бойго жеткен, б.а, жыйырма жаш курактуу болуп жаратылган. Адам чыныгы дөө болгон – анын бою жерден асманга жеткен, бирок күнөөгө баткандыгы себептүү бою жапыз болуп калган. Ал алдын ала билүү жөндөмдүүлүгүнө дагы ээ болгон жана дүйнөнүн 70 тилин билген.

Адам жөнүндөгү элестөөлөрдүн андан аркы өрчүшү христианчылыкта орун алат. Инжилде Иисус Христос өзүн “адамдын Баласымын” деп атайт. (арам. bar enas, евр. ben adam “Адамдын баласы”). Иисустун генеалогиясында Христос – Адамдын, Авраамдын жана Давид падышанын анык тукуму деп айтылат.

Адам мусулман мифологиясында алгачкы адам. Библиядагы Адамга туура келет. Курандын бир версиясы боюнча, Адамды Аллах ылайдан жасаган, дагы бир башка версия боюнча, Аллах аны жердеги чаңдан өзүнө жардамчы катары, жер жүзүндөгү нерселерге ат коюу жана периштелерге, жин-шайтандарга буйрук берип, жумшоо үчүн жараткан делет. Ошондо Иблис гана Адамга баш ийбегендиктен, аны Адам менен аялы өздөрү жашап жаткан бейиштен кууп чыгышкан. Бейиште Адамга жана анын аялына айрым дарактарга жакындоого жана алардын мөмө-жемишин жегенге тыюу

салынган. Шайтан бейиш багына кирип алып, аларды азгырып тыюу салынган дарактын мөмөсүн жедирген. Ошентип, Адам Аллахтын тилин албай, жолунан адашып калган. Ошондо Аллах аларды бейиштен жерге кууп жиберген, бирок аларга ырайым кылууга сөз берген деп айтылат.

Адам менен байланышкан Куран сюжеттери уламыштарда мыкты өнүккөн. Мусулман уламыштарынын дээрлик бардык мотивдери иудейлер менен христиандардын библиядан кийинки мифологиясындагы уламыштарга окшош. Ал эми оригиналдары Аравия менен байланыштуу. Кээ бир версиялар боюнча, Адамдын денеси үчүн топурак менен ылай Мекке менен Йеменден алынган. Адам асмандан жерге Аден районунда, а Хавва Джиддага жакын жерде ташталган. Алар Аравиянын Арафат өрөөнүндө жолугушкан. Асмандан адамга ыйык кара таш ыргытылган. Ал үчүн Адам Каабаны – жалгыз Кудайдын символун курган. Бейиште Адам араб тилинде, ал эми жерде көптөгөн тилдерде, негизинен сирия тилинде сүйлөгөн. Ал аялы Хавва менен бирге Меккенин жанындагы “асыл буюмдар сакталуучу үңкүргө” көмүлгөн. Сел каптоодон кийин Иерусалимге алынып кеткен.

Мусулман салты Адамды пайгамбарлардын катарына кошот. Анда Адам биринчи, Мухаммед акыркы пайгамбар болгон. Адам менен Мухаммеддин ортосундагы байланыш жана Адамдын идеалдуу адам катарындагы образы жөнүндөгү элестөөлөр мусулмандардын теологиялык жана мистикалык окууларында маанилүү орунду ээлейт.

Куудул Манас Бердибековдун сатиралык айтуусунда адамдын жаралуусу мындайча болгон экен. Алла Таала биринчи жерди жаратып, ага жер-жемишти, айбанаттарды жаратып аларга баш-көз болсун деп бир эркекти жараткан экен. Ал эки жагын, айбанаттарды караса баары эле экиден, үчтөн, бири улагын жетелеп алган, чымчыгы деле экиден учуп жаткан. Анан таң калып, эмне себептен мен жалгыз болуп калгам деп Алла Таалага аял жаратып берүүсүн өтүнүп кайрылган экен. Ошентип, Алла Таала аялды жарата баштаптыр. Караса күн тийип турган экен күндүн нурунан алып, анан айдын ойлуулугу менен токтоолугунан кошуп аралаштырыптыр. Дагы эмнеден

кошсом экен деп мындай караса, гүл өсүп турган экен ошол гүлдүн назиктиги менен жытынан кошуптур. Бул жакты караса суу агып жаткан экен суунун тунуктугунан кошуптур. Анан асманды карай койсо, сагызган учуп бара жаткан экен шакылдаганынан кошуп коюптур. Аралаштырып-аралаштырып абанын жеңилдигинен, шамалдын туруксуздугунан кошуптур. Дагы эмнеден кошсом деп асманды караса булут турган экен, булуттун көз жашынан кошуп аралаштырыптыр. Анан чагылган менен күндүн күркүрөгөн коркунучунан кошуп аралаштырып, татынакай чырайлуу бир аялды жасап туруп, эркекке берген экен. Ал эми эркекти жасаганда Алла Таала ылайдан алып-алып, мурдун жармаштырып, мындай караса аркы жакта тоту куш турса анын мээсинен кошуп, дагы караса жолборс бара жаткан экен андан кошо коюп, бул жакта чочко кете жатса мындан кошо коюп, маймылдан ала коюп, ошентип жасап койгон экен. Чындыгында эркектерде жогоруда аталган жаныбарлардын кылык-жоруктары бар деп айтат.

Эми Адам атанын колуктусу болгон Обо энебизге дагы бир аз токтоло кетсек. **Ева, Хавва,** иудаисттердин, христиандардын жана мусулмандардын диний-мифологиялык элестөөлөрү боюнча, Адамдын аялы, жер жүзүндөгү эң алгачкы аял жана адам баласынын энеси (мусулманча аты Обо эне). Библияда Ева деген ысым жыландын азгырыгына кирип, тыюу салынган дарактын жемишин жеген аял жөнүндө айтылганда кезигет. Айрым авторлор Ева ысымынын уңгусун еврейлердин хай “жашоо, турмуш” сөзүндө орун алган деп ойлошот: азыркы илимий этимология (божомолдуу түрдө) бул ысымды армян тилине таандык деп эсептейт. Андагы *хевъя* жана финикий тилиндеги *хвт* “жылан” (мүмкүн жылан кейипиндеги аял кудайын) дегенди билдирет. Адамды жаратуу, ошону менен эле катар анын кабыргасынан аялды жаратуу тууралуу айтымдарда Ева ысымы аталган эмес. Каин менен Авель жөнүндөгү аңгемеде Ева алардын энесинин аты.

Бул параграфта биз адам баласынын жаралуусу жөнүндөгү библиялык жана диний айрым гана маалыматтарга токтоло кеттик. Адамдын жаралуусу тууралуу дүйнөдөгү көпчүлүк улуттун (гректердин, римдиктердин,

египеттиктердин, кытайлардын ж.б. элдердин) өздөрүнүн кызыктуу мифологиялык жомоктору, уламыштары бар. Биз аларга кенен токтолгон жокпуз, үстүрттөн гана карап чыктык.

3.4. “Адам” концептинин деривациялык катмары

«Адам» концептинде деривациялык катмар бар. Бул катмарда Деривация (derivatio латын сөзүнөн *бөлүп берүү; түзүү*дегенди билдирет) - белгилүү бир тилдик бирдиктердин башка тилдик бирдиктердин базасында түрдүү аффикстердин жардамында жана сөздөрдү бири-бирине кошуунун негизинде жасалуу процесси. Демек, деривациялык катмарды анализдөөдө биз негизги антрополгиялык концепттердин базасында жасалган тилдик бирдиктерди, алардын түзүлүү жолдорун талдоого алмакчыбыз.

З.Д. Попова, И.А. Стернин «Когнитивдик лингвистика» аттуу китебинде изилденүүчү концепттин деривациялык талааларын түзүү керектиги жөнүндө дагы жазышкан. Концепттин деривациялык талаасын түзүү - баалуу ыкма. Концептти объективдештирүүчү ачкыч сөз-репрезентантынын деривациялык талаасы сөз жасоо боюнча сөздүктүн материалынын негизинде түзүлөт. Ачкыч сөзүнө уңгулаш сөздөр тандалып алынат. Ачкыч сөзүнүн деривациялык талаасын түзүү жана окуп-үйрөнүү изденүүчүгө концепттин когнитивдик белгилерин ачып берүүгө да жол берет (З.Д. Попова, И.А. Стернин, 2001, 24-б).

Адам, адамсынуу, адамсуу, киши, кишисинтүү, пенде, пендесинүү, инсан (бул лексеманын этиштик формасы жок, этиштик форма башка көмөкчү этиштердин жардамында уюшулат: *инсан болуу*) сыяктуу “Адам” концептинин ядролук негизги дериваттарынан куралуучу жалпы уңгулуу лексемаларды топтоп, каттап, системалаштырып, санап чыктык. Бул иш-аракетти жүзөгө ашырууда орфографиялык, түшүндүрмө, котормолуу ж.б. сөздүктөрдөн пайдаландык. Анализдөөнүн натыйжасында *адам, адамсынуу, адамсуу* лексемаларынан ар кыл мүчөлөрдүн жардамында төмөнкү 28 уңгулаш сөз түзүлдү:

Адам сөзү компонент катары катышкан кош сөздөр: - *адам-күн,адам-саат*; **-зат** мүчөсү: *адамзат*; **-бек:***Адамбек*; **-гер+-чилик** мүчөсү: *адамгерчилик;* **-гер+-чилик+сиз** мүчөлөрү: *адамгерчиликсиз;* **-гер+-чилик+сиз+-дик:** *адамгерчиликсиздик;***-гер+-чилик+-тик:** *адамгерчиликтик;* **-гер+-чилик+-түү:** *адамгерчиликтүү;* **-гер+-чилик+-түү+-лүк:** *адамгерчиликтүүлүк;* **-дай:***адамдай;***-дык:***адамдык (Жамандыктын каккысын билбейсиң, адамдыктын жакшысын билбейсиң.* Макал*);***-жан:***Адамжан;* **-ка-лый:***Адамкалый;* **-кул:** *Адамкул;* **-кер+-сиз+-дик:***адамкерсиздик;* **-кер+-чилик+-сиз:***адамкерчиликсиз;***-ноо:***адамноо;***-сат:***адамсат;***-суу:***адамсуу* (диалектиде жана оозеки кепте)*;* **-сы+-н-уу:***адамсынуу;***-сыз:***адамсыз;* **-сын+-т+-уу:***адамсынтуу;***-сы+-т+-уу:***адамсытуу;***-ча:** *адамча* (*Көпчүлүк адамча жашабаса – заманың тозок. Адамча туулуп, айбанча жашаба*. Макал); **-ча+-лык:** *адамчалык;***-чыл:** *адамчыл;***-чылык:** *адамчылык* (*Сүттөй сиңген адамчылык – адалдык.* Макал). Бул сөздөрдүн баары *адам, адамсынуу* сөздөрүнө туунду мамиледе болушат.

Киши, кишисинүү лексемаларынан төмөнкү 12 уңгулаш сөз куралды: *киши* сөзү компонент катары катышкан кош сөздөр: *киши-кара, киши-миши;* **-лик** мүчөсү аркылуу: *кишилик;***-лик+-түү** мүчөлөрүнүн жардамында: *кишиликтүү;***-м+-сүү:***кишимсүү* (*Кегимди мыктап албасам – кишимсип кантип жер басам*); **-р+-көө:***киширкөө;***-си+-н+-үү:***кишисинүү;***-сыз:** *кишисиз;***-син+-түү:***кишисинтүү;***-чил:***кишичил;***-чилик:***кишичилик;***-чилик+-түү:***кишичиликтүү.* Аталган мисалдардын баштапкы мааниси катары *киши* сөзүнүн семантикасы саналат.

Пенде лексемаларынан төмөнкү төрт гана уңгулаш сөз куроого болот: **-лик:** *пенделик;***-син-үү:** *пендесинүү;* **-сыз:** *пендесиз;***-чилик:** *пендечилик.* Ал эми *инсан* сөзүнөн эки гана сөз жасоо мүмкүн: **-ат:** *инсанат;* **-сыз:** *инсансыз.* Бул сөздөн куралган лексемалардын саны жок эсе экендигин бул сөздүн кийинчерээк пайда болгондугу менен байланыштыруу жүйөлүү туюлат. Анткени *инсан* сөзү профессор Х.К. Карасаевдин 1983-жылы жарыкка чыккан

“Орфографиялык сөздүгүндө”, академик К.К. Юдахиндин 1965-жылы чыккан 2 томдук “Кыргызча-орусча сөздүгүндө” кезикпейт. Академик А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында 2010-жылы жарык көргөн “Кыргыз тилинин сөздүгүндө” *инсан, инсанат* сөздөрү орун алган. Андыктан бул сөздөрдү пассивдүү катмарга кошууга болот.

Орус тилиндеги *человек* сөзүнүн сөз жасоо потенциалы бир кыйла жогоруэкендиги байкалды. Орус тилинде человек *адам/киши* сөзүнөн 50гө жакын: *человечка, человечишка, человечища, человечек, человечий,**человеческий,** человечный, человечность, человечество, человековидный, **человекообр**азный, **человекогубитель,**человеколюбие,человеконенавиденье,**человекоубийца,** человекопоклонение,человекоугодие, человекоугожденье, человекоугодница, человекоядец, очеловечить, обесчеловечить, общечеловеческий, нечеловеческий, получеловек, человекоподобный, всечеловеческий, человекоубийственный* ж.б. сөз жасоого болот. Алардын арасынан *человечка, человекоугодник,человекогубительный,**человекогубец,** человеконенавистник, человеконенавистница* ж.б. сөздөр кыргыз тилинин лексикалык корунда кезикпейт (котормолуу да, түшүндүрмө да, орфографиялык сөздүктөрдө да бул лексемалар учурабайт).

Жогоруда көрсөтүлгөн бул мисалдар жалпы мүнөздө талданып берилди. Алардын көпчүлүгү ар кыл парадигмаларга (микро, мини парадигмаларга, кичи топторго) ажырай алышат. Эмгегибизде биз деле парадигма деп окшоштуктарга да, айырмачылыктарга да ээ тилдик каражаттардын системасын көңүлгө тутабыз. Алсак, *адам* сөзүнүн **жөндөмөлүк** парадигмалары төмөнкүчө: *адам-дын, адам-га (Эси бар адамга акыл айтсаң, угат, түшүнөт, кабыл алат.* Байтемиров*), адам-ды, адам-да, адам-дан*. **Жекелик** жана **көптүк** түргө ажыроо парадигмасы: *адам – адам-дар.* **Суроо** берүүдөгү парадигмалар: *адам-бы?, адам-га-бы?, адам-ым-бы?, адам-ым-ды-бы?, адам-дар-дан-бы?,адам-дар-ды-кы-дан-бы?* **Белгилүү бир жакка**

таандык экендигин көрсөтүүчү парадигмалар: *адам-ым, адам-дар-ым, адам-ың, адам-дар-ың, адам-ың-ыз, адам-дар-ың-ыз, адам-ы, адам-дар-ы (Бул айылдын адамдары байыртан берки элдик адаттарды таштай элек.* Сыдыкбеков*), адам-ы-быз, адам-дар-ы-быз, адам-ың-ар, адам-дар-ың-ар, адам-ың-ыз-дар, адам-дар-ың-ыз-дар.*

Адамсын этишинин **чактык** жана **жактык** формаларынын парадигмалары: *адам-сы-н-ып жатам, адам-сы-н-уу-да-мын, адам-сы-н-ып жатасың, адам-сы-н-уу-да-сың, адам-сы-н-ып жатасыз, адам-сы-н-уу-да-сыз, адам-сы-н-ып жатат, адам-сы-н-уу-да, адам-сы-н-ып жатабыз, адам-сы-н-уу-да-быз, адам-сы-н-ып жатасыңар, адам-сы-н-уу-да-сың-ар, адам-сы-н-ып жатасыздар, адам-сы-н-уу-да-сыз-дар, адам-сы-н-ып жатышат, адам-сы-н-уу-да (адам-сы-н-ыш-уу-да)*; *адам-сы-н-дым, адам-сы-н-ып-мын, адам-сы-н-ып-тыр-мын (Алардын ою боюнча, мен эл көзүнчө адамсыныптырмын.* Базарбаев*), адам-сы-н-уу-чу-мун, адам-сы-н-ган-мын, адам-сы-н-гам, адам-сы-н-ган элем, адам-сы-н-чу элем, адам-сы-н-дың, адам-сы-н-ып-сың, адам-сы-н-ып-тыр-сың, адам-сы-н-чу-суң, адам-сы-н-ган-сың, адам-сы-н-ган элең, адам-сы-н-чу элең, адам-сы-н-дың-ыз, адам-сы-н-ып-сыз, адам-сы-н-ып-тыр-сыз (Угушумча, сиз келген конокторго аябай адамсыныптырсыз), адам-сы-н-чы-сыз, адам-сы-н-ган-сыз (Билесизби, мен биринчи курска студент болуп келгенимде абдан адамсынгансыз.* Шаршен*), адам-сы-н-ган элеңиз, адам-сы-н-чу элеңиз, адам-сы-н-ды, адам-сы-н-ып-тыр, адам-сы-н-чы (Алгач биз шаарга барганда, ал дайыма адамсынчы), адам-сы-н-ган, адам-сы-н-ган эле, адам-сы-н-чу эле, адам-сы-н-дык, адам-сы-н-ып-быз, адам-сы-н-ып-тыр-быз, адам-сы-н-уу-чу-буз, адам-сы-н-ган-быз, адам-сы-н-ган элек, адам-сы-н-чу элек, адам-сы-н-дың-ар, адам-сы-н-дың-ыз-дар, адам-сы-н-ыш-ты, адам-сы-н-ган-дар, адам-сы-н-ыш-ты-лар* (говорлордо); *адам-сы-н-а-мын, адам-сы-н-ар-мын, адам-сы-н-бай-мын (Болду, эми экинчи сенин алдыңда адамсынбаймын, - деди күйөөсү аялына.* ДЭМ журналы*), адам-сыр элем, адам-сы-н-а-сың, адам-сы-н-ар-сың, адам-сы-н-бай-сың, адам-сы-н-ар элең, адам-сы-н-ат (Ал эртең эле адамсынат, мына көрөсүңөр), адам-сы-н-ар,*

*адам-сы-н-бас-тыр, адам-сы-н-ар эле, адам-сы-н-а-быз, адам-сы-н-ар-быз, адам-сы-н-бас-пыз, адам-сы-н-ар элек, адам-сы-н-а-сың-ар (Мынча эле адамсынасыңар), адам-сы-н-ар-сың-ар, адам-сы-н-бай-сың-ар, адам-сы-н-ар элеңер, адам-сы-н-ы-шат, адам-сы-н-ы-шар, адам-сы-н-бас-тыр-лар, адам-сы-н-ар эле.***Тангыч** формаларынын (*адамсынбоо, адамсынбаш*) парадигмалары: *адам-сы-н-боом, адам-сы-н-баш-ым, адам-сы-н-бооң, адам-сы-н-бооң-уз, адам-сы-н-баш-ың, адам-сы-н-баш-ың-ыз, адам-сы-н-боо-су, адам-сы-н-баш-ы, адам-сы-н-боо-уз, адам-сы-н-баш-ыб-ыз, адам-сы-н-бооң-ор, адам-сы-н-бооң-уз-дар, адам-сы-н-баш-ың-ар, адам-сы-н-баш-ың-ыз-дар, адам-сы-н-боо-лор-у, адам-сы-н-баш-тар-ы; адам-сы-н-ба-ган, адам-сы-н-ба-гам, адам-сы-н-ба-ган-мын, адам-сы-н-ба-ган-сың, адам-сы-н-ба-ган-сыз, адам-сы-н-ба-ган-быз, адам-сы-н-ба-ган-сың-ар, адам-сы-н-ба-ган-сыз-дар, адам-сы-н-баш-кан.* Ал эми ушул эле формалардын **суроолуу сүйлөмдүк** парадигмалары: *адам-сы-н-а-мын-бы?, адам-сы-н-а-сың-бы?, адам-сы-н-а-сың-ар-бы? (Силерге кайрылган ар бир адамга ушинтип адамсынасыңарбы?* Супер-Инфо*), адам-сы-н-а-бы?, адам-сы-н-а-быз-бы?, адам-сы-н-а-сыз-бы?, адам-сы-н-а-сыз-дар-бы?, адам-сы-н-ыш-а-бы?, адам-сы-н-ган-дар-дан-сыз-дар-бы?*; *адам-сы-н-дым-бы?, адам-сы-н-дың-бы?, адам-сы-н-дың-ар-бы?, адам-сы-н-ды-бы?, адам-сы-н-дык-пы?, адам-сы-н-дың-ыз-бы?,адам-сы-н-дың-ыз-дар-бы?, адам-сы-н-ыш-ты-бы?*; **Буйрук ыңгай** формасынын парадигмалары: *адам-сы-н, адам-сы-н-ба, адам-сы-н-гын, адам-сы-н-ба-гын, адам-сы-н-гын-ың, адам-сы-н-ба-гын-ың, адам-сы-н-чы, адам-сы-н-ба-чы, адам-сы-н-ың-ыз, адам-сы-н-баң-ыз, адам-сы-н-ың-ыз-чы, адам-сы-н-баң-ыз-чы, адам-сы-н-гы-ла, адам-сы-н-ба-гы-ла, адам-сы-н-гы-ла-чы, адам-сы-н-ба-гы-ла-чы (Азыр кудалар келсе, бир аз адамсынгыла, - деди Куштарбек кабагын бүркө.* Базарбаев*), адам-сы-н-гы-ла-чы, адам-сы-н-ың-ыз-дар, адам-сы-н-ың-ыз-дар-чы, адам-сы-н-баң-ыз-дар-чы, адам-сы-н-ба-сын* ж.б. **Тилек, ниет, шарттуу ыңгайларынын** парадигмалары: *адам-сы-н-гай эле, адам-сы-н-мак эле, адам-сы-н-гым келет, адам-сы-н-га-ны турат, адам-сы-н-са (Эгерде ал адамсынса, анда чокусуна бир ур!* Асылбеков*), адам-сы-н-са-чы.* Ушул эле

этиштин **атоочтук** парадигмалары: *адам-сы-н-ып жаткан (адамсыныш болуп жаткан), адам-сы-н-ган (адамсыныш болгон), адам-сы-н-ган-дар (адамсыныш болгондор), адам-сы-н-а турган(дар), адам-сы-н-ар, адам-сы-н-бас (Уулум, адамсынбас досторуңа жакын бол, - деп атам көп айтчу.* Борбиев*), адам-сы-н-бас-тар, адам-сы-н-боо-чу*, *адам-сы-н-боо-чу-лар, адам-сы-н-а+ элек, адам-сы-н-гыдай, адам-сы-н-чудай, адам-сы-н-ы-мыш, адам-сы-н-гыс, адам-сы-н-максан.* **Чакчыл** формасындагы парадигмалар: *адам-сы-н-ып (Башкаларга адамсынып алга барбайсың.* Өскөнов*), адам-сы-н-а, адам-сы-н-ганы, адам-сы-н-ганча, адам-сы-н-гыча (адам-сы-н-гычакты), адам-сы-н-майынча.***Кыймыл атоочунун** парадигмалары: *адам-сы-н-уу (Бүгүнкү күндө байлар кедейлерге адамсынууда),* таандык болуп айтылышы: *адамсынуум, адамсынууң (адамсынууңуз), адамсынуусу, адамсынуубуз, адамсынууңар, адамсынууңуздар, адамсынуусу – адамсынганым, адамсынганың (адамсынганыңыз) (Кичине кээде адамсынганың эле болбосо, сен мыкты адамсың.* Ала-Тоо*), адамсынганы, адамсынганыбыз, адамсынганыңар (адамсынганыңыздар), адамсынгандары (Алардын ушинтип адамсынгандары мени күйдүрөт*. Чалкан*)*, жөндөлүштө (жекелик жана көптүк түрдө): *адамсынуунун, адамсынууга, адамсынууну, адамсынууда, адамсынуудан; адамсынуулар, адамсынуулардын, адамсынууларга, адамсынууларды, адамсынууларда, адамсынуулардан),адам-сы-н-ыш, адам-сы-н-мак, адам-сы-н-май* ж.б. Мындагы көпчүлүк парадигмалык формалар жасалма түрдө болуп калды. Алардын айрымдары кебибизде колдонулбашы дагы мүмкүн.

Талданган мисалдардын санынын мол экендиги биздин тилдин сөз жасоо потенциалдык мүмкүнчүлүктөрү чоң, түшүнүктөрдү билдирүүдө ийкемдүү, бай тил экендигине далил боло алат.

Бул парадигмалардагы айырмачылыктар жана окшоштуктар материалдык жактан да, маанилик жактан да байкалат.

Адам/киши лексемалары бир нече түшүнүктөрдүн жана терминдердин курамында дагы негизги түзүүчү компонент катары колдонулат: *адам ата,*

агач киши, адам-күнү, адам-саат, киши кийик, киши шер, киши-кара, адам заада, адам баласы, адам ноо, адамдын конституциясы, адам кадмон ж.б.

“Киши” концептине тиешелүү көпчүлүк сөздөр **-чилик, -чил, -сыздык, -лик, -сыз, -түү** ж.б. суффикстердин жардамында түзүлгөн. Бир эле суффикс бардык түшүнүктөргө же алардын көпчүлүгүнө таандык экендиги байкалат. Алсак, сын атоочту туюндурган **–чилик,-туу** суффикстери *адамгерчилик, адамсынтуу, пендечилик,кишиликтүү* сөздөрүндө орун алат.

-Дүү (-түү)+-лүк, -кер+-дик, -кер+-дүү+-лүк, -мер+-дик (**-дик** кээде **-лик** суффиксине да өтүп кетет), **-тик+-түү+-лүк** курандыларынын (Айрым окумуштуулар *суффикс, мүчө* түшүнүктөрүнүн ордуна *куранды* сөзүн колдонуп жүрүшөт) жардамында абстракттуу маанидеги зат атоочтор (*адамгерчиликтүүлүк, адамдык, кишиликтүүлүк, кишилик* ж.б.) түзүлөт.

Тангыч терс формалары: **-сыз/-сиз/-суз/-сүз/ + -дык/-дик/-дук/-дүк/, -те, -тен+-бес, -те, -тен+-бес-+-тик, -те+-бөө**, **-тел+-бес, -тел+-бес+-тик, -те, -тен+-беген, -те, -тен+-беген+-дик, -тел+-беген, -тел+-беген+-дик, -те (-н), -бөө+-чүлүк** курандыларынын жардамында жаралат (*адамсыз, кишисиз, адамгерчиликсиздик, адамсынбас, адамсынбастык, адамсынбоо, кишисинбеген, адамсынбагандык, адамсынбоочулук, кишисинбөөчүлүк* ж.б.).

Кичирейтүүчү, эркелетүүчү суффикстин жардамында түзүлгөн *Адамжан* деген бир гана лексема белгиленди. Ал оозеки кепте көбүрөөк колдонулат. **-жан** мүчөсү адам аттарына жалганып (*Рустамжан, Абдылдажан, Сыргажан ж.б.*), аларды эркелетүү, кичирейтүү, жакшы көрүү, сыйлоо сезимин билдирип калат.

Еврейлердин иврит тилинен келип чыккан *адам* сөзүнөн орус тилинде адам аттарын жана фамилияларын билдирген төмөнкүдөй сөздөр келип чыккан: *Адамушка, Ада, Адя, Адаша, Адамович, Адамовна, Адамов* ж.б.

Анализдөөнүн жыйынтыгында концепттин борбордук дериваттарынын арасынан *адам* лексемасы өтө өндүрүмдүү, өсүмдүү экендиги байкалды. Бул лексемадан **28** сөз формасы түзүлө тургандыгы белгиленди. Ал эми *киши* лексемасынан **12**, *пенде* лексемасынан **4**, *инсан* лексемасынан болгону **2** сөз

жасала тургандыгы маалым болду. Жалпысынан бул беш дериваттын жардамында концептке тиешелүү **46** уңгулаш сөз уюшулгандыгы аныкталды.

3.5. Антропологиялык концепттердин этимологиялык катмарына сереп

Антропологиялык концепттердин бардык репрезентанттарынын этимологиясын аныктоо бир кыйла мээнетти талап кылат. Биз айрым гана сөздөрдүн төркүнүнө кайрылабыз. Кыргызча *адам/киши* сөздөрү талданып жаткан концепттин экспоненттеринин өзөгүндө жайгашкан деп айтууга болот. Бул сөздөрдүн келип чыгуу тарыхы кандай? Ошол тууралуу азыноолак кеп кылалы.

Адам сөзү көпчүлүк тилдерде (англис, белорус, чечен, ингуш, эсперанто, поляк, итальян ж.б.) ушул бойдон айтылып жүргөнү жана алардын баарында Кудай жараткан жер жүзүндөгү алгачкы жан деген маани сакталгандыгы маалым. М. Фасмердин орус тилинин этимологиясы сөздүгүндө бул сөздүн этимологиясы берилген эмес. Ал эми орус тилинин викисөздүгүндө байыркы иврит тилиндеги אדם сөздөн алынган жана бул тилдеги *жер*(אדמה)жана *кызыл*(אדום) сөздөрү менен уңгулаш деген маалымат камтылган [https://ru.wiktionary.org/wiki/].

Профессор Х. Карасаевдин 1986-жылы жарык көргөн “Өздөштүрүлгөн сөздөр: Сөздүк” аттуу эмгегинде биз изилдеп жаткан концепттин *адам, жаран, пенде, инсан* сыяктуу ачкыч сөздөрүнүн төркүнү кыскача берилген. Ага ылайык *адам* сөзү араб тилиндеги *адәм* сөзүнөн, *жаран* иран тилинен, *инсан* арабча *энсан* сөзүнөн, *пенде* иранча *бенде* сөзүнөн пайда болгондугу көрсөтүлгөн [Өздөштүрүлгөн сөздөр: Сөздүк: 1986. 424 б.].

Профессор К.З. Зулпукаровдун “Введение в китайско-киргизское сравнительное языкознание” деген көлөмдүү эмгегинде аталган концепттин айрым экспоненттеринин келип чыгуусунун кызыктуу тарыхы чагылдырылган. Бул эмгектеги маалыматтарга ылайык, *киши* сөзү кытай тилиндеги *kè* «мейман, келүүчү, убактылуу туруучу, жүргүнчү, саякатчы,

келгинди, жат жердик, селсаяк, уста, чебер, адис, башка, өткөн, токтоо, конок болуу, жат жерде жашоо» жана *shì/shǐ* “элчи, өкүл катарында жиберилген адам, уполномоченный, эмиссар, миссия менен жөнөп кетүү (элчи катарында), өкүл болуу, кызматтык тапшырма менен жиберүү; кызматтык орундун көптөгөн аталыштарынын курамына кирүүчү тектик сөз”. Эгерде *киши* сөзү *ке + ши* сөзүнөн келип чыккан деп санасак, анда *киши* сөзүндө биринчи муундагы үндүү тыбыштын, экинчи муундагы үнсүз тыбышка өтүүсү жүргөн регрессивдүү ассимилация байкалат.

Баатыр, азамат, күчтүү, эр жүрөк адам деген маанилери бар *эрен* сөзү кытай тилинин *rén* “адам, адам теги, адамзат, адамдык; ар бир адам, элдер, башкалар, кээ бирлер, кимдир бирөө, бойго жеткен, көрүнүктүү киши, персона; тургун, өлкөнүн адамдары, атуул, жарандар, эл, калк; майда чиновник, ишкер, ишчи колдор; адамдык кадыр-барк” сөзүнөн алынган деген гипотеза бар. Жаран сөзү кытайча zhà “чеп, коргон, тосук, сепил, чыңдоо, дубал, кашаа, решетка, барьер” жана жогоруда маанилери көрсөтүлгөн *rén* сөздөрүнөн куралгансыйт. Байыркы мезгилде жаран сөзү, (*жа + рень* прогрессивдүү ассимиляциянын, б.а., экинчи муундагы *е* тыбышынын, биринчи муундагы үндүүгө окшошуусунан) балким, “чептин, сепилдин жашоочусу, корголгон адам, мамлекеттин гражданини” деген маниге ээ болгон деп божомолдоого болот.

Кыргызча *жан* сөзү кытайча *rén* [жень] “гумандуу, ак көңүл, боорукер адам, филантроп; гумандуу, изгиликтүү, ырайымдуу; адамды сүйүү, гумандуулук, кишини жакшы көрүү” сөзүнө барабар болуусу керек деген жоромол бар [Зулпукаров, Введение в китайско-киргизское сравнительное языкознание. – Бишкек, 2016. – 768 с.].

Академик К.К. Юдахиндин 1965-жылы жарык көргөн “Кыргызча-орусча сөздүгүндө” дагы Х. Карасаевдин сөздүгүндөгү маалыматка окшош этимологиялык булактар белгиленген. Аталган эмгекте *адам* сөзү араб тилинен, *жаран*, *бенде* сөздөрү иран тилинен келип киргендиги айтылган (*киши* сөзүнүн этимологиясы көрсөтүлгөн эмес). Кызыгы, бул эмгекте *инсан*

сөзү учурабайт. Мындан улам бул сөз кийинчерээк активдешкен, *адам, киши, пенде, жаран* сөздөрүнө караганда мурда пассивдүү сөз болсо керек деген ойго келүүгө болот.

3.6. Менталдык чөйрөдөгү “Адам” концепти катышкан номинативдик бирдиктерди талдоо

Антропологиялык лексиканын семантикасы жана курамы лингвист-окумуштууларды көңүлүн өзүнө буруп келген. Дүйнө жүзүндө 3-4 миңдей эл, 7 миңден ашуун тил бар [http://atlas.edu.ru/geo/nas3.html#]. Албетте, ар бир улут өзүнүн жекече аталышына ээ. Адамдын менталдык чөйрөсүндө тилдик план боюнча, “Адам” концепти башка тилдик изилдөө объектилерден өзүнө тийиштүү лексикалык бирдиктердин бай экендиги менен айырмаланат. Буга күбө катарында антропологиялык концепттерди сүрөттөөчү номинанттардын, *адам/киши* сөздөрү катышкан макал-лакаптардын, фразеологизмдердин, афоризмдердин ж.б. провербиалдык бирдиктердин, о.э., адам баласына арналган көптөгөн прозалык, поэтикалык, философиялык, фантастикалык, детективдик ж.б. чыгармалардын көптүгү далил болот.

Адам башкы каармандардын бири катары каралуучу же адамдын коомдогу орду маанилүү экендигинен кабар берүүчү төмөнкү дүйнөлүк классикадагы көркөм-адабий чыгармаларды атоого болот: И.Чехов «Кутудагы киши», Б.Полевой «Чыныгы адам жөнүндөгү повесть», Ф. Достоевский «Кичинекей адамдын түшү», М.Шолохов «Адамдын тагдыры», Н.Гоголь “Өлүк жандар”, Н.Лесков “Сааттагы адам”, А. Беляев “Адам-амфибия”, Т.Касымбековдун «Адам болгум келет», Т.Сыдыкбеков “Биздин замандын кишилери”, З.Сооронбаева “Чоочун киши”, И.Сулайманов “Өжөр кишилер” ж.б. Ал эми адамдын гумандуулугу, жан дүйнөсү, жашоого болгон көз караштары ж.б. жөнүндө Л.Толстойдун, А.Пушкиндин, М.Горькийдин, С.Тургеневдин, Ч. Айтматовдун, Т.Сыдыкбековдун, С.Жусуевдин, М.Элебаевдин, А.Осмоновдун ж.б. жазгандары белгилүү. Демек, мындан адам жөнүндөгү идеялар, ойлор, маалыматтар, фактылар биздин менталдык аң-сезимибизде өзгөчө орунду ээлей тургандыгын байкоого болот. Биз назарга

тутуп жаткан антропология илиминин тилдик кору ары татаал түзүлүштүү, ары кең масштабдуу экендиги талашсыз.

Антропологиялык лексика, б.а., адамга байланыштуу сөздөрдүн топтому кыргыз тилинин өтө кызыктуу жана татаал тилдик тармактарынын бири экендигинде шек жок. Антропологиялык лексика, негизинен, адам жашоосунун бардык чөйрөсүндө кеңири таралган. Алардын базалык жана составдык бөлүгү абдан татаал жана кең масштабдуу. Бул тилдик катмарды илимий терминдер, профессионализмдер, диалектилик жаргондор, эмоционалдык боектуулукка ээ болгон сөздөр, башка тилдерден кирген лексика, көп маанилүү жана өтмө маниге ээ болгон тил бирдиктери, идиомалар, афоризмдер, хадистер, макал-лакаптар ж.б. түзөт.

Антропология (грек тилинен *anthropos* - адам, *logos* - илим) –адамдын табигый тарыхы, жаралышы, эволюцияланышы, адамдын морфологиясы жана адамзат расаларынын пайда болушу жөнүндөгү илим. Ал өз алдынча илим катары XIX кылымдын орто ченинде пайда болгон. Антропогенез маселелери XVIII кылымда эле окула баштаган. XVIII кылымдын ортосунда К.Линней адамдын жаралуусу жөнүндөгү илимий элестөөлөргө негиз салган.

“Антропология” терминин пайда болушу антик философиясына барып такалат. Байыркы грек философу Аристотель (384—322 жж. б.з.ч.) аны адамдын жаратылышынын руханий жагын окутуп-үйрөтүүчү билимдин областын атоо үчүн колдонгон.

Анын негизги бөлүктөрү болуп адам морфологиясы, антропогенез жөнүндөгү окуу, расалар жөнүндөгү окуу эсептелет. Мындан тышкары антропологияга чектеш бир нече илимий предметтер түзүлгөн. Алсак, философиялык антропология, диний антропология, физикалык антропология, социалдык жана маданий антропология, лингвистикалык, когнитивдик, саясий, экономикалык, тарыхый, визуалдык антропология ж.б. Ошондой эле, окумуштуулар антропологиянын этностук, популяциялык, медициналык, экологиялык, палеоантропология, физиологиялык антропология деген тармактарын белгилеп жүрүшөт (http://nrc.edu.ru/).

Бул параграфта биз сөздүктөрдөн, энциклопедиялардан, илимий-популярдуу адабияттардан, макал-лакаптардан жана эл оозунан, ар түрдүү булактардан жыйналган антропологиялык лексиканы белгилүү бир системага жана классификацияга ажыратып алып, ошонун негизинде иликтөөгө далалат жасамакчыбыз. Андыктан биз аны төмөнкүдөй системага бөлүп алдык:

1. Адамдын айрым кесиптик ишкердиктерин ачыктаган жана кызматкерлерди туюндурган тилдик бирдиктер: а) тейлөөчүлүк: *автоматчик* – автоматты тейлөөчү, *мончочу*, *моторчу,стрелочник*, *тегирменчи, чачтарач* – чач, сакал-мурут алуучу, тегиздөөчү кызматкер .....; **б) ишканада, мекемеде:** *администратор* – кандайдыр бир ишти башкаруучу, тескөөчү кызмат адамы, *банкир*, *кассир*, *курьер*, *лаборант*, *регистратор* – мекемеде, ооруканада ж.б. регистрация иштерин жүргүзүп туруучу кызматкер .....; **в) талаа, кара жумуш ж.б.:** *жалчы*, *кетменчи*, *кошчу*, *кырманчы*, *орокчу, пахтачы*, *чайрыкер* – бирөөнүн курал-шайманы менен анын жумушун кылуучу адам, *чалгычы* – чалгы менен чөп чабуучу. *Чалгычы аялдар солдун аягына чейин чыгып, кайра тартышты* (Баялинов) .....; **г) өндүрүүчү кызматкерлер:** *балчы, казанчы*, *курулушчу*, *самынчы*, *тандырчы*, *технолог*, *товар иштеп чыгаруучу* .....; **д) жол жумушу жана айдоочулук боюнча:** *жол мастери* - темир жолдо ремонт иштерин башкаруучу мастер, *кайыкчы*, *кошчу*, *паромчу* .....; **е) мал чарбачылык:** жылкычы,*зоотехник* – мал чарбачылыгы жагынан адис, *койчу*, *малчы*, *падачы* – пада баккан адам, бадачы .....; **ж) айыл чарба:** *агроном, айыл башчы*, *бригадир,раис*, *сеяльщик* – үрөн себүүчү айыл чарбада жумушчу .....; **з) багбанчылык:** *багбан*, *бакчачы* – бакча өстүрүүчү, тейлеп туруучу адам, *бакчы* – багбан, бак өстүрүүчү адам .....; **и) устачылык, оңдоп-түзөтүүчүлүк:** *балкачы* – устаканада балка чаап туруучу уста, *барсканчы* – барскан уруучу жумушчу, *бургулоочу, өтүкчү*, *сантехник* .....; **к) жалпы ишкердик ээлерин билдирген аталыштар:** *адис* – белгилүү бир ишке машыккан кызматкер, *аткаруучу*, *даярдоочу* .....; **л) кароолчулук, күзөтүчүлүк:** *кардончу* – карагайчы, токой кайтаруучу, күзөтүүчү, *кароочу (досмотрщик)* – чек арадан өткөндө жүк, ана-мынаны кароочу кызматкер,

сторож .....; **м) сатуучулук:** *буфетчи, дүкөнчү, базарчы, сатуучу, комерсант, кыдырмачы* – кыдырып соода жүргүзүүчү же кыдырып, көбүнчө таштандыларды жыйып, майда-барат буюмдар менен соода кылуучу .....; **н) аңчылык:** *капканчы* – капкан салып аңчылык кылуучу адам, *мергенчи*, *мүнүшкөр* – алгыр кушту багып, таптап, ууга салуучу адам .....; **о) ар түрдүү эмгек адистери:** *ашарчы* – ашарга катышкан адам, *идиш-аяк жуучу (посудомойка), кайракчы (точильщик)* – балта, бычак, кайчы, араа сыяктуу кесүүчү куралдарды кайрап курчутуучу кызматкер, *таразачы* .....

2. Адамдын сырткы келбетин туюндурган сөздөр: а) көлөмүн, өлчөмүн, формасын көрсөтүүчү:*чоң, кичине, муштумдай, тоголок,кодо, семиз, бечел, бою теректей, орто бойлуу, арык, олчойгон, килеиген, оор салмактуу, шыргыйдай, жоон .....;* **б) түсүн, өңүн:***кара тору, сары, ак жуумал, блондин, кара чачтуу, кубарган, кызыл жүздүү, сепкилдүү, калдуу, бетинде тырыгы бар, жүзүн тырыш баскан, көк көз, кара каштуу, оймок ооз, кара көз, бучук, көзү кыйшык, тармал чачтуу* ..... (Эскертүү: адамдын сырткы келбетин чагылдырган тилдик бирдиктердин толугураак топтому, үчүнчү баптын “Адам” концептин сыпаттоочу эпитеттердин жалпы бөтөнчөлүктөрү деген параграфта кеңири берилген).

3. Адамдардын улуттарынын жана түрлөрүнүн/расаларынын аталыштары:*украиндер, белорустар, өзбектер, казактар, гректер, дунгандар, кытайлар, индустар, венгрлер, ирландецтер, ирандыктар, поляктар, америкалыктар, француздар, немецтер, коми, эстондор, аварлар, күрддөр, цыгандар, татарлар, негроиддер, европеоиддер, монголоиддер, австралоиддер, американоиддер, койсаноиддер, океаноиддер, ханттар, лапоноиддер* .....

4) Адамдардын аттары: а) флора, фауна жана металлдар аркылуу уюшулган адам аттарын билдирүүчү сөздөр: *Ышкынаалы, Арстан, Итигул, Байдөбөт, Иткелди, Алмагүл, Алчакан, Анаргүл, Анарбай, Анара, Бадамгүл, Гүлбадам, Шерзат, Ажыдаар, Кызылөрүк, Бөрүбай, Козубек, Ылаачын, Бүркүт, Нарсулуу, Миңжылкы, Жылкыбек, Койчу, Чынара, Чынаргүл, Роза,*

Алтынбек, Күмүшай, Уранбек, Темир, Байтемир, Чоюнгүл, Болот .....; **б) абстракттуу түшүнүктөр аркылуу берилүүчү адам аттары:***Таалай, Кеңеш, Бакыт, Илимбек, Кубанычбек, Ырысбек, Акылбек, Ыйманбек .....*; **в) ар түрдүү мүнөздөгү адам аттары:***Токтогул, Сапарбай, Алибай, Кубаныч, Нурбек, Керим, Сатыбалды, Илимидин, Зайнидин, Дамирбек, Рыскелди, Айгүл, Гүлзина, Нуркыз, Курманжан, Сайкал, Токтобүбү, Роза, Дилфуза, Замира, Пазилат, Минабар, Самара, Назгүл, Чынара, Мээрим .....*; **г) адамдардын кличкалары (жасалма, лакап аттары):** *Алик, Соке, Таке, Жоке, Бөрүбасар, Тапанча палван, Ажыдаар, Русик, Чымчык, Тима, Очкарик, Кам семиз, Темирчи, Сокочу, Чаян, Кал, Шрек, Куба, Жираф, Кеша, Ткач, Маске, Миша, Шурик, Ботсман, Рембо, Терминатор, Айка, Зуля, Маша, Зита, Гуля, Рая, Элла, Мая, Ася .....*

5. Адам ээ болгон, адамда катылган абстракттуу түшүнүктөр: *акыл, бакыт, талант, алк, ар намыс, ыйман, ой, мүнөз, кыял-жорук, эс-тутум, аң-сезим, көз караш, билим, кругозор, маданият, этика, сезим, уйку, ден соолук, жашоо, өлүм, табит, иммунитет, кайгы, көрө албастык, кан басым, энергия, уяттуулук, абийир, иш-аракет, пейил, маанай, көңүл, сүйүү, мамиле, ынсап, напси, жан дүйнө, көз караш.....*

6. Адам ээ болгон, өзүнө камтыган конкреттүү түшүнүктөр: *клетка, ткань, кийим (баш, бут кийимдер), нервдер, жүлүн, мээ, без, кан, шилекей, гормон, чел, таноо, сөөк, жүн, түк, бүдүр, так, скелет, тамыр, чач, тиш, таңдай, кулкун, көмөкөй, жилинчек* – адамдын бутунун кызыл ашыгынан жогорку, балтырдан төмөнкү ичке шыйрагы, *тери, өпкө, жүрөк, сакал, каш, кирпик, киндик, кулак, ичеги, тырмак, сперматозоиддер .....*

7. Адамга кам көрүү жана багууда колдонулуучу лексика: *багуу, сыйлоо, кам көрүү, камылга көрүү, азык берүү, тамактандыруу, алпештөө, чачын тароо, кыскартуу, кийимин жууш, үтүктөө, бут кийимин тазалоо, жуундуруу, сейилдетүү, ойнотуу, сакалын алуу, тырмагын алуу, дарылоо, ар дайым көзөмөлдөө, бетин майлоо, мазь сүртүү, калорияга бай продукттар*

жана витаминдер менен камсыз кылуу, тынчтык берүү, эс алуусуна шарт түзүп берүү .....

8. Адамдын түрдүү ооруларын чагылдыруучу медициналык аталыштар:*сасык тумоо, ичкелте, инфаркт, инсульт, бронхит, гайморит, гастрит, дерматит, кургак учук, котур, атеросклероз, отит, колит, бруцеллез, экзема, сифилис, малярия, алысты көрбөөчүлүк, сарык (гепатит), кан диабети, гипертензия, кариес, ревматизм, рак, невроздор, аллергия, остеохондроз, мигрень, гипертония .....*

9. Адам байыр алуучу жана күн кечирүүчү объекттер же адамдын турак-жайлары: *үй, боз үй, чатыр, үңкүр, вагон, кеме, космос кемеси, алачык, шыйпаң, жер төлө, мунара, таш, таш үй, небоскреб, особняк, сарай, кан сарай, вилла, дөңгөлөктүү фургон, ордо, коттедж, күркө, жер там, амбар, кепе, барак, там үй .....*

10. Адамдын кийим-кечеси:*шым, көйнөк, тон, костюм, футболка, куртка, байпак, калпак, халат, джемпер, майка, джинсы, плащ, лосины, пижама, оромол, мундир, юбка, шарф, галстук, фуфайка, фартук, комбинезон, колготки, пиджак .....*

11. Адамды эркелетүүдө же аларга жалынууда колдонулуучу лексика:*күчүгүм, тай, кулунум, алтыным, берекем, асылым, жаным, медерим, каралдым, кагылайын, тентегим, күмүшүм, козу, шириним, коенегим, асылым, шекерим, чырагым .....* Ошондой эле, жалынуу, эркелетүү мааниси кыргыз тилинде *жан*, *тай* сөздөрү аркылуу дагы берилет. Мында бул сөз, мүчө кызматын аткарып, адам аттарынын артына жалганат. Мисалы, *Гыламжан, Рустамжан, Асантай, Абдылдажан, Жуматай .....*

12. Адам идеясын берген тилдик бирдиктер же “Адам” концептинин гипонимдери: *мейман, конок, дос, өкүл, жолдош, кас, дыйкан, мүнүшкөр, жашоочу, сатуучу, мергенчи, кожоюн, өкүмдар, төөчү, бадачы, кул, берерман, аларман, молдо, жолоочу, койчу, оорулуу, жумушчу, конкурсант, арабакеч, уста, кыбачыл* (чыккан же сынган сөөктү ордуна сала турган, таңа

турган адам), *темир уста, жолчу, кедей, таксист, бай, кызматкер, чабарман* .....

13. «Адам» концепти катышкан антропонимдер жана уруулардын аттары:*Абакир, Касымалы, Тоголок Молдо, Айтматов, Садыков ..... адигине, тагай,саяк, бостон, саруу, ногой, нойгут, бөрү, кытай, багыш, мундуз, жетиген, черик, кыпчак, найман, кесек, каңды, кара тейит, дөөлөс, авaт, кушчу, карачоро, солто, моңголдор, катагандар, оргу, төбөй .....*

14. Антропонимдердин негизинде келип чыккан топонимдер же тескерисинче топонимдердин негизинде пайда болгон антропонимдер: а) *Бөкөнбаев* – Ысык-Көл областындагы Тоң районунун борбору, кыштак. Ысык-Көлдүн түштүгүндө, Балыкчы-Пржевальск шоссе жолунун боюнда, *Жалалабад* шаары, *Токтогул*, *Манас* райондору, *Манас-Ата* кичи шаарчасы, *Ажыке* – Кыргызстандын түштүгүндөгү, Тар суусунун алабындагы жайлоо, *Айдарбек* – Калинин районундагы Ново-Николаевка сельсоветине караштуу кыштак, *Мырзаке* – Өзгөн районуна караштуу айыл. *Өзгөнбай, Нарын (Нарынов), Садырбай, Токтогул, Манас, Талас* .....; **б)** Россиянын шаарларынын аттары: *Санкт-Петербург, Ульяновск, Свердловск, Куйбышев, Калинин, Калининград, Дзержинск. Чапаевск, Горький* ..... шаарлар, Украинадагы *Переяслав-Хмельницкий, Харков* шаарлары .....; **в)**Дагестандын өтө белгилүү революционерлеринин бири *Махачанын* (өзүнүн чыныгы фамилиясы Дахадаев) урматына Дагестандын борбор шаары аталган. Махач-Кала сөзмө-сөз которгондо Махачтын шаары дегенди билдирет. Орус саякатчы изилдөөчүсү Ерофей Павлович *Хабаров* 1649-1652-жж. Приамурьеге бир нече жолу жүрүш жасаган жана Амур бассейнин изилдөөгө чоң салым кошкон. Ал барган жерлерде кийинчерек аскердик пост катары кызмат кылган анча чоң эмес кыштактар пайда болгон. 1858-ж. пайда болгон ошол айылдардын бири Ерофей Павлович Хабаровдун урматына Хабаровка деп аталат. А 1893-ж. ошол Хабаровканы Хабаровск шаары деп атын өзгөртүшкөн. Эгерде географиялык картага үңүлүп карай турган болсок, *Мичуринск, Пржевальск, Баренц* деңизи, *Лаптевдер* деңизи, *Вилькиц* ккысыгы, *Беринг*

деңизи, *Беринг* кысыгы деген адам аттарынан, фамилияларынан келип чыккан аталыштарды кезиктиребиз. Белгилүү деңиз сүзүүчүсү *Америго* Веспуччи менен америка континентинин аталышы байланыштуу. 1499-1504-жж. Америго Веспуччи бир нече сүзүүлөрдү жасоого аракет кылып жүрүп Түштүк Американын түндүк бөлүгүнө барып калган. Ошентип, бул жаңы континент анын урматына Америка деп аталып калат. Христофор Колумбдун аты менен Түштүк Американын түндүк-батыш тарабындагы мамлекет жана дагы 11 калк пункттары, штаттар, райондор, дөңсөөлөр, ойдуңдар аталып жүрөт.

15. Адамдын туугандык байланышын жана үй-бүлөсүн атаган лексика: а) үй-бүлө мүчөлөрү:*ата, кыз, бала, бөбөк, небере, чебере, чоң ата, чоң эне, эне, апа, ата-эне, таята, тай эже, тай аке, тага, жеңе .....*; **б) үй-бүлөдөгү абал:***бойдок, ажырашкан, турмушка чыккан/чыкпаган, үйлөнгөн/үйлөнбөгөн, тул, жесир, кара далы, жетим, асыранды, сагыр, эрчитме, арам сийдик, бакма .....*; **в) жубайлык мамиле:***күйөө, жубай, зайып, колукту, аял, катын, жолдош, эр, өмүрлүк жолдош .....*; **г) кайн-журт:***кайната, кайнене, кайнага, кайнеже, кайни, кайнсиңди, күйөө бала, келин .....*; **д) туугандык катнаш:***бир тууган, аке, байке, ини, эже, сиңди, карындаш, бөлө, жээн, амаки, тууган, тага, бир тууган, жеңе, жезде .....*; **е) кыйыр туугандык мамиле:***өгөй ата, өгөй эне, өгөй ага, өгөй эже, өгөй бала/кыз, өкүл ата, өкүл эне, өкүл бала, өкүл кыз, опекун .....*; **ж) жети атанын аталыштары:***ата, чоң ата, баба, буба, куба, жото, жете, теги*; **з) жети баланын аталыштары:***ата, бала, небере, чөбөрө, чебере, чыбыра, кыбыра* (экинчи вариант: *ата, чоң ата, баба, буба, куба, жото, жете, тек; бала, небере, чебере, кыбыра, тыбыра, чүрпө, урпак*).

16. Адамдын дене түзүлүшүн чагылдырган лексика: а) дене мүчөлөрү:*баш, кулак, ооз, көз, каш, бет, мурун, жаак, ээк, бешене, маңдай, тил, эрин, илеб, моюн, көкүрөк, булчуң, колтук, кол, алакан, манжалар, чыканак, билек, кырк муун, бармактар, ич, курсак, ийин, бут, тизе, жоон сан, таман, кызыл ашык, арка, дене, тулку бой, көчүк .....*; **б) органдары жана денесинде орун алган заттар:***жүрөк, өпкө, боор, бөйрөк, ашказан, карын,*

ичеги, мээ, чач, кирпик, сакал, мурут, тырмак, киндик, кал (мең), тырыш, тырык, тамак, көкүл, таноо, омуртка, тиш, кызыл өңгөч .....; **в) сөөк системасынын аталыштары:***баш сөөк, моюн омурткалары, акырек, далы, күң жилик, көкүрөк омурткалары, бел омурткалары, жамбаш сөөгү, куймулчак, чычаң омурткалары, кашка жилик, тизе томугу, бут кетменинин сөөктөрү, жото жилик, кол чеңгелинин сөөктөрү, кар жилик, кабыргалар, төш сөөгү .....*

17. Адамдарга кайрылууда колдонулуучу сөздөр: а) эркектерге:*мырза, сэр, чоң жигит, мистер, господин, таксыр, вельможа, төрө, государь, кожоюн .....*; **б) аялдарга:***айым, чоң кыз, мадам, леди, селки, мисс, кожойке .....*; **в) жыныстык катнашын атоочу сөздөр:***аял, ургаачы, эркек, эркектана .....*

18. *Адам* сөзү адам аттарында:*Адамкалый Байбатыров* - белгилүү кыргыз өнөрпозу, туңгуч кыргыз куурчак оюнчусу, темир комузчу, имитатор (туурoочу), Кыргыз ССР эмгек сиңирген артисти. *Адам Смит* – шотландиялык экономист, философ-этик.*Адам Джонс* – актер, *Адам Эллиот* – австралиялык режиссер, сценарист жана сүрөтчү. *Адам Ламберт* – америкалык ырчы. *Адам Батиров* – россиялык күрөшчү. *Адам Эйвазов* – кавказ элинин эстрада ырчысы. *Адамбек*. Жамийла Адамбекти уялчаак, жүүнү бош бала го деп ойлогон (Баялинов). Жунусов *Адамкул* Орокеевич – мамлекеттик бажы кызматынын төрагасы. *Сопуев Адамжан* – физика-математика илимдеринин доктору, профессор. *Адамбаев* Айбек – Кыргыз-Түрк Манас университетинин окутуучусу, *Адамалиев* Надырбек - Баткен мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүсү, жаш акын .....

19. Адам аттарына коюлган объекттер: а) мектептер:*Ч. Айтматов, Ж. Бөкөнбаев, С. Шарипов, А. Макаренко, С. Киров, М. Ломоносов, А. Федченко, М. Алтыбаев .....*; **б) көчөлөр:** алар абдан көп, дээрлик бардык көчөлөргө адам ысымдары, фамилиялары ыйгарылган. Мисалы, *Раззаков, Салиева, Токтогул, Масалиев, Тоголок Молдо, Бөкөнбаев көчөлөрү .....*

20. Адамдардын тобун же бир нече адамды туюндурган бирдиктер:*жапа тырмак* – бүт баары, бардыгы, бири калбай жапырт, жалпы; *жумурай журт* – бүт эл, элдин бардыгы, калайык калк; *жамаат*, *жек-жаат* – куда-сөөк, таяке-жээн сыяктуу тууган-туушкан адамдар, *эл, калк, ассоциация, союз, альянс, коллегия, партия, университет, факультет, кафедра, тайпа, колхоз, персонал, коом, топ, команда, класс, бирикме, ашар, уюм, чарба, профсоюз, кооператив, Жогорку Кеңеш, рота, батальон, полк, взвод* ..... Мындагы бардык бирдиктер эки же андан көп адамдардан турган топторду, бирикмелерди билдиришет жана метонимиялык маанини жаратышат. *Жыйын, чогулуш, кеңешме, курултай, талкуу* ж.б. лексемаларын дагы ушул топко кошууга болот.

21. Адамдагы системалардын аталыштары:*скелет (сөөк, таяныч) системасы, булчуң системасы, нерв системасы, көрүү системасы, угуу системасы, жыт алуу (жыт билүү) системасы, даам билүү системасы, сезүү системасы, тамак сиңирүү системасы, дем алуу системасы, кан айлануу системасы, лимфа системасы, бөлүп чыгаруу системасы, жыныстык системасы, эндокриндик системасы, иммундук система .....*

22. Адамдын инсандык сапаттары: а) позитивдүү оң моралдык сапаттар:*гумандуулук, адамгерчилик, маданияттуулук, ар-намыстуулук, уяттуулук, токтоолук, кең пейилдик, адилеттүүлүк, элпектик, адамгерчиликтүүлүк, ак пейилдүүлүк, жоомарттык, айкөлдүк,ишенимдүүлүк, жоопкерчиликтүүлүк, кичи пейилдик, жөнөкөйлүк, сыпайылык, ызаттуулук, ыймандуулук* .....; **б) коомдогу терс моралдык сапаттар:***кекирейгендик, эки жүздүүлүк, бети жоктук, оройлук, коркоктук, паракорлук, арамдык, ичи тардык, кошоматчылык, мансапкорлук,көрө албастык,өзүмчүлдүк,кайдыгерлик, кара мүртөздүк, чекинсиздик, алдамчылык* .....; **в) коомдогу пайдалуу сапаттар:***эрктүүлүк, чечкиндүүлүк, акылмандык, билгичтик, ишенимдүүлүк, патриоттуулук, принципиалдуулук* .....

23. “Адам” концептинин негизги репрезентанттарынын этиштик формалары:*адам болуу, адамсынуу, адамсынтуу, адам кылуу, киши болуу, киши катарына кошуу, киши кийик кылуу, киши колдуу болуу, киши көзүн карабоо, киши санынан чыгуу, киширкөө, кишисинүү, кишисинтүү .....*

24. Адамды мүнөздөөчү өзгөчө эпитеттер:*кара башыл* – киши экендигин (адамдык касиетин) өзгөчө белгилөөчү эпитет катарында колдонулат. *Кара башыл адамдын байге сайышы да ыктымал* (Жантөшев), *сакадай бою сары алтын, беш кадам* – эпкиндүү, ар бир иште алдыдагы адам, *көк жал, кабылан, айкөл, көк мелтей, кара далы, жаны жок, ташмылтык (говорлордо), коёндун жатагына чейин билет .....*

25. Адамдын апендичилигин, өзгөчө кылык-жоруктарын чагылтуучу бирдиктер: *жыгылган ооганга күлөт, жыртык тешикке күлөт, жылан өлтүрөйүн десе, таш алып бербейт, кара суудан каймак алат, бир мунарага жетпей жатып, бир мунарага бутун асат, бирөөлөргө ден соолук тилеп жатып, өзүнүн ден соолугунан айрылат (арак ичип жатып, тост сүйлөгөндө), жумурткадан кыр издейт, жоктон бар кылат, мыкты үйлөрдү куруп коюшуп, өздөрү жашабай, конок киргизишет, көпкө көнбөй, азга көнөт, мүмкүнчүлүк барында пайдаланып калбай, кийин баштарын койгулашат, жаманды көрбөй, жакшынын кадырын билишпейт, көзү тирүүсүндө пендени сыйлашпай, көзү өткөндөн кийин кайгырышып, эскеришет, баштарын иштетишпей, буту-колдорун шорго салышат, ачууну ачуу басат дешип жиндери келгенде андан да беш бетер делбелерин козушуп арак ичишет, сыртында зыяндуулугу чакчайып көрүнүп турса да, тамеки чегишет, битке өчөшүп көйнөктөрүн отко жагышат .....* Бул бирдиктерде *адам* деген маани имплиситтик түрдө берилет.

26. Адамдардын тобуна, көпчүлүккө кайрылууда колдонулуучу бирдиктер:*жердештер, туугандар, жоро-жолдоштор, агайын-туугандар, достор, замандаштар, мекендештер, журтташтар, кесиптештер, меймандар (коноктор), шаардыктар, тургундар, жаштар,*

ардагерлер, эркектер, жалпы аял заты, айылдаштар, күйөрмандар, айымдар жана мырзалар, жамаат .....

27. Адамдын маданий баалуу мурастары: башчысы – *акыл*, пейили – *меймандостук,* суктанганы – *сулуулук,* адеби – *угармандык,* алкоосу – *"кем болбо",* ардактуусу – *кесип,* коргоочусу – *мүнөз,* жумшагы – *көңүл,* бермети – *Ысык-Көл,* бешиги – *Ала-Тоо,* ыйыгы – *Жараткан,* башчысы – *хан, ажо,* урааны – *кыргыз-Манас,* байлыгы – *сөз,* асманы – *теңир,* тилеги – *ыйман,* урматы – *улуулук,* руху – *айкөлдүк,* таалими – *насаат,* тумары – *ак калпак,* насиби – *ак,* ызаты – *кичүүлүк,* жолоочусу – *ой,* тазасы – *жүрөк,* кымбаты – *өмүр,* өмүрлүгү – *жар,* сынчысы – *эл,* медери – *бала,* эрмеги – *комуз,* акылы – *макал,* башаты – *мекен,* байрагы – *кызыл туу,* бийиги – *ата-эне,* аздеги – *ат,* тиреги – *намыс,* батасы – *өмүрлүү бол,* санаты – *санжыра,* асылы – *адамгерчилик,* турагы – *боз үй,* күйөөрү – *тууган*, балбаны – *билим* .....

28. Этномаданий маалыматтар камтылган адамга тиешелүү түшүнүктөр:*киши болуп отуруу (мандаш урунуп отуруу)* – аш-тойлордо, конокко барганда, уяттуу адамдардын алдында тизелерин бүгүп, эки бутту кайчылаштырган абалда астына жая жалпак отуруу; *киши-кара* – кыргыздар кимдир бирөөнү, сырттагы чочун бирөөнү, жалпы эле кишини киши-кара деп коюшат .....

29. Адамдардын (кыргыздардын) каада-салтын билдирген тилдик бирдиктер:*тушоо кесүү, жентек той, аш берүү, сүннөт той, ат коюу, сүйүнчүлөө, сөйкө салуу, карын чачын алуу, көрүндүк берүү, жаңы төрөлгөн баланын кулагына азан айттыруу, баланын оозуна түкүртүү, кудалашуу, бешик куда болуу, сөөктү коюу, ике кыюу, өкүл ата шайлоо, куран окутуу, бешик берүү, үй той өткөрүү, кыз көрдү, кыз чакырды, энчи бөлүү, ачуу басар, отко киргизүү, кыз ала качуу, сеп берүү, калың төлөө, куугунга баруу, конок күтүү, мал союу, устукан берүү, тойдон кешик берүү, эт тартуу .....*

30. Адамдардын (кыргыздардын) ырым-жырымын чагылдырган тилдик бирдиктер:*ысырыктоо, киринелөө, дарындоо, дем салуу, сук-суктоо, суу айлантып чачуу, жүрөк көтөрүү, түш жоруу, тумар тагуу, төлгө*

тарттыруу, адалдоо, өпкө чабуу, журт которуу, желе байлоо, өрүлүктөө, эшик-төрүн көрүү, базарлык берүү, учуктоо, чучу кулакка тартуу, жараштыруу, касам ичүү, талак айтуу, соопчулук кылуу, ыроолоо, шыралга берүү, мал биттөө, малга эн салуу (С. Рысбаев. “Кутбилим” гезити) .....

31. Адамдардын (кыргыздардын) тамак-ашынын аталыштарын туюндурган лексемалар:*оромо, аш, шорпо, беш бармак, чучук, атала, көчө аш, олобо, куурдак, чалап, куйрук-боор, чакчакей, чак-чак, сүзүмө, казы-карта, лагман, манты, чүчбара, балык, бифштекс, блинчик, мастаба .....*

32. Адам идеясын жаныбарлардын аталыштары аркылуу чагылдырган бирдиктер:*карышкыр* - алдым-жуттум, жегич, ач көз адам, *түлкү* - куу, кыйтыр, митаам, көз боемочу адам, *аюу* - копол, олдоксон, килейген адам, *коен* - коркок, жүрөгү жок адам, *кой* - жоош-момун, кымылдабаган адам, *арстан, жолборс* - айбаттуу, сүрдүү, жаалдуу адамды, *кобра* - заар, тилинен уу тамган адам, *коңуз* – айлакер, алдамчы жана эпчил адам, *бөй* – ачуусу жаман, заар адам, *короз* – урушчаак, чырчыл адам, *ит* – жаман, орой, ажаан адам, *чочко* – өзүн жана үйүн таза кармабаган, балит, ыпылас, сасык адам, *маймыл* – өзү түшүнбөй туруп, бирөөнүн иштегенин кайталай берүүчү же маймылга окшош адам, *эшек* – акылы кем, ыгы жок өжөр адам, *келемиш* – кыйын, кооптуу учур башка түшкөндө жалпынын ишин таштап койгон адам ..... Мындай аныктамаларды сөздүктөрдө *жактырбаган түрдө, карапайым кепте, сүйлөшүү кебинде, өтмө маанисинде* ж.б.у.с. стилистикалык белгилер коштоп жүрөт. Булардын баарында коннотативдик өтмө жана эмоционалдык-экспрессивдүү маанилер бар.

3.7. “Адам” концептинин репрезентацияланышы (лексикографиялык булактардагы маалыматтар боюнча)

Когнитивдик лингвистика багытында эмгектенген окумуштуулардын пикирине ылайык, сөздүктөрдөгү макалаларга (материалдарга) кайрылуу–концептти изилдөөнүнбелгилүү этаптарынын бири болуп саналат. Түрдүү сөздүктөрдө келтирилген тийиштүү маалыматтарды анализдеп, мындан бир

кылка тандап алуу жолу менен «Адам» концептинин башкыкасиеттердин камтыган түйүндүү сөздү белгиледик. «Адам» концептинин өзөгүн жана формалдык мазмунун түзгөн негизги лексема катары *адам*сөзүн аныктадык. Себеби ал аталган концептти репрезентациялоодо*киши,инсан, пенде, жаран, жан, индивид* ж.б. номинанттарынакарагандаөзүнүн жыштыгы менен айырмаланып, борбордук позициядан орун алат.

Россияданчыккан белгилүү концептолог-когнитологдор З.Д. Попова менен И.А.Стернин когнитивдик лингвистика тууралууэмгектериндебир нече сөздүктөрдүн материалынын негизинде ачкыч сөзүнүн аныктамаларын анализдөө аракетин концептуалдык изилдөөнүн негизги ыкмаларынын бири катары саноого боло тургандыгын белгилешкен (З.Д. Попова, И.А. Стернин, 2001, 16-б.). Бул ыкманын жардамындаиште «Адам» концептинин ачкыч сөзүнө тишелүү болгон бардык лексемалардын сөздүктөрдөгү мүнөздөмөлөрүнө кайрылып, аларды сыпаттоого аракет жасамакчыбыз

Ишибиздин материалын “адам” сөзүнө арналган төмөнкү ар кыл сөздүктөрдөгү сөздүк макалалар түздү: “Кыргыз тилинин сөздүгү” (2010), “К.К. Юдахиндин орусча-кыргызча сөздүгү” (2001), “Орус тилинин викисөздүгү (онлайн сөздүк)”, «В.И. Далдын жандуу улуу орус тилинин түшүндүрмө сөздүгү» (2001), «Д.Н. Ушаковдун орус тилинин түшүндүрмө сөздүгү» (1935-1940), «С.И. Ожегов жана Н.Ю. Шведованын редакциясы астында басылган орус тилинин түшүндүрмө сөздүгү» (1992), « XVII томдук азыркы орус тилинин сөздүгү же чоң академиялык сөздүк» (1950-1965), «Орус тилинин сөздүгү же кичине академиялык сөздүк» (1981-1984) ж.б. Жогоруда аталган орус тилинин түшүндүрмө сөздүктөрүнүн айрымдарында *человек* сөзүнүн этимологиясы дагы чагылдырылган. Бирок биздин изилдөө кыргыз тилиндеги *адам* сөзүн иликтөөгө багытталгандыктан, ал маалыматтарга көңүл бурбадык.

«Адам» концептинин лексикалык (сөздүктөрдөгү) чечмелеништери (кодификациясы) концепттин борборундамененжакабелиндежалпы тематика

боюнча топтоштурулган катмарлардан турган**27**майда талааны аныктапчыгууга жол берди:

1. Акыл-эси бар, ойлоо, сүйлөө жөндөмдүүлүктөрүнө ээ, өндүрүш куралдарын жасоону жана эмгек жараянында пайдалануну билгенкиши же жан. *Адамды адам кылып баккан эмгек* (Бөкөнбаев), (Бул аныктама бир нече сөздүктө берилген).

2. Интеллектуалдык жана моралдык жогорку касиеттерди өзүнө топтогон, мыкты сапаттарга ээ киши. *Сасыкбай, сен адам эмессиң, жүрөгүң жыландын уусуна жык толгон* (Байтемиров), (Бул аныктама 7 сөздүктө берилген).

3. Бой тарткан, акылдуу, билимдүү, эмгектене билген киши (өспүрүмдөргө, жаштарга карата). *Динар жоголгон койлорду табышып берди. Адам болот деген ушул* (Сыдыкбеков), (Бул аныктама 7 сөздүктө берилген).

4. Приматтар классындагы Homo сүт эмүүчүлөр тибинин; тар мааниде Homo sapiens түрүнүн – өкүлү (5 сөздүктө).

5. Эркке, акыл-эске жана жогорку сезимдерге ээ жандык (6 сөздүктө).

6. Мурунку Россияда ресторандарда, арак ичүүчү жайларда ж.б.у.с. жерлерде иштөөчү кызматчы, лакей, официант. *Разнов адамга кыйкырып, аттарды тезирээк арабага чегүүнү буюруп, өзү шашып-пушуп кийине баштады.* Н.С. Лесков (5 сөздүктө).

7. Адам, киши, инсан, жаран, жан, бенде, хомо сапиенс, личность, индивид, персона ж.б. (5 сөздүктө).

8. Бир тараптан биологиялык башталмадагы (жогорку сүт эмүүчүлөргө окшош), экинчи тараптан аң-сезимдүү, терең абстракттуу, ойлонууга, сүйлөөгө (жаныбарлардан айырмаланып), эмгекке, коомдук жашоонун жогорку деңгээлин, маданияттын жетишкендиктерин өздөштүрө билүүгө жөндөмдүү өзгөчө жандык, жаратылыштын кубулушу (философиялык аныктама).

9. Турмуштун эволюциясында жогорку баскычты көрсөтүүчү жана коомдук-тарыхый ишкердиктин жана баарлашуунун субъекти болгон социалдык-биологиялык жандык (5 сөздүктө).

10. Бардык элдерге таандык, жалпы сапаттарды жана жөндөмдөрдү мүнөздөө үчүн колдонулуучу жалпы түшүнүк (4 сөздүктө).

11. Антик мезгилинде мамлекеттик жаран (гражданин), духту алып жүрүүчү.

12. Элдердин ар бири, жер бетиндеги жаратылган нерселердин эң жогоркусу. Ал акыл-эске, эркин кыялга, эркке, сүйлөө жөндөмүнө ээ. (4 сөздүктө).

13. Кандайдыр бир ички мүнөздүү сапаттарга, касиеттерге ээ, кайсы бир чөйрөгө, коомго ж.б. таандык болгон киши. (3 сөздүктө).

14. Бийик моралдык жана интеллектуалдык касиеттерди өзүнө камтыган личность (2 сөздүктө);

15. Кандайдыр бир жан, кимдир бирөө (4 сөздүктө).

16. Жолоочу (2 сөздүктө).

17. Тирүү, акыл-эстүү, коомдук жандык. Коомдук-тарыхый ишкердиктин жана маданияттын субъекти. Адамдын Жер планетасында анын уникалдуулугун аныктаган айырмалоочу белгилери болуп аң-сезимдүүлүгү, ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгү жана эркин тандоону жүргүзүү жөндөмдүүлүгү, өзүнүн кылык-жоруктары үчүн жоопкерчиликти алуусу, моралдык түшүнүгү, ыйман-адебинин бар болуусу саналат. Адамды сүрөттөп жатышып, анын биологиялык ылайыкталбагандыгын, анын органдарынын кандайдыр бир конкреттүү, жөнөкөй тирүү жандыкка карата специализациясынын жоктугун, эмгек куралдарын жасоо жана аларды, отту пайдалануу жөндөмдүүлүгүн, сүйлөө жөндөмүн жана келишимдүү жүрүм-турумун белгилешет. Адамдан башка бир дагы башка жандыктын жогорку эмоцияга, каада-салтка, ойлоо, тастыктоо, четке кагуу, саноо, пландоо, фантазия кылуу, өзүнүн өлөөрлүгүн билүү, сүйүү, өз ой-мүдөөлөрүн ишке ашыруу, бар нерсени кайра иштетүү, же кандайдыр бир жаңы нерсе түзүү жөндөмдүүлүгүнө жана юмордук сезимге ээ

болгондугу белгилүү эмес. Адам айлана-чөйрөнү өзү сыяктуу окуп-үйрөнөт жана өзгөртөт, маданиятты өнүктүрөт жана өзүнүн жеке тарыхын түзөт. Адамдын маңызын, анын пайда болушун жана жаралуу максатын, коомдогу ордун изилдөө философиянын, тарыхтын, дин таануунун, искусствонун негизги маселелери болот (5 сөздүктө).

18. Толук күчкө ээ “бойго жеткен эркек”. Мисалы, *адам болуу* (3 сөздүктө).

19. Акыл-эске ээ, эркин жан тартуу кылынган жана өзүнүн ойлорун башкаларга сөздөр менен жеткирүүгө жөндөмдүү, жаныбарлардын мыктысынын мыкты (Россия Академиясынын сөздүгү (1794)).

20. Жердеги тирүү организмдердин жогорку баскычы, жашоонун коллективдик жана аң-сезимдүү жолу - анын маңызы. Ал - коомдук-тарыхый ишкердиктин жана маданияттын негизги субъекти болот. Адамдык ишкердиктин өнүгүүсү аны табигый бүтүндүктү түзүүчү субъектке айландырат (Коротец И.Д., Штомпель Л.А., Штомпель О.М. “Человек и общество”. Словарь-справочник. 1996. – 493 с).

21. Биринчи киши, топурактан жаралган алгачкы жан (мифологияда).

22. Жылкы мүнөз, темирден катуу, таштан бек, гүлдөн назик,жеринен сыпаа, табиятынан жатык, ит жандуу, көңүлүнөн азган, тилинен жазган, бир сырдуу, миң кырдуу жан, бул жарыктын коногу, дүйнөгө бир келген конок, Теңирдин көз алдында турган нерсе ж.б. (макал-лакаптарда).

23. Курсактын кулу, Менделеев мезгилине кирбеген ачыла элек элемент, билгенден биле элеги көп, тирүүлүккө болгон башат, жүнү жок, эки буттуу жаныбар, анын тагдыры да аалам сыңары татаал, түпсүз, ал мезгилсиз өлүш үчүн төрөлбөйт, адамдардын кээ бирлери бала боюнча эле карып калышат ж.б. (афоризмдерде).

24. Айры төш. *Мен ушул күнгө чейин айры төштүн алдында калганым жок* (Аалы). Иттин уулу Байкара. *Муну иттин уулу Байкара да билет, - деп мени жемелеп кирди* (“Чалкан”). Кара башыл. *Мен азыр кара башыл киши издеп чыктым* (Сыдыкбеков). (Фразеологизмдерде).

25. Көптөгөн күйөөлүү аялдар эрлерине кайрылууда, аларды тергеп, сыйлап, аттарын айтпастан киши деп коюшат. Мисалы, *кишиге айтып көрөйүн. Биздин кишини чакырып койгулачы* (оозеки кептен).

26. *Адам/киши* сөздөрү кээде кимдир-бирөөнүн ишенген жардамчысын же кызматкерин, конокту, жат адамды дагы билдирет. Мисалы, *Үйдө олтуруп тургула, мен силерге киши жиберем, силерди алып келет. Сенде өзү ишенген адамың барбы? Киши-кара укса уят* (оозеки кептен).

27. Таң калууну, кекээрди билдирген сырдык сөз. Мисалы, *Адам, ушундай да болот экен ээ?!*

Көптөгөн орус тилиндеги сөздүктөрдө адам түшүнүгүнүн аныктамасынан кийин адамды сыпаттоочу көптөгөн тилдик бирдиктер келтирилген. Алсак, *человек с большой буквы, человек в футляре, адам болуу, деловой, практичный человек* ж.б. Ал эми кыргыз тилиндеги сөздүктөрдөгү аныктамалар көркөм чыгармалардан алынган мисалдар менен гана коштолгон.

Адам сөзүнүн түшүндүрмөлөрү жана мисалдар келтирилген сөздүк макалалар кээ бир учурда бири-бирин кубаттап, толук байланышта, окшош, бир тектүү болушса, айрым мезгилдерде бири-бирине таптакыр дал келбей, өзгөчөлөнүп, айырмаланып турушат. Бул көрүнүш изилденип жаткан ачкыч сөзүнүн бир нече аныктамаларынын пайда болушуна алып келет. Сөздүктөрдөгү түшүндүрмөлөрдүн мезгилдин өтүүсү менен байып, өзгөрүлүп, толукталып, жаңыланып туруу процесси тил өкүлдөрүнүн маданий-тилдик аң-сезиминин өнүгүүсү, белгилүү бир кубулуш, нерсе же касиет жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн кеңейүүсү жана тереңдеши менен байланыштуу деп ойлойбуз. Көптөгөн кылымдар бою Россияда адам жөнүндөгү элестөөлөр христиандык ишенимдер менен байланыштуу болсо, кыргыздардын адам тууралуу ойлору мусулман дининин орто Азияда таралуусунан кийин Адам ата менен Обо эне жөнүндө маалыматтардын пайда болуусу менен байланыштуу деп божомолдоого болот (Ч. Дарвиндин атеисттик теориясынан тышкары). Мындай көз караштар XIX кылымдагы сөздүктөрүн жана кээ бир мифологиялык сөздүктөрдүн ыйык тексттеринде

берилген мисалдарда ачык байкалат. Бирок азыркы түшүндүрмө сөздүктөрдө башка процесс – илимий дүйнө тааным жана адам жөнүндөгү билимдердин акырындап топтолуусу чагылдырылат.

Россия Академиясынын 1794-жылы жарык көргөн сөздүгүндөгү “акыл-эске ээ, эркин жан тартуу кылынган жана өзүнүн ойлорун башкаларга сөздөр менен жеткирүүгө жөндөмдүү, жаныбарлардын мыктысынын мыкты” деген түшүндүрмөсүндө *тартуу кылынган, жан* деген сөздөрдө адамды Кудай жараткандыгы имплициттик түрдө берилет.

Д.Н. Ушаковдун сөздүгүндөгү аныктама “Кыргыз тилинин сөздүгүндө” келтирилген чечмелөөгөжакын болгону менен, мындагы“жаныбарлардан айырмалоочу” компоненттин камтылышы өзгөчөлүк жаратат. Бул эки сөздүктө *адам* сөзүнө карата берилген “Акыл-эске, ойлонуу жана пикир алмашуу жөндөмүнөээ, өндүрүшкө тиешелүүшаймандарды жасап, аларды эмгек жараянындаколдоно билген киши же жан” аныктамасын универсалдуу деп эсептөөгө арзыйт. Анткени ал бир нече сөздүктө кездешет. Ошондуктан бул аныктаманы *адам* ачкыч сөзүнүн семантикалык талаасынын борборунан орун алдырууга болот.

Сегизинчи жана он экинчи түшүндүрмөлөрдө биринчи орунга адамды “коомдук жандык” катары аныктаган ой чыга келет. С.А. Кузнецовдун редакциясы астындагы “Орус тилинин чоң түшүндүрмө сөздүгүндөгү [Кузнецов, 1998: 378]” трактовка 1984-жылы жарык көргөн “Кичине академиялык сөздүктө” берилген маниге дал келет.

“Мурунку Россияда ресторандарда, арак ичүүчү жайларда ж.б.у.с. жерлерде иштөөчү кызматчы, лакей, официант” деген түшүндүрмө бир дагы кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүктөрүндө кезикпейт. Андыктан адам сөзүнүн бул маанисин орус элинин улуттук-тарыхий, социалдык турмушунун өзгөчөлүктөрүн, менталитетин жана эски жашоо образын чагылдырган чечмелөө катарында кароого болот. “Интеллектуалдык жана моралдык жогорку касиеттерди өзүнө топтогон, мыкты сапаттарга ээ киши” деген

аныктамада “мораль”, “интеллект” семалары басымдуулук кылып, адамдын адамдык сапаттары башкы орунда экендигине көңүл бөлүнгөн.

Түшүндүрмө сөздүктөрдөгү маалыматтар *адам* сөзүнүн айкалышуусунун акырындап кеңейүүсү жана белгилүү бир доорду чагылдырган туруктуу сөз айкаштар, идиомалар жөнүндө бай маалыматтарды камтыйт (*адам-күн, адам саат, кутудагы киши, адам болуу, адам ата, адам кылуу, адам – бул сыймыктуу ысым, адам адамга – дос, жолдош жана тууган* ж.б.). Мындан тышкары сөздүктөрдөгү иллюстрациялар адам личностунун көбүрөөк дифференциацияланган ар түрдүү аныктамаларын бизге көрсөтүп беришет. Ал эми энциклопедиялык сөздүктөрдөгү тилдик концептуализация логикалык түшүнүккө сыйбаган кең, терең маанилерди тартуу кылат.

Лексикографиялык фонддун материалдарын анализдөө концепттин түзүмүнкененирээк ачыктоого жол берди (3.1-табл.):

Сөздүктөрдүн материалдарынын негизинде “Адам” концептининөзгөчөлүктөрүн анализдөө анын дүйнөнүн илимий тилдик бейнесинде чагылуу жолдорун репрезентациялоого мүмкүнчүлүк түздү. Аныкталган семантикалык топтордупотенциалдуу концептуалдык белгилер катары кабылдоого болот. Полисемиялык*адам*сөзүнүнбазалык мааниси төмөнкү семалардан куралат: 1), номинативдик, категориялык жана абстракттыктүз маани; 2) салыштырылуучу, өтмө маани; 3) аксиологиялык, образдык, символдук маани.

Бул жерде баштапкы маани (*Акыл-эске, ойлонуу жана пикир алмашуу жөндөмүнө ээ, өндүрүшкө тиешелүү шаймандарды жасап, аларды эмгек жараянында колдоно билген киши же жан*) –башка бир сөз аркылуу жасалбаган, негизги денотативдик маани катары саналып, концепттин ядросунан(борборунан) орун алат. Кийинки маанилери (*Эркке, акыл-эске жана жогорку сезимдерге ээ жандык. Ресторандарда иштөөчү кызматчы, лакей, официант. Личность, индивид, персона. Толук күчкө ээ “бойго жеткен эркек”. Жылкы мүнөз, таштан бек, гүлдөн назик,табиятынан жатык, бир сырдуу, миң кырдуу жан. Курсактын кулу* ж.б.) баштапкы

маанининчегиндежаралгандыктан концепттин жакынкы жана алыскы периферияcында(жакабелинде) жайгашып, экинчи баскычтагы, туунду, коннотативдик өтмө маанилер катарыкабыл алынып, алардын пайда болуусуна биринчи маани түркүберет. Себеби коннотативдик маанилер денотативдик маанилердин негизинде келип чыгат.

“Адам” концепти конкреттүү ой түзүм болгондуктан, аны материалдаштырууда көптөгөн конкреттүү предметтик категориялык маанилер колдонулду: *адам, киши, бойго жеткен эркек, лакей, жолоочу, айры төш, индивид, персона, субъект*, *инсан* ж.б. Бирок келтирилген дефинициялардын арасында абстракттуу категориялык маниге ээ аныктамаларды дагы кезиктирүүгө болот: *жогорку моралдык жана интеллектуалдык касиеттер*, *акыл-эс, билим, коомдук-тарыхый ишкердик, жалпы сапаттар жана жөндөмдөр, жылкы мүнөз* ж.б.

Концепт көп катмарлуу, масштабдуу татаалтүзүлүшкө ээ.Ал түшүнүк берүүчү, образдык жана аксиологиялык (баа берүүчү) компоненттердикучагына алат. “Адам” концептинин түшүнүк берүүчү аспектиси түшүнүктүн көлөмү менен мазмунун ачып берүү үчүнкызмат кылат. Образдык компоненти концепттин ар кандай образдар, көрүнүштөр аркылуу чагылдырылышын камсыздайт. Ал эми түшүнүккө ар тараптуу баа берүү, аны салыштыруулардыннегизинде сыпаттоо аксиологиялык аспектисинин жардамында ишке ашат.

3.1-таблица

Анализдөөнүн натыйжасында түшүндүрмө сөздүктөрдөн алынган дефиниция лардын негизинде төмөнкү компоненттерди жиктеп бермекчибиз.

- Түшүнүк берүүчү аспекти:акыл-эске, ойлонуу жана пикир алмашуу жөндөмүнө ээ, өндүрүшкө тиешелүү шаймандарды жасап, аларды эмгек жараянында колдоно билген киши же жан; приматтар классындагы Homo сүт эмүүчүлөр тибинин; тар мааниде Homo sapiens түрүнүн – өкүлү; адам,киши, инсан, жаран, жан, бенде, хомо сапиенс; бардык элдерге таандык, жалпы сапаттарды жана жөндөмдөрдү мүнөздөө үчүн колдонулуучу жалпы түшүнүк; кандайдыр бир ички мүнөздүү сапаттарга, касиеттерге ээ, кайсы бир чөйрөгө, коомго ж.б. таандык болгон киши ж.б.

- Образдык аспекти: толук күчкө ээ “бойго жеткен эркек”; темирден катуу, таштан бек, гүлдөн назик,жеринен сыпаа, табиятынан жатык, ит жандуу, көңүлүнөн азган, тилинен жазганжан, бул жарыктын коногу;

курсактын кулу, Менделеев мезгилине кирбеген ачыла элек элемент, билгенден биле элеги көп, тирүүлүккө болгон башат, жүнү жок, эки буттуу жаныбар; айры төш, иттин уулу Байкара ж.б.

- Аксиологиялык (баа берүүчү) аспекти: интеллектуалдык жана моралдык жогорку касиеттерди өзүнө топтогон, мыкты сапаттарга ээ киши; эр жеткен, акылы, билими бар, эмгектене билген киши; эркке, акыл-эске жана жогорку сезимдерге ээ жандык; личность, индивид, персона; аң-сезимдүү, терең абстракттуу, ойлонууга, сүйлөөгө (жаныбарлардан айырмаланып), эмгекке, коомдук жашоонун жогорку деңгээлин, маданияттын жетишкендиктерин өздөштүрүүгө жөндөмдүү жандык ж.б.

Келтирилген аныктамалар *адам* ачкыч сөзү бири-биринен семантикалык жактан айырмалануучу төмөнкү бир нече белгилерди кучагына ала тургандыгын тастыктайт: “ойлоого, сүйлөөгө болгон жөндөмдүүлүк”, “моралдык жана интеллектуалдык касиеттер”, “эр жетүүчүлүк, акыл-эс, билим”, “сүт эмүүчүлүк”, “жашоонун деңгээли, маданияттын жетишкендиктери”, “жаратылыш кубулушу”, “коомдук-тарыхый ишкердик”, “дух”, “эң жогорку жаратылган нерсе”, “жан”, “аң-сезимдүүлүк”, “жөндөмдүүлүк”, “маданияттуулук”, “субъект”, “кулк-мүнөз, жүрүм-турум”, “эмгек, ишкердик”, “кызматчы”, “социалдык, биологиялык түр” ж.б. Бул белгилерди тил ээлеринин аң-сезиминдеги “Адам” концептинин актуалдуу белгилери катары саноого болот.

Натыйжада төмөндөгүдөй ойго келүүгө болот. Дүйнөнүн «Адам» концептин камтыган бардык бейнелеринде – стилистикалык (троптук), ортодоксалдуу, социалдык, философиялык, эмоционалдык, функционалдыкж.б. өзгөчөлүктөр чагылдырылат. Ал эми тилдик сүрөттөрүндө концепттин борборуна жана эң орчундуу белгилерине көңүл бурулат: ***адам***–акыл-эске, ойлонуу жана пикир алмашуу жөндөмүнө ээ, өндүрүшкө тиешелүү шаймандарды жасап, аларды эмгек жараянында колдоно билген киши же жан. Интеллектуалдык жана моралдык жогорку касиеттерди өзүнө топтогон, мыкты сапаттарга ээ киши. Кандайдыр бир ички мүнөздүү

сапаттарга, касиеттерге ээ, кайсы бир чөйрөгө, коомго ж.б. таандык болгон киши. Бийик моралдык жана интеллектуалдык касиеттерди өзүнө камтыган личность. Анын уникалдуулугун аныктаган айырмалоочу белгилери болуп аң-сезимдүүлүгү, ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгү жана эркин тандоону жүргүзүү жөндөмдүүлүгү, өзүнүн кылык-жоруктары үчүн жоопкерчиликти алуусу, моралдык түшүнүгү, ыйман-адебинин бар болуусу саналат.

3.8. “Адам” концептинин репрезентациялоочу синонимдер жана антонимдер

Синонимия концептуализация процесстерин чагылдырган негизги тилдик каражаттардын бири болуп саналат. Ал бул тигил же бул концепттин ар түрдүү чегин, аспектисин, алардын өзгөчөлүктөрүн мазмундук жана эмоционалдык-баалоо өңүтүндө чагылтуучу кубулуш. Лексикалык синонимдердин негизинде толук же жарым-жартылай семантикалык окшоштук болот. Бул параграфта биз маданий маалыматтын семантикалык механизмдеринин синонимдик тизмектерди карамакчыбыз. Лингвомаданият таануучулук аспектиде синонимдерди окуп-үйрөнүүнүн актуалдуулугу В.В. Колесов тарабынан белгиленген [1999, 185].

Синонимдер тизмектерге же парадигмаларга (лексика-семантикалык топторго) топтоштурулат. Маданият таануучулук аспектиде синонимдик тизмекти лингвосемиотикалык тизмектин бир түрү катары кароого болот. В.В. Колесов: “Синонимдик тизмекти түзгөн семантикалык доминанта дайыма кайсы бир улуттук өзгөчөлүккө ээ, жүздөгөн жылдар бою түптөлгөн, улуттук маданиятты чагылтып, тынымсыз өнүгүп турган “образга”-түшүнүккө кирет”, - деп белгилейт [1999, 205]. Мындай көз караш синонимиянын маданий-когнитивдик аспектисин чагылдырат. Синонимдер концепттин вариативдик (варианттуу) презентациялары катары каралат, б.а., бул тилдик кубулуш концептуализация процессинин кайсы өзгөчөлүктөрүн, кантип репрезентациялайт деген суроого синонимдик тизмектерди анализдөө аркылуу жооп табууга болот.

Кыргыз тилинде изилденип жаткан “Адам” концептинин маани-маңызын ачып берүүчү *киши* ачкыч сөзү төмөнкү синонимдерге ээ: *киши, инсан, жаран, атуул, бенде (пенде), Хомо сапиенс, адам баласы, пендезат, адамзат, адам заада, бирөө (Байлык бирөөнүн маңдайына бүтсө, дагы бирөөнүн таңдайына бүтөт), тургун, ажалдуу, персона,индивид, личность,индивидуум,субъект,антропос, көр пенде, фигура* (карапайым кепте), *айры төш* (фразеологизмде), *өкүл, өкмөт, жак, мырза, айым, эки жаш* (адамга имплициттик түрдө синоним боло алат). Бул синонимдик тизмектердин баары адам баласын ар тараптан мүнөздөп, аныктап, атап, анын түрдүү: биологиялык, маданий, психологиялык, философиялык, диний, укуктук, тарыхый, саясий, илимий ж.б. өзгөчөлүктөрүн белгилеп турушат. Алар бири-биринен лексикалык маанилеринин боектуулугу, колдонулуу чөйрөсү жана стилдик өзгөчөлүктөрү менен айырмаланышат. Бул жерден синонимдер маанинин окшош экстенсионалдык мүнөздөмөсүнө ээ экендиги байкалат.

Жогорудагы синонимдердин доминантасы катары *адам* сөзүн алууга болот. Анткени алтиешелүү лексеманынтүпкү мазмунун, баштапкы маанисин берүүгө дарамети жетет. Бирок ал бул сөздүн эмоционалдык-экспрессивдик жана семантика-стилистикалык белгилерин же боёктуулугунчагылдыра албайт. Анын түзүүчү курамы жөнөкөй, мааниси жалпы колдонулуучулукка жана регулярдуулукка ээ, колдонулуу чөйрөсү, номинативдик функциясы чектүү, тар эмес. Бул лексема башкалардан чоң деңгээлдеги тактыгы, дааналыгы, эң бай семалык курамга ээ экендиги менен айырмаланат. Мындан сырткары доминанттык ролду бөлүнүп көрсөтүлгөн *киши, адам баласы, адамзат* ачкыч сөздөрүнүн бирөөсү дагы аткара алышы мүмкүн.

Момун-мусулман, христиан, буддист, баптист, еврей ж.б. сыяктуу диний жалпылуулукка таандык лексемалар дагы кайсы бир деңгээлде *адам*сөзүнө синоним катары саналып кетет.

Адам лексемасынын мазмунундагы бул синонимдик компоненттер концептти толугураак ачыктап көрсөтүүдө өтө маанилүү.

Күч сөзүн *адам* сөзүнө синоним катары кароого болот. Анткени бул сөздүн – аскерлер, кандайдыр бир өндүрүштүк коллективге бириккен адамдар тобу, бирдей кесиптеги адамдар деген тогузунчу мааниси адамды билдирип турат. Мисалы, *куралдуу күчтөр – куралдуу адамдар, деңиз күчтөрү – деңиз кишилери.*

Жан полисемиялык сөзүнүн экинчи мааниси *адам/киши* лексемаларын туюнтат. Мисалы, *Көчөдө кыбыраган бир да жан жок* (Абдукаримов), *Айлакер Бакай караны, Атасындай жан эле, Балбандарга сабатты* (“Сейтек”), Ушул эле мисалдарды *Көчөдө кыбыраган бир да адам жок, Айлакер Бакай караны, Атасындай киши эле, Балбандарга сабатты* деп айтса деле болот. Андыктан *жан* лексемасын изилденип жаткан концепттин синоними катары саноого негиз бар.

Баш, *кол* деген сөздөр дагы *адам* сөзүнө синоним болот. Алсак, *Баш экөө болбой, мал экөө болбойт. Такыялуу башка далай иш түшөт* (Макал). *Баштагыдай ата-энең Малга сатпайт башыңды* (Тоголок Молдо). *Ак кол менен жумушчу кол учурашты, бирин-бири кыса кармашты* (Борбугулов). Бул мисалдарда *баш* сөзүнүн *адам* сөзүнүн ордуна метонимиялык байланышта колдонулгандыгы көрүнүп турат. Ал эми *кол* сөзү өтмө коннотативдик маанисинде, метонимиялыкмамиледе *адам* сөзүнө синоним катары каралууда.

Кээде *адам, киши* лексемаларынын ордуна *эме, неме* деген сөздөр оозеки кепте синоним катары берилет. Мисалы, *Балким, камчы сапка жарачу эмелердир* (Бейшеналиев). *Каалабасаң кара жолтой немени талкалап сал* (Медетов). *Кандай кара ооз неме эле, жаагын басып койсоңорчу* (Укаев). *Карганын шыйрагындай болгон немени кайдан ээрчитип алгансың* (“Чалкан”).

Орус тилинин сөздүгүндө (Словарь современного русского литературного языка. Том 4. – М., 1991. - 134 – 138-бб.) *адам* сөзүнө төмөнкү лексемалар синоним катары келтирилген: *землянин, личность, индивид, индивидуум, особа, особь, персона, хомо сапиенс, создание, лицо, смертный, дворовый слуга, служитель, лакей, официант, слуга, мужчина, мужик*ж.б.

Англис тилинде *адам* сөзүнө төмөнкү тилдик бирдиктер синоним катары колдонулат: *man – guy, gentleman, male, bloke, dude; person – individual, figure, human, human being, mortal, type, character, soul, creature, thing* (Oxford Learner's Thesaurus. 2008. Oxford university press)ж.б.

Орус тилинде "Адам" концептинин гиперонимдери катары *сүт эмүүчү, примат* түшүнүктөрү каралган Бирок бул түшүнүктөрдү дагы өз кезегинде *тирүү жан,жандык* сөздөрүнүн курамына киргизип, баш ийдирүү мүмкүнчүлүгү бар. Ал эми гипонимдери катары *неандерталец*, *кроманьонец*, *архантроп*, *палеоантроп; карыя, кемпир, эркек, аял, бала, кыз, бөбөк, ымыркай* ж.б. Биз дагы бул көз карашка кошулабыз (Викисловарь русского языка. ru.wiktionary.org).

Бул параграфты жазууда "Адам" концептин репрезентациялоочу бардык синонимдик лексемалардын кыргыз тилиндеги түшүндүрмөлөрүн иликтөөгө туура келди. Жыйынтыгындааталган концепттин баштапкы түшүнүктөрү, базалык синонимдери саналган*жан* (4 мааниси бар)*, субъект* (3 мааниси бар), *киши* (2 мааниси бар)*, жаран* (2 мааниси бар)*, пенде* (2 мааниси бар)*, бирөө* (2 мааниси бар), *персона* (2 мааниси бар)сыяктуу бирдиктер полисемиялык мүнөзгө ээ экендиги аныкталды. Аларды негизги номинативдик маанисинде*адам/киши*сөздөрүнө синоним катары берип,*адамзат, адам баласы, инсанат* сыяктуу лексикалык бирдиктерди "Адам" концептинин кеңири мааниге ээ жамдама түшүнүктөрү катары санадык.

Белгилүү бир вербалдык каражаттардын жардамында реализациялануу – концепттин лингивистикалык табиятына тиешелүү процесс. Мындай вербалдык каражаттардын топтому концепттиндоминанттарынын (ядролорунун) айланасында орун алуучутийиштүү лексика-семантикалык талааны (жакабел алкактарды) бөлүп көрсөтүү зарылчылыгын пайда кылат. Маселен, "Адам" концептинин борборун *киши* сөзү борбордук катмарын *адам баласы, адамзат, пендезат* лексемалары (анткени алар жамдама мааниге ээ), жакынкы жакабелин *адам, инсан, бенде, жаран*, ал эми алыскы жакабелин

Хомо <u>*сапиенс*</u>*, бирөө, ажалдуу, индивид, индивидуум,персона, личность, субъект, фигура* ж.б. синонимдик бирдиктер түзөт (3.2-табл.).

“Киши” концептине тиешелүү оозеки кепте, макалаларда, тексттерде, дискурстарда, аныктама-мүнөздөмөлөрдө: *жумуш, ата-эне, үй-бүлө, жоопкерчилик, маданият, акыл-эс, жашоо, тамак-аш, окуу, курулуш, айлыкакы, турак-жай, саякат, ден соолук; медицина, транспорт, жамаат, комьютер, музыка, тил, кийим-кече, тазалык, тарбия, сый-урмат, саясат, Алла Таала, дин, ойлоо, ыйман, эс алуу, оюн, мүнөз, дүйнө, аракет* ж.б. түшүнүктөрдүн байма-бай кезигип, кеңири учуроосу алардыизилденип жаткан концепттин базалык компоненттери, негизги түзүүчүлөрү катары кароого боло тургандыгын айгинелейт.

Мындан сырткары изилдөөнүн жүрүшүндө *адамгерчиликтүү, адамгерчиликсиз* лексикалык бирдиктердин синонимдик алкагынреконструкциялоогодалалат жасалган.

1) Адамгерчиликтүү – *кишиликтүү (Токтогул тамашакөй, шайыр, кишиликтүү акын болгон.* Бөкөнбаев*),гумандуу, кайрымдуу, адептүү, ахлак-адептүү, адилет, калыс, боорукер, көңүлчөөк, ак көңүлдүү, ак ниет, жумшак көңүлдүү, ырайымдуу (Салык көздөрүн күлүңдөтүп, эң ырайымдуу кебетеси менен Бакенге карайт.* Каимов)*, адамдыкка арзыган, адамга таандык*

3.2-таблица





сапаттары бар, башкаларга ынталуу, ыкыластуу, башкаларга көңүл салган, башкаларды урматтаган, мейримдүү, мээримдүү, ак жүрөк, жосуну жакшы, жароокер, кичи пейил (Ал жогорку билимдүү, өз ишин жакшы билет, кичи пейил. Егиналиев)*, жардамын аябаган, көңүл калтырбаган, киши көңүлүн оорутпаган, сылык (Дос, тууганды ала жүр жакын кылып, Кичүүгө да, улууга болгун сылык.* Баласагын)*, карапайым, тартиптүү, ашыра сыпайы, ызаттуу, элпек, маданияттуу, жайдары* ж.б. (3.3-табл.)

3.3-таблица

Кайрымдуу	Кишиликтүү	Адептүү
Адилет	**Адамгер-чиликтүү**	Калыс
Боорукер	Гумандуу	Ырайымдуу

Антонимия термини аркылуу биринчи кезекте лингвистикалык, башкача айтканда, лексика-семантикалык кубулуш белгиленет. Бул түшүнүк жалпы гносеологиялык, философиялык, семиотикалык логикалык ж.б. аспекттерде дагы каралып жүрөт.

Философияда дүйнө таанымдын башкы үч мыйзамынын бири карама-каршылыктардын бүтүндүгү жанакүрөшү болуп эсептелет да, ал коомдогу,табияттагы жана аң-сезимдеги каршылыктардын өз ара алакасынын жалпы касиеттерин туюнтат. Аалам карама-каршылыктардан, карама-каршы элементтерден, сапаттардан гана куралат. Эң башкы карама-каршылыктарга назар салып, биз *бар, бардык* (бытие, существование, наличие) же *жок,жоктук* (небытие, отсутствие, несуществование), *микро дүйнө*менен*макро дүйнө* (микромир-макромир), *чектүүлүк*менен*чексиздик, өтмүш* (прошлое, былое) жана *келечек* (будущее) ж.б.у.с. экилтик өз ара биримдиктеги жана «күрөштөгү» кубулуштарды белгилейбиз. Алар бири-бирисиз жашай алышпайт. Дүйнө объективдүү карама-каршы бөлүктөрдөн жана касиеттердентурат. Аны биз карама-каршы сапаттар, көрүнүштөр аркылуу гана өздөштүрөбүз. Андыктан карама-каршылык жалпы философиялык гана эмес, гносеологиялык да кубулуш деп айтууга толук негиз бар деп эсептейбиз (Эргешова С.Б., 2010, 7-б.).

Антонимия түшүнүгү семасиологиялык көз карашта антонимдердин катышын туюндуруучу жалпы түшүнүк же антонимдердин жыйындысын билгизүүчү жалпы аталыш катары аныкталат.

Көпчүлүк илимпоздор антонимдерди лексикологиянын, семасиологиянын объектисине кошушуп, алар жуп түрүндө гана жашайт деп белгилешип, аларды сөздүк-морфемалык, кескин-кескин эмес, контекстсиз-контексттүү, сөз-фразеологизм ж.б. түрлөргө ажыратышат (Эргешова С.Б., 2010, 8-б.).

Антонимдик байланыштагымаанинибилдирүүчү жана чагылдыруучусөздөр да баалуу когнитивдик негизге ээ. Алардын жардамында

чын дүйнөдөгү предметтердин, кубулуштардын, касиеттердин,өзгөчөлүктөрү,айырмачылыктары,карама-каршы биримдиктери, жиктелүүлөрү чагылдырылат, аталат, топтоштурулат, жалпыланат, категорияларга, класстарга ажыратылат. Карама-каршы катыштагы сөздөрдүн жардамы менен нерселерди, сапаттарды, кубулуштарды,өз ара контрасттык түрдө туюнтуу менен булардын табияты, мыйзам ченемдүүлүктөрү, жалпы касиеттери белгиленет, өздөштүрүлөт. Антонимдик катыштагы сөздөр дүйнөнүн түзүлүшүн жана элементтерин салыштырып билип таануунун маанилүү каражаты катары карала алышат. Дүйнөнү салыштырып гана өздөштүрүү мүмкүн. Андыктан антонимия кубулушу дүйнө сүрөтүнүн тилдик каражаттарында көп кезигет (Эргешова С.Б., 2010, 8-б.).

Ойтуюмду түзүүчү зарыл элементтер, ойдун ар кыл көлөмдөгү «түйүлдүктөрү» антонимдик байланыштагы концепттердин өзөгүн түзөт. Ошондуктан белгилүү бир концепттин антонимдик чөйрөсүн иликтеп-изилдөө иши когнитивдик лингвистикада кенен колдонулат.

Бир нече концепттин антонимдик катыштарын атайын изилдөө – бул комплекстүү, ошол эле учурда эбегейсиз чоң көлөмдүү эмгекти талап кылат. Андыктан биз “Адам” концептине таандык ганакогнитивдик түшүнүктөрдүн антонимдик мазмунун, алардын спецификасын, түрдүү касиеттерин, концептуалдык талааданорун алууырааттуулугун аныктоого аракет жасап, аларга жалпы жонунан мүнөздөмө берүүнү чечтик.

“Адам” концептине бир нече антоним табууга болот, эгерде “адам” түшүнүгүн бардык жактан карай турган болсок. Биринчи антоними *айбан, жырткыч, жаныбар* десек болот. Адам менен жаныбардын айрым окшоштуктары, жалпылыктары болушу мүмкүн, бирок көпчүлүк тараптары бири-бирине карама-каршы келет. Мисалы, *адам* менен *маймылдын* ортосунда бири-бирине карама-каршы бир топ айырмачылыктар бар. Экинчи антоним катары *Алла Тааланы* алса болот. Адам менен Кудай өздөрүнүн касиеттери, мүмкүнчүлүктөрү боюнча окшош эмес, кескин айырмаланышат. Инсанды

ыйык затка теңөөгө болбойт. Адам ал сыяктуу кудреттүү эмес. Адам күнөө кылат, күнөөгө малынат. Улуу Жараткан ыйык жана адилеттүү. Адам убактылуу жашайт Алла Таала түбөлүктүү. Алла менен адамдын айырмачылыктарынконтрасттык катыштагы кош компоненттүү схема аркылуу көрсөтүүгө аракет жасайлы.

№	Алла Тааланын касиеттери	Инсандын касиеттери
1	Жалгыз	Көпчүлүк
2	Бүткүл ааламдын ээси	Өз мүлкүнүн гана
3	Жаратуучу, жан берүүчү	Бузуп-жаруучу, жан алуучу
4	Кудуреттүү, күчтүү, мүмкүнчүлүгү чексиз	Алсыз, чабал, мүмкүнчүлүгү чектелүү
5	Ыйык, касиеттүү, ардактуу	Күнөөкөр, жөнөкөй
6	Объективдүү	Субъективдүү
7	Адилеттүү, калыс	Адилетсиз, акыйкатсыз, калыстыктан тайган
8	Түбөлүктүү	Убактылуу
9	Асманда	Жерде
10	Баарын көрүп, сезип, билип, башкарып турат	Белгилүү нерселерди гана
11	Эч кимге кулдук урбайт	Табынуучу

Кийинки антоним катары *эмес* бөлүкчөсүнүн жардамында куралган *адам эмес* сөзүн кароого мүмкүн. Анткени адамдык сапаттардан, адеп-ахлак эрежелеринен тайган, моралдык принциптерди бузган, бузукулук иш калгандарды коомдо *адам эмес* экенсиң дешет. Ушул эле түшүнүккө жакын

шүмшүк сөзү дагы адамга антонимдик катышта. Бул сөздүн лексикалык мааниси: адамдын жаманы, жек көрүндүсү (*Баркың кетип карыганда, Шүмшүк болуп калбагын.* Токтогул). Айрым булактарда *коом, жыйылган калың эл* (адам жалгыз – коом көпчүлүктөн турат), *арбак, өлүк* (адам жандуу – арбак көзгө көрүнбөйт, өлүктө жан жок) сөздөрү *адам* сөзүнө каршы коюлат.

Орус тилинде *человек* сөзүнө төмөнкү бирдиктер антонимдик жуп катары каралат: *животное, зверь, недочеловек, нелюдь, выродок* ж.б.

Ал эми *адамгерчиликтүү* сөзүнө - *адамгерчиликсиз, адамгерчиликтүү эмес, адамгерчиликтен чыгып калган, кишичилиги жок, антигумандуу, киши (адамды) жек көргөн, мерез, катаал (Мүнөзү да катаал, өзүмчүл адам экен.* “Ала-Too”*), ырайымсыз, жырткыч, аёосуз, таш боор, ачуусу чукул, кара мүртөз* (*Киши кара мүртөз, киши ак көңүл – дааналана берет.* Осмоналиев), *одоно, корс, өзүмчүл, орой* (*Кандай орой адамсың!?* Каралаев)*, адепсиз, адилетсиз, калыс эмес, ыймансыз, кыянатчыл, мээримсиз, деспот, зулум (Зулум падыша, бай-манаптын доорунда Элди, жерди кара туман каптаган.* Жетикашкаева*), зөөкүр, эзүүчү, мизантропиялык, кара ниет, адамга таандык сапаттары жок, адамга жакшылык кылбаган, ынтасыз, башкаларды сыйлабаган, башкаларды көзгө илбеген, башкалар менен эсептешпеген, тартипсиз, тарбиясыз, ызатсыз, маданиятсыз, кара өзгөй, кара жүрөк* ж.б.

Кыргыз тилинин атайын иштелип чыккан антонимдер сөздүгү жок болгондуктан, изилденип жаткан концепттин карама-каршы маанилерин табуу үчүн түшүндүрмө сөздүктөрдөн, орус тилинин антонимдер сөздүгүнөн пайдаланууга туура келди. Ошондой болсо дагы, талааны сүрөттөө ыкмасынын негизинде “*Адам*” концептинин ядросунан, жакынкы жана алыскы периферияснан орун алган антонимдерди аныктап чыктык (3.4.-табл.)

Салтка ылайык “Адам” концептинин көпчүлүк антонимдери синонимдерине: **-сыз (-сиз, -суз, -сүз)***адамгерчиликсиз*, *адилетсиз*, *ыймансыз* тангыч мүчөлөрүнүн жалгануусу аркылуу жана **жок,эмес** сөздөрүнүн кошулуп айтылуусу мененкишичилиги жок,адамга таандык сапаттары жок,

адамгерчиликтүү эмес, калыс эмес уюшулду. Бир кыйла антонимдер сүрөттөп түшүндүрүү ыкмасы негизинде, сөз айкаштардын жардамында түзүлдү: *адамгерчиликтен чыгып калган, адамга жакшылык кылбаган, башкаларды көзгө илбеген* ж.б.

Эмгектин чегинде мисалга алынган антонимдик жуптардын баары дискурста, оозеки жана жазуукептеринде колдонула алат деп айтуу кыйын. Себебиалардын айрымдары чамалоо жолу менен түзүлдү: (*антигумандуу, мизантропиялык, ынтасыз* ж.б.).

Изилдөөгөалынган концепттин антонимдик мазмунун мындан дагы кененирээкрепрезентациялоомаксатында оппозитивдик ыкманы пайдаланып, “Адам” концептинин чегинде төмөнкүдөй эки илтик белгилерди аныктоого болот: *бай – кедей адам; сабаттуу – сабатсыз адам; адеп-ахлактуу – бузук адам; ак ниет – кыянатчыл адам; асыл – пас адам; ак пейил – кара мүртөз; сергек – ыкшоо; сылык – орой адам; эркин – туткундагы адам; акылдуу – акмак адам; жакшы – жаман адам; каардуу – ырайымдуу адам; түнт – ачык-айрым, жайдарыадам; дени сак – оорулуу адам; ачуулуу – ак көңүл адам; ак ниет – эки жүздүү, анткор адам; жеңил ойлуу – олуттуу караган адам; жалганчы – чынчыл адам; жаш – кары адам; көңүлү шат – капалуу адам; мамилечил – түнт адам; адилет – калыс эмес адам; бактылуу – шордуу адам; семиз – арык адам; изгиликтүү – эч нерсеге жарабаган адам; сүйлөөк – унчукпаган адам; ысырапчыл – сарамжалдуу адам; эр жүрөк – коркок адам; боордош – бөлөк, жат адам; март – сараң адам; зериктиргич – шайыр адам; сокур – көздүү адам; үтүрөйгөн – тамашакөй адам; ооматтуу – ырыссыз адам; оор басырыктуу – кызуу кандуу адам; тайманбас – жалтак адам; ачка – токадам; маданияттуу – түркөй адам; күчтүү – алсыз адам; кежир, көк – тилалчаак, элпек адам* ж.б.Адам түшүнүгүнжогорудагыдай

3.4-таблица



дихотомиялык принциптердинжардамында сыпаттооанын концептуалдык маңызынаныктоонунмаанилүүыкмасы болуп саналат.

Жыйынтыгында «Адам» концептинин ядролукмаанилештери катары *киши, инсан, пенде,* ал эми антонимдик жуптарыиретинде*айбан,жырткыч, Алла-Таала, адам эмес* сөздөрүнбелгиледик.

Антропологиялык негизги концепттердин арасында синоним/антонимдерден тышкары омонимдерди дагы кезиктирүүгө болот. Мисалы, *адам, жаран* сөздөрүнүн омонимдери бар. *Адам* - таң калгандыкты, кубангандыкты билдирет. *Адам ээй, кагылайын, карасаң, бөйтөйүп турганын* («Ала-Тоо»). - *Адам, биздин жолоочулар менен бирге былтыркы Мыскал деген кыз келиптир* (Сыдыкбеков), *жаран* - даярдануу. *Ач арстандай жаранып, эки жагын каранып* (Фольклор).

Мында репрезентацияланган синонимдикжана антонимдик жуптар“Адам” концептине мүнөздүү жалпы өзгөчөлүктөрдү аныктоодо, анын тигил же бул белгилеринматериалдаштыруучумеханизимдердин маанилерин чечмелөөдө же интерпретациялоодо тил ээлеринин ой кампасындааталган концепттин кайсы маанилери актуалдуу экендигин ачыктоодо жемиштүү фонд катары кызмат кыла алат.

3.9. “Адам” концептин сыпаттоочу эпитеттердин жалпы бөтөнчөлүктөрү

Эпитет – тил илиминде, көркөм адабиятта, поэтикалык, лирикалык текстерде көбүрөөк кооздоого жетишүү үчүн кайсы бир объекттин атына кошумчаланып айтылуучу, анын ажарын ачуучу аныктама же көркөм сөз каражаты. Мисалы, *айкөл, кабылан, көк жал Манас, ач көз падыша, алтын күз* ж.б. Эпитеттердин жардамында өзгөчө көркөм, чебер, терең маанилерди чагылдырууга болот. Бул параграфта “Адам” концептине тиешелүү эпитеттерди категориялаштырып, бир нукка салууга аракеттер жасалды.

1. Адамды интеллектине карата сыпаттаган эпитеттер:

а) акылдуулугун, билимдүүлүгүн билдирген: *акылы тунук, зээни өткүр, акылы сергек, кеменгер, окумуштуу, зээндүү, аң-сезимдүү, жогорку билимдүү, мээлүү, акылдуу, даанышман, зейрек, илимдүү, акыл-эстүү, гений, аттуу-баштуу, билимдүү, эрудициялуу, орто билимдүү, зирек, илимпоз, сабаттуу, жетик (Акыл менен иш кылат, Адамдардын жетиги.* Тоголок Молдо)*, эстүү, ойлоп тапкыч, ойчул, акылы курч* ж.б.

б) акмактыгын, акылы тайкы экендигин аныктаган: *акылы кем, зээнсиз, акылы чолок, маң баш, акылы анчалык терең эмес, керең, акмак, келесоо, макоо, акылсыз, саман баш, апенди, апенди чалыш, эси жок, аңкоо, аңкоо чалыш, көңдөй, маңка, акылы тайкы, жинди, маңыроо чалыш (Ал маңыроо чалыш, намыскөй неме!* Жакиев)*, акылы кыска, келесоо чалыш* ж.б.

в) көрөгөчтүгүн, баамчылдыгын, билгичтигин мүнөздөгөн: *байкагыч, сезгич, баамчыл (Баамчыл Кадырбай үйдө отуруп, сырттагылардын ой-*

пикирлерин сезди. Сыдыкбеков)*, көптү көргөн, тапкыч, кыбачыл, билги, көрөөгөч, сергек, билгич, көптү окуган,биле койгуч, баамдуу, тез түшүнгүч, көзү ачык, ыкыластуу, ынталуу, баамдагыч* ж.б.

2. Адамды сырткы келбети боюнча мүнөздөгөн эпитеттер:

а) сулуулугун билдирген: *арык чырай (Айша орто бойлуу, арык чырай, чачы узун, сулуу аял экен.* "Кыргызстан аялдары")*, сулуу, ажарлуу, жагымдуу, ажары ачык,жүзү жарык (Эч кайгырбаган жүзү жарык, жылдыздуу адам.* "Чалкан")*, келишимдүү, чырайлуу, ырайлуу, жылдыздуу* ж.б.;

б) арыктыгын чагылдырган: *илмигий, каржайган арык, кыржыгый, катыңкы, арык* ж.б.;

в) жүдөөлүүгүн, жийиркеничтүүлүгүн билдирген: *илээнди (Илээнди адамдын малы көчкөндө жок болот.* Макал)*, шалаакы, түрү суук, жүдөө (жүдөгөн), кебетеси суук, ыплас, тыкан эмес* ж.б.;

г) семиздигин, сөөктүүлүгүн көрсөткөн: *толмоч, болук (Болук инженердин дем берген сөзүн угуп, Сабира чыйрала түштү.* Сасыкбаев)*, сөөктүү, москоол, кең далылуу, чанач, семиз* ж.б.;

д) денесиндеги кемчиликти аныктаган: *алысты көрбөй турган, дүлөй, сокур, кулагы катуу (Цехте иштеп жатканда кулагы катуу киши менен жаңдашкандай болуп мазеңиз кетет.* Сасыкбаев)*, бүкүр, төкөр, аксак, көр,майып, дудук, чолок, сологой, таз, кулагы катуу* ж.б.*;*

е) жүзүнүн өзгөчөлүктөрүн туюндурган: *куба жүздүү, ак жуумал, кара көз, буурулу бар, көк көз, сакалдуу (Сакалдуу киши жоого түшөрбү?* Макал)*, кара тору, ак чач, калы бар, муруттуу, ак саргыл чачтуу, кубарган, бакжагай, жылуу жүздүү, кашкасы бар, тармал чачтуу, кумсарган, күнгө күйгөн* ж.б.;

ж) боюна, келбетине карата айтылуучу: *бойлуу, орто бойлуу (Маманазар орто бойлуу, катыңкы кара жигит.* Жантөшев)*, кичинекей, сымбаттуу, сындуу, узун бойлуу, жакшы кийинген* ж.б.

3) Адамды жан дүйнөсүнө карата сүрөттөгөн эпитеттер:

а) боорукердигин, ак көңүлдүүлүгүн, адилеттүүлүгүн билдирген: *айкөл, боорукер, калыс, инабаттуу (Инабаттуу жакшы адамдар, Эл көзүнө*

мазардай. Кылыч), *күйүмдүү, адилет,жароокер, бирөөгө жакшылык тилөөчү, мээримдүү, ырайымдуу, жумшак, көңүлгө кароочу, мээрман, жардамын аябаган, көңүлү жумшак, кайрымдуу, ырай кылуучу, ак көңүл* ж.б.;

б) таш боордугун билдирген: *мээримсиз, кара мүртөз (Киши кара мүртөз, киши ак көңүл – дааналана берет.* Осмоналиев), *катаал, таш боор, мүнөзү катуу, ырайымсыз, назары ач, каардуу, катуу* ж.б.;

в) жан дүйнөсүнүн тазалыгын, ачык-айрымдыгын чагылдырган: *адал, адал ниеттүү, ак, ак иштеген, ичинде кири жок (Ичинде кири жок, ала көөдөн Жамалкан өзүнүн сөзүнө өзү каткырып күлдү.* Абдыкаримов), *ачык-айрым, кабагы ачык, ак пейил,жаркын, ак ниеттүү, маңдайы жарык, жадырап-жайнаган, ак жүрөк, кабагы жарык, арам ою жок, жайдары, куулук-шумдугу жок, арамдыгы жок, жаркылдаган* ж.б.

г) алаңзарлыгын, камырабастыгын туюнткан: *байкабас, камырабас, абайлабас, кебелбеген, алаңгазар, мурдуна бок сүйкөсө билбеген, күйкөлөктөнбөс, бейгам, камырабаган, акылга салып иштебеген, кишиге ишене берме* ж.б.;

д) адептүүлүүгүн, адепсиздигин көрсөткөн: *тарбиялуу, ыймандуу, адамгерчиликтүү, кичи пейил, адепсиз, желмогуз, гумандуу, кара башыл, зөөкүр, адептүү,тарбиясыз, көңүл калтырбаган* ж.б.;

е) арампоздугун атаган: *арампоз, арам порос* (*Кээ адам арам порос, ууру, кески, Өмүрүндө арамдык менен күнү кечти*. Тоголок Молдо) ж.б.;

ж) ичи тардыгын, кара ниеттүүлүгүн билдирген: *ич күйдү, кара ниет, кыңыр (Кырк киши бир жакта, кыңыр киши бир жакта.* Макал), *ичи тар, кызганчаак (Бирөө март, бирөө шайыр, дагы бирөө – Кызганчаак, аялына жүрөгү тар.* Осмонов), *кыянатчыл, бакыл, көрө албас* ж.б.;

з) түркөйлүгүн ачкан: *наадан, билимсиз, тар пикирдүү, варвар, сабатсыз, окубаган, түркөй, түшүнүгү тар, чала сабат, билими тайыз, маданиятсыз, караңгы, түшүнүгү начар* ж.б.;

и) текеберлигин билдирген: *кекирейген, теңсинбеген, көпкөн (Көпкөн киши көбүрөт, көнбөй каниет кылганга.* Макал), *бой көтөргөн, өзүнө ишенип*

кокурайган, текебер, кербезденген, чиренген, менменсинген, көөлдөгөн (Көөлдөгөн киши көңүлгө карабайт. Макал)*, көөдөнүн көтөргөн.*

4) Адамдын шыгына карата аныктаган эпитеттер:

а) куулугун, амалдуулугун эпчилдигин билдирген: *алчы-таасын жеген, амалдуу, митаам, амалкөй, кашка баш, шайтан, эпчил, маш болгон, шүмшүк, атка жеңил, куу, эптүү, тайга чак, айлакер* ж.б.;

б) таланттуулугун, талантсыздыгын аныктаган: *жөндөмдүү, ышкыбоз, талантсыз, гениалдуу, шыктуу, таланттуу* ж.б.;

5) Адамды кара күчүнө карата баалаган эпитеттер:

а) күчтүүлүгүн билдирген: *белдүү, кубаттуу, идерлүү (Идерлүү адам жактырган.* "Манас"*), алдуу, каруулуу, булчуңдуу, күчтүү* ж.б.;

б) алсыздыгын туюнткан: *алсыз, бошоң, каруусуз, шүлдө, ысыткы* (говорлордо), *чабал, араң жан* ж.б.

6) Адамды кадыр-баркына карата чагылдырган эпитеттер:

а) абийирдүүлүгүн билдирген: *беделдүү, аттуу-баштуу, кадыр-барктуу, белдүү (Ошол Акман колхоздо белдүү кишинин бири.* Сыдыкбеков*), даражалуу, нускалуу, көрүнүктүү, мартабалуу, кадырлуу, салабаттуу (Сатар компоюп, кадимки салабаттуу чоң кишидей.* Баялинов)*, чыгаан, белгилүү, уяттуу (Уяттуу адамдар келди.* Жантөшев)*, абийирдүү* ж.б.;

б) абийирсиздигин ачкан: *зээри пас,назары пас, абийири жок, пас*ж.б.;

в) намыстуулугун, көктүгүн: *ардуу, намыскөй, кежир, өз дегенин бербеген, ар намыстуу, бет алганынан кайтпаган, тажаал, айтканынан кайтпаган, тил албас, көк, эрки күчтүү, өжөр, тилазар, кыйык, көк мелтей (Ал ошондой көк мелтей эле.* Элебаев)*, бети кызыл, тээжик (Ушундай тээжик кишинин кызматын кылууга бекер кабылган экенмин деген ой Көкөнүн көңүлүнө кылт эте түштү.* Жантөшев)ж.б.;

г) уятсыздыгын, паракорлугун көргөзгөн: *бетпак,бетсиз, кара жемсөө (Кара жемсөө адамда калыстык жок.* Макал), *бети калың, паракор, кара өзгөй, арсыз,уятсыз, митекор, жүзү кара* ж.б.;

д) атак-даңкка умтулгандыгын билдирген: *мансапкор, даңкка умтулуучу, даңкты сүйүүчү, атакты жакшы көрүүчү* ж.б.

7) Адамды социалдык абалы боюнча сүрөттөгөн эпитеттер:

а) бай экендигин билдирген: *бардар, бай, акчалуу* ж.б.;

б) кедейлигин белгилеген: *бакыр, жарыбаган, кембагал, пулсуз, кедейж.б*;

в) шордуулугун туюндурган: *бактысыз, муңдуу, шордуу, тумшуксуз, күйүттүү, азаптуу,ырыскысыз, мекенсиз* ж.б.;

г) турмушта кыйналгандыгын, жабыркагандыгын, кемигендигин чагылдырган: *азган, азгын,кор, айласыз, атасы өлгөн, кул* ж.б.;

д) бактылуулугун ачкан: *дөөлөттүү, таалайлуу, бактылуу, маңдайы кең, ырыскылуу, ырыстуу* ж.б.;

е) батымдуулугун, батымсыздыгын көрсөткөн: *башкалар менен ынтымакта тура билген, батымдуу, достуу, ынак, урушчаак, киши менен ыркы келишпеген, мамилечил, чыр, тил табыша алган, бат үйүр алуучу, доссуз, батымы жок* ж.б.

8) Адамды жаш өзгөчөлүгүнө карата ачыктаган эпитеттер:

а) жаш, тажрыйбасыз экендигин билдирген: *жаш, жаңы, заманбап, эне сүтү оозунан кете элек* ж.б.;

б) улгайгандыгын, тажрыйбалуу экендигин көрсөткөн: *акылдан алжыган, кары, улгайган, күйдүм-быштым болгон, эски, машыккан, акылынан алжып калган, картайган, карыган* ж.б.;

в) эр жеткендигин чагылткан: *орто жашар, бойго жеткен* ж.б.

9) Адамды кайраттуулугу, кайратсыздыгы эр жүрөктүгү, коркоктугу боюнча мүнөздөгөн эпитеттер:*күжүрмөн, батымдуу, калтаарыбаган, азамат, кайраты бар, өзүнө ишенген, жашык (Ушундай да жашык киши болобу?* Жантөшев*), белсемдүү, тайманбаган, кайраттуу, шамдагай, өткүр, коркок, жигердүү, жүрөгү жок, кайраты кем, жигерсиз,мокок, тайманбас, кайратсыз, жүрөктүү, өтүмдүү, эр, курулай корко берген, эр жүрөк* ж.б.

10) Адамдын бузукулугун чагылдырган эпитеттер - *азгырма, бузук, бузуку, азгыруучу, бузулган, талкалагыч, азыткы* ж.б.

11) Адамды ар кыл сапаттарына карата аныктаган эпитеттер:

а) мыктылыгын билдирген: *кыйын (Кырк чоронун кызматы, Кыйын Чубак дагы өлгөн.* Манас)*, келишимдүү, маданияттуу, жакшы, сонун, алтын, идеалдуу, улуу, теги мыкты, чыгаан, жагымдуу, татыктуу, көзгө жылуу көрүнүүчү, такшалган, машыккан, өз жолу менен жүргөн, меймандос, кунттуу, оптимист, элпек, чечкиндүү, түбөлүктү ойлогон, берекелүү, чыныгы* ж.б.

б) начарлыгын белгилеген: *жаман, Кудай урган, жаман жүргөн, жаман ойлуу, ыраазы болбогон, жаман кийинген, эч нерсеге жарабаган, жакшылыкты билбеген, саткын, пессимист, эки жүздүү, анткор (Адал тамак жебеген, Анткор залим арамы.* Тоголок Молдо)*, кайдыгер, көңүл кош, ынтасыз, унутчаак, ууру, майда, кыбыр, иши кыйшык, иштей билбеген, кески, копол, ээн баш, ушак уялаган, ушакчы, элегей, эрке, шашпаган, оома, оопай, күйкөлөктөнмө, күржүгүй, алкаш, аракеч, тартипсиз* ж.б.;

в) эмгекчилдигин, активдүүлүгүн, аракетчилдигин туюндурган: *активдүү, ишкер, мээнеткеч, дилгир, тырышчаак, жаны тынбаган, түйшүкчүл, максатка умтулган, көшөрө иштөөчү, эмгекчил, чыйрак, чымыр денелүү, кызыгып артынан түшүүчү, энергиялуу, тырышып иштеген* ж.б.;

г) жалкоолугун, пассивдүүлүгүн чагылдырган: *арамза, кыйшаң, эринчээк, бекерпоз, кашаң, пассивдүү, жалкоо, такай отуруп иштей албаган* ж.б.;

д) сөзмөрдүгүн, сүйлөөктүгүн билдирген: *кепкор, сүйлөөк, бакылдаган,келжирек, сөзгө уста, чечен, калжаң-кулжаң эткен, ачык ооз, сөзмөр, калжактаган, чукугандай сөз тапкан* ж.б.;

е) берешендигин сыпаттаган: *колу ачык, кең, жоомарт, март, кең пейил, берешен, кенен* ж.б.;

ж) сараңдыгын билдирген: *катуу баш, чычканга кебек алдырбаган, битекарын, сараң, зыкым, битир (Жүзбай жетишерлик малы болгону менен өтө битир киши эле.* Каралаев)ж.б.;

з) момундугун, оор басырыктыгын, түнттүгүн көрсөткөн: *боз койдон жоош, салмактуу (Адыл ачык мүнөздүү, салмактуу адам.* Сыдыкбеков)*, ак койдон аңкоо, жөнөкөй, момун, оор басырыктуу, унчукпаган, сабырдуу, көп сүйлөбөгөн, түнт, келик, үндөбөгөн, жоош, кой оозунан чөп албаган, токтоо, жөнтөк, зериктирме, жадатма* ж.б.

12) Адамдын эмоционалдуулугун, ачуусу чукулдугун белгилеген эпитеттер - *бат таасирленүүчү, истериялуу, ачуулуу, кырс, ээ-жаа бербеген, туталанма, жини келген, кыжырданган, эсирген, сезимге берилүүчү, туталанган, ачуусу чукул, кызуу кандуу (Кызуу кандуу, каардуу киши Эдигей, ошо мүнөзү үчүн Боронду деп аталып калган.* Айтматов)*, эмоционалдуу* ж.б.

13) Адамды саламаттыгына карата сыпаттоочу эпитеттер - *соо, сыркоолуу, ноокас, ден соолугу чың, оорулуу, дени соо, бакубат* ж.б.

14) Адамдын башка адамдарга кылган мамилесинин негизинде пайда болгон эпитеттер - *кушпейил, убадалуу, назданган, убадасыз (Убадасыз кишиден жүрүп кеткен жел артык.* Макал)*, одоно, орой, сылык, сылык эмес, сыпайы, ашыра сыпайы, жоопкерчиликтүү, эрдемсинген, башкаруучулук кылууга умтулган, майдачыл, таарынчак, шекчил, ызакор, этият, сак, өкүмчүл, өччүл, принциптүү, каршыкма, таасирдүү, убадага бапалуу, үтүрөйгөн, кер какшык, кекчил* ж.б.

15) Адамды ар кыл көз карашта сыпаттаган эпитеттер:

а)адамдын жеңилдиги: *жеңил мүнөздүү, жеңил кыялдуу, жеңил ойлуу, жоопкерчиликсиз, туруксуз, сатылып кетме* ж.б.;

б) адамдын чыгармачылдыгы: *чыгармачыл, креативдүү, чебер, уста, сүрөтчү* ж.б.;

в) адамдын үнөмчүлдүгү: *үнөмдүү, үнөмчүл, сарамжалдуу* ж.б.;

г) адамдын чыдамдуулугу: *чыдамкай, ит жандуу, туруктуу, чыдамдуу, бышык* ж.б.;

д)адамдын элине болгон мамилеси: *элден чыгып калган, элине кайдыгер караган, элине пайдасы жок, элдүү* ж.б.;

е) адамдын ойнооктугу: *оюнкараак, кумарпоз, ойноок, кумардуу* ж.б;.

ж) адамдын жолдуулугу: *ак жолтой, жолдуу, жолу ачык, жолу болбогон, ийгиликтүү, иши оңунан чыкпаган, кери кеткен* ж.б.;

з) адамдын ишенчээктиги: *жалганчы, калпычы, ишенгич, ишенимдүү, ишенимсиз, ишенчээк* ж.б.;

и) адамдын физикалык абалы: *жарадар, мас, мас эмес, тирүү, өлгөн, чарчаган* ж.б.;

к) адам жана жол: *жөө, жалгыз, аттуу, атчан, жолоочу* ж.б.;

л) адамдын заардуулугу: *заар, заар тилдүү, уу тилдүү, каардуу, залим, канкор, зулум, корс* ж.б.;

м) адамдын көңүлү ток эместиги: *кайгылуу, капалуу, санаачыл, санаасыз, убайымдуу (Ортодо олтуган эң картаң кемпир убайымдуу киши го.* Сыдыкбеков)*, тынчы жок* ж.б.;

н) адамдын өзүмчүлдүгү: *керт башынын камын ойлогон, өз пайдасын ойлогон, өзүмчүл, өзүн өзү сүйгөн* ж.б.;

о) адамдын көңүлүнүн жумшактыгы: *көңүлчөөк, жумшак, жумшак мүнөз, мүнөзү бош, назик, өтүнүчтү жерге таштабай турган* ж.б.;

ө) адам жана кубаныч: *көңүлү шат, кубанычтуу, куунак, кубанган, сүйүнгөн, кушубак (Кишинин баары кушубак, Кубанычтуу болушуп.* “Манас”).;

п) адамдын тамашакөйлүгү: *куудул, күлкүлүү, тамашакөй, шайыр, шаттанган, шылдыңкор* ж.б.;

р) адамдын ач, ток экендиги: *ач, ачка, ач көз, сугалак, тойбос, ток, топуксуз, топуктуу* ж.б.;

с) адамдын түздүгү, тууралыгы, тыкандыгы: *таза, так, так жүргөн, туура, туура ойлоочу, түз, тыкан, тың, чынчыл* ж.б.;

т) адамдын көп түрдүүлүгү: *дардаң, көйрөң, мактанчаак* ж.б.; *уялчаак, уяң, тартынчаак* ж.б.; *демилгелүү, демилгесиз, инициативалуу* ж.б.;

романтик, романтикалык, сүйүүгө бат берилгич ж.б.; *арызчыл, доочул, кыйкымчыл* ж.б.; *карапайым, кадимки эле, жөнөкөй* ж.б.; *камдуу, камкор, камылгалуу* ж.б.; *динчил, такыбаа* ж.б.

3.10. “Адам” концептин синтагмалык жактан изилдөөнүн натыйжалары

Реалдуу чындыктын тигил же бул жактарын түшүнүүнүн спецификасы сөздөрдүн синтагматикалык байланыштарында өз ордун табышы мүмкүн. Г.С.Щур: “Бирдиктердин синтагматикалык айкалышуулары экстралингвистикалык факторлор менен шартталган жана аларды чагылдырышат”, - деп белгилейт [Г.С. Щур, 1974, 90]. В.И. Карасик сөздүн маалыматтык потенциалы “кең контекстте сөздөрдүн айкалышуусу аркылуу белгилүү бир деңгээлде ачыктала” тургандыгын көрсөтөт [В.И. Карасик, 2002, 57]. Н.Ф. Алефиренко сөздөрдүн айкалышуу касиеттерин синтагматикалык маанилүүлүктөрдүн жаралуусу менен байланыштырат.

Сөздөрдүн жайылтуучулары (классификаторлору) кубулуштардын интерпретацияларынын ачкыч сөздөр менен белгиленген өзгөчөлүктөрүн чагылдырышат. О.О. Борискина лингвомаданият таануу изилдөөлөрүндө бул ыкманын эффективдүүлүгү чоң экендигин көрсөтүп, аны төмөнкү операциялардын иреттүү колдонулушу аркылуу ишке ашырууну сунуштайт:

1) классификациялануучу элементтердин дистрибуцияларын ачыктоо;

2) синтаксистик позициялардын классификациялануучу элементтер аркылуу алмашылуучу топтомун аныктоо жана чектөө;3)зат атоочтордун классификаторунун функциясын аткаруучу тилдик бирдиктердин семантикасын окуп-үйрөнүү; 4) классификаторлордун өздүк айкалышуусунун интерпретациялоо; 5) зат атоочту классификатордун өздүк айкалышуусунун негизинде белгиленип көрсөтүлгөн тигил же бул криптокласска киргизүү [1999, 155].

Биздин изилдөөбүздүн парадигмасына ылайык синтагматикалык маанилүүлүктүн маданий аспектилерин аныктоо “Адам” концептинин ачкыч

сөздөрүнүн классификаторлорунун базалык образдарын бөлүп көрсөтүүнүн негизинде лингвосемиотикалык катарларды моделдөөдө, маданий-когнитивдик интерпретациялоодо турат. Дүйнөнү түшүнүү өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү өзгөчө баалуу маалыматты классификаторлорду тандоодо эске алынуучу кыйыр номинациялар алып жүрүшөт. *АДАМ, КИШИ, ИНСАН, ПЕНДЕ* сөздөрүнүн классификаторлорунун басымдуу көпчүлүк бөлүгүндө ("адам баласы, жалпы эле адамзат" маанисинде) образдуулук, эмоциялык-баалоочулук "катмарлар" жок [В.Н. Телия, 1991, 25]. Классификаторлордун образдык семантикасынын инварианттары адамдын чындыктагы концептуализациянын өзгөчөлүктөрүн аныктоочу архетиптик элестөөлөрүн вербалдаштырышат. *"АДАМ"* концептинин ачкыч сөздөрүнүн айланасындагы синтаксистик өзгөчөлүктөрдү прототиптик мааниде карап чыкмакчыбыз.

"Адам" сөзү оң жана терс ракурста түшүндүрүлөт. Оң ракурста синтагмалар адамды эч кимге жамандыгы, зыяны, оордугу жок, жагымдуу жан катары, ал эми терс ракурста айлана-чөйрөгө зыян алып келген, таш боор, жырткыч, жагымсыз кейпи бар жан иретинде сыпатташат. АДАМ– активдүү, жигер, жалкоо, ак кол, жатып ичер: ал таасир этет, өзгөртөт, моралдык жагын жогорулатат, түзөт, жаратат, бузат, кыйратат, жарат, моралдык жактан жабыркатат, жок кылат, бүлүндүрөт, таш-талканын чыгарат ..... Ал бир катар оң жана терс инсандык сапаттарга да ээ: туура – амалкөй (*Атам амалкөй, сөзгө абдан уста.* Жантөшев), куу, ак ниет, - кара ниет, эр жүрөк (*Чолпонбай сыяктуу эр жүрөк уулдарыбыз элибиздин сыймыгы болот.* Ала-Тоо) - коркок, ардактуу- абийирсиз, сыйлуу – уяты-сыйыты жок, баатыр – жалтаң, ак пейил – пейли тар, арам ою жок – арам ойлуу, өз пайдасын ойлобогон – жеке керт башын ойлогон, өзүмчүл, кубанычтуу – кайгылуу, муңдуу (*Муңдуу жүргөн адамга мукамдуу айткан ыр жакшы.* Макал) .....

АДАМ эркин жана анын тиричилик аракети, ишкердиги чыгармачыл мүнөзгө ээ: көз каранды эмес, эркин, өзү баш, өзү төш, чыгармачыл, фантазиялуу, кыялкеч. Адамдын жашоосу түбөлүктүү, туруктуу эмес, ал белгилүү баскычтардан турат, белгилүү баскычтар менен өлчөнөт: ал туулат,

төрөлөт, жашайт, жашоо кечирет, өмүр сүрөт жана көз жумат (*Курбуңуз Медер көз жумду Каракчы немец огунан.* Маликов), аркы дүйнөгө сапар алат.

“Адам” жашына карата да мүнөздөлөт: кырчындай жаш, улгайган, картайган, эне сүтү оозунан кете элек (*Эне сүтү оозунан кете элек сага окшогон балакайлардын неченин көргөмүн* (Советтик Кыргызстан)), башы быша элек, орто жаш ж.б.

Адам өзүнүн бир катар ички жана тышкы белгилери менен жабдыкталат. Ал кызыкчылыктарга ээ (Орунбектин, мугалимдин, досунун, классташынын, башкарманын, аялынын, баласынын, атасынын, кесиптешинин, тууганын, элдин ..... кызыкчылыгы үчүн), ага берилсе, аны менен ынак болсо болот (кыйышпас дос, багбан, баатыр, аял, коргоочу), ага суктанса, көңүлүң түшсө болот (сулуу кызга, актрисага, жигитке, мугалимге, студентке, окуучуга, мед айымга, сатуучуга ..... көңүлү түшүп калып өзүн сүйдүрүү), аны сүйүүгө болот (кызды, жигитти, аялды, адамды ..... сүйүү), ага кызмат кылууга болот (ата-энеге, байга, той ээсине, президентке, элге, падышага, ханга ..... кызмат кылуу), анын көзүнө чөп салса болот (эринин, аялынын көзүнө чөп салуу). Классификаторлордун семантикасы “адам” баалуу статуска ээ экендигин көрсөтүп турат. Анын инсандык ар түрдүү сапаттары бар: эки жүздүү, митаам, кара санатай, шерменде, жүзү кара, улуу, асыл, жакшы, нурдуу, адилет, туура, калыс, чыр, чатак, маскара, талап кылышы, чыдашы мүмкүн. Ошону менен эле бирге кыргыз адамынын тилдик аң-сезиминде адамды мактаса, сыйласа, барктаса, кадырласа, урматтаса, ыраазы кылса, күчтөндүрсө, чыйралтса, шыктандырса, күлдүрсө, жамандаса, ушактаса, караласа, жаман атты кылса, сөксө, атын булгаса, каргаса, жекирсе, кемсинтсе, басынтса, таарынтса, ызалантса, кусалантса, тилдесе, нараазы кылса, урушса, ыйлатса болот.

Адамга бир катар физиологиялык белгилер мүнөздүү: жыныстык айырмачылык: (эркек, аял); жылуу, кыймылдоо жөндөмдүүлүгү (адам басат, жүрөт, жөрмөлөйт, сойлойт, өрмөлөйт (*Сакадай Каныбекке карай тызылдаган бойдон жүгүрдү.* Жантөшев), жылат, илгерилейт, кыймылдайт, козголот, чуркайт, жүгүрөт, сейилдейт, токтойт, турат, учат, шуулдайт, сүзөт,

чөгөт, тырмалап, тырмышып чыгат, тоголонот, ыргыйт, таят, сыйгаланат, багыт алат, жайланышат, көчөт, агат, батат (баткакка), жарышат, жөнөйт .....); азыктануу жана өсүү өзгөчөлүктөрү (жейт, тамактанат, ичет, ууртайт, сорот, жутат, татат, түштөнөт, ооз тиет, жалайт, өсөт, чоңоет, башы катат, тиш кагат, жетилет, бой (эр) жетет, картайат, карыйт, жашы өтөт .....). адамдын кебете-кешпири (арыктайт, семирет, толот, бою өсөт, булчуңдары чыгат, бүкүрөйөт, карыйт, бели бекчейет, өңү кубарат, чачы, сакалы, тырмагы, муруту, түктөрү өсөт, тырыш басат, сепкил, кал чыгат, жүдөйт, көз айнек тагат, таяк таянат, өңү бузулат, караят, бозорот, кызарат, чочуйт, ыйлайт, күлөт, тиштенет, түкүрөт, жасанат, тиши, чачы түшөт, чачы агарат, кулпурат, өзгөрөт, чоңоет, майып болот .....) Мындагы бардык классификаторлор адамдын “динамикалуулук”, “активдүүлүк” сыяктуу касиеттерин чагылдырышат.

Адам өзүнө белгилүү бир сезимдерди чакырат. Аны жакшы көрсө, сүйсө, жактырса, аяса, жек көрсө, жаман көрсө, көрө албаса, ага кызыкса, көнсө болот. Бул классификаторлор адамга кайрылган субъекттен жигердүү руханий кыймыл-аракеттерди талап кыла тургандыгын көрсөтөт. Демек, адамды жакшы же жек көрүш керек, бул сезимдерди баштан өткөргөндөн кийин ага көнсө болот. Адамда активдүү ички маанай бар: ал көңүлү көтөрүңкү, дилгир, шайыр, тайманбас, айкөл, сергек (*Кычандын жүрөгүн түпөйүл басканы менен, сергек турду.* Бейшеналиев), активдүү, тил алгыч, күжүрмөн, эр жүрөк (*Чолпонбай сыяктуу эр жүрөк уулдарыбыз элибиздин сыймыгы болот.* Ала-Тоо), шамдагай, чыйрак, эпкиндүү, элпек, жигердүү .... болот. Адам өзүнүн оппоненттерин коркутуп, чочутуп турат, аларга каршы активдүү согуш жүргүзөт: адамдан коркуу, сүрдөө (*Көпчүлүктүн алдында сүрдөп кетем.* Сыдыкбеков), айбыгуу, чочуу, тартынуу, сестенүү (*Арзынын көз карашынан сестене түшкөн Жума кичине мукактана түштү.* Жантөшев), жазгануу, ийменүү, жалтануу, кооптонуу, апкааруу .....

АДАМГА кээде баалуу, пайдалуу, керектүү нерсе катары мамиле кылышса, айрым учурда аны керексиз, эч нерсеге арзыбаган буюм иретинде карашат. Адам баалуу ресурс: ал предмет, робот катары кызмат кылат, чоң

акчаларга сатылат, белекке берилет, алмашылат, кимдир бирөөлөрдүн кол астында болот ..... Адам баалуу ресурс эмес: анын жанын кыюу, жок кылуу оор иш эмес, кароосуз калат, арзыбаган акчага абийири сатылат, аны таштап кетүүгө, эркинен ажыратууга болот.

АДАМ кыймыл-аракеттин субъекти жана объекти болот. Субъект катары ал өзү кыймыл-аракет жасайт: адам жазат, курат, оңдойт, терет, жыйнайт, жууйт, тазалайт, кыркат, кесет, тигет, сатып алат, казат, орот, ташыйт, алмаштырат, ыргытат, алат, кооздойт, өзгөртөт, жабат, ачат, байлайт, тиштейт, уурдайт (*Сенин болот өгөөңдү Кемпир уурдап алыптыр.* Эр Төштүк), жашырат ..... Объект катарында адамга кыймыл-аракеттер багытталат: адамга берүү (жардам, кеңеш, акча, карыз, сыйлык, үй, күч, буйрук .....), кылуу (белек, зыян, кол-кабыш, жамандык, жакшылык, адамгерчилик, кыянаттык .....), тапшыруу, таарынуу (*Гүлнар Зарылга таарынды.* Сыдыкбеков), болуу (капа, өч, зар, куса, жат, тууган, дос .....), кайгыруу, жалынуу, арноо, багыштоо (*Кат профессор Ахунбаевге багышталган экен.* Ала-Тоо), ыраазычылык билдирүү, айтуу (рахмат, ушак, кабар, арыз-муң, каалоо-тилек, сыр .....), арызданyу, келүү, баруу, суктануу, таң калуу, эркелөө, ишенүү, ишенбөө, ичирүү, кызыгуу, кызгануу, жиберүү, жолуктуруу, жан тартуу .....

Адам менен, анын катышуусунда, жардамында ар кандай иш-аракеттерди жүзөгө ашырууга болот: адам менен достошуу, касташуу, араздашуу (*Кулбаштын бай менен араздашып калышын Салимбай жактырчу эмес.*Абдукаримов), айтышуу, бөлүшүү (ой, пикир, тажрыйба, кубаныч, акча, мүлк .....), кеңешүү, сүйлөшүү, маектешүү, жолугушуу, саламдашуу, болуу (жакшы/жаман мамиледе, ынак, кас, коңшу, санаалаш, классташ, тайпалаш, кесиптеш, замандаш .....), иштешүү, күч сынашуу, ойноо, окуу, ырдоо, сыймыктануу, мамиле түзүү, мушташуу, арак ичүү, баруу (тойго, кечеге, ишке, мектепке, дүкөнгө .....), талашуу (сөз, жер, саат, акча .....), алмашуу, кудалашуу, соодалашуу, ажырашуу, сырдашуу, соттошуу, үйлөнүү, чабышуу, мелдешүү, көңүл ачуу, элдешүү, эсептешүү .....

Адамга ой, кеп жана сезим багытталат. Мында адам ой, максат, кыймыл-аракеттин багытталган объекти болуп, жөнүндө, тууралуу деген сөздөр менен активдүү айкалышат: адам жөнүндө ойлонуу, ойлоо, угуу, жазуу (*Сиз жөнүндө ырлар жазбайм эми мен.* Т. Колдошев), сүйлөө, окуу, ырдоо, түшүнүү, сүйлөшүү, айтуу, пикир алмашуу, пикир, кеп айтуу, ой бөлүшүү, куса, кабардар болуу, баяндоо, кабарлоо, билдирүү, билүү, ооз ачпоо, маалымат, суроо берүү, ушак айтуу, сүрөт тартуу, мыйзам чыгаруу, сабак өтүү, даттануу, иликтөө, изилдөө, издөө, жар салуу, божомолдоо, жоромолдоо, ойдо калуу, эскерүү, унутпоо, кино тартуу, эске салуу, түш көрүү, чатакташуу, угузуу, эшитүү, сүйүнчүлөө .....

Ошентип, концептуализациянын маданий спецификасы көп маанилүү сөздөрдүн семантикалык структурасынын динамикасында, антонимдик, синонимдик, деривациялык парадигмалардын маанилеринде өзүнүн сөлөкөтүн табат. Репрезентацияларды анализдөө түшүнүү процесстерине, маданий билимдин тилдик манифестациясынын мыйзам ченемдүүлүктөрүнө таасирин тийгизүүчү когнитивдик стратегияларды, факторлорду бөлүп көрсөтүүгө жол берет.

Жогорудагы ойлорубузду жалпылап жатып, талданган мисалдар *адам*лексемасынын толук кандуу синтагмалары, анын айкалышуусунбүтүндөй камсыздоочу компоненттери боло албастыгынкошумчалап кетмекчибиз. Келтирилген синтагмалардын катарын улантуу жана мындан ары өнүктүрүү потенциалы бар. Иштин бул бөлүгүндө «Адам» концептинин ачкыч-сөзүнүнноминанттарына гана тиешелүү болгон кээ бир айкалыштар талдоого алынды. Ал эми *киши,инсан, пенде, личность, индивид* ж.б. ушул сыяктуу репрезентанттарынын айкалыштарын толук түрдө келтирүүгө эмгектин көлөмү жол берген жок.

3.11. Негизги антропологиялык концепттерге компоненттик талдоо

Тил илиминде компоненттик талдоо жүргүзүү ыкмасынын жаралуу тарыхында Э.Сепирдин (1930), Л. Ельмслевдин (1940-1950), У. Вайнрайхтын (1961), Э.Бендикстин эмгектеринин ролу чоң. Белгилүү лингвисттер Ю.Д.Апресян менен А.Вежбицкая компоненттик семантикалык талдоо багытында алгылыктуу иштерди жүргүзүшкөн. Алардын жазган эмгектеритилчилер арасында популярдуулукка ээ болгон[Төлөкова, 2012. 77-б.].

Н.Маражапова кыргыз тил илиминин маселелери боюнча жазган диссертациясында сөздүн мазмунун компоненттик талдоо аркылуу сыпаттап, аталган ыкмага үстүрттөн жалпыланган мүнөздөмө берген [Маражапова Н., 2003, 25 б.]. Ж.А.Семенованынэтиштерди лексика-семантикалык талдоого алуунун принциптери чагылдырылган монографиясында компоненттик талдоо методунун жаралуу тарыхына токтолуп, этишти компоненттик талдоого алууыкмасынын негизги багыттарын белгилеген [Семенова Ж.А., 2011, 124 с.].

Бул параграфта биз негизги антропологиялык концепттерге компоненттик талдоо жүргүзүүгө аракет жасамакчыбыз.

Болумуштагы нерселерди адам баласыкөзү менен көрүп, кулагы менен угуп, сезүү органдары менен кабылдап, сөз менен атайт. Аталган номинанттарреалдуулуктубилдирүүдө экспрессивдик-эмоционалдык, коннотативдик боектуулукту кабыл алышат. Сөздөрдү бири-биринен айырмалоочу эң башкы элементтер катарытүшүнүктүк, коннотативдик, экспрессивдик маанилер саналышат[Төлөкова, 2012. 78-б.].

Адам деген сөз – жалпыланган түшүнүктү чагылдырган, кеңири семантикалык планда алганда табияттагы, дүйнө жүзүндөгү бардык эки аяктуу жандуу, акыл-эстүү адамзатты туюндурган лексема. Жаратылыштагы адам баласы, жынысына, улутуна, кызматына, кесибине, социалдык абалына ж.б. карабастан “адам” деп аталат. Мисалы, *аял адам, орус улутундагы адам, абышка, кемпир болгон адам, карапайым адам, кызмат адамы* ж.б.

*Адам*лексемасынын маанисинде дагы бир өзгөчөлүктү байкоого болот. Бул жаш өзгөчөлүгүнө карабастан баарын эле:жаңы төрөлгөн баланы да, бойго жеткен инсанды, үйлөнүп очор-бачар болгон жанды да, жада калса, чал-кемпирди дагы башкалар адам деп атап, адам деп колдонгондугунда жатат[Төлөкова, 2012,84-б.]. Мисалы, *жаш балдарды* кичине киши, кичинекей адам деп коюшат, ал эми *орто жаштагы, жашы өтүп кеткен, улгайган адамдар* кокус дүйнө салышса, аларды дагы жакшы *адам* болчу деп эскеришет. Ушундан улам *жаш адам, өспүрүм адам, кары адам* деп айтыла берет. Бирок *адам* сөзүнүн негизги, борбордук маанисин акыл-эстүүлүк, ойлоо, сүйлөө жөндөмдүүлүгү, эмгектене билүү сыяктуу семалар түзөт.

Кайсы бир тилдин лексикалык корундагы сөздөрдүн жаралуусу же алардын түрлөрүнүн, модификацияларынын, трансформаларынынпайда болушу болумуш менен тыгыз байланышта болот. Адам турмуштагы реалдуу предметти (денотатты) аң-сезиминде кабыл алып, түшүнүп, анализдеп, баа берип, анытыбыштардын айкаштары менен атайт.

түшүнүк  **нерсе** **сөз**	**түшүнүк** (адамга байланыштуу)  **адам** **атоолор** (адамга байланыштуу сөздөр)

Мисалы, адамзатты сыпаттаган *адам, киши, пенде, инсан, жаран, атуул* деген лексемаларды “ойлоо, сүйлөө жөндөмдүүлүгү бар, акыл-эстүү жан” деген аныктама байланыштырып, бириктирип турат. Бул бирдиктерди жакындаштырган түйүн- “акыл-эстүү жан” деген түшүнүк. Аны *бириктирүүчү компонент* (БК) деп атайбыз. Келтирилген сөздөр бир эле учурда, фонетика-грамматикалык, семантикалык, стилистикалык жактан

бири-биринен айырмаланат. Мындай маани *айырмалоочу компонент* (АК) болот [Төлөкова, 2012, 84-б.]. Мисалы,

адам →
- *киши* сөзүн АК – “эмгек процессин пайдалана билген” деген түшүнүк;
- *пенде* сөзүн АК – “кудайдын кулу” деген түшүнүк;
- *инсан* сөзүн АК – “жекелик, индивидуалдык” деген түшүнүк.

“**Адам**” түшүнүгү бардык адамдарга таандык жалпы сапаттарды, касиеттерди жана жөндөмдүүлүктөрдү мүнөздөө үчүн пайда болгон эң жалпы аталыш, түшүнүк катары колдонулат. Анын башкы өзгөчөлүктөрү (мүнөздөмөлөрү) төмөнкүлөр: организминин өзгөчө түзүлүшү; эмгек ишмердүүлүгүнө болгон жөндөмдүүлүк; аң-сезимдин, акыл-эстин бардыгы. Ошондуктан бул түшүнүктү адам баласын атоочу түшүнүктөрдүн арасында жалпылоочу мүнөзгө ээ, эң негизгиси деп табууга болот. Ал эми адамзатты туюндурган башка лексемалар бул жалпы түшүнүктөн эмнеси менен айырмалана тургандыгын төмөндө анализдеп, көрсөтүүгө далалат жасамакчыбыз.

Киши – “1. Ой жүгүртүү, сүйлөшүү жөндөмүнөөө, аң-сезимдүү, акылдуу жан”; Мисалы, *Эркек киши. Алп киши. Чоң киши. Төмөнкү имерилиштен бир киши көрүндү* (Жантөшев). “2. Аң-сезимдүүлүгү, жөндөмдүүлүгү, кишилик сапаты бар адам”; *Бул сага караганда киши экен, айткандарын аткарды* («Чалкан»). Мында БК – акыл-эстүүлүк, аң-сезимдүүлүк. Ал эми АК – адамгерчилик, кишилик сапат.

Инсан - жеке адам (личность). Мисалы, *Кеп ар бир адамдын адамдык сапат, адамдык инсандыгында* (Даникеев). БК – аң-сезимдүү, социалдык-биологиялык жан. АК – индивидуалдык касиет.

Пенде – кудайдын кулу. Мисалы, *Ар пенденин барына, Азили тагдыр жазган бар* (Казыбек). БК – акыл-эстүү жандуу зат. АК – алсыздык, эрксиздик, көз карандылык жана таанычы жоктук.

Жаран - 1. Расмий түрдө тигил же бул мамлекеттин туруктуу тургуну болуп эсептелип, ошол мамлекет тарабынан камсыз кылынган бардык укуктардан пайдаланган жана мыйзам аркылуу белгиленген бардык мил-

деттерди аткарууга тийиштүү болгон адам. 2. Адам, эл. Мисалы, *Жарымы төгүн жарымы чын, Жарандардын көөнү чын* («Семетей»). БК – коомдук, мамлекеттик жан. АК – официалдуулук, юридикага байланыштуулук, туруктуу жашоочулук жана милдеттүүлүк.

Атуул – белгилүү бир улуттун, мамлекеттин мүчөсү, жаран. Мисалы, *Мына ушундай кишини чыныгы атуул десе болот* (“Кыргыз туусу”). БК – жашоочу, жалпы эле аң-сезимдүү, жандуу зат. АК – белгилүү бир улутка, мамлекетке, өлкөгө таандык болуучулук.

Хомо сапиенс – приматтардын классындагы гоминид түркүмүнө таандык адамдардын бир түрү. БК – биологиялык жандык. АК – илимий түрдө белгилүү бир түркүмгө таандуулук.

Пендезат, адамзат, адам баласы – жалпы эле адам аттуунун баары, бүткүл адам баласы. Мисалы, *Адамзатта Айтматовдой эч ким жок, Адам эмес, айбандарды баалаган.* АК – көпчүлүктү атоочулук, билдирүүчүлүк, жалпылыкты билдирүүчү маани.

Адам заада – адам баласы, адам уулу. Мисалы, *Адамзат жерге батабы, Ажалы жетип өлбөсө* (Токтогул). АК – “наристе, жаш бала, жалпы эле уул, жашы жете элек өспүрүм, тажрыйбасыздык, жаштык кылуучулук” деген түшүнүк.

Бирөө – кимдир бир адамды, кандайдыр бир кишини атын атабай көрсөтүүдө колдонулат, башка бир адам, бөтөн киши. Мисалы, *Ышкынаалы бирөөнүн көңүлүн калтырып, чатакташып, чуу чыгарганды жек көрө турган* (Байтемиров). АК – чоочундук, белгизиздик, бөтөндүк жана айырмасыздык.

Тургун – такай бир жерде жашоочу, туруктуу, жергиликтүү. Мисалы, *Айылдын тургундары.* АК – белгилүү бир географиялык чөйрөгө, жайга таандык болуучулук, жергиликтүүлүк, конкреттүү бир аймакта жашоочулук.

Индивид же индивидуум – адам тукумунун жеке өкүлү, адамзаттын бардык психофизикалык жана социалдык белгилеринин ээси, алып жүрүүчүсү, б.а., айрым бир жеке, конкреттүү адам, киши же айрым тирүү организм. Ал – адамдын филогенетикалык жана онтогенетикалык

өнүгүүсүндөгү баштапкы абал. АК – жекелик, конкреттүүлүк, айрымдуулук, баштапкылык жана психофизикалык, социалдык белгилерди өзүнө камтуучулук, башкалардан айырмалануучулук, уникалдуулук, тубаса сапаттардын сактоочулук.

Личность – аң-сезимге ээ, таанып-билүүгө, кайгы-капаны баштан өткөрүүгө, айлана-чөйрөнү өзгөртүүгө жана өзүн курчап турган дүйнө, башка личносттор менен мамиле түзүүгө шыктуу конкреттүү адам. Ал индивиддин өнүгүүсүнүн, адамдык сапаттардын ишке ашышынын натыйжасы катары каралат. Ал – адамдын социалдык маңызы. Личность ишкердик процессинде жана башка индивиддер менен болгон сүйлөшүүдө калыптануучу социалдык сапаттардын конкреттүү бир адамда ишке ашуусу катары каралат. Личность болуп төрөлүшпөйт, личность болуп калыптанышат. АК – конкреттүүлүк, шыктуулук, ышкыбоздук (таанып-билүүгө, кайгы-капага, мамиле түзүүгө ж.б.), натыйжалуулук, социалдык сапаттардын өзүнө камтуучулук жана чагылдыруучулук, жаратылыштан эмес, айлана-чөйрөдөн көбүрөөк көз каранды болуучулук, коомдук-тарыхый категория катары саналуучулук.

Орус тилинде *Адам* дегенди билдирген **индивидуальность** түшүнүгүнүн маани-маңызын аныктоо татаалыраак, анткени анда өзүнүн негизги түзүүчүлөрү болгон личносттук өзгөчөлүктөрдөн тышкары, адамдын биологиялык, физиологиялык ж.б. касиеттери дагы камтылат. **Индивидуальность** – бул башкалардан жүрүм-турумунда, ишкердигинде, кебинде байкалуучу психикалык, физиологиялык жана социалдык өзгөчөлүктөрдүн уникалдуу айкалышуусу менен айырмаланган конкреттүү адам. Бул түшүнүктүн жардамында көбүнчө ар бир адамдын уникалдуулугу, кайталангыстыгы белгиленет. АК – психикалык, биологиялык, физиологиялык ж.б. касиеттерди өзүнө камтуучулук, сапаттардын татаал түзүлүшүнө, айкалышуусуна ээ болуучулук, уникалдуулук, кайталанбоочулук, сейрек учуроочулук, жүрүм-турумдун, ишкердиктин, кептин баса белгилениши, конкреттүүлүк.

Персона – коомдо көрүнүктүү орунду ээлеген адам, личность. Мисалы, *Он персоналык тамак; Кекирейген персона.* АК – коомдогу орду белгиленүүчүлүк, китеп стилине жана официалдуу, салтанаттуу түрдө айтылган кепке таандык болуучулук, ирониялык мүнөзгө ээ болуучулук.

Субъект – сырткы дүйнөнү таанып-билүү, ал жөнүндө акыл калчап ойлоо аракетиндеги адам. Таанып-билүүнүн кыймыл-аракет, ой багытталган объектисинен айырмаланып, субъект өзү кыймыл-аракет жасайт, ага кыймыл-аракет багытталбайт, ал кыймыл-аракеттин ээси болот. Субъект деп кайсы бир касиеттерди алып жүргөн инсанды дагы айтууга болот. Укуктук жактан алып караганда, субъект – тигил же бул укуктар жана милдеттер таандык болгон физикалык же юридикалык жак. АК – философиялык тараптын катышуусу: таанып-билүү, ойлоо процесстери менен тыгыз байланышта болуучулук, кыймыл-аракет жасоочулук, активдүүлүк, касиеттердин алып жүрүүчүсү, юридикалык өзгөчөлүктөргө: укукка жана милдетке ээ болуучулук.

Фигура. Бул лексеманын бир нече мааниси бар. Алардын арасында өтө мааниде колдонулуучу, биз изилдеп жаткан концептке тиешелүү семаларды дагы кезиктирүүгө болот. Фигура – чоң бир, авторитеттүү киши, персона, кайсы бир нерсенин көрүнүктүү өкүлү, белгисиз, бейтааныш же алыстан начар көрүнгөн адам, кайсы бир касиеттердин ээси катарында каралуучу адам. Мисалы, *саясий чоң фигура – саясий жагынан беделдүү адам, шектүү фигура, Флоренциянын караңгы көчөлөрүндө алдамчы фигуралар пайда болуп турар эле* (В. Гуляев), *СССРде котормого үйрөтүүчү мектептердин атагы таш жарган, Союзда котормочу фигура болчу* (С. Довлатов). АК – саясий боектуулук, белгилүүлүк, беделдүүлүк, белгисиздик, каран катары кабыл алынуучулук, кайсы бир касиеттердин алып жүрүүчүсү, сүйлөшүү кебине тиешелүүлүк.

Өкүл – белгилүү мамлекеттин, мекеменин, топтун же адамдардын кызыкчылыгын көздөөчү, алардын көз караштарын билдирген же ошолор тарабынан жиберилген киши, өзүнүн жүзү менен кайсы бир разрядды, элдердин тобун же ишкердиктин чөйрөсүн көрсөтүүчү адам. Мисалы, *Ат-*

Башы районунун малчыларынын өкүлдөрү Кочкор районуна келишти (Үсөнбаев). *Аскердиктин мыкты өкүлдөрү*. АК – кайсы бир мамлекетке, мекемеге, адамдардын тобуна таандык болуучулук, кимдир бирөөлөрдүн көз караштарын, ишкердиктин чөйрөлөрүн көрсөтүүчүлүк.

Адабий чөйрөдө адам маанисин билдирген **антропос** деген термин учурайт. Мисалы, А.П. Чеховдун "Кутудагы киши" чыгармасындагы карикатурага карата *ашык болуп калган антропос* деп жазылган. Бул жерде *антропос* сөзү аркылуу гимназия мугалими Беликов назарга тутулуп жаткандыгы ачык көрүнөт. Демек, бул сөздөгү АК – адабий чөйрөдө белгиленүүчүлүк, колдонулуучулук, адамды шылдыңдап атоочулук.

Ал эми ***жан*** сөзүн адам/киши маанисинде ала турган болсок, АК катары төмөнкү көрсөткүчтөр белгиленет: оозеки кепке жана адабий-көркөм стилге тиешелүүлүк (көбүнчө негативдик түрдө) (*Көчөдө бир да жан жок*), эркелетип-жакшы көргөндү билдирүүчүлүк (*Жаным менин, сени абдан сагындым*).

Айры төш, иттин уулу Байкара, кара башыл – адам, киши. Мисалы, *Айры төш бирде мырза, бирде кул* (Даникеев). *Муну иттин уулу Байкара да билет, - деп мени жемелеп кирди* ("Чалкан"). *Мен азыр кара башыл киши издеп чыктым* (Сыдыкбеков). БК – адам баласы деген түшүнүк. АК – көркөм адабий боектуулукка малынгандык, фразеологиялык өзгөчөлүк.

Ошентип, сөздүн компоненттерине карата жогоруда жүргүзүлгөн чакан анализдин натыйжасында төмөнкүдөй пикирге келүүгө болот:

1. Бир эле лексикалык, семантикалык категорияга бириктирилгенсөздөр мааниси боюнча окшошуп, бири-бири менен өз ара тыгыз байланышта болушса,кээде бири экинчисинен кескин айырмаланып, карама-каршы мамиледе туруп калышат:

а) окшоштугуна карата алакасы, б.а., синонимдик мамилесибоюнча: *адам // киши; инсан // пенде; индивид // индивидуум // личность; жаран // атуул // өкүл; пендезат // адамзат //адам баласы; личность // персона; персона // субъект, бирөө // жан; Хомо сапиенс // антропос; айры төш // кара башыл;*

б) айырмачылыгына карата алакасы, б.а., ар башка семантикалык мазмунду туюндурушу боюнча, АКнын чегинде;

в) карама-каршылыгына карата алакасы, б.а., антонимдик мамилесибоюнча: *инсан* (диний түшүнүк) – *Хомо сапиенс* (атеисттик түшүнүк); *пенде* (жөнөкөйлүк, карапайымдык) – *персона* (маанилүүлүк, авторитеттүүлүк); *бирөө* (белгисиздик, жалпылуулук) – *субъект* (белгилүүлүк, конкреттүүлүк); *адам* (жекелик) – *адамзат* (көптүк), *жан* (оозеки кептик стиль) – *индивид, индивидуум* (илимий стиль) ж.б.

2. Адамга тиешелүү тилдик каражаттар парадигматикалык чынжырды түзүү менен кээде салыштырмалуу жакындап,айрым учурларда карама-каршытоптордун курамына кирип, бир эле учурда бир канча лексика-семантикалык парадигмага таандык болушу ыктымал.

Парадигматика (грекчеден *paradigm –өрнөк, үлгү*) депбелгилүү бир топко киргизилген тилдиккаражаттардын маанилеринин же грамматикалык белгилеринин ортосундагы жакын жана карама-каршы мамилелерди туюндруучу, тилдик бирдиктердин маанилик байланыштарынын тибин аныктоочутерминди айтышат. Лексикалык көз караштан алганда, парадигматикалык мамиленин тибин*каптама маанилик байланыш, контрасттык байланыш, паралеллдик байланыш, эквиваленттик байланыш, кептешме байланыш,* ж.б. сыяктуу сөздөр түзөт [Төлөкова, 2012. 81-92-бб.].

а) Сөздөрдүн ортосундагы эквиваленттик байланыш. Мындай байланыштын эрежесине ылайык,бир эле денотатты же түшүнүктү эки же андан ашык сөз билдирүүсү талап кылынат. Мисалы, *адам, персона, инсан, индивид* ж.б. Бул сөздөрдү мазмуну боюнча жалпы денотат бириктирип турганы менен, алар стилистикалык көз карашта жана колдонулуу чөйрөсү боюнча бири-биринен айырмаланышат. Мисалы, *индивид, индивидуум, личность, Хомо сапиенс*лексемалары илимий текстттерде, *киши,адамзат, адам баласы, бирөө, тургун* көбүрөөк оозеки кепте, нейтралдык боектуулукта жана адабий чыгармада, *инсан, бенде (пенде), пендезат* бирдиктери диний булактарда, *антропос, адам заада лексемалары* адабий көркөм чыгармаларда,

жаран, субъект сөздөрү укуктук чөйрөдө, *атуул, тургун, фигура* расмий түрдө, саясий текстте, карапайым кепте, *персона* экспрессивдүү боекчого ээ болуп,шылдыңдап айтууда, кээде расмий кепте, көтөрүңкү түрдө, *айры төш* фразеологизмдерде, адабий чыгармада, *өкүл*, *мырза, айым, эки жаш* расмий түрдө, публицистикалык стилде колдонулса, *адам* сөзү нейтралдуу боектуулукка ээ болгондуктан, каалаган стилде колдонула алат (3.6- табл.);

3.6-таблица



б) Каптама маанилик байланыш. Маанилик көлөмү ар түрдүү болгон экиже бир нече сөздөрдүн маанилерибири-бирин толуктап, каптап кетет. Мисалы, *адам* деген сөз *личность, жаран, фигура, өкүл* деген лексемалардынсемантикасынөзүнө сиңирип алгандыктан, жалпы номинантиретиндекелтирилип, жалпы атоонунфункциясын аткарат. Калган сөздөр *адам*лексемасынын семантикалык трансформасы катары саналат. Мындагыбирдиктертуюнтуучу маанисинекаратаар кыл иерархияга жана масштабга ээ. Бир форманын ичине экинчи (үчүнчү) бир маанилик катыштыкиргизип жайгаштыруу, сөздөрдүн ортосундагы каптама маанилик байланыш аркылууишке ашырылат (3.7-табл.);

3.7-таблица



в) Паралеллдик байланыш.*Инсан, пенде* ж.б.у.с. сөздөр өз ара *адам*сөзүнө паралеллдүү катышта турат, себеби *адам* лексемасы алардын жалпы аталышы боло алат (3.8-табл.);



г) Кептешме байланыш.Бул алкактын талабына ылайык,полисемиялык эки лексемаайрым маанилери менен айырмаланып, кээ бир маанилери боюнча кептешип, биригип калыш керек. Мисалы, *личность, персона* бирдиктерин ала турган болсок, алар семантикалык жактан жалпылуулуккаээ: 1) аң-сезимдүү конкреттүү инсан; 2) коомдо көрүнүктүү орунду ээлеген адам. *Личность, персона* сөздөрүн расмий түрдө каалаган жаран колдонушу мүмкүн, бирок *личность* сөзүн шылдыңдоо, басынтуу, маскаралоо иретинде эч ким колдонбойт (3.9-табл.);



д) Контрастык байланыш.Тигил же буллексикалык, семантикалык категорияга кирген сөздөр жана синтагмалар маанилик жактан жалпылуулукка ээ болушса дагы, жеке маанилик катышта бири-бирине каршы коюлуп, антонимдик мүнөздө туруусу зарыл: *аял киши – эркек киши, бала – кыз, чал – кемпир* ж.б[Төлөкова, 2012. 89-95-бб.].

3.12.1. Провербиалдык каражаттардын (бирдиктердин) белгилери

Когнитивдик лингвистикадагы провербиалдык бирдиктердин жеке өздөрүнө мүнөздүү белгилери бар. Алар төмөнкүлөр: 1) белгилүү бир этноско же бир канча этникалык топко тиешелүү же маалым болушу абзел; 2) кайсы бир улуттун үрп-адатын, турмуш-тиричилигин, жашоодогу баалуулуктарын, дүйнө таанымын чагылтуу мүмкүнчүлүгү; 3) убакытка көз каранды болбостон өз туруктуулугун сактап, кээде гана өзгөрүүгө учуроосу; 4) эзелкилик; 5) образдуулук-эмоционалдуулук; 6) этностук көз карашты, билимдердин жыйындын, маданий баалуулуктарды туюндуруучулук; 7) ички структурасынын биримдиги; 8) синтездөөчү семантиканы өзүнө камтуусу; 9) жалпылоочуформулаларга, типтерге жана моделдерге бириктирилши; 10) мазмунун мүнөздөөгө алып, ачып берүү мүмкүнчүлүгү; 11) семантикалык көркөм каражаттардын катышуусу (стилистикалык фигуралардын пайдаланылышы), мында жок дегенде экспрессивдүүлүктү пайда кылуучу бир элементтин бар болуусу (метафора, метонимия, синекдоха, гипербола, салыштыруу, оксюморон, антитеза ж.б.); 12) дискурста эффективдүүлүк жаратышы, кооздуктун, таасирдүүлүктүн, дааналыктын камтылышы ж.б.

3.12.2. “Адам” концепти туруктуу сөз айкаштарда

Белгилүү бир улуттун маданиятын, менталитетин, жашоо образын, тарыхын чагылдырган бирден бир баалуу булак – бул **фразеологизмдер** деп ойлойбуз. Элдин адеп-ахлакка, гуманизмге, ыймандуулук, маданияттуулук, үрп-адат, ырым-жырым, таалим-тарбия, бүтүндөй турмуш шарты менен тыгыз байланышкан тажрыйбасы, дүйнө көрүмү туруктуу сөз айкаштарына сиңген. Фразеологизмдер этностун тарыхый жолун, маданий-эстетикалык, интеллектуалды ккалыптануусунун узак жараянын кучагына алып, салттуу жоболорду, эрежелерди, стереотиптерди кенен чагылдырат. Мисалы, *ак жүрөк* – чынчыл, бирөөгө кара санабаган, жамандык ою жок, адилет, ак ниет, *бармагы менен мал тапкан* – өнөрлүү, өтө чебер, колунан бардык иш келген, абдан устат, *казаны майлуу* – бардар, колунда бар, оокат-аштуу, тамак ашы

кенен сыяктуусемантиканы билдирген туруктуу сөз айкаштары. Бир эле мезгилдефразеологизмдерэлдин жашоо баскычын чагылдырган туруктуу маңыздар болуп саналат.

Окумуштуу М.Ж.Тагаев «Полипарадигмальное описание морфемики и словообразования» деген монографиясындаэлдик оозеки чыгармалардын ичинен башкаларга салыштырмалуу фразеологизмдер курамында маданият таанытуучу маалыматтардыкөбүрөөк камтый турандыгын белгилеп, «Носителем культуроведческой информации является слово, фразеологическая единица, произведения фольклора, текст, историческая личность. Из перечисленных единиц главным объектом культуроведческого анализа стали фразеологические единицы, которые в коллективной памяти народа наделены символическим, образно-метафорическим значением. Синтезируя архетипические и прототипические смыслы в языковых формах, фразеологизмы определяют ментальность и поведенческие нормы людей, относящихся к данному языку»[Тагаев М.Ж., 2004. 6-б.] деген пикирин билдирген. Натыйжада, фразеологизмдерди анализдөө менен тил бирдиктеринде жайгашкан улуттук лингвоэтномаданий когнитемалардын табиятын ачыктоого мүмкүнчүлүк жаралат десек болот.

Иштин бул бөлүгүндө изилденип жаткан концептке таандык, адам баласынын кыял-жоругун, жүрүм-турумун, кулк-мүнөзүн чагылдырган, анын адилеттүүлүгүн, чынчылдыгын, кара мүртөздүгүн, шылуундугун, коомдогу ордун, жаш өзгөчөлүгүн, саламаттыгын, чукугандай сөз тапкан чечендигин, ажардуулугун ж.б. сапаттарын билдирген 600гө жакын фразеологиялык айкашты семантикалык жактан жиктөөгө далалат жасайбыз. Мындагы туруктуу сөз айкаштары этиштик мүнөздө эмес, *кандай?*деген суроого жооп берген сын атооч маанисиндеги, б.а., жалаң сын атоочтук фразеологизмдер. Аларды жыйноодо Ж.Осмонова, К. Конкобаев, Ш.Жапаров сыяктуу илимпоздордун “Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү” деген эмгегинен, ошондой эле Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын кызматкерлери тарабынан басылган “Кыргыз тилинин сөздүгү” сыяктуу лексикографиялык

фундаменталдуу эмгектерге, фразеологизмдерди камтыган ар кыл сөздүктөргө кайрылдык.Мындагы бирдиктердин тематикалык түрлөрү аныкталып, алар топтоштуруу, классификациялоо ыкмаларынын негизинде системалаштырылды. Келип чыккан топтор төмөнкүдөй мүнөздө болду.

1. Адамга терс баа берген - иши кара, кудай урган, ала барман (*Ала барман адамга Акыл айтсаң тыңшабайт* (Калык), санда жок, кушу жок, озунан сөзү түшкөн, каңгы баш, дайыны жок (*Дайыны жок адам)***,** колу (камчысы) кандуу, ырыс кесер (*Тоо арасында сандалган ырыс кесер, кесирдүү Самсалы көл башындагыларга зорго жеткен экен* (Осмоналиев)**,** асан кайгы (*Атам абдан Асан кайгы адам эле* (“Ала-Тоо”), күл чачар (бузар), олоңго батпас (олоң жетпес), көк чычканы бар, чыйырдан чыккан, иттин арткы шыйрагындай, көз боемочу, жылкы кыял (жылкы мүнөз) (*Кээ адам жылкы мүнөз болот, ушул жигитке жумшак мамиле жакпайт* (Укаев), чуу куйрук, кеби суук, дээринде жок, суук тумшук, кара жолтой, жүрөгүндө оту жок, чала сабат, колу оор, баш айланткыч, ичи тар, чоң муштум, ээн баш, көк карын (ичеги), май таман **(***Май таман киши мергенчиликке жарабайт* (Ашымбаев)**,** зээри пас, кара ооз, сайда саны, кумда изи жок, куу камчы, ыргыткан сөөк башына тийбеген, жер карама, колу туткак, ата безер, кишиге жугуму жок, эрке талтаң, май туяк, кырчаңгы ооз (44). Бул топто адамдын терс сапаттарын мүнөздөгөн туруктуу сөз айкаштары топтоштурулган.

2. Аялдарга, кыздарга мүнөздүү – кумар көз, бото көз (“*Сурмалуу бото көзүң жаркылдаса, Бозойдун жүрөгүнө бербейт маза* (Аалы)”), куу жатын (жамбаш), кош бойлуу (кош кабат), куу шыйрак (туяк), бешенеси жарык, көк жон – шайы кеткен, алсыз, дарманы жок (көп төрөгөн аялдарга карата), кумурска бел, эки кат, куу этек, куу баш, кызылы кызыл, агы ак – татынакай, жакшынакай, бардыгы келишкен (аялга карата айтылат), арык чырай (*Айша орто бойлуу, арык чырай, чачы узун, сулуу аял экен* (“Кыргызстан аялдары”)), көз ачып көргөн, сакадай бою сары алтын(*Гүлжан жаш болсо да сакадай бою сары алтын кыздардын бири* (“Ала-Тоо”)), кыпча бел, чалма (эңдей) этек (Алма этекти аламын деп, чалма этекке жолуктум(Макал)), башы ачык (бош),

кумар көз, кумурска бел, сары карын, бураң бел, тили жок, куу аяк, оймок ооз (*Оймок ооз, бото көз Кыздары сулуу кыргыздын* (Осмонкул)),кара далы, беш көкүл, ак жоолук – аял, зайып. “*Биринчи байлык – ден соолук, экинчи байлык – ак жоолук”* (Макал)[http://bizdin.kg], эшик ачып, бешик түрткөн (29). Мында жалаң аял-затына, кыз-келиндерге тиешелүү, аларды ар тараптан сыпаттаган фразеологизмдер берилген.

3. Адамдын таш боордугун, катаалдыгын, мыкаачылыгын, зулумдугун билдирген - баш кесер, жан алгыч, какбаш, боору катуу (*Боору катуу киши болбосо да, кайраты менен жүргөндөр* (Абдукаимов)), жүрөгү муз (“*Эгерде ал дити супсак, жүрөгү муз адам болсо, Данияр азыр минтип ырдай албайт эле* (Айтматов)”), кара мүртөз (“*Киши кара мүртөз, киши ак көңүл – дааналана берет* (Осмоналиев)”), жүрөгү жок, кара боор, таш жүрөк, азуусу кандуу – адамга жакшылык кылбаган, зулум, мыкаачы, кан ичкич (ичер, соргуч, ичме), ач тырмак, төрө боор, кандуу (канды) моюн, жез тумшук, кан тырмак (чеңгел), боору суук (боору таш, таш боор), таш боор (боору таш), кылычынан кан тамган, тузак үзгөн, дили катуу, жүрөгү таш, уу тырмак (чеңгел), камчысынан кан тамган, таш жүрөк (*Эзели жибибеген жүрөгү таш адам* (“Чалкан”)), жоон өпкө (*Эшен мактоону жакшы көргөн жоон өпкө киши экен* (Токтогул)), кызыл камчы, азуусун айга жаныган (азуусун асманга кайраган, азуусун айга бүлөгөн) – каарын төккөн, жаалданган, заарын чачкан. *Байымбет уулубуз азуусун айга жаныган чоң болушка жакты* (Бейшеналиев) (27). Бул жердеги фразеологизмдерде адамдын таш боордугу, ырайымсыздыгы, катаал мүнөзү, мыкаачылыгы, зулумдугу, каардуулугу, кара мүртөздүгү ж.б. касиеттери белгиленген.

4. Адамга оң баа берген - кара кылды как жарган, шай колдогон, ырысы тоодой, арбак конгон (*Арбак конгон жигит тура, бат эле оңолуп кетти* (“Чалкан”)), бармагы менен мал тапкан, ырыска шерик, иши ак, оозу бек, шаа мүйүз, кыдыр даарыган (жылоологон, колдогон) (*Сен өзүң бекер адам эмес көрүнөсүң, кыдыр колдогон жан окшойсуң* (“Кыргызстан маданияты”)), ыр жандуу, баба дыйкан (*Байтымбетим жотолуу, кабагым-кашым дебеген баа*

дыйкан болор (Бейшеналиев)), чымыны бар, бетинде кызылы бар, жүкчүл кара инген, бир сырдуу, кыйтың-мыйтыңы жок, тири карак (“*Батийна өзү да тири карак адам боло турган, - деди Казак* (Сыдыкбеков)”**),** балта чабар, ит жандуу, эмгеги сиңген, бир сөздүү, колу жеңил, бет алганынан кайтпаган (24). Жогорудагы бардык туруктуу сөз айкаштары адамга оң баа берип, анын жакшы сапаттарын көрсөтөт.

5. Адамдын шылуундугун, куулугун, митаамдыгын, эпчилдигин атаган - куу түлкү, жай табар, чаар ичеги, капкан бузуп, тузак үзгөн, алчы-таасын жеген (алчы-таасын кемирген, алчы-таасын мүлжүгөн), такымы күйгөн, колдон суурулган, колдон түшкөн (*Колдон суурулган эптүү, амал-айлалуу Баракан жаңы өкмөткө ак дили менен кызмат өтөгөн адам болуп көрүндү* (Сыдыкбеков)), куу каптал, жез кемпир, куу (кер) такым, чака туяк, темененин көзүнөн өткөн, кудай безер, май жукпас, кыяң кески (*Кишинин баары эле сендей кыяң кески эмес го деди* (“Чалкан”)), чаң (суу) жукпас, ак койдон аңкоо, боз койдон момун - эч нерсени көрбөгөн, билбеген. билүүгө кызыкпаган, билсе да билмексенге алган, куу, митаам, чой кулак, куйругу

жок, суу жукпас, жылт этме, ичинде ала курту бар, жоонду жонуп жеген, атка жеңил, тайга чак (*Эргешбай элпек, атка жеңил тайга чак* (Борбиев)) (24). Келтирилген идиомаларда адам баласынын митаамдыгы, куулугу, шылуундугу, кыйдылыгы, шум экендиги, анткорлугу, залимдиги ж.б. сапаттары чагылдырылат.

6. Адамдын алсыздыгын, чабалдыгын, оорукчандыгын көрсөткөн - чала жан, бир ичеги (*Балам шаарда жүрүп бир ичеги болуп калган тура*(Борбиев)), ырп этерге алы жок, кирпигинен тартса жыгылчудай, бир бороондук алы жок, көк жашык, чөп көчүк, көз каранды, жарым жан (“*Биз болсок жарым жан кишилерге баш-көз болуп ушул жерде калалы* (Укаев)”), үйлөп ийсе учуп кетчүдөй, көлөкөдө өскөн чөптөй, шалкысы бош, колу кыска, арań жан, мурдун тарта албаган (мурдунун суусун тарта албаган), бит сыгарга алы жок (бит сыгарга каруу жок), табы жок, жүүнү бош, кол жоолук, чөп желке, кыл тамак, ысык эле жаны бар, бычыны жок (23). Айтылган

фразеологизмдер кишинин алсыздыгын, күчсүздүгүн, шалаакылыгын, өзүнө тың эместигин, оорукчандыгын, өлөсөлүүлүгүн, дарманы жоктугун, чыйрак эместигин туюндурат.

7. Адамдын мыктылыгын, чыгаандыгын, тыңдыгын билдирген – жааста жок (жаактууда жок), көй кашка, жүнү (эти) тирүү (*Адам болуп кете алар, эти тирүү бала көрүнөт* (Жантөшев)), баш билги, жанда жок (*Келиним, бечара, жанда жок жакшы адам* (Медетов)), көзгө атар, алдына ат салдырбаган, оозуна шайтан түкүргөн (*"Чекир кишинин оозуна шайтан түкүргөн" деген кеп ырас бейм. Сарала чекир турумтайдай эпейип кеп баштаганда ынандырып салат* (Сыдыкбеков)), калеми курч, жакшы чыкма, сакадай бою сары алтын, каны суюк, урумдан ашкан **(***Калы урумдан ашкан акылдуу, зергер киши эле го* ("Ала-Тоо")), бир кишидей бар экен (бир кишидей бар эле), мык чегер (*Эки жаат болуп ордо атышкандардын бир тарабынын мык чегери, - Асанкан* ("Чалкан")), колунан көөрү төгүлгөн, экинин бири, жигиттин гүлү (*Кайран Мокем жигиттин гүлү эмес беле, кайран киши* (Байтемиров)), үзөңгү боосу алты кабат, оңко тургузган мерген, камчы салдырбаган, ааламдан ашкан (*Ааламдан ашкан ырчы экен*) (22). Берилген туруктуу сөз айкаштарында пенденин мыктылыгы, чыгаандыгы, теңдеши жок экендиги, илбериңкилиги, тыңдыгы, көрүнүктүүлүгү тууралуу айтылат.

8. Адамдын жаш экендигин, өсүп-жетиле электигин жана кагылып силкиле электигин көрсөткөн – боз баш, каруу эти ката элек, боконосу ката элек, бетинен түгү түшө элек, көзүн ача элек, чил баш, бешиктен бели чыга элек (*Бала дегенди бешиктен бели чыга элек кезинде үйрөтсө, союл тоотпос өрт өсөт* (Сыдыкбеков)), кылоосу түшө элек, башы быша элек, мурдун тарта албаган (мурдунун суусун тарта албаган), эне сүтү оозунан (эрдинен) кете элек, балтыр бешик, миң гүлүнүн (он гүлүнүн) бири ачыла элек, балдыркан жүнү ката элек, мадыра баш, башы жаш, мурунтугу бош, чыт курсак, балапан жүнү түшө элек (балапан түгү түшө элек, чырымтал жүнү түшө элек), сары ооз балапан (сары ооз), эшек курту мурдунан түшө элек, боору ката элек (22). Инсандын жаш экендиги, кагылып-силкинбегендиги, баралына келе электиги,

дасыкпагандыгы, тажрыйбасыздыгы, өсүп-жетиле электиги ж.б. жөнүндө жогорудагы сөз айкаштарында кеп болот.

9. Адамдын кайраттуулугун, тайманбастыгын, күчтүүлүгүн белгилеген - жолборс жүрөк, тик көз, көк жал, жүрөгүндө оту (жалыны) бар, көзүндө оту бар, шыпты кашка, жүрөгүндө жалы бар, таш билек, күкүрттөй күйгөн, азуусун айга жаныган (азуусун асманга кайраган, азуусун айга бүлөгөн) (*Байымбет уулубуз азуусун айга жаныган чоң болушка жакты* (Бейшеналиев)), жонунда жалы бар, таш жүрөк, жүрөгү тоо, көзү жок баатыр, жүз жанбаган, кандан-бектен кайра тартпаган, жоон көкүрөк, укурук кайрар, жүрөгү курч, эр жүрөк (көкүрөк), жоон билек, жүрөгүндө кара жок (22). Адамзаттын кайраттуулугу, эр жүрөктүүлүгү, тайманбастыгы, жалтанбастыгы, өткүрлүгү, айбаттуулугу, күчтүүлүгү ж.б. касиеттери жогорудагы тогузунчу топто сүрөттөлөт.

10. Адамдын чынчылдыгын, ак көңүлдүүлүгүн, адилетүүлүгүн, бирөөгө кара санабагандыгын белгилеген - ак пейил (*Сиздин ак пейил болгондугуңузга кара башым тартуу* (Осмоналиев)), көзү түз, ала жипти аттабаган (ала кылды аттабаган) (*Менин апам өмүрүндө ала жипти аттабаган саакы киши эле* (Каимов)), жүрөгүндө кара жок, ичине кир сактабаган (*Мен өзүң билесиң, ичиме кир сактабаган даалдак адаммын* (Медетов)), жайдак төш (жалаң төш, жалаң от, жайдак төш), ак көңүл (*Зайыбы үй-тиричилигине тың, эскини эптеген, жаңыга жалгаган, ак көңүл аял эле* (Борбиев)), тай качырбас боз айгыр, ичи кең (кенен) (*Кең пейил, ичи кең адам экен* (“Ала-Тоо”)), көңүлүндө (көөнүндө, жүрөгүндө) кири жок, ала көөдөн (ала көөдөк, ала өпкө) (“*Ала көөдөн күрсүлдөп Анжыяндык айры сакал Санжыбек* (“Манас”)”), ниети ак (*Ниети ак, пейли дурус кишилер дайыма ушундай болот* (Саатов)), кылдай кыйкым жок, ичинде кири жок, сүттөн ак (*Өзүң эле сүттөн ак киши болуп кала бермексиңби?* (“Ала-Тоо”)), оюнда кара жок, жүрөгү таза, кичи пейил, жүрөгү ак, ичи жакшы, ак жүрөк – чынчыл, бирөөгө кара санабаган, жамандык ою жок, адилет, ак ниет (21). Адам баласынын эң мыкты сапаттары: чынчылдык, ак көңүлдүк, адилеттүүлүк,

ниеттин, пейилдин тазалыгы, кекчил эместиги, бирөөгө жамандык ойлобогондук ж.б. мындагы сөз айкаштарында туюнтулган.

11. Адамдын жардылыгын, кедейлигин чагылдырган – жалаң тондуу, жайдак аттуу (жалаң тондуу, жалгыз аттуу), кара курсак, чор таман (*Мен өзүм кыйынчылыктарды көрүп, бөтөн жерге чейин тентип барган чор таманмын* (Саатов)), кызыл боор, адалдан түгү жок (*Беш чилдей баланы асыроо түйшүгү адалдан түгү жок томаяк үчүн жеңил да эмес эле* (Сасыкбаев)), кара таман, чолок этек, куу аяк, колу жука, тайкы (*Колунда бар кишилерге эчтеке эмес, айрыкча колу жука адамдар карызга батат* (“Ленинчил жаш”)), жону жука, кол кыска, куу казан (*Эсентай куу казан киши эле* (“Ала-Тоо”)), куюшканы тайкы, иттен илгери, кишиден кийин, колунда жок, чөнтөгү тайкы, кара боор (*Кара боор адамдын кызы ыпча жакта жүргөнү жакшы* (Сыдыкбеков)), куу этек, этек-жеңи тайкы, итке минген кедей (томаяк) (*Нурбай дагы итке минген кедейдин бири* (“Жаш Ленинчил”)) (19). Адамдын кедейлиги, жоксуздугу, жардылыгы, оокат-тиричилигинин чабалдыгы келтирилген он тогуз бирдикте орун алган.

12. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн - шишке саяр эти жок, жек көрүмчү, куурай сан, албардан тайган (*Арып-ачып, сакалдары өсүп, албардан тайган Казактын көрүнүшү аянычтуу эле* (Сыдыкбеков)), чап жаак, ийне жеген (жуткан) иттей, жылдызы жок (*Өзү да бир адамга жылдызы жок* (Эмбаев)), ала күү (ала буурул) (*Ишине да демейдегисиндей ала күү болуп барды* (Саатов)), көк жашык, тири арбак, куба жүлүн, ак жуумал – куба, кубакай, ак куба, агыш тарткан, акчыл, карганыншыйрагындай, сөөгү бош, ач арбактай (*Ач арбактай сүйрөлгөн адамдын үнү кыңылдап араң эле чыгат* (Элебаев)), сөөгү таза, укурук моюн, ат жыгачтай (*Ат жыгачтай болгон бечара*), кайырмакка саяр эти жок (шишке саяр эти жок) (19). Мындагы идиомалар кишиге сырткы кейипине, түр-түспөлүнө, көрүнүшүнө, кебете-кепширине карата баа беришет.

13. Уяты жок, анча-мынчаны кенебеген адамдарды белгилеген - бетинде кызылы жок, күлтүгү жок, башка чапса былк эткис, кара өзгөй

(“*Маркум атасы жакшы киши эле, уулу кайрымы жок кара өзгөй чыкты* (Жусупов)”), бети кара (жүзү кара, кара бет), ооздугу жок аттай, тоң моюн, кер аяк, териси калың, жоон моюн (мойну жоон), ары жок (*Ары жок күлкүчү, санаасы жок уйкучу* (Макал)), бети жок, көй кашка, жалаң жүз, май баш, бети калың, жүзү кара, этинен эт кессе да унчукпаган, бети ачык (19). Белгиленген он тогуз фразада уят-намысы, ариети жок, анча-мынчаны тоотпогон тоң моюн, шерменде, эч нерседен ийменбеген, тартынбаган адамдар мүнөздөлөт.

14. Адамдын өжөрлүгүн, тажаал, кежирлигин, ачуусун билдирген - кабагына (кабагынан) кар жааган (*Ал кабагына кар жаап, адам батынып сурагыдай эмес абалда келди* (Медетов)), желкеси жок (желкесинин чуңкуру жок), тоң моюн, каны бузук, терс аяк, көк бет, башы баш, багалчагы кара таш, кеп жебес (*Кеп жебеген кишиге эмне деш керек?* (Егиналиев)), кызуу кандуу (каны кызуу), тил азар (*Кишинин тил азары экен*), кежигеси жок (кесилген), каны суюк (*Кээ бир каны суюк кишилер чыдай албай кулагын басат ко?* (Байтемиров)), кулагы жок, териси тар (*Териси тар киши экен*), кыялы чатак (“*Баары жакшы, түгөнгөн кишинин кыялы чатак, оюна келгенин бербейт* (Өмүрбаев)”), динге бек, көк мелтей, кыялы чукул (чорт) (18). Өжөр, тажаал, кежир, ачуусу чукул, кыялы чатак, урушчаак адамдарды ушул топ сыпаттайт.

15. Адамды башындагы дене мүчөлөрү аркылуу сыпаттаган – таш кулак, сак кулак, оозу ачык (*А киши орозо кармабайт, оозу ачык*), куу кулак, суу карек, кум кулак, суук ооз, кулагы катуу, суу мурун, куйма кулак, ийри тумшук, акма кулак, узун кулак (кулагы узун), бакан ооз, жаман ооз, тилинде (таңдайында, тамагында) сөөлү (мөөрү) бар, тили суук (заар, уу), кабагы бүркөө (түнөрүңкү, салыңкы, салык (17). Бул топто адам баласы башында жайгашкан дене бөлүктөрү аркылуу ар тараптуу сүрөттөлөт.

16. Оозунда ары жок, сүйлөөк адамдарды сыпаттоочу - жээги жок, кер ооз (*Бетке чаап сүйлөгөн кер ооз адамдарга чындап согуш ачпасак болбойт* (“Кыргызстан маданияты”)), кызыл кекиртек (*Кээ бир кызыл кекиртек адамдар оозуңду ача электе эле айтышууга даяр болуп турат* (“Ала-Тоо”)), жел ооз, көк тил, оозу бош (*Балдар, мен төлгөнү бекер ачтырган*

экенмин, эми оозу бош киши айтпай тура албайт (Абдукаимов)), алп ооз, кара жаак, оозунда эми жок, тили узун (тили кере кулач) ("– *Анашов, мен сени жакшы көрөм, жакшы адамсың. Бирок, тилиң узун* ("Советтик Кыргызстан")"), ачык ооз (оозу ачык, оозу бош, бош ооз) (*Анан эмнегедир ушул ачык ооз, орой, жек көрүндү адамдар байкемди араларына кошуп алганына ичим күйөт* (Жусупов)), оозу шок (шок ооз), кургак чечен, семиз ооз, бекер ооз, ээн ооз (16). Мында оозунда обу жок, оозун тыя албаган, оозуна алы жетпеген, оозу бош, сүйлөөк адамдарга баа берилет.

17. Адамдын дасыккандыгын, көптү көргөндүгүн, кагылып-согулгандыгын билдирген – бир кырды ашкан (*Бир кырды ашкан адам кантип түшүнбөсүн*), тиш каккан (тиши каткан) (*Кабыл өңү-башы да тиш каккан кишиникиндей, чыйралып, бышып калгандай* ("Ала-Тоо")), карт бөрү (карт шумкар), чаар баш, башы бышкан (*Кандим болуп башы бышкан адамдай жигиттин жапылдаганын Айылчы жактыра ...мулуйду* (Бейшеналиев)), көк чоку, алчы-таасынан жазбаган, узун кулак (кулагы узун), эне сүтү оозунан кургаган, көзү жетик, ысык-суукка бышкан, аркы-беркини түшүнгөн, базар көргөн, кылымды баскан, бир базардан өткөн, ак каптал - дасыккан, көптү көргөн, башы бышкан (16). Мындагы туруктуу сөз айкаштарында дасыккан, тажырыйбалуу, көптү көргөн, башы бышкан, кагылып-силкинген, башынан көп нерселерди өткөргөн инсандар тууралуу сөз болот.

18. Адамдын көрөгөчтүгүн, акылмандыгын, түшүнүктүүлүгүн билдирген – көзү курч, акылы тунук, тил билги (*Ушунча адамдын ичинен кантип бир тил билгиси чыкпасын, сүйлөшүп көрөлү* ("Ала-Тоо")), көзү ачык, аркы-беркини түшүнгөн (*Эгерде биз чыныгы өндүрүшкө кызыккан, аркы-беркини түшүнгөн кишини издесек, анда мен жолдош Эралиевди ошондой киши деймин* ("Ленинчил жаш")), билбегени бит, көкүрөгү тунук (*Көкүрөгү тунук кишиге айла жок тура?* ("Манас")), жөн билги, башы бар (*Аны көрүп-билип турган башы бар киши кайдан... көк бөрүгө түшсүн* (Кыдырмышев)), сыр билги, акылга дыйкан (*Толубай сынчы өзү – акылга дыйкан, билгич, кыраакы адам* (Бейшеналиев)), иш билги (*Жетекчилер да иш билги адамга*

асылат (Мырзаев)), жакшы чыкма, мык чегер (*Эки жаат болуп ордо атышкандардын бир тарабынын мык чегери, - Асанкан* (“Чалкан”)), камчы сапка жараган, ак-караны тааныган - бир нерсенин тууралыгына көзү жеткен, калыстыгы бар, түшүнүктүү (*Социал-демократ партиясы доклад, лекциялар уюштура калганда, ага да барып жүр, көзүң ачылат, ак-караны тааныган адамдар бар* (Баялинов)) (16). Бул аталыштар адамдын даанышмандыгын, билермандыгын, түшүнүктүүлүгүн, көптү көргөн тажрыйбалуулугун аташат.

19. Арам ойлуу, ниети бузук адамдарды атаган - кую бузук, тузу арам, кара жүрөк (кара көңүл, кара ниет), ичи бузук (ичи кара, ичи арам, ичи жаман), кара саат (*Каргышы ката кетпеген кара саат жан экен* (“Эр Төштүк”)), атка минер, кой терисин жамынган, мышык сопу, кыл курт, арам кыял, жөө туман, пейили бузук, дини кара, кирээри – эл, чыгаары – жоо, ичинде аласы бар, арам ойлуу (16). Адам баласынын терс сапаттары болгон кара ниеттүүлүк, арам ойлуулук, ниети бузуктук, кара санатайлык, анткорлук ж.б. бул топко бириктирилген.

20. Адамдардын сулуулугун, татынакайлыгын, сүйкүмдүүлүгүн сыпаттаган – жүзү жарык (*Эч кайгырбаган жүзү жарык, жылдыздуу адам* (“Чалкан”)), жүзү ийги, кабагы ачык (кабагы жарык, маңдайы жарык, маңдайы ачык, көңүлү ачык, кабак-кашы ачык), жүзү ак (*Эч кайгырбаган жүзү жарык, жылдыздуу адам* (“Чалкан”)), жылдызы ысык (жылдызы жылуу), ыйманы ысык, кыздын баласындай, оймок ооз, буудай жүздүү (буудай өңдүү), сөөгү таза, жылдызы жарык (жылдызы артык, жылдызы жанган), кирдүү кол менен кармагыс, бири ай, бири күн, ал мончоктой (14). Адамзаттын табият берген сулуулугун, сүйкүмдүүлүгүн, көзгө жагымдуулугун жогорудагы идиомалар ачыктап берет.

21. Адамдын жеңил мүнөздүүлүгүн, туруксуздугун, мактанчаактыгын билдирген – жел өпкө (*Айдаралы жел өпкө мушташпаган киши калбагандыр* (Абдукаримов)), басыгы бузук (*Басыгы бузук киши*), өпкөсү жок, жел таман, куу чирен, эки сөздүү, көөдөнү жок, ала канат (*Ала канат жигитке Кылтыңдаган кыз жакшы* (фольк.)), жалаң жүз,

суу куйду, ала көөдөн (ала көөдөк, ала өпкө) (*Ала көөдөн адамдар, куру дүрмөт мылтыктай* (Үсөнбаев)), мүнөзү жеңил (жеңил мүнөз), жел колтук, аягы суюк, жоон өпкө (көкүрөк) (*Эшен мактоону жакшы көргөн жоон өпкө киши экен* (Токтогул)) (14). Адамдагы жеңил мүнөздүүлүк, көйрөңдүк, туруксуздук, мактанчаактык, дардаңкүүлүгү ж.б. бул жерде чагылдырылат.

22. Адамдын алдым-жуттумдугун, ач көздүгүн, соргооктугун билдирген - көр чеңгел, алкы бузук (алкы ачылган, алкы кеткен) ("*Бай-манаптын алкы бузук, Мал ордуна киши жейт* (Токтогул)"), тарп издеген жорудай, куу кекиртек, узун кекиртек (өзөк), кандуу ооз (тумшук), назары ач, тамагы жаман, кызыл кекиртек, ач өзөк, кара жемсөө, ач көз, кулкуну бузук (жаман) (13). Кишинин соргоктугу, ач көздүгү, алдым-жуттуму, жегичтиги, нысабы жоктугу, паракорлугу ж.б. жөнүндө бул топто сөз болот.

23. Адамдын зыкымдыгын, бышыктыгын, пейили тардыгын туюндурган - чычканга кебек алдырбаган, жарага бек (*Мындай жарага бек адамды көргөн эмесмин* ("Ала-Тоо")), колу тар (кууш, чүрүш), чык таттырбас Чынарбай, биттин ичегисине кан куйган, катуу баш, пейили тар, жез тырмак, кесип алса, кан чыкпаган,тарамыштай тырышкан, битин сыгып канын жалаган, казаны кууш, бите карын (13). Мында адамдын сараңдыгы, зыкымдыгы, битирлиги, пейилинин тардыгы, бышыктыгы ж.б.у.с. сапаттары белгиленет.

24. Дени соо, убайымсыз, санаасыз адамдарды сүрөттөгөн - боору бүтүн ("*Э кызым азыр кайда барсаң Мамайдын көрү болбодубу! Боору бүтүн киши калбайт окшойт* (Абдукаимов)"), көңүлү тетик, төрт түлүгү шай, башы бүтүн, боору эсен (башы эсен) (*Тирүүчүлүктө башы бүтүн, боору эсен киши аз, кулундарым, чынарым куласа, чырпыгым бар, - деп Музооке баба «Муңдуу күүсүн»зыңылдата күнгүрөндү* (Бейшеналиев)), кабагым-кашым дебеген, көңүлү (көөнү) ток, жүрөгү бүтүн, көңүлү (көөнү) чак (шагдан), башы жаздыкта, бели оттукта эмес, куландан соо, алты саны аман (*Алты саны аман кишиге бекер жүрүү уят* (Убукеев)), кабагы ачык (кабагы жарык, маңдайы жарык, маңдайы ачык, көңүлү ачык, кабак-кашы ачык) (12). Кезектеги бул

топко дени соо, убайымсыз, санаасыз, кайгысыз адамдарды сүрөттөгөн тил бирдиктери бириктирилген.

25. Адамдын акмактыгын, дөдөйлүгүн чагылдырган - бир шариги жетпейт (бир нокоту жетпейт), мээси бөксө, кем акыл, маң баш, башы жок, эт баш, көк мээ (“*Көк мээ атама жетсин убалым деп каргап отурат* (Айтматов)”), май баш, шооласы жок, ашкабак баш (башы ашкабак), бээ десең, төө дейт, эшектин мээсин жеген (*Ооба, “Эшектин мээсин жеген бейм” деп коюшат акылсыз иш кылган адамдарды* (Абдыраманов)) (12). Мындагы сөз айкаштар адамдын келесоолугун, акыл-эси кем экендигин, дөдөйлүгүн, түшүнүгү тайкы экендигин чагылдырышат.

26. Адамдын бардарлыгын, колунда барлыгын чагылткан - казаны майлуу (*Ал казаны майлуу, оокаттуу киши экен, аны биз айылдын аймагына биринчи кадам аттаганда эле байкадык* (“Советтик Кыргызстан”)), жону калың, чириген (сасыган) бай, кабыргасы майлуу (*Алар болсо, кабыргасы майлуу адамдар, бизде эмне болсун* (“Чалкан”)), май чеңгел, колунда бар, чөнтөгү калың (түптүү) (*Көп узабайШодурдун промсолунан үмүтү бар чөнтөгү калың кишилер агылып келе баштады* (Укаев)), ак көрпө жайыл, колу жуктуу, тамагы майлуу, колу жеңил (11). Бул топто колунда бар, оокат-аштуу, бай, жетиштүү турмушта жашаган адамдар мүнөздөлөт.

27. Адамдын жооштугун, оор басырыктыгын чагылдырган - кудай момун (*А койчу, а киши кудай момун киши го, - Калый жымың этип күлүп койду* (Жапаров)), маңы жапыз, чөптөн башкага зыяны жок, ичим тап, жабуулуу кара инген, койдон жоош, оор басырык (*Тойчубек ойчул, оор басырык киши эмесп*и (Баялинов)), бала мүнөз, мүнөзү оор (оор мүнөз), кой озунан чөп албаган, жабык мүнөздүү (11). Жоош, момун, басмырт, эч нерсе менен иши жок, куулук-шумдугу жок адамдар тууралуу ушул топто берилет.

28. Адамга нейтралдуу баа берген - киши кийик (*Киши кийикке окшойсуң* (Тойбаев)), ат кошчу, барбаган жер, кол башчы, баспаган тоосу жок, башка чукак, тоголок (томолой) жетим (томолой жетим), башы жок бака, суу боор, айры төш (*Мен ушул күнгө чейин айры төштүн алдында калганым жок*

(Аалы)), көзү жок көгөн (башы жок балапан, көзү жок көгөн), башы кара, чекеге бүткөн, буту айры (11). Мында адам баласы оң да, терс да эмес нейтралдуу, калыс бааланат.

29. Адамдын чечендигин, сөзмөрдүгүн туюндурган – жаактууга жай бербеген, оозунда сөзү бар (*Анткени атасы Бөлөбала тыш адамдардын көзүнө коңур көрүнгөнү менен оозунда сөзү бар адам болчу* (Өгөбаев)), бир эрди менен жерди, бир эрди менен көктү шыпырган, кара тилин кайраган, оозуна шайтан түкүргөн, алтын жаак, жез таңдай, жөө чечен, кара жаак, жез таңдай, ак таңдай (*Ак таңдай акын Токомдон Армандуу далай сыр өттү* (Нуркамал)) (10). Бул жердеги идиомалар кишинин сөзмөрдүгүн, ораторлугун, кара жаактыгын, сөзгө чебер экендигин ырасташат.

30. Эркектерге карата айтылуучу – жигиттин гүлү (*Кайран Мокем жигиттин гүлү эмес беле, кайран киши* (Байтемиров)), кызыл камчы, кызыл бут, сай кашка, куу канжыга, суу сийдик, кыл мерген, оңко тургузган мерген, кылычынан кан тамган, көзгө атар (10). Мындагы фразеологизмдер жалаң эркектерге, мырзаларга, алардын түрдүү сапаттарын ачып берүүгө арналган.

31. Адамдын бактысыздыгын, шору каткандыгын көрсөткөн - жолу каткан, кешиги жок, шор маңдай, маңдай сөөгү (маңдайы) кайкы, ырысы тайкы, кара тумшук (куу тумшук, кем тумшук, тумшугу жок, тумшугу тайкы), шору калың, маңдайы тайкы, алды каткан (*Алды каткан Канчоро, Көк бөрүнү минди дейт* (“Семетей”)) (9). Келтирилген мисалдар адамдын таалайсыздыгын, ырысы жоктугун, шордуулугун көрсөтүшөт.

32. Балдарга тиешелүү – кол ийиктей, боз улан, отко сийген тентек – өтө ашынган, баш бербеген (балага карата), кулагы жок, көз ачып көргөн, сүткө тойгон күчүктөй, куу жолтой - бактысыз, таалайсыз (көбүнчө балдарга карата жемелөө иретинде колдонулат), чаңдуу аяк – абдан тентек, тынчы жок, шок (көбүнчө балдарга карата), көлөкөдө өскөн чөптөй (9). Бул топто жалаң балдарды, жигиттерди сыпаттаган туруктуу сөз айкаштары берилген.

33. Адамдардын карылыгын сүрөттөгөн – кызыл ээк, тиши буудай, чачы куудай, ичерин ичип, жашарын жашаган, чөгүп калган, байгамбар

жашында (*Байгамбар жашына келген киши*), төрүнөн көрү жуук, ээги түшкөн (7). Пенденин карылыгы, жашы өтүп калгандыгы, көп жашагандыгы жогорудагы мисалдарда сүрөттөлөт.

34. Адамдардын окшоштугун туюндурган – союп каптагандай, коендой окшош, куюп койгондой (*Буга чейин ал мындай куюп койгондой окшош адамдарды көрө элек болчу* (Абдукаимов)), топурагын бир жерден алган, эгиз козудай, бир калыптан куйгандай (6). Адамдардын окшоштугу, биринен биринин айырмасы жоктугу, айырып алгыстыгы бул топто айтылат.

35. Адамдын жалкоолугун, жатып ичерлигин көрсөткөн - ак кол - оор иштенкачкан, кара жумуш кылуугадити барбаган, жалкоо, жан бакты. жатып ичер, ак каптал (*Кээ адам "ак каптал" деп атак алган, бир ишке жумшай салып жата калган* (Тоголок Молдо)), аяк бошотор, ашка жүк, башка жүк, арам тамак (6).

36. Адамдын берешендигин, кең пейилдүүлүгүн мүнөздөгөн – жылаңач баатыр (*Тезекбай тамырынан жылаңач баатыр, жоомарттыгына бу саам дагы топуктанды* (Бейшеналиев)), колу ачык (*Ары сөзмөр, ары алыш-беришке колу ачык, шайыр адам эле* (Сыдыкбеков)), май казан, жайыл дасторкон, кең пейил, ак көрпө жайыл (6).

37. Адамдын адилетсиздигин, өң карамалыгын, кошоматчылыгын сүрөттөгөн - күн карама (*Кээ адам күн карама, эки жүздүү, Бул адам тууралыктан үмүт үздү* (Тоголок Молдо)), ала кол (*Ала колдордун арасында жашаган экен* ("Чалкан")), өң (күн) карама (*Кээде өң карама кишилер эки ортодон пайда табышат* ("Чалкан")), эки жүздүү (беттүү), күн тийген жердин күкүгү (чоросу) (5).

38. Адамдын коркоктугун туюнткан - коен жүрөк (суу жүрөк), суу жүрөк (*Суу жүрөк адамдан душманы ийменбейт* **(**жомок)), кайраса кол кеспеген, колу күйгөн, жүрөгү жок (5).

39. Адамды мүнөздөбөгөн, бирок курамында "Киши" концептинин экспоненти катышкан - адам болуу (киши болуу) – 1. эс тартуу, эр жетип, адам катарына кошулуу (*Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет деген ырас*

тура, баягы жаманы бой жетип, адам болуп, азыр баарын баккан ошол (“Кыргызстан маданияты”)). 2. оорудан айыгуу, жакшы болуу, баш көтөрүү. (*Апамдын адам болор-болбосуна көзүм жетпейт. Оорусу күчөп бара жатат! – дедим* (“Ала-Тоо”)), адам аласы ичинде – кишинин сырын сыртынан билүү кыйын, жаман-жакшысы ичинде деген мааниде (*Адам аласы ичинде эмеспи, балким, сиздин шегиңиз бардыр кимдир бирөөдөн* (Борбиев)), адам катарына кошулуу, адам оозуна алгыс (*Адам оозуна алгыс сөздөр менен ашата сөгүп, сиздин үй жакка баратканын Үпөл көрүптүр* (Бердикеев)) (4).

40. Адамдын көңүлсүздүгүн билдирген - шылкыны бош (*Паризек шылкыны бош, көзүн кыбыңдатып, ээрчишип келген кишиге алмай-телмей карады* (Ашымбаев)), көңүлү жарым, сабыры суз, маанайы пас
(4). **41. Адамдын боорукерлигин туюнткан -** чил боор, бала жандуу, түсү ийги (3). **42. Адамдын тартынчаактыгын билдирген -** жер карама, жүрөгүндө оту жок (2). **43. Үстүндө кийими жок адамды сыпаттаган -** тоногон нардай (тайлактай), үстүнө үйрүп салары жок (2).

44. Адамдын сөзгө жок, сөзгө чоркок экендигин белгилеген - сөзгө сараң (“*Өлмөсхан ар кимге ачылып сүйлөбөгөн сөзгө сараң адам* (Жантөшев)”), кепке сараң (2).

Ушинтип, биз анализ кылган фразеологизмдер 44 топко бөлүндү. Талданган фразеологизмдердин ичинде мааниси жагынан карама-каршы көптөгөн бирдиктер (3.10-табл.) бар экендиги байкалды. Алар өз кезегинде белгиленген топтордун арасында бир нече антонимдик жуп топтордун пайда болуусуна шарт түздү.

3.10-таблица

Сөзгө сараң	Ачык ооз, Оозу шок (шок ооз),
Сөөгү бош	Тарамыштай тырышкан
Табы жок	Куландан соо
Таш билек	Көлөкөдө өскөн чөптөй
Тири карак	Жарым жан

Эне сүтү оозунан кургаган	Эне сүтү оозунан (эрдинен) кете элек
Ак жолтой	Кара жолтой
Баба дыйкан	Жатып ичер
Жолборс жүрөк	Суу жүрөк
Чил боор	Таш боор
Куу казан	Казаны майлуу
Колунда жок	Колунда бар
Чөнтөгү тайкы (жука)	Чөнтөгү калың (түптүү)
Көңүлү жарым	Көңүлү (көөнү) ток
Акылга дыйкан	Кем акыл
Кара жүрөк	Ак жүрөк
Акма кулак	Куйма кулак
Акылы тунук	Акылы чолок
Көңүлү (көөнү) ток	Асан кайгы
Бет алганынан кайтпаган	Ала канат
Бетинде кызылы бар	Бетинде кызылы жок
Дене кул	Өзү бий, өзү хан
Жер карама	Ооздугу жок аттай
Жүнү тирүү (эти тирүү)	Жүүнү бош
Жүрөгүндө оту жок	Жүрөгүндө оту (жалыны) бар
Иши ак	Иши кара
Кепке сараң	Тили узун (тили кере кулач)
Оозунда сөзү бар	Озунан сөзү түшкөн
Сөзгө сараң	Жөө чечен
Тири карак	Жер карама, угуту жок
Кабагы ачык	Кабагы бүркөө

Адамдын мыктылыгын, чыгаандыгын, тыңдыгын билдирген (22)	Адамдын алсыздыгын, чабалдыгын, оорукчандыгын көрсөткөн (23)
Адамдын бардарлыгын, колунда барлыгын чагылткан (11)	Адамдын жардылыгын, кедейлигин чагылдырган (19)
Адамдын жаш экендигин, өсүп-жетиле электигин жана кагылып силкиле электигин көрсөткөн (22)	Адамдардын карылыгын сүрөттөгөн (7), Адамдын дасыккандыгын, көптү көргөндүгүн, кагылып-согулгандыгын билдирген (16)
Эркектерге карата айтылуучу (10), Балдарга тиешелүү (9)	Аялдарды, кыздарды мүнөздүү (29)
Адамдын боорукерлигин туюнткан (3)	Адамдын таш боордугун, катаалдыгын, мыкаачылыгын, зулумдугун билдирген (27)
Адамдын кайраттуулугун, тайманбастыгын, күчтүүлүгүн белгилеген (22)	Адамдын коркоктугун туюнткан (5)
Адамдын чынчылдыгын, ак көңүлдүүлүгүн, адилеттүүлүгүн, бирөөгө кара санабагандыгын белгилеген (21)	Арам ойлуу, ниети бузук адамдарды атаган (16), Адамдын адилетсиздигин, өң карамалыгын, кошоматчылыгын сүрөттөгөн (5)
Адамдын көрөгөчтүгүн, акылмандыгын, түшүнүктүүлүгүн билдирген (16)	Адамдын акмактыгын, дөдөйлүгүн чагылдырган (12)
Адамдын берешендигин, кең пейилдүүлүгүн мүнөздөгөн (6)	Адамдын зыкымдыгын, бышыктыгын, пейли тардыгын туюндурган (13)
Адамдын чечендигин, сөзмөрдүгүн туюндурган (10)	Оозунда ары жок, сүйлөөк адамдарды сыпаттоочу (16)
Адамдын тартынчаактыгын билдирген (2)	Уяты жок, анча-мынчаны кенебеген адамдарды белгилеген (18)
Адамдын чечендигин, сөзмөрдүгүн туюндурган (10)	Адамдын сөзгө жок, сөзгө чоркок экендигин белгилеген (2)

Жыйынтыктап айтканда, «Адам» концептине тиешелүү сын атоочтук туруктуу сөз айкаштары адамга тиешелүү түрдүү мүнөздүү белгилерди, анын абалын, касиеттерин, өзгөчөлүктөрүн ж.б. ар тараптан образдуу сыпаттоочу бирдиктер катары каралат. Аларды кепте даяр материал катары колдонула

алышат. Бул фразеологизмдерди когнитивдик лингвистиканын чегинде иликтеп, когнитемаларга, пропозицияларга бөлүштүрүүкыйыныраак.

Мындагы маалыматтарды кыргыз тилинин фразеологиялык, тематикалык жана антонимдер сөздүгүн жазууда баалуу каражат катары колдонсо болот.

3.12.3. “Адам” концептин уюштурган когнитемалардын тобу

500гө жакын провербиалдык бирдикти анализдеп чыгып, «Адам» концептинин эң маңыздуу, керектүү жана жалпы белгилерин аныктадык жана аларды 37 топту түзгөн көбүрөөк жыштыктагы кайталанып туруучу 37 когнитемага ажыраттык. Когнитема – бул провербиалдык бирдиктердин жеке маанилерин жалпылоочу инварианттуу пикир. Алардын статистикасын аныктоо концепттин вербалдашуусунда маанилүү ролду ойногон жемиштүү топторду аныктап чыгууга жол берди. Изилденип жаткан концепти уюштурган когнитемалар тийиштүү мисалдар менен кошо төмөнкү топтордо көрсөтүлдү (3.11-табл.).

3.11-таблица

Топтор			
1. Адамдын табиятынын, жашоо образынын, иш-аракетинин өзгөчөлүктөрү			
№	**Когнитемалар**	**Мисалдар**	**Саны**
1.	**Адам деген - баарынан кымбат улуу ысым, ыйык зат**	*Билимдүү болмок оңой, адам болуу кыйын.* *Адамдан улуу ат жок, нандан улуу аш жок.*	**24**
2.	**Адамдар ар кыл болушат: алардын кылык-жоруктары, жасаган иштери да ар түрдүү**	*Адамдын бири тентек, бири жөнтөк, бири эпчил, бири кекчил.* *Жакшылыкка жакшылык – ар кишинин ишидир, жакшылыкка жамандык көр кишинин ишидир,*	**23**

		жамандыкка жакшылык эр кишинин ишидир, жамандыкка жамандык кем кишинин ишидир[http://bizdin.kg]	
3.	**Адам жана карылык**	*Адам карыган сайын бала.* *Карыганда адам таарынчак болот.*	**21**
4.	**Адамга ак иштеп, адал болуунун пайдасы көп**	*Адал эмгек нурлантат, арам эмгек кырдантат. Адал болсоң дос көбөйөт, арам болсоң кас көбөйөт.*	**19**
5.	**Адам – ачылбаган сандык, анын ичин билүү кыйын**	*Адам аласы - ичинде, мал аласы – сыртында.Адам баласы тетиксиз сандык, сыртынан сынчы жаңылат*[http://bizdin.kg].	**16**
6.	**Адам табияты - өзүнчө бир табышмактуу, сырдуу дүйнө**	*Адам темирден катуу, таштан бек, гүлдөн назик. Ар бир адам ачыла элек элемент, кирбеген Менделеев мезгилине (Совет Урманбетов).*	**15**
7.	**Адам - ажалдуу жан**	*Дүйнөгө түркүк (устун) болгон адам жок. Өлбөй турган жан болбойт.*	**14**
8.	**Адам дагы кээде жаңылат. Ал катасыз, кемчиликсиз болбойт**	*Адам катасыз болбос, көл бакасыз болбос. Кемчиликсиз киши болбойт, үмүтсүз жан болбойт.*	**12**
9.	**Адам баласы ар кандай нерсени жасоого жөндөмдүү**	*Адам кааласа таштан суу, такырдан гүл чыгарат*[http://bizdin.kg].	**9**
10.	**Адам жарыкчылыкка бир жолу жаралат**	*Адам дүйнөдө бир жаралат. Адам бул дүйнөгө эки келбейт.*	**7**
11.	**Адам өз мүмкүнчүлүгүнө жараша иш кылышы керек**	*Адам көрпөсүнө жараша бутун сунуш керек. Май талканды ичине жаккан киши жейт.*	**7**
			167
2. Адамдын акыл-эсинин, кулк-мүнөзүнүн, жүрүм-турумунун ж.б. касиеттеринин сыпатталышы			

12.	**Адам көбүнчө сүйлөгөн сөзүнө, акылына карата бааланат**	*Адамдын өзүнө баа бербе, акылына баа бер. Адамдын өзүн билгиң келсе, сөзүн тыңда*[http://bizdin.kg].	**35**
13.	**Адам баласы өзүнө өзү кылат**	*Бышыксынган адамдар бересеге чалынат. Өлөөр киши бой түзөйт. Ажалдуу карга бүркүт менен ойнойт.*	**29**
14.	**Жакшы адамдын мүнөзү, кылык-жоруктары**	*Жакшы адамдын ачуусу бар, кеги жок. Жакшы адамдын ою кенен, сөзү терең, пейили таза, ниети ак.*	**26**
15.	**Адам ач көз болот**	*Адамдын көзү өлгөндө (бир чымчым) топуракка тоет. Кишинин өзү тойсо да, көзү тойбойт.*	**13**
16.	**Азык адамга күч-кубат берет (ач адамдын кылык-жоруктары)**	*Адам аштан калса, күчтөн калат. Ач киши урушчаак, ач кой тырышчаак.*	**13**
17.	**Жаман адамдын мүнөзү, кылык-жоруктары**	*Жаман жүргөн киши өзүн билбейт, башка бирөөнү назарына илбейт. Жаман киши мас болсо, жакыны менен кас болот*[http://bizdin.kg].	**12**
18.	**Адамдын көңүлү назик**	*Адам көөнү эт сымал - бат бузулат. Адамдын көркү - бөз, көңүлү - эки ооз сөз.*	**10**
19.	**Адам баарына көнөт, ал чыдамкай**	*Адам ит жандуу. Эмне бар адам көнбөгөн, эмнени адам көрбөгөн.*	**8**
20.	**Адамдар өз каталарын билбестен бирөөлөрдүн кемчиликтерин көргөнгө уста**	*Киши жаманы кирип чыккыча билинет, өз жаманың өлгөнчө билинбейт. Өз башындагы төөнү көрбөгөн адам, бирөөнүн башындагы чөптү көрөт.*	**6**
21.	**Адам баласы тез эле жакшы сапаттарын жоготуп коюшу мүмкүн**	*Адам болмок аста-аста, айбан болмок бир паста. Киши жаманга бат ыңгайлашат.*	**4**
			156
3. Коомчулуктун (башкалардын) адамга таасирин тийгизиши			

22.	**Жакшы адам менен жаман адам салыштырылат**	*Жакшы адам жер эсебинен, жаман адам эл эсебинен жан сактайт. Жакшы киши калааны курат, жаман киши калааны бузат*[http://bizdin.kg].	**25**
23.	**Адам башка адамдарга муктаж**	*Адам адам үчүн табылгыс дары. Адам адам менен адам*[http://bizdin.kg].	**25**
24	**Кичи пейилдүүлүк, сылыктык жана гумандуулук адамга зарыл коомдук сапаттар**	*Кичипейилдүүлүктөн кичирбейсиң. Кичүү болсоң сылык бол, улуу болсоң жатык бол. Адамдын адамдыгы – адамгерчилик.*	**23**
25	**Жалгыз дарак токой болбойт. Адам дайыма эл менен болуу керек**	*Адам - эли менен, өрдөк - көлү менен (даңктанат). Эл менен сен адамсың, элден чыксаң жамансың.*	**19**
26.	**Адам адамды кыйнайт, азгырат, шорго салат, өлтүрөт**	*Кишини киши аксатат. Кишинин шайтаны киши. Кишинин жумшагын киши жейт, жыгачтын жумшагын курт жейт*[http://bizdin.kg].	**16**
27.	**Адам байлык менен бийликте сыналат**	*Байлык менен бийлик кишини сынайт. Дүнүйөгө мас болбогон мансапка бой көтөрбөйт.*	**12**
28.	**Адамга жамандык кылсаң, өзүңө кайтат**	*Агынан тийсең бирөөгө, айланып тиет кезеги. Кишиге ор казсаң, өзүң түшөөрсүң.*	**10**
29	**Жакындарын жоготуу адам үчүн абдан оор**	*Катыны өлгөн адамдын куту кетет үйүнөн, куну кетет төрүнөн. Агасы өлгөн адамдын, айтаар сөзү кем болот,аны аркалап жүрчү ким болот*[http://bizdin.kg].	**7**
			137
4. Адам жана анын жашоосундагы ыйык, маанилүү нерселер			
30.	**Сөз адамзат үчүн өтө маанилүү, өтө кооптуу, адам деген ойлонуп сүйлөө керек**	*Адам аласынан сөз аласы жаман, от чаласынан сөз чаласы жаман. Адамзатты сөз бузат, тоо-ташты сел бузат.*	**22**

31.	**Адам эмгектенсе жакшы жашайт, сыйлуу-кадырлуу болот (Адам жана эмгек)**	*Адамдын адамдыгын аныктаган сапаты - анын үзүрлүү эмгеги. Адамды акылга бай кылган - эмгек, төрт түлүктү шай кылган эмгек.*	**16**
32.	**Абийир, ар-намыс - адам үчүн ыйык нерсе**	*Адам даңк үчүн от менен сууга кирет. Абийириңди жашыңдан сакта.*	**14**
33.	**Адам көбүнчө тилинен, айткан сөзүнүн жапа чегет**	*Адамды шорго салган да, өлтүргөн да тил. Адамдын даңкын чыгарган да - тил, тарпын чыгарган да – тил*[http://bizdin.kg].	**14**
34.	**Адам үмүт, максат менен жашайт**	*Үмүтсүз адам жаралбайт. Максатсыз киши – канатсыз куш.*	**13**
35.	**Адамдын сөзүнө, түсүнө, кийимине караганда ишине көбүрөөк маани беришет**	*Адам сөзүнөн таанылбайт, ишинен таанылат. Адамдын түсүн айтпай, ишин айт.*	**11**
36.	**Адам өзү өлсө дагы анын даңкы, айткан сөзү, жасаган иши жашай берет**	*Адам өлсө сөзү калат, жакшы атагы унутулбайт. Адам өзү ажалдуу болсо да, өлбөс нерселерди жасайт.*	**10**
37.	**Адам кайраттуу болуусу зарыл**	*Карагай болбой чер болбойт, кайратсыз адам эр болбойт. Кайраты бар кишинин – берекеси бар ишинин*[http://bizdin.kg].	**7**
38.	**Адам жана билим**	*Кийим менен мактанбай, билим менен мактан.* *Күн ааламга нур чачат, билим адамга нур чачат.*	**6**
			113

Жалпы: 573

Анализденген провербиалдык бирдиктер “Адам” концептинин белгилеринин санын олуттуу түрдө жогорулатып, келтирилген маанилердин көлөмүн бир канча жогорулатып жиберди десек болот. Алар аталган концепттин номинанттарынын лексикографиялык эмгектердеги макалаларын кеңейтүүгө дагы салымын кошо алат.Мында ядролук зонанын эки микроталаа

(катмар) түрүндөгү базалык түзүүчүлөрү аныкталды. Аларды ажыратып көрсөтүүдө концептуалдык талааны моделдештирүү ыкмасы колдонулду:

1. “Адамдын табиятынын, жашоо образынын, иш-аракетинин өзгөчөлүктөрү”.

2. “Адамдын акыл-эсинин, кулк-мүнөзүнүн, жүрүм-турумунун ж.б. касиеттеринин сыпатталышы”.

Аныкталган катмарларга маанилерди тематикалык жалпылуулуктун негизинде жайгаштырдык. Ар бир маани принципалдуу иштелип, когнитивдик жактан анализденип чыккандан кийин гана катмарларга киргизилди.

“Адамдын табиятынын, жашоо образынын, иш-аракетинин өзгөчөлүктөрү (167)” деген биринчи катмар *адамдын жаратылышынын табышмактуулугун, адам баласы аң-сезимдүү, жөндөмдүү, ыйык зат экендигин, анын жашоосундагы жана ишкердигиндеги түрдүү көрүнүштөрдү, биологиялык өзгөчөлүктөрдү* ж.б.у.с. идеяларды чагылдырган когнитемаларды камтыйт. Бул катмарга: **Адам деген -баарынан кымбат улуу ысым, ыйык зат; Адамга ак иштеп, адал болуунун пайдасы көп; Адам табияты - өзүнчө бир табышмактуу, сырдуу дүйнө; Адам - ажалдуу жан; Адам баласы ар кандай нерсени жасоого жөндөмдүү** ж.б. сыяктуу көп сандагы когнитемалар киргизилди.

“Адамдын акыл-эсинин, кулк-мүнөзүнүн, жүрүм-турумунун ж.б. касиеттеринин сыпатталышы (156)” деген экинчи катмары *адамдын кылык-жоругун, кулк-мүнөзүн, ага таандык психологиялык-менталдык касиеттерди сыпаттап сүрөттөөчү, адамга, анын жүрүш-турушуна тиешелүү болгон типтүү өзгөчөлүктөрдү мүнөздөп көрсөтүүчү* когнитемалардын жалпы темасы болот: **Адам көбүнчө сүйлөгөн сөзүнө, акылына карата бааланат; Жакшы адамдын мүнөзү, кылык-жоруктары; Адам ач көз болот; Жаман адамдын мүнөзү, кылык-жоруктары; Адам баарына көнөт, ал чыдамкай; Адам баласы тез эле жакшы сапаттарын жоготуп коюшу мүмкүн** ж.б.

Жакынкы периферияcына «Коомчулуктун (башкалардын) адамга таасирин тийгизиши (137)» тобунун ичине кирүүчү: **Жакшы адам менен жаман адам салыштырылат; Кичи пейилдүүлүк, сылыктык жана гумандуулук адамга зарыл коомдук сапаттар; Жалгыз дарак токой болбойт. Адам дайыма эл менен болуу керек; Жакындарын жоготуу адам үчүн абдан оор ж.б.** концептуалдык белгилер киргизилди.

Алыскы периферияны: «Адам жана анын жашоосундагы ыйык, маанилүү нерселер (115)» катмарын түзүүчү: **Сөз адамзат үчүн өтө маанилүү, өтө кооптуу, адам деген ойлонуп сүйлөө керек;Абийир, ар-намыс - адам үчүн ыйык нерсе;Адам эмгектенсе жакшы жашайт, сыйлуу-кадырлуу болот (Адам жана эмгек); Адам жана билим** ж.б.у.с. когнитемаларды чагылтуучу провербиалдык бирдиктердин тобу түздү.

Келтирилген когнитемалардын баары “Адам” концептинин кыргыздардын менталдык аң-сезиминде көп тараптуу жана көп пландуу категориялашуусу жана ар түрдүү мүнөздөгү (кээде бири-бирин танган) когнитивдик мазмунга ээ экендиги жөнүндө кабар берет.

Провербиалдык бирдиктердин негизинде пайда болгон когнитемаларды аныктагандан кийин алардын жардамында «Адам» концептинин түшүнүктүк, образдуулукка ээ жана аксиологиялык категорияларынбелгиледик:

- түшүнүк берүүчү аспекти: Адамдар ар кыл болушат: алардын кылык-жоруктары, жасаган иштери да ар түрдүү. Адам - ажалдуу жан. Адам дагы кээде жаңылат. Ал катасыз, кемчиликсиз болбойт. Адам баарына көнөт, ал чыдамкай. Адам башка адамдарга муктаж. Адам байлык менен бийликте сыналат. Адам үмүт, максат менен жашайт ж.б.

- образдык аспекти: Адам – ачылбаган сандык, анын ичин билүү кыйын. Адам табияты - өзүнчө бир табышмактуу, сырдуу дүйнө. Адамдар өз каталарын билбестен бирөөлөрдүн кемчиликтерин көргөнгө уста. Адам адамды кыйнайт, азгырат, шорго салат, өлтүрөт. ж.б.

- аксиологиялык (баа берүүчү) аспекти: Адам деген баарынан кымбат улуу ысым, ыйык зат. Адам баласы ар кандай нерсени жасоого жөндөмдүү.

Адам ач көз болот. Адамдын көңүлү назик. Адам баласы тез эле жакшы сапаттарын жоготуп коюшу мүмкүн. Адамдын сөзүнө, түсүнө, кийимине караганда ишине көбүрөөк маани беришет ж.б.

Изилденген маалыматтар көрсөткөндөй, провербиалдык бирдиктеркөлөмдүү семантикалык категорияларгаажырай алышат.Бул категорияларды (топторду) когнитема же пропозиция термини менен атадык. Когнитеманы түзгөн каражаттар жалпы семантикалык моделдердиналкагындажекечетопторго бириктирилет. Бул топторгоайрым учурдасемантикалык жактан тыгыз алакадагы, синонимдикпаремиялар, кээде шарттуу түрдө топтоштурулган (тигил же бул өзгөчөлүгү боюнча) макал-лакаптар биригет. Айрым бир провербиалдык бирдиктерде «Адам» концепти айкын, даана-такөзүнчө сөз менен (адам, пенде, инсан, жан ж.б.) чагылдырылса, башкаларындаөтмө, туунду мааниде назарга тутулат. Андыктан концепттин мазмунуна эксплициттик жана имплициттик касиеттер мүнөздүү десе болот.

3.12.4. “Адам” компоненттүү провербиалдык бирдиктерди когнитивдик-семантикалык жактан анализ

Дүйнөнүн провербиалдык сүрөтүн изилдөөдө жана сүрөттөөдө окумуштуулар салттык ыкмаларды колдонуу менен бирге атайын иштелип чыккан когнитивдик методикаларды дагы пайдаланышат [Иванова, 2006]. Мындай методикалардын катарына макал-лакаптардын, учкул жана накыл кептердин, афоризмдердин, хадистердин ж.б. ички табиятынын, мазмундук жалпылуулуктарынын жана маанилик бүтүндүктөрүнүн когнитивдик деңгээлдерин (алардагы когнитемаларды) санап-сыпаттап анализдеп чыгуу ыкмасын кошууга болот.

Дүйнөнүн провербиалдык сүрөтүндөгү “Адам” концептинин менталдык-тилдик мазмуну когнитивдик-семантикалык анализдин негизинде ачыкталат. Бул учурда когнитема деп бир катар провербиалдык бирдиктердин жалпыланган, инварианттуу мааниси аталууга тийиш.

Россиялык илимпозЕ. Иванованын берген аныктамасына ылайык, когнитема – бул бир же бир нече провербиалдык бирдиктин семантикалык талаасынкогнитивдик лингвистиканын чегинде сыпаттоодо реконструкцияга ээ болуучу жана дүйнөнүн макалдык сүрөтүн же анын фрагментин моделдештирүүдө функционалдык жактан маанилүү, ошол эле учурда этностук билимдерди, ар кыл көз караштарды жалпылоочу пропозициялык бирдик. Окумуштуу дүйнөнүн провербиалдыкбейнесинизилдөөдө когнитема макал-лакапкасалыштырмалуучакан формада түзүлүп, жөнөкөй структурага ээ жалпылоочу бирдик экендигин белгилейт. Ошондой эле ал когнитеманы дүйнөнүн макалдык сүрөтүнүн каркасын тургузууда макал-лакаптан кийинки эле башкы «курулуш блок» боло алат деп айтат. Ошол эле мезгилде Е. Иванова инсандын менталдык дүйнөсүндө жана ой кампасындапропозиция менен когнитемага окшогон айрым моделдер, фреймдер бар деген жоромолун билдирет [Е.В. Иванова, 2006].

Орус когнитологунун бул пикири Кыргызстандык бир нече илимпоздордон колдоо тапкан (Зулпукаров К.З., ЭргешоваС.Б., ДрофаЛ.И., КалмурзаеваА., Сейитбекова С., Амиралиев С. ж.б.). Жалпылап айтканда, когнитема – бул кайсы бир концептке мүнөздүү жалпы сапаттарды жана касиеттерди жиктөөдө жана провербиалдык бирдиктердин ички мазмунун жалпылоодо келип чыккан конструктивдик модель.

Жогоруда келтирилген пикирлерди эске алып,ар бир улуттун, этностун аң-сезиминде, акыл-эсинде алардын менталитетине тиешелүү когнитемалар болот деген гипотезаны айтууга негиз бар.

Когнитивдик-семантикалык жактан анализдөө ыкмасынын негизинде биз бул параграфта провербиалдык бирдиктерде орун алган орчундуу когнитемаларды аныктап, бөлүп көрсөтүүгө жана аларды тийиштүү мисалдардын негизинде ачыктап, талдап чыгууга далалат жасамакчыбыз.

Провербиалдык каражаттардагы «Адам» концептине тиешелүү когнитемалар төмөндөгүдөй мүнөздө анализденип чыкты.

“Адамдын табиятынын, жашоо образынын, иш-аракетинин өзгөчөлүктөрү” тобундагы когнитемалар. Когнитемалардын жалпы саны – 11, провербиалдык бирдиктердин саны – 167. Бул топтогу провербиалдык каражаттардын, дээрлик, баарында *адам баласынын табигый феномендери, турмуш-тиричилигиндеги түрдүү көрүнүштөр, кыял-жоругу, жүрүм-туруму, башкалар менен болгон алакасы* ж.б.касиеттеримүнөздөөгө алынат. Аларда кылымдар бою калыптанып калган этностук тажрыйба берилет.

1. Адам деген - баарынан кымбат улуу ысым, ыйык зат когнитемасын 24 провербиалдык бирдик түздү. Этностук аң-сезимде жер бетиндеги жашоодо тирүү организмдердин арасында эң ыйыгы, эң улуусу, эң маанилүүсү адам экендиги белгиленет. Анткени анын аң-сезими, акыл-эси, баам-парасаты, дене мүчөлөрү башка жандыктарга салыштырмалуу жетиштүү деңгээлде калыптанып мыкты өнүккөн. Бүгүнкү күндө адам акылы жетпеген, адамдын колунан келбеген нерселер жок эсе. Андыктан адамзат тукуму болуу – бул өтө чоң сыймык жана Алла Таала тарабынан берилген ыйык белек деп ойлойбуз. Эл көзүнө илинип, журт оозуна алынып, белгилүү боло баштаган инсандар, айрыкча перспективдүү жаш ишкерлер, адистер, болочок муун жаман, чуулгандуу иштерге аралашып кеткенде, ири жолго басканда, чектен чыгып, алардын акыл-оюн, жүрүм-турумун, кыймыл-аракетин туура жолго багытоо, аларды тартипке келтирип, нравалык эрежелерге баш ийдирүү үчүн кыргыздар адам бол, адам деген ысымыңды булгаба, адамдык сапаттарыңды сактап жүр, абийириңди сакта, жалпыга жек көрүндү болуп калба, түз жолуңдан тайба ж.б. императивдерди колдонушат. Мындай көз караш – жалпы, зарыл, түптүү, социалдык жана педагогикалык идея. Ал күчтүү семиотикалык формула. Төмөнкү провербиалдык бирдиктер бул пикирибизге шайкеш келип, семиотикалык алкакта адамдын аракетин башкаруучу рухий дөөлөт катары кызмат кылышат: Адам тукуму болуш улуу; Адам улуу тоо сыяктуу; Улуу адам улуу тоо сыяктуу; “Адамдан улуу ат жок, нандан улуу аш жок”; Нандан улук тамак жок, адамдан улук атак жок; Канткенде адам улуу адам болот? (Чыңгыз Айтматов); Адам жолу – улук; Адам болуу баарынан

артык; “Адам – ыйыктын ыйыгы. Бирок ошол эле учурда адамдан өткөн жырткыч жок” (Омар Хаям) ж.б.

Берилген эки мисалда: *Адам улуу тоо сыяктуу; Улуу адам улуу тоо сыяктуу* троптун салыштыруу жана гипербола фигуралары колдонулган. Адам эч качан асман мелжиген тоо сыяктуу бийик, салмактуу, кең, жайык боло албайт. Мында анын улуу касиеттери, бийик сапаттары, жогорку интеллектуалдык деңгээли, коомдогу статусу, эл алдындагы зор кадыр-баркы, оор басырыктуулугу, салабаттуулугу, балпайган сырткы келбети, көрүнүктүүлүгү тоого салыштырылган. Анткени улуу адам тоо сыяктуу алыстан көрүнөт, анын атагы алыска таркайт.

Жашоо нан ыйык, улук азык катары саналат. Аны тебелешпейт, кордошпойт жана ысырапкерчилик кылышпайт. Нан болсо, ыр да болот деген кеп бар. Нан башка тамак-ашка караганда маанилүү, андыктан кыргыз эли конок келсе, нандан ооз тийгизет, нан берип узатат, дасторконго дагы алгач нан коюлат. Ата-бабаларыбыз сапарга чыккандарга шерик болот дешип, койнуна нан салып беришкен. Нан азык-түлүктөрдүн арасында эң негизгиси, ал эми адам жер бетиндеги жандыктардын эң асылы, эң кадырлуусу. Ушул себептүү улук азык катары *нан* сөзүнүн “Адам” концепти менен бир провербиалдык бирдиктин тутумунда келиши жөн жерден эмес. Бул эки сөздүн бир муундан туруп, мурунчул тыбыштар менен аякташы дагы макалдын түзүмүн куроодо башкы ролду ойногон.

Адам | дан | улуу | ат | жок,

Нан | дан | улуу | аш | жок.

Нан | дан | улук | тамак | жок,

Адам | дан | улук | атак | жок;

Бул эки жаксыз сүйлөмдүн структурасы окшош жана параллелдүү формага ээ.Бирдей уңгулардан, мүчөлөрдөн жана тангыч сөздөрдөн турат. Экинчи вариантында *нан* сөзү биринчи келет. Алар эки башка провербиалдык каражаттар болгону менен, курамында синонимдер камтылган: *улук – улуу, ат – атак, аш – тамак.*

Төрөлгөндүн баарынын эле адам баласынын улуу көчүнулап, ата-бабалардын мурасын сактап, жогорку даражада өмүр сүрүп, жарыкчылыкта татыктуу жашап өтүү колунан келе бербейт. Ар бир адам жашоодо өз мүмкүнчүлүгүнө ылайык жолду тандап алат. Кээ бирөөлөр адашып калса, айрымдардын тагдырына таш тийет. Адамзат качан, кантип улуу болот, бийиктикке жетет, элдин сый-урматына татыйт деген маселе философторду, антропологдорду, жазуучуларды, адабиятчыларды, тарыхчыларды ж.б. түйшөлтүп келет. Бул суроонун үстүнөн учурунда залкар жазуучубуз Ч. Айтматов дагы толгонуп, жыйынтыгында “Адам үчүн эң кыйын нерсе–бул күн сайын адам болуу” деген тыянакка келгендиги дагы баарыбызга белгилүү. Төмөндө жазуучубуздун ой толгоолорунун толук вариантын келтире кетели:

“Эзелтен чечилбеген улуу талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?”
“Ураалап, жоо кууса да ушул талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?”
“Ажалдан көз жумса да, ушул талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?”
“Душмандан жан соогалап качканда да,
Душманды кырып-жоюп, басканда да,”
“Түбөлүк чечилбеген улуу талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?”
“Адам баласы качан чечет, качан коёт,
Канткенде адам уулу адам болот?” [https://super.kg]

Үч куплеттен 12 саптан турган чакан ыр түрүндө берилген бул трактовкасында “*Канткенде адам уулу болот?”* суроосу 5 жолу кайталанып, тексттин 40 пайызын түзөт. Түбөлүк чечилбеген улуу талаш фразасы адамзат улуулуктун сырын нечен кылымдар бою чече албай келе жаткандыгын айгинелейт. Ал эми “*Адам баласы качан чечет, качан коёт”*сабы аркылуу көтөрүлгөн маселе качан чечиле тургандыгы али табышмак экендиги

белгиленип, ал келечектеги муундарга аманат катары тапшырыла тургандыгы көрсөтүлөт.

Мындай ою менен Чыңгыз Төрөкулович жөн гана адам болуу идеясын белгилебестен, нагыз адамдык сапатты, адамдык ыйык касиетти алып жүрүү эң оор вазийпа болоорун, ар кимдин эле колунан келе бербеген татаал иш-аракет, тозоктун тозогу экендигин жеткиргиси келген. Биздин оюбуз боюнча, андай ыйык касиеттерге бардык эле инсандар ээ эмес. Балким, назарга тутулган асыл сапаттарды, бийик өзгөчөлүктөрдүжалаң улуу адамдар, тарыхта из калтыргандар алып жүрүшсө керек. “Канткенде адам уулу болот?” деген орчундуу тема залкарыбыздын чыгармаларындагы каармандардын арасында дагы талаш-тартышка түшкөндүгү баарына маалым.

Жашоодо өз жолунда, башкаларга залал тийгизбей, жамандык кылбай, гумандуулукту карманып, ыймандуу, тарбиялуу, адал, адилет күн кечирүү баарынан артык экендигин этностук көз караш биринчи орунга алып чыгат. Адам болуу бул төрөлүп, жашап, анан өлүп калуу дегендикке жатпайт, ал үчүн тынымсыз аракеттенип, адал эмгек менен ийгиликке жетип, ар дайым туура сүйлөп, туура ойлонуп, туура багытта жүрүү талап кылынат.

Улуттук менталитетте адам баласы жаралган соң, ардактуу адам атына көлөкө түшүрбөй, жакшы тарбия алып, мыкты адамдык сапаттарды өзүнө сиңирип, адамгерчиликти туу тутуп, адеп-ахлах принциптеринин негизинде айланасындагыларга материалдык жана моралдык жактан зыяны, оору тийбей жашап өтүшү талап кылынат. Турмуштун оош-кыйышында күн сайын адамдык сапаттарды сактап жашоо – оңой иш эмес. Адамзат баласы кайсы бир ишкердиктин мыкты чебери, адиси боло алышы мүмкүн, бирок ага адам деген ыйык атын, адамга таандык асыл сапаттарын жоготпой алып жүрүү кыйынга турат. Мындай ой-пикирибизди төмөнкү учкул сөздөр тастыкташат: *Билимдүү болмок оңой, адам болуу кыйын; Жүрөгүмдө туудай толкуп жер шары адам болуп калганыма сүйүнөм* (Тургунбай Эргешов)*; Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу* (Ч. Айтматов)*; Кыргыз акын-жазуучуларынын көбү адам болбой туруп жазуучу болуп алышкан* (Кубатбек Жусупалиев)*; Адам болуу ар*

бир эле адамдын колунан келе бербеген нерсе (Эсенбай Калдаров)*; Адамдын башкаларга кылаар эң чоң жакшылыгы эле үйүнөн адам болоор балдарды тарбиялап өстүрүү экен* (Чыңгыз Айтматов).

Адам болуу темасына көбүнчө жазуучулар кайрылгандыгын жогорудагы мисалдар тастыктап турат. Макал-лакаптарга караганда бул объект афоризмдеринде, акын-жазуучулардын учкул кептеринде басымдуулук кылаары даана байкалат. Т. Касымбековдун “Адам болгум келет” чыгармасы биз сөз кылып жаткан предметтин өзөгүн түзөөрү шек жаратпайт. Демек, коомчулукка чыгармалары аркылуу кайрылып, окурмандарды жашоодогу зарыл сапаттардын бири болгон адам болууга үндөө, жазуучулардын эң негизги миссиясы экендигин аңдоого болот. Кубатбек Жусупалиевдин “Кыргыз акын-жазуучуларынын көбү адам болбой туруп жазуучу болуп алышкан” деген айтымына жана “Билимдүү болмок оңой, адам болуу кыйын” макалына караганда адам болуу, жазуучу, акын, тилчи, адамбиятчы, илимдүү-билимдүү, даанышман, кайсы бир кесиптин ээси болуудан дагы жогору тураары көрсөтүлгөн.

Адам болуп төрөлгөн соң, адамча жүр, жигит болуп өскөн соң, жигитче өл; Ааламга келдиңби? Адамдыгыңды көрсөт макалдарында адам баласын, айрыкча жаш муунду туура жана мазмундуу турмуш кечирүүгө, бузулуп, жаман жолго түшүп кетпөөгө, адам деген ыйык атын сактап калууга үндөгөн кеп-кеңеш, акыл-насаат буйрук формасында орун алган.

Көпчүлүк учурда элдердин жакындарына “адам болчу”, “адамча жүрчү”, “адамдык сапатыңдан тайбачы” деп айткандарын угуп калабыз. Мындай жагдайда адресат менен адресант бири-бирин адам болууга, адам деген ыйык атты булгабоого чакырып, ак ниеттүүлүк менен сергек жашоого үндөйт, б.а., жаманкылык-жоруктан, тескери иштерден башкалар жапа чегип, жабыркап калышы мүмкүн экендигин жеткирүүдө ушул фразаларды колдонушат. Жаныбарлар инстинкт менен жашайт. Ал эми адам баласынын кыймыл-аракетин акыл-эси башкарат. Инсандын жан дүйнөсү бай келет, бул байлыгын ал мындан дагы жакшы өнүктүрө алат. Пенде үчүн материалдык

баалуулуктарга караганда турмуштун руханий тарабы жогору туруусу абзел. Байлык, бийлик, мансап үчүн кызматтык абалынан пайдаланып, адамдык сапаттарын жоюп, моралдык принциптерден баш тартып, ыплас иштерди жасоого болбойт. Адамга өзүнүн кылык-жоругун, жүрүм-турумун, ой толгоосун башкара билүү мүмкүнчүлүгү берилген.

Жогорудагы биринчи мисалда *жигит* сөзү *адам* сөзүнө тете колдонулгандыгы көрүнүп турат. Негизинен, жигит деп бой жеткен эркекти, боз уланды айтышат. Демек, адам бол дегенде жаш курактын эске алынуусу керектиги талап кылынгансыйт. Этностук ойтутум эч качан жаш балдарга, кары-картаңдарга “адам бол” императивин колдонбойт. Ал көбүнчө баралына жетип, ал-күчкө толуп, толкушуп турган эр-азаматтарга карата айтылаарын белгилеп коюу зарыл. Бул императивди акыл-ойдун буйругу, жүрүм-турумдун эрежеси катары кабылдап, эр жеткен же орто курактагы адамдардын эркин, эркиндигин чектөөчү, башка бүрөөнүн эркине мажбурлоочу практикалык мыйзам сыяктуу кароого мүмкүн. Ага ылайык, зөөкүрлүк кылуу, сөгүп-тилдөө, зордук-зомбулук көрсөтүү, ырайымсыз мамиле жасоо ж.б. адепсиз жаман иштерден оолак болуу адамзат үчүн баалуу жана маанилүү экендиги назарга тутулат.

Германиялык философ Г.Лихтенбер «Адам болуу үчүн улуу муунду ээрчип, болочоктогу муунга жол салып бериш керек» деген оюн айткан. Чындыгында, мындай инсандардын көзү өтүп кетсе дагы, алардын ысымы, накыл кептери, жасаган иштери, калтырган эмгектери журттун калың катмарына терең сиңип, адам коомунда, адамзат тарыхында жаркын жылдыз катары жанып, муундан-муунга мурас катары өтүп келе жатат. Мына ошолордун жашоосунун маани-маңызына жетип, эл үчүн жасаган эмгегин баалап, мыкты жактарын өзүбүзгө сиңирсек, чыныгы инсан болуп калыптануубузга мунун баары зор таасирин тийгизет.

Этникалык эс-тутумда адамзат, жадагалса, санда жок, кедей, тилемчилик менен күн көргөн кадыр-барксыз бирөө болсо да, ал кымбат баалуу жылкы, нар, өгүз ж.б. жаныбарлардан өйдө турат. Жаныбарлар, дагы

башка эмне гана болбосун адамдын ордун эч качан толуктай албашы төмөнкү мисалдарда берилет: *Адамдан башкасынын баарын адамга курман чалууга болот;Айбандан түңүлсөң түңүл, адамдан түңүлбө.*

Келтирилген мисалдарда айбан, жаныбар, мал бирдиктери адам түшүнүгүнө карама-каршы коюлат. Алардын биринчисинде жаныбар же мал түшүнүгү жекече сөз менен ачык берилбестен, туюк түрдө назарга тутулат. *Баарын* лексемасы мал жандыктын жалпы түрүн туюнтуп турат. Бул тилдик кубулуш стилистикада эллипсис деп аталат. Ошондой эле мында мусулмандардын каада-салтын туюндурган этнографиялык термин кезигет. Кыргыз эли курман чалуу дегенде кудай жолуна, адамга арнап, кудайга сыйынып мал союу дегенди түшүнөт (Кыргыз тилинин сөздүгү. - Б., 2010. – 1108 б.). Этиштин буйрук ыңгайы аркылуу берилген экинчи макал окурманга альтернативалык тандоону сунуштайт жана адам айбанга караганда жогору экендигин эскертет.

Адамды улуулукка жеткирген, коомдук чөйрөдө өзүн мыкты алып жүрүүгө, адептүүлүккө тарбиялаган эң зарыл нерсе – бул маданият: *Инсанды инсан кылган маданият* (Чыңгыз Айтматов). *Инсан* сөзүнүн катар келишин кайталоо катары кабылдоого болот. Бул жерде автор сүйлөм уккулуктуу болуу үчүн бир тыбыш менен башталган сөздөрдү кайталап берген. Мындай кубулушту тил илиминде же адабиятта аллитерация дешет.

Жогоруда берилген мисалдарда, келтирилген пикирлерде адам болуу маселеси абдан актуалдуу экендиги көрсөтүлдү.

Анализденип жаткан адамдын улуулугун даңазалаган бирдиктердин арасында кайчы пикирди туудургандары дагы кездешет. Алардын негизинде антонимдик мүнөздөгү **Адам эч нерсеге арзыбаган, баркы жок жан** мини когнитема уюшулду. Мындагы бирдиктерде адамдын улуулугун жокко чыгарган, аны баркын түшүргөн ойлор айтылат: “*Тирүү болуп санда жок, өлүү болуп көрдө жок”; “Кишинин кулагын кессең, бирөөгө кийиз кескенче көрүнбөйт; Адам – бул жүнү жок, эки буттуу жаныбар* (Платон)*”*.

2. Адамдар ар кыл болушат: алардын кылык-жоруктары, жасаган иштери да ар түрдүү когнитемасына провербиалдык бирдик таандык болду. Алла Таала тарабынан адамдар бирдей жаралбаптыр. Жер жүзүндө канча адам болсо, ар биринин өзүнүн өзгөчөлүгү бар. Алар бири бирине мүнөзү, кылык-жоругу, өң-түсү, жашоо образы, акыл-эси, дүйнө таанымы, ой жүгүртүүсү, жасаган иш-аракеттери, боюнча 100 пайыз дал келбейт. Адам баласы бири биринен кескин айырмаланат, ар бир адам өзүнчө личность, анын өзүнүн жеке пикири, көз карашы, тагдыры ж.б.у.с. типтүү өзгөчөлүктөрү болот. Айрым адамдар акылдуу, ыймандуу, ак пейил, тапан болушса, башкалары акмак, адепсиз, ичи тар, кара ниет, жөндөмсүз болушат. Түрдүү адам түрдүүчө иш кылат: *“Адамдын бири тентек, бири жөнтөк, бири эпчил, бири кекчил”;Адамдын болот жаманы: акылын аңдап ченебейт, өзүн өөдө көтөрүп, өзгөнү жанга теңебейт; “Жакшылыкка жакшылык – ар адамда, жамандыкка жамандык – кем адамда”;“Жакшылыкка жамандык – көр адамда, жамандыкка жакшылык – эр адамда”; “Жакшылыкка жакшылык – ар адамдын башында, жамандыкка жакшылык – эр адамдын башында”; “Жакшылыкка жакшылык ар адамдын кылаары, жамандыкка жакшылык эр адамдын кылаары”; “Жамандыкка жамандык кем адамдын кылаары, жакшылыкка жамандык көр адамдын кылаары”; “Жакшылыкка жакшылык – ар кишинин ишидир, жакшылыкка жамандык көр кишинин ишидир”; “Жамандыкка жакшылык эр кишинин ишидир, жамандыкка жамандык кем кишинин ишидир”.* Келтирилген мисалдарда варианттуулукту байкалат. Бир эле макалдын бир нече варианты бар экендиги көрүнүп турат.Алардын варианттуулугу *эр адам, ар адам, кем адам, көр адам, башында, кылаары, ишидир* лексемалары аркылуу уюшулган. Бардык текстте абстакттуу маанилерди туюнткан *жакшылыкка жакшылык, жамандыкка жакшылык*, *жамандыкка жакшылык*, *жамандыкка жамандык* сөз айкаштары вариант катары колдонула берет. Вариант деп тигил же бул маанинин ар түрдүү көрүнүштө, түрлөр аркылуу берилишине карабай, жалпы жонунан сакталып калуусун айтышат. Бир эле лексикалык маани бир, эки же бир нече тилдик

каражаттар, формалар аркылуу берилиши мүмкүн. Кээде тескерисинче бир эле форма бир канча маани же тилдик белгини өзүнө камтышы ыктымал. Бул өзгөчөлүктү схемалык түрдө төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот:





Мында *М* тамгасы аркылуу *маани*, *Ф* тамгасы менен *форма* сөздөрү белгиленди.

Вариант түшүнүгүн кайсы бир тилдик маңыздын ар түрдүү ишке ашырылышын жана берилүү жолдорун атоодо жана мүнөздөөдө колдонуп жүрүшөт. Тилдик маңыз дайыма эле бир тектүү көрсөтүлбөйт жана берилүүнүн кандайдыр бир жеке ыкмасы менен чектелип калбайт. Аны көрсөтүү жаңылануууга жана түрдүк өзгөрүүлөргө, жалпы кабыл алынган милдеттүү нормалардан таюуга жол ачат. Ал эми норма өзү конкреттүү-тарыхый социалдык кубулуш катары фактыларды системалуу сактоону талап кылат. Вариантталуу процессине тилдин системалуу бирдиктери гана эмес, провербиалдык каражаттары дагы кабылышат [Зулпукаров, 2016: 45].

Жогоруда көрсөтүлгөн акыркы мисалда семантикалык модалдуулук бар. Алардын биринчиси (*эр адамдын кылаары*) кыймыл-аракеттик кескиндигин, чечкиндүүлүк менен айтылгандыгынан кабар берсе, экинчи мисалда (*ар кишинин ишидир*) жоромолдоо, божомолдоо, ишенбөөчүлүк, ыктымалдуулук, мүмкүндүк ж.б. семалар басымдуулук кылат.

Тилдик бирдиктерди анализдөө провербиалдык каражаттардын арасында ар түрдүү варианттарды, парадигмалардын ортосундагы формалык өзгөрүүлөрдү аныктоого мүмкүнчүлүк жаратты. Алардын канчалык көп разряды болсо, вариантталуу ыктымалдуулугу ошончолук жогору болору байкалды.

Элибизде *аягы айры, башы жумурунун эле баары адам боло бербейт* деген кеп бар. Көрсө, адам аттуунун баарын эле келишимдүү, жан дүйнөсү таза, акыл-эстүү, билимдүү, адамгерчиликтүү, маданияттуу, ак көңүл, асыл жан боло бербейт экен. Андыктан этностук көз карашка ылайык, адамдарга ылгабай мамиле кылуу, көрүнгөн жанга эле сырыңды айтып, достошуп, жай баракат боло берүү максатка ылайыктуу эместей туюлат. Адамдардын социалдык абалында, психикасында, кадыр-баркында чоң айырмачылыктар бар. Бул ойду төмөнкү мисалдар менен ырастайбыз: *Буту менен басып, мурду менен тынгандын баары эле адам боло бербейт; Адамдын болот адамы; Жакшынын жакшы билер сымбатын, жамандар кайдан билсин адамдын арзан-кымбатын;"Чийкиге бышык тең эмес, кишиге киши тең эмес"; Кишимин деген адам толуп жүрөт; Кишинин кишиси бар, бышуунун чийкиси бар.*

Келтирилген биринчи мисалда *тынгандын* деген сөз кезигет. Бул сөз баарына эле түшүнүктүү эмес чыгаар.Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө Тын лексемасы омоним катары 3 жолу өз өзүнчө берилген. Аларды келтире кетели. I. *Тын* – Алган же чыгарган дем. II. *Тын*–1. Дем алып, дем чыгаруу. 2. Тынчуу, тынч алуу, жайлануу, эс алуу. *Салыктын көңүлү эми гана тынды* (Каимов). 3. Басылуу, бүтүү, жоктоо. 4. Жай алуу. Сеп алуу. III. Жан деген мааниде. *Тыныңы болот эгөөнү, Кемпир уурдап алыптыр* [Кыргыз тилинин сөздүгү, 2010, 1248-б.].Макалда бул лексеманын, демек, биринчи берилген семантикалары, т.а. алган же чыгарылган дем жана дем алып, дем чыгаруу маанисин билдирген аныктамасы назарга тутулган. Күнүмдүк турмушта экинчи полисемиялык мааниси көбүрөөк колдонулгандыктан, аны кыргыз тил ээлеринин активдүү сөз корундагы бирдик катары саноого болот. Ал эми үчүнчү мааниси таптакыр сейрек кездешкен сема катары кабыл алынат. Аны көркөм чыгармалардан тарыхый окуяларды чагылдырган текстерден гана кезиктирүү мүмкүн. Ал күнүмдүк сүйлөшүү кебинде дээрлик колдонулбайт.Биринчи, үчүнчү мааниде стилистикалык боектуулук бар, ал эми экинчини нейтралдуу, денотативдүү маани катары кароо негиздүү.

Кишинин кишиси бар, бышуунун чийкиси бар паремиясында кызыктай семантикалык көрүнүш орун алган. Анын негизги максаты – заттарды же ар кыл сапаттарды карама-каршы коюу. Жаксыз сүйлөмдөрдүн экинчи бөлүгүндө кемтиктик, толук эместик, түшүрүп коюучулук, т.а., эллипсис процесси кезигет. Жалпысынан *чийки* сөзүнө антоним катары*бышкан, бышык, жешке даяр болгон, жетилген, такшалган* ж.б. лексемалар кызмат кылат. Ал эми *бышуу* сөзү кайсы бир объекттин, предметтин сапатын, касиетин билдире албайт, ал этиш иретинде кыймыл-аракетти туюнтат. Андыктан бул жерде *бышуу* кыймыл атоочунун ордуна *бышкан, жетилген нерсенин чийкиси болот* деген айтым берилсе туурараак болмок. Биринчи сүйлөмдө *киши* сөзүнө *киши* сөзүнүн карма-каршы келиши макалдын образдуулугун арттырып тургансыйт. Себеби кайсы бир тилдик бирдиктин өзүнө өзү антонимдик катышта учурашы кызыгууну жаратпай койбойт. Семантикасына токтолсок, мында “ар кандай нерселердин арасында мыктылары болот”, “бардык эле адамдар, предметтер бирдей эмес, алар аркыл болушат, бири-биринен айырмаланышат” деген туюнтмалар келип чыгат.

Жакшынын жакшы билер сымбатын, жамандар кайдан билсин адамдын арзан-кымбатын провербиалдык бирдигиндеуйкаштыкка жол берилген. Ал *сымбатын, кымбатын* сөздөрүнүн жардамында түзүлгөн. Бул жерде тамгага тамга, мүчөгө мүчө, уңгуга уңгу дал келет. Алар саптын башында орун алган *с* жана *к* тыбыштары менен гана айырмаланат.

Сым || бат || ын

Кым || бат || ын

Сингармонизм тилдик кубулушу катышкан уйкаштык фонетикалык процессинин жардамында макалдын уккулуктуулугу, эсте бат сакталуусу арткан.

Ар адам табиятынан уникалдуу болот. Жадагалса, гени, жан дүйнөсү,мүнөзү, кылык-жоругу, сырткы келбети, интеллектуалдык деңгээли, физикалык өзгөчөлүктөрү, көз карашы, кызыкчылыгы, маданияты, тарбиясы ж.б. касиеттери боюнча эки окшош адамды табуу мүмкүн эмес. Алар кайсы

бир сапаты, көрсөткүчү боюнча азыноолак окшошушу ыктымал, бирок бул нерсени абсолюттук дал келүү катары саноо кароого жол берилбейт. Түпкүлүгүндө баарыбыз ар башкабыз. Күн сыяктуу нур чачып, көкүрөктөгү кайгыны, көңүлдөгү кирди жууп, жаркын маанай тартуулай турган адамдар бар. Алардан дем-күч, энергия аласың. Ошол эле учурда кар, жамгыр сыяктуу жандар кезигет. Алар менен сүйлөшкөндөн кийин демиң муздап,жан дүйнөңбороон-чапкын дүрбөлөңгө түшөт. Мындай жагымсыз, негативдүү сезим калтырган, терс энергиялуу, тили заар адамдарга жакындабоо зарыл. Андыктан адам ак көңүл, ичинде кири жок, жайдары, жагымдуу, эң башкысы көңүлгө төп келген инсандар менен достошуп, алардын курчоосунда жүргөнү оң. Себеби алар мыкты эмоциялардын, ден соолуктун, кубанычтын булагы болушат.

Адамдар мүнөзү, кылык-жоругу боюнча дагы ар кыл келишет. Айрымдарга чыдамкайлуулук, сабырдуулук, олуттуулук, оор басырыктуулук мүнөздүү, башкалары – шайыр-шат, көңүлү бош, эр жүрөк, капалуу, түнт. Кимдир бирөөнү таарынтуу кыйын, башканы – оңой. Тигил же бул окуяны же сөздү ар ким ар кандай кабыл алышы мүмкүн. Мисалы, башкалардын жашоосу, спорттук мелдештер, оюн-зоок кээ бир адамдар үчүн абдан кызыктуу болсо, айрымдар мындайга кол шилтеп коюп, өзүнүн ишин кылып жүрө берет. Бир эле китеп, чыгарма же кинофильм кайсы бир адамды ыйлатса, балким башкаларды жөн гана таң калтырат. Ушинтип, элдер ушунчалык ар түрдүү болгондуктан дайыма толеранттуулук жана өз ара сыйлашуу жөнүндө ойлоно жүрүү маанилүү. Ар бир адамдын өз алдынчалуулугун, уникалдуулугун жана кайталангыстыгын эске алуу зарыл.

Адамдардын арасында пейли начар, тарбиясыз, зулум, наадан, адамгерчиликсиз начар мүнөздүү адамдар кезигет. Эл аларды айбанга теңейт: *“Жерде жүргөн коңуз бар, адамдан чыккан доңуз бар”; Каргылуу тайган бар, адамдан чыккан айбан бар;*

Адамдар табияттан ар түрдүү болгондугуна байланыштуу алардын өңтүсүн, кылык-жоруктарын, иш-аракеттерин салыштырууга болот. Мындай

салыштыруудан алардын ар кыл мүнөздөрү, сапаттары аныкталат: *Кара кишинин жини келгенче, сары кишинин жаны чыгат; Кенен киши арыбайт, тар киши болсо кеңейбейт; Киши эмес киши сөз эмес сөздү сүйлөйт; "Өзү кара, көзү көк – ал адамдын шумпайы, өзү сары, көзү көк – ал адамдын шумкары".*

Адамдар бири-биринен айырмаланбайт, алардын баары адам деген кичи когнитема жогоруда анализденген когнитемага каршы келет. Мунун курамындагы төрт бирдикте адамдарды жалпылаштыруу, алардын айырмачылыктарын жокко чыгаруу, бирдей абалга алып келүү идеясы катылган: *Адамдын жалаңгычы да адам;Кырсык жакшы кишини да чалат;"Кишинин жакшы жаманын иш түшкөндө билерсиң, үйдүн ысык-суугун кыш түшкөндө билерсиң"; Ажал алдында баарыбыз теңбиз.*

Адамдын жалаңгычы да адам мисалында "жалаңгыч" мифологиялык түшүнүгү камтылган. Анын курамындагы -*кыч* мүчөсүнүн ордуна -*гыч* мүчөсү жазылып калган. Бул сөздүн туура варианты сөздүктө "жалаңкыч" деп берилип жүрөт. Ал эки мааниден турат: 1. Өлүм, ажал келтирүүчү жан алгыч, жан алуучу. 2. Үрөйү суук, түрү суук, коркунучтуу. *Көрбөгөн чоочун үч киши, Жанына чуркап келишти, Жалаңкыч түрү көрүнүп* ("Кыргызстан аялдары") [Кыргыз тилинин сөздүгү, 2010, 395-б.]. Биз үчүн адам баласына тиешелүү, адамды сыпаттоодо колдонулуучу экинчи өтмө мааниси актуалдуу. Аталган лексема "жан алгыч" диний түшүнүгүнөн агглютинативдик тилдерге таандык метатеза фонетикалык кубулушунун жардамында, т.а. сөздүн ортоңку муунундагы *л* тыбышы менен *н* тыбышынын орун алмашуусу аркылуу жасалса керек деген жоромолду айтууга болот. Баарына белгилүү болгондой, сөздөгү муундардын же тыбыштардын орду илгери кийин алмашып келиши, түшүшү лингвистикада метатеза процесси менен түшүндүрүлөт.

Бул бирдиктин тактоочтук формасы (жалаңкычтай) дагы кезигет, ал -*тай* курама мүчөсүнүн жалгануусу менен уюшулуп, "адам корко тургандай, абдан коркунучтуу" деген маанилерди билдирет.

Кишинин жакшы жаманын иш түшкөндө билерсиң, үйдүн ысык-суугун кыш түшкөндө билерсиң макалында келтирилген *иш* лексемасынын этимологиясына белгилүү окумуштуу К.З. Зулпукаров кайрылган. Ал бул сөздүн төркүнүн кытай тили менен байланыштырат. Кытайдын*shī*[ши] сөзүнөн «иш, жумуш, кылуу, ишкана, кесип, окуя, учур, кез, жагдай; жагымсыз окуя, жагымсыз иш, инцидент, конфликт; эмгек, өнөр жай, өндүрүш, кызмат; жасоо, алектенүү, башкаруу, жүргүзүү, кызмат кылуу, кызматын аткаруу, багуу, кароо» метатезалык мыйзамдын натыйжасында, б.а., тыбыштардын орун которууларынын негизинде кыргыз тилиндеги *иш* сөзү «жумуш, ишкана, эмгек, окуя, учур, кез, кырсыктуу иш, инцидент, балаа, жагымсыз учур; жумуш орду» келип чыккан деп божомолдойт [Зулпукаров, 2016, 38-б.].

3. Адам жана карылык когнитемасы 21 бирдиктен турат. Кыргыз элинин менталитетинде карыган адамды кастарлап, аяр мамиле кылуу, аларды сыйлоо, аларга кечиримдүү болуу, жардамдашуу деген сыяктуу салттык иш-аракеттер, стереотиптер бар. Адам карыганда чындыгында көңүлү назик болуп, жылуу мамилеге, тынчтыкка муктаж болуп калат. *Карысы бардын ырысы бар* делет элибизде, андыктан биз ардактаган, биз үчүн кымбат болгон, иштин көзүн билген, турмуштук тажрыйбасы мол карыларыбызды дайыма урматка бөлөп, төбөбүзгө көтөрүп багып жашообуз абзел экендиги төмөнкү бирдиктерде чагылдырылат. *Карыга катуу айтпа, ката кетирсе жаакка чаппа; Карыган киши – таптоодогу куш; Карыга – урмат, балага – кызмат; Кары адам – үйдүн куту; Кары адам акылга бай, март адам доско бай; Кары бар жерде касиет бар; Кары канча карыса да, карышкырга амал табат; Кары адамды каркыттаган "Карыя" деген сөз болот;Адамдын жашы өйдөлөгөн сайын жылуулукка (жылуу сөзгө, жылуу кийимге, жылуу чайга ж.б.) муктаж боло баштайт экен* (Амантур Акматалиев)*;*

Көбүнчө карыган адамдар жаш бала менен салыштырылат. Карыган адам менен жаш баланын жүрүм-турумунда, кылык-жоругунда, ойлоосунда окшоштуктар, дал келүүчүлүктөр байкалат, о.э., өтө карыган, акылынан

алжый баштаган адамдарды *бала кыял болуп* калыптыр дешет. Андыктан төмөнкү учкул сөздөр пайда болсо керек: *Адам карыган сайын бала; Карыганда адам таарынчак болот; Балалык кишиге эки келет: бири жашында, бири карыганда; Кээ бир адамдар бала боюнча эле карып калышат* (Кубатбек Жусупалиев);

Адам өзүнөн кийинкилерди көрүп картаят; Адамды эки нерсе картайтпайт тез:бири - жакшы мүнөз, экинчиси - жакшы сөз; Кайгыдан адам картаят, шаттыктан адам жашарат макалдарында адам баласынын картаюусуна себеп болуучу кээ бир факторлор, картаюуну шарттоочу, ага түрткү берүүчү айрым булактар жөнүндө айтылган.

Адам карылыктын жакындаганына кайгырбай, жаштыктын алыстаганына кайгырат бирдигинде адам баласы үчүн эң баалуу жаштык кез адамга кайра келбестиги, кайрылбастыгы берилип жатат.

Сүйүү маселесине келгенде жашы улуу адамдар тарабынан *жүрөк карыбайт, журөгүм жаш* деген сөздөр айтылышы мүмкүн. Бул сөздөрдүн башкы мааниси катары *адам баласынын сүйүүсүндө жаш курак анча чоң маниге ээ эмес* деген түшүнүктү саноого болот: *Адам карыса да жүрөк карыбайт; Адам өзү карыса да, көөдөнү карыбайт.*

4. Адамга ак иштеп, адал болуунун пайдасы көп когнитемасы 19 бирдикти кучагына алат.Ар бир пенденин маңдай тер, таман акысы менен ак иштеп, адал эмгектенүүсүнүн натыйжасы зор боло тургандыгы, ак эмгектин береке-пайызы көп боло тургандыгы, мындай эмгек адамга жөлөк, тирек экендиги жана тескерисинче арам эмгектин зыяны, түйшүгү, азап-тозогу ж.б. терс жактары, көп болуусу этностук дүйнө таанымында бышыкталып, журтубуздункылымдар бою келе жаткан жашоосунда тастыкталып, улуттук тажрыйбасында далилденип, такталып калган. Андыктан адам баласы жашоодо ак иштеп, адилет болсо, мыкты жашап өтө тургандыгы төмөнкү макалдарда даана чагылдырылат:*Адал эмгек нурлантат, арам эмгек кырдантат; Адал эмгек, ак ниет опо берет адамга; Адал эмгек элге жеткирет, арамдык элден кетирет; Адал эмгек - астыңда ат, үстүңдө тон;*

Адал иш (эмгек) абийир таптырат, арам иш (эмгек) азабын тарттырат; Адал болсоң дос көбөйөт, арам болсоң кас көбөйөт; Адамдын ыйык милдети адал жашоодо.

Бир нече провербиалдык бирдикте адам баласын ак иштөөгө, адал эмгектенүүгө, арамга жакын болбоого, арамдыкка берилбөөгө, бузук иштерге аралашпоого, башкалардын акысын жебөөгө, үй-бүлөсүн ак эмгеги менен багууга үндөгөн ата-бабаларыбыздын баалуу акыл-насааттары камтылган: *Абийир үчүн ак жүр, алыш-беришке так жүр; Адал болгун, арам болбо, сакы болгун, сараң болбо; Элден жеген пул арам, жолобогун эч адам; Адам таза, ыймандуу болуш керек.*

Этностук менталитетке ылайык адал жүргөн, адал иш кылган, ак эмгектенген, таза адам улуттук аң-сезимде баалуу, нарктуу, асыл нерселер менен салыштырылып, жогорку даражадагы, авторитеттүү, бардык жагынан мыкты, улуу инсан катары ардакталып, даңкталууга тийиш. Андай адам турмуштан жапа чекпейт: *Адал жүргөн адамдар киргили жок матадай, тил билгилүү эр болсо, дили жумшак казыдай; Абийири бар адам таза сүттөй; Адал адам - адамдын гана адамы эмес,ааламдын адамы;Таза адамга чаң жукпайт; Ак иштеген адам акыры жамандык көрбөйт* (И. Раззаков).

Адал тапкан кара наның майдай жагат, арам тапкан казы-картаң жыландай чагат; Адамга арам буйрубайт, жукпайт, өзүң сиңирип кетсең да, балдарыңдан чыгат мисалдарында адал эмгектин натыйжасы, арам эмгектин натыйжасы менен салыштырылып, арамдыктын, адал эместиктин, акыйкатсыздык менен иштөөнүн жыйынтыгы адамды кыйноосу, эртедир-кечтир ага баары бир залакасын тийгизүүсү айтылып жатат.

Улуттук көз карашта, коомдук-саясий ишмерлер, эл төбөлдөрү, бийлик башындагылар айрыкча ачык айтып, ак иштеп, адал эмгектенүүсү зарыл. Алар мамлекеттик мүлккө беш колун салбоосу, элдин акысын жеп, өлкөнүн байлыгын урдобоосу керек, дайыма элди-жерди, ойлоп, патриот болуулары абзел: *Сен ак болсоң, мен ак болсом – коом да таза болот* (И. Раззаков); *Элита*

деген чынчыл, эл үчүн күйгөн адам болушу зарыл. Улутчул эмес мекенчил болуш керек (Ишенбай Абдуразаков).

5. 15 макал-лакаптардагы маанилердин жалпылыгын негизинде **Адам – ачылбаган сандык, анын ичин билүү кыйын** когнитемасы келип чыкты. Адамзат жаратылыштан ары сырдуу, ары табышмактуу жаралган. Анын ички сезимдери, жан дүйнөсүн, ой-мүдөөлөрү, келечекке болгон план-максаттары, көңүл жайы ачык сыртка чыгып, башкаларга белгилүү боло бербейт. Адам ичинде башкаларга карата ар кандай бузук, кара ойлорду, арам ниеттерди, кекти, жаман каалоолорду алып жүрүшү мүмкүн. Булардын баарын анын сыртынан билүү, жүзүнөн, кыймыл-аракетинен аныктоо кыйын. Адам баласы жашыруун жамандык кылып коюга жөндөмдүү: *Адам аласы - ичинде, мал аласы – сыртында;"Адам баласы тетиксиз сандык, сыртынан сынчы жаңылат"; "Адам ичине катылган кара түтүндү, күндүн жарыгында да көрүш кыйын"; Карганын жашын, кишинин ичин билиш кыйын; Киши аласы ичинде, аны сыртынан билиш кыйын; Адам болуу арзан, адамды билүү кымбат; Адамды алыстан тааныш кыйын.* Ал эми*Карга карысын ким билер, киши аласын ким табар* макалында адамдын ичиндеги кара ниети, арамзалыкты, арам ойлорду эч кимдин биле албастыгы арсар айтылып жатат.

Этностук тажрыйба адамга анын кулк-мүнөзүн, кыял-жоругун, сырын ж.б. абдан мыкты изилдеп-үйрөнүп, текшерип көрүп, таанып-билгенден кийин гана ишенсе, сырды айтып ой бөлүшсө, жоопкерчиликти жүктөсө боло тургандыгын сунуштайт. Адамдардын жаман ойлору, кара ниеттери гана жашыруун эмес, алардын мүнөзү дагы туюк, ачык эмес. Ошондуктан бейтааныш адамдан этият болуу абзел: *Абайла, даамдуулар уулуу болот; Кечүү билбей кечпе,адамдын сырын билмейинче ишенбе; Чоочун адамдын мүнөзү – чытырман токой.*

Кишинин ким экенин билиш үчүн биргелешип бир пуд туз жеш керек; "Адамды билиш үчүн аны менен бирге үч пуд туз жеш керек"; "Адамды билиш үчүн аны менен бирге көп жолу туз даамдаш болуш керек" бирдиктеринде адамдын пейилин, мүнөзүн, сырын, жорук-жосунун, аны

менен бир топ мезгил чогуу жашап, бир казандан аш жеп, бирге күн кечирүү керек экендиги, ошондо гана адамдын ким экенин билүүгө боло тургандыгы чагылдырылып жатат.

Адамдынким экени кирип чыкканча; Адамдын ичинен бил, ичинен биле албасаң ишинен бил-макалдарынын негизинде куралган **Адамды ким экенин дароо эле билип койсо болот** мини-когнитема жогоруда белгилеген жалпы ойго каршы келет. Бул болсо, когнитемалардын арасында антонимдик жуптардын бар болуусу мыйзам-ченемдүү экендигинен кабар берет.

6. Адам табияты - өзүнчө бир табышмактуу, сырдуу дүйнө когнитемасы 7 бирдикте орун алган.

Чындыгында адам өзү ким? Бүгүнкү чүрпө, эртеңки келечектин кожоюнубу? *Адам* сөзү төрт гана тыбыштан куралганы менен, өз ичине жандырмаксыз табышмакты камтыган, терең сырдуу дүйнө.

Реалдуу турмуш көрсөткөндөй, адамзат табияты түшүнүксүз, акыл жеткис. Адамдын жүрөгүн жаралоо, көңүлүн калтырып, маанайын чөктүрүп, капа кылып коюу, шагын сындыруу – жөнөкөй иш, бирок аны кайра жибитүү, таарынычын жазып, көңүлүн алуу оңойго турбайт, балким, мүмкүн эмес. Адам баласы кээде тажаал жырткычка айланып, башкалардын жан дүйнөсүн жабыркатса, саамда ажайып периште сыяктанып, жанга жолдош, ак иштерге себепчи болуп чыга келиши ыктымал.

Адамдын мүнөзү бирде катуу болуп, каардуу, орой болсо, бирде жумшак мүнөз, сылык, сыпаа болот. Адам кээде мээримдүү, боорукер, ак пейил, көңүлчөөк, ал эми айрым учурда эрки күчтүү, ташбоор, ырайымсыз, чыр жанга айланат: *Адам темирден катуу, таштан бек, гүлдөн назик; Адам гүлдөн назик, темирден бекем; Бүгүн көрсөң - киши, эртең көрсөң ажыдаардын тиши; Адам менен ыр да бар, адам менен чыр да бар.*

Адам баласынын ичинде улуу сыр катылган, инсандын табияты табышмактуу, аны чечмелөө, сырын табуу - замандын талабы. Андыктан көптөгөн илимдер, илимий багыттар ошол сырларды изилдеп ачып берүү

менен убара. Алсак, психология адамдын психикасын, лингвистика адамдын тилин, педагогика адамды тарбиялоону изилдеп келүүдө: *Жер бетинде адам деген – улуу сыр; Адамзат - бир сырдуу, миң кырдуу; Адамзаттын өзүндө ачыла элек сыр да бар (Барпы);Ар бир адам ачыла элек элемент, кирбеген Менделеев мезгилине (Совет Урманбетов).*

Бир караганда, адамдын табигый өзгөчөлүктөрү акыл жеткис, түшүнүксүз жана таң калыштуу. Анткени адамдын оорусунун шыпасы өзүндө турат, адам өзүнө-өзү дары же өзүнүкү өзүндө турат: *Кишинин өз майы өзүнө эм; Адам тердесе дарт чыгат; Адамдын жандүйнөсү – түпсүз деңиз, ачкычын терең каткан акыл жеткис.*

“Адамга конгон касиет качпайт,бирок издеген киши аны таппайт” бирдигинде адамга табият тартуу кылган керемет сыйкыр, мыкты сапат, талант жоголбойт, бирок башкалар анын кадыр-баркын, баасын сезбейт, байкай албайт деген ой жатат. Сакалы узун кишилер кадыресе балпайган абышка, акылдуу, тажрыйбалуу, көптү көргөн адам сыяктуу сезилет, бирок элдин турмуштук тажрыйбасына таянсак, чындыгында, алардын өтө акылдуу, терең билимдүү, көсөм эмес экендигинин белгилүү болуусу таң калыштуу: *Сакалы узун кишинин акылы кыска*.

7. Адам - ажалдуу жан когнитемасы 14 провербиалдык бирдикти кучагына алат. Адам баласын касиеттүү Алла Таала өлбөс кылып жараткан эмес. Адамзатка түбөлүктүү жашай берүү касиети буюрбаган. Эртедир-кечтир адам баласы сөзсүз өлүмгө моюн сунат. Өлүм ар бир жанга ар кандай убакытта келет. Өлүмдөн адам баласы эч качан качып кутула албайт. Бул нерсе - табияттын мыйзам-ченемдүүлүгү. Адамга жарыкчылыкта жашоо, өмүр ченелүү берилген. Анын жашоо сапары узак эмес. Андыктан адам салтка ылайык өзүнүн кыска жашоосунда артынан из калтырып, татыктуу жашап өтүүсү керек. Ал бул дүйнөгө конок катары келет. Анын чыныгы жашоосу аркы дүйнөдө деп коюшат: *Жан бар жерде өлүм бар; Дүйнөгө түркүк (устун) болгон адам жок; Киши дүйнөгө түркүк болбойт; Өлбөй турган жан болбойт; Өмүр деген адамга өлчөлүү экен бир келет; Тирүү жан – бул дүйнөгө*

келген конок; Адам өлбөй турган шайтан эмес; Адамдын шери да бул жазмыш жашоодонжанын ала качпаган; Адамдын өмүрү төрдөн көргө чейин эле болот (Кыдыр аке Байсары уулу).

Адам өлө турган жан экендигин, ажал дайыма аны жандап жүрөрүн өзү билет. Андыктан мезгилсиз бул жашоо менен кош айтышкысы, ажалдын торуна чалынгысы келбейт. Узак жашап, мазмундуу өмүр сүрүүгө ынтызар болот. Өлбөш үчүн адам бардык күч-аракетин, мүмкүнчүлүгүн жумшайт. Бирок баары бир шум ажал аны бул жашоодон алып кетет: *Өзүң адам болгон соң, өлөөрүңдү билген соң, кайда барсаң анда бар; Өлбөстүккө пенде зар, тойбостугу канында бар;"Адамга ажал жакын - күн менен түндөй, өмүр менен өлүмдөй киндиктеш".*

Адам өзүнөн-өзү эле жок жерден көз жумбайт. Анын өлүмүнө көптөгөн сырткы факторлор себеп болот. Кээде адам ажалды өзү чакырышы мүмкүн, өлүмгө өзү себепкер болушу ыктымал: *Тооруп жүргөн ажалдын торуна кирет адамың; Адам мезгилсиз өлүш үчүн төрөлбөйт* (Иса Ахунбаев);

8. Адам дагы жаңылат. Ал катасыз, кемчиликсиз болбойт когнитемалуу бирдиктердин саны 12 болду. Элибизде жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт, төрт аяктуу мал да мүдүрүлөт деген накыл кептер бар. Адам баласы жашоонун оош-кыйышында идеялдуу, кынтыксыз боло албайт. Ал дагы ысык жан. Кээде жаңылат, ката кетирет, күнөө иш кылат, кемчилигин байкатат. Бирок ал дайыма эле ката кетире бербейт. Ар бир жаңылыштык ал үчүн чоң сабак боло тургандыгы төмөнкү этностук баалуу, көөнөрбөс каражаттар аркылуу ачыкталат: *Адам катасыз болбос, көл бакасыз болбос; Адам кулагынан жаңылат, тулпар туягынан жаңылат; Бакасыз көл болбойт, катасыз киши болбойт; Күнөө кылбас киши жок актанса да, сыр алдырбас киши жок мактанса да; Эр атасыз болбойт, адам катасыз болбойт; Айыпсыз киши болбойт; Кемчиликсиз киши болбойт, үмүтсүз жан болбойт.* Мындагы айрым макалдардын экинчи бөлүгү биз изилдеп жаткан концептке тиешеси жок, алар макалдын структурасын түзүү үчүн кызмат кылып турат. Аларда табигый мыйзам-ченемдүүлүктөр байкалат.

Жашоодо адамды азгыруучу, күнөө кылууга, жаман жолго баштоочу шайтан сыяктуу нерселер болот улуттук аң-сезимде далилденген. Дал ошолор адамды жолдон чыгарышат: Шайтан азгырса, адам калбайт жаңылбай. Көпчүлүк учурда адамдар ката кетиришсе, бирөөлөрдөн көрүшөт, жаңылгандыгы үчүн башкаларды күнөөкөр кылышат. Бирок дили таза, акылдуу жакшы адамдар кээде начар иш кылышса, айланадагылардан эмес, өздөрүнөн көрүшүп, өздөрүн жемелешет: *Жакшы адам ката кетирсе өзүн өзү жемелейт; Эстүү киши да содор иш кылат.*

Сабыр Иптаровдун "*Адамдын билгенден биле элеги көп. Ошону түшүнгөндөр чанда гана*" деген афоризминде айрым адамдар биз баарын окуп-билип, көрүп бүттүк, биз билбеген, биз көрбөгөн нерсе калган жок деп жаңылышары айтылып жатат. Чындыгында, алар билбеген, көрбөгөн өтө көп нерселер болот.

9. Адам баласы ар кандай нерсени жасоого жөндөмдүү когнитемасына 9 провербиалдык бирдик бириктирилди. Жер жүзүндөгү бардык жандыктардын арасынан адам баласы өтө жөндөмдүү, өтө шыктуу жана өтө эпчил. Ал алгачкы доордо эмгек куралын жасоого жөндөмдүү болгон. Адамдын колунан келбеген, анын акылы жетпеген нерселер аз болушу мүмкүн. Анткени адам баласы технологияны эбегейсиз чоң деңгээлде өнүктүрүп, космосту багындырды. Анын колунан баары келет, ал баарын жасоого, ар кандай ишти аткарууга, ар нерсенин айла-амалын табууга жөндөмдүү. Бирок бул үчүн ага каалоо, ынтаа, мотив керек: "*Адам кааласа такырдан гүл, таштан суу чыгарат"; Адам жоктон бар кылат, болбосту толтурат, туюктан жол табат; Адамдан айла (акыл) качып кутулбайт; Адам баарын көндүрөт, адам баарын өндүрөт, аалам менен төрөлүп, аалам менен бирге өтөт.*

Этностук тажрыйба боюнча ар бир иштин айласын табууда, ар кандай нерсени жасап-жаратууда, чыгармачылык чөйрөдө аракеттенүүдө акыл-эс, аң-сезимдүүлүк башкы ролду ойной тургандыгы: *Жоктон барды жараткан*

адамдын акылы; Айласын табаар ар иштин акылы тунук эр киши макалдарда айкындалат.

Адам баласы алсыз, ал тагдырга баш ийет когнитемасы жогоруда белгиленген когнитема антоним болот. Анын негизин түзгөн: *Адам маңдайга жазылгандан өтө албайт; Киши оюн тагдыр жөнгө салат; Кырсыкты адам баласы күн мурунтан билбейт* сыяктуу бирдиктерде бардык эле нерсе адам баласынын колунан келе бербестиги, бардык нерселер адамдын эркине баш ийбестиги, адам тагдырдын, табияттын мыйзамдарынын алдында алсыз, чабал экендиги белгиленет.

10. Адам жарыкчылыкка бир жолу жаралат когнитемасы 7 бирдиктен турат. Жогоруда белгилеп өткөндөй, адам бул дүйнөгө эки келбейт. Ага жашоо бир жолу гана берилет. Ал бир туулуп, бир өлөт. Андыктан аны бул өтүмүш дүйнөнүн мейманы катары саноого болот: *Адам дүйнөгө бир келген конок; Адам дүйнөдө бир жаралат; Адам бул дүйнөгө эки келбейт; Адам - бул жарыктын коногу.*

Ар бир адамдын турмушта аткара турган негизги миссиясы бар. Бардыкнерселердин өз вазийпасы, аткара турган кызматы болгондой эле, адам дагы жөн жерден жаратылган эмес. Ага дагы белгилүү милдеттер, жоопкерчилик жүктөлгөн. Аларды толук аткаруусу үчүн Алла Таала инсандарга акыл-эс, аң-сезим, пикир алмашуу өзгөчөлүктөрүн, иштөө жөндөмдүүлүктөрүнбелек кылган. Эң башкысы адам баласы ошол мүмкүнчүлүктөрүңдү маалында баалап, аткара турган миссиясы эмне экендигин эрте түшүнүп, баарын орундатууга үлгүрүүсү абзел. Болбосо, максатсыз жашап, өмүрүн сая өткөрүп жибергендер дагы четтен чыгат. Бир келген өмүрдө татыктуу жашап өтүү – адамга берилген эң ыйык милтет.

Адамзат - тирүүлүккө башат; Адам өмүрүнөн бийик нерсе жок макалдарында адам ааламдын башаты, анын жарыктыкка келүүсү тирүүлүктүн булагы, адамга бир жолу берилген кыска өмүр өтө баалуу, ыйык нерсе катары каралууга тийиш деген идея камтылган. Көпчүлүк адамдар бул жарыкчылыкка бир жолу эле келгендиктерин унутушуп, жалган жашоосун

жакшыртуу үчүн жан талашып, бүт мүмкүнчүлүктөрүн, күч-аракеттерин жумшап коюшуп, натыйжада кыйналып калышат: *Турмуштан алып бүткүчө киши өзүн да берип бүтөт* (Эрнис Турсунов).

11. Адам өз мүмкүнчүлүгүнө жараша иш кылышы керек когнитемасына 7 бирдик кошулду. Адам баласы аша чаппаш керек, ал чегин билип, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, күч-аракетин, абалын таразалап, салмактай билүүсү зарыл. Ошого жараша иш кылгандыгы дурус. Антпесе куру намыстын, атаандашуунун жана ач көздүктүн айынан жапа чегип, шерменде болуп калышы мүмкүн: *Казга теңелип карганын шыйрагы сыныптыр; Арстан айга чабам деп белин мерт кылат; Кичинеге чоңсунба, асмандагы айга кол сунба; Айга кол сунба, момунга чоңсунба; Адам көрпөсүнө жараша бутун сунуш керек; Майталканды ичине жаккан киши жейт; Даңк да татыктуу кишини сүйөт.* Мындагы айрым бирдиктерде адам идеясы имплициттик түрдө берилген, б.а., салыштыруулардын негизинде жаныбарлардын аталыштары аркылуу туюнтулган.

“Адамдын акыл-эсинин, кулк-мүнөзүнүн, жүрүм-турумунун ж.б. касиеттеринин сыпатталышы” тобундагы когнитемалар (10) жана провербиалдык бирдиктер (156). Мындагы провербиалдык каражаттарда *адамзатка тиешелүү кулк-мүнөз, кылык-жорук, жүрүм-турум, акыл-эс өзгөчөлүгү* ж.б. ар тараптуу сыпатталат.

12. Адам көбүнчө сүйлөгөн сөзүнө, акылына карата бааланат деген когнитемабыз 35 макалды өзүнө камтыйт жана бул топтун ядросун түзөт. Сөз – акылдын таразасы, ойдун сандыгы. Адамдын акылмандуулугун, билимдүүлүгүн, бийиктигин, кругозорунун, дүйнө таанымынын кеңдигин, интеллигенттигин, маданияттуулугун, адамгерчиликтүүлүгүнүн, сылыктыгын, оройлугун ж.б. аны менен маектешип олтуруп эле байкоого болот. Адамдын жан дүйнөсүндөгү уйгу-туйгулук, оюндагы максат-пландары, ичинде каткан сырлары дагы тили, сөздөрү аркылуу дайын болот. Андыктан этностук аң-сезимде адамды сырткы келбетине, өң-түсүнө, кийимине караганда айткан сөзүнө, кебинин маңызына карата баалоо максатка

ылайыктуу деп табылса керек: *Адам өзүнөн эмес, сөзүнөн байкалат; “Адамды көзүнөн түшүнбөй, сөзүнөн түшүн, акмакты өзүнөн түшүнбөй элден түшүн”; Адамды сөзүнөн тааныйт, малды өңүнөн тааныйт; Адам сүйлөшкөнчө, айбан кашынышканча; Адам сүйлөшкөнчө, жылкы кишинешкенче; Киши сүйлөшкөнчө, жылкы кишинешкенче; Адамдын кийимине караба, сөзүнө кара, жаман кийимдин ичинде жалындаган жүрөк бар; Адамдын ким экенин билгиң келсе, кебин шашпай тыңшап көр; Адамдын өзүн билгиң келсе, сөзүн тыңда; Адамдын сулуулугу сөзүнөн (тилинен) билинет; Кишинин өзүнө караба, сөзүнө кара; Аары уусу менен, адам сөзү менен; Адамдын көркү көздө, акылдын көркү сөздө.*

Кыргыз эли инсанды кебинен, сүйлөгөн сөзүнөн гана баалабастан, анын акыл-эсине дагы өзгөчө көңүл бурушкан. Адамды адам кылып турган анын акыл-эси. Айбанаттардан да адам акылы менен айырмаланып турат. Акылмандык, даанышмандык адамды кыйынчылыктардан, башка түшкөн мүшкүл иштерден куткарат, адамга кадыр-барк, сый-урмат алып келет, байлык менен бийликке жеткирет. Ийгиликтин ачкычы дагы – акылдуулукта. Ошондуктан ата-бабаларыбыз адамдын акылына, даанышмандыгына, эстүүлүгүнө өзгөчө көңүл буруп, өзгөчө баалашкан: *Адамдын өзүнө баа бербе, акылына баа бер; Адамдын ийгилигине эмес, акылына карап баа бер; Адам акылы менен адам, ансыз баса албас бир да кадам; Адамды акылынан, даракты жалбырагынан байка; Адам акылынан же сөзүнөн тааныла*т; *Дарак жемишинен тааныла*т, *адам акылынан тааныла*т; *Адам көркү - акыл, акыл көркү – токтоолук.*

Акылдуу, жөн билги адамдар эч качан көөп кетпейт, алар адилеттүү, мекенчил, эмгекчил жана тырышчаак болушуп, аң-сезимдүүлүк, акылмандык менен терең ойлонушуп иш кылышат, жаман жолдорго, бузукучулук иштерге барышпайт. Ал эми адам акмак болсо, зыяны өзүнө тиет. Мындай пикирибизди төмөнкү бирдиктер менен тастыктайбыз: *Эстүү адам эсирбейт; Эси жок пенде – өзүнө душман; “Эстүү киши кыйшайбай эл журтуна тең болот”; “Эстүү киши элим дейт, эл жактаган жеңилбейт”; “Эстүү адам*

эмгектен качпайт, эзели жаман жакка баспайт"; Адам алсызы урушчаак, акылдуу киши тырышчаак; Адамдын акылманы алысты көрөт. Бул макалдарда акылдуу кишинин кылык-жоруктары, иш-аракеттери сүрөттөлөт.

Киши акылы - кишен, өз акылың - өзүң менен тамыр (же өз акылыңа ишен); Киши акылы - тушоо, өз акылың эм, жаныңа дем; Адамдын тизгини – акыл; Адам менен малдын айырмасы – акылда; Адамдын көркү - акыл, акыл көркү токтоолук сыяктуу учкул сөздөрдө адамдын акылы эң чоң байлык, күч, аны эч ким уурдап кете албайт, адам өз акылына, билимине ишенүү керек. Акыл ага көрк берет жана башка жандыктардан айырмалап турат. Акылдууларды алдап кетүүгө болбойт, анткени алар алды-артын ойлоп иш кылышат деген маани бар. Даанышман кишилер акылга сыярлык иш кылышат, алар болбогон бир нерселер үчүн өздөрүн кыйнай беришпейт, алар башкалар менен конфликтке барбашы керек: *Өткөн иш үчүн кайгы чегүү – акылдуу адамдардын иши эмес; Эки адам чатакташса – акылдуусу күнөөлүү.*

Бою пастын ою пас деген учкул сөздүн мааниси төмөнкү афоризмде даана чагылдырылган: *Ой адамдын өзүнө окшош болот* (Муса Адышев). Мында адамдардын акылы, ой-пикири ар башка боло тургандагын байкоого болот.

13. Адам баласы өзүнө өзү кылат. 29 провербиалдык бирдиктин башын ушул когнитема бириктирди. Жашоодо адамдар өздөрүнө өздөрү кылышат, өздөрүнө келген кырсыктарга, жамандыктарга, терс көрүнүштөрдүн баарына өздөрү себеп болушат, балакеттин баарын жасаган иштеринин, айткан сөздөрүнүн натыйжасында, начар кулк-мүнөздөрү менен өздөрү чакырып алышат. Кээде башка түшкөн мүшкүл иштерге байкоосуздан, сокур сезим менен дагы кабылып калыштары мүмкүн: *Адам өзүнө өзү кылат; Бышыксынган адамдар бересеге чалынат; "Ажалдуу кийик адырга качат,ажалдуу киши ажыдаардын куйругун басат"; "Ичи тар адам баш болбойт, ашык ичкен аш болбойт";"Киши уулу эсиргенде, анын арты кырсык алып келет";Адам аракты жутат, кийин арак адамды жутат; Базары*

жакын байыбайт, калп айткан киши жарыбайт; “Ооруп өлөөр кишинин дабасы болбос дартына, иши кыйшык кишинин күнү кетер артына”.

Бир нече макалда адам идеясы имплициттик түрдө берилип, жаныбарлардын, канаттуулардын аталыштары аркылуу чагылдырылат. Аларда адам өзүнүн алаңзарлыгынын, этиятсыздыгын, кенебестигинин, куру намыстуулугунун, атаандаштыгынын негизинде кырсыкка чалынуулары, жаманчылыкка дуушар болуулары тууралуу айтылат: *Ажалы жеткен карга өзү барып жарга урунат; Эки тоонун чөбүн эңсеген кийик ачка калат; Кой өлгүсү келсе, койчунун таягына сүйкөнөт; Казга теңелем деп, карганын буту сыныптыр; Доону төлөбөгөн төлөйт, ооруну кенебеген өлөт; Ажалдуу карга бүркүт менен ойнойт.* Мында жаныбарлар да адамдар сыяктуу өздөрүнө өздөрү кылары байкалат.

Эгерде адам ишин мыкты билсе, сарамжалдуу, камкор, кең пейилдүү, дили таза болсо турмушта жабыркабайт, башкаларга кор болбойт, иши оңоло берет, тапкан нерсеси берекелүү болот, ал эми пейли тар зыкым болуп, пейил бузулса, ар кандай жамандыктарга кабылышат, сый-урматтан, байлык-бийликтен ажырап калышат, иштери илгерлебейт. Турмушта бардык нерсе адамдын пейилине жараша болот. Ошондуктан адамдар пейилдерин оңдоп жашаштары абзел: *Жаракту киши зар болбойт, камдуу журт жоого кор болбойт; Кең болсоң кем болбойсуң; Кең пейилдүү кемибейт, тар пейилдүү жарыбайт; Адамга - сый, арамзага – жаза;Кишилер пейлиң бузса, бала менен атанын арасында биримдик сый жок; Адамдын пейли оңолмоюнча, иши оңолбойт; Пейили кеткен пенденин казанынан аш кетет.*

Сак, этият болуу дагы адамды ар кандай кырсыктардан, терс көрүнүштөрдөн жана зыяндуу нерселерден сактайт. Абайлап иш кылуу балакеттерден куткарат: *Сак адамдын үч шериги бар: көргөн жокмун, билген жокмун, уккан жокмун; Сырын каткан пенде ар дайым эркин болот.*

Адам баласы тапкан байлыгын арам нерселерге коротпой, туура жолго иштетип, кесибин туура тандап, турмушун мыкты пландаштырса, аз ойлонуп, көп иш кылса, жашоосу жакшы болот: *Адал дөөлөт, малыңды булгабагын*

арамга; Адам өзүнүн келечегине өзү көпүрө салат; Адамдын ойлогону миң, аткарганы бир.

Жамандыкты да, жакшылыкты да адам оболу өзүнө жасайт (Кадыр Кушалиев); *Адамдар баркын билбеген эки нерсе бар: ден соолук жана бош убакыт* (Хадис) бул бирдиктерде адамдар башкаларга жамандык кылышканда, ал жамандык өздөрүнө кайтып келе тургандыгы жана ден соолук менен убакыттын кадырын билүү жыргал турмушка алып баруусу жөнүндө айтылат.

14. Жакшы адамдын мүнөзү, кылык-жоруктары когнитемасында 26 макал-лакап бар. Кулк-мүнөзү, жүрүш-турушу жагынан үлгү болорлук, моралдык сапаттары жагынан жогору адам башкалардын көңүлүн калтырбайт, аларды сыйлайт, ызаттайт, адамга катуу тийбейт, дайыма чындыкты айтат, жаратылышка зыянын тийгизбейт. Жардам бергендерге ыраазычылык билдирип, алкыш айтат. Мындай адамдар текебер, өзүмчүл болбойт: *Жакшы адамдын белгиси – көңүлүңдү калтырбайт; Жакшы адам жалган айтпайт; Жакшы адам жаратылышты коргойт, жаман адам кордойт; Жакшы адам рахмат айтат, жаман сөздү акмак айтат; "Жакшы адам кичүүнү орду менен ызаттайт, улууну ак дилинен урматтайт"; Жакшы ат камчы салдырбайт, жакшы адам көөн калтырбайт; "Жакшы адам жүзгө чыкса карыдым дебейт, он бешинде жашмын дебейт".*

Ак ниет, бирөөгө жамандыгы жок, жөн билги, алдыңкы катардагы үлгү болорлук адамдар ак ниет, кең пейилдүү, даанышман болушат. Башкалар мындай адамдар менен сүйлөшүүдөн энергия, күч-кубат алышат, алар маанайды көтөрүп, көңүлүңдү көтөрүшөт, жакындарына оорун тийгизишпейт жана токтоо, оор басырык келишет: *Жакшы адамдын ар дайым бир жери кем; Жакшы адамдын ою кенен, сөзү терең, пейили таза, ниети ак; "Жакшы адам тийип турган күндөй, жайлоодогу гүлдөй"; Жакшы адам - жанга кубат; Жакшы адам жарык нур сыяктуу; Жакшы адам ооруса, коноктон келгендей; Жакшы адам – элдин эркеси; "Кишинин жакшысы сөз көтөрүмдүү, кийимдин жакшысы кир көтөрүмдүү".*

Эл ичинде, өз айылында кадыр-барктуу, эл башкарган, мыктылардан деп эсептелген инсандар артында из калтырышат, алардын жасаган иштери, айткан сөздөрү дайыма элдин эсинде болот. Алар өтө чоң мээнеткечтик менен өз иштерин аркалап досу-жар, жоро-жолдош арттырышат. Мындайлар улгайган кезде дагы элдин кызыкчылыгы үчүн жаштарга акыл-насаат, кеп-кеңештерин айтышып, тажрыйбаларын бөлүшүп турушат: Жакшы адамга чаң жукпайт; Жакшы адамдын аты өчпөйт; Жакшы адамда жаштык (жатык) жок, тобокелдин көөнү ток; Жакшы адамдын ачуусу бар, кеги жок; Жакшы аттын ээси көп, жакшы адамдын досу көп; Жакшы киши карыса да, акылынан танбас.

Жакшы адам менен жүрсөң, көп нерсени үйрөнөсүң: *Жакшы киши менен жанашкан жакшы.* Жакшылардын жашын суроо элдик менталитетте орунсуз иш катары каралат: *"Жакшы адамдын жашын сураба, жакшы малдын тишин ачпа"*. Дили таза, кайрымдуу, мүнөзү жатык адамдар коомго, айланасындагыларга жакшы иш кылгысы, пайдасын тийгизгиси келет: *Жакшылык жакшы адамдын гана колунан келет.* Эки жүздүү, уят-сыйытты билбеген, бети кара адамдар урмат-сыйга, кадыр-баркка ээ боло алышпайт: *Уяты бар жакшы адам урматка жетээр.*

15. Адам ач көз болот когнитемасы 11 бирдикти өз кучагына алат. Адам табиятынан дүнүйөкор, сугалак болот. Ал өмүрү кыска болгондуктан жашка тойбойт, мүмкүн болушунча көбүрөөк жашагысы келет. Дүйнө, байлыкка дагы адам өтө ынтызар. Байыган сайын байыгысы келет. Бул нерсе – нысапсыздык. Адамдын ички дүйнөсүн руханий жактан байытууга болот, бирок анын көзүн тойгузуу материалдык байлык менен мүмкүн эмес. Адам баары бир ар нерсеге көз арта берет. Анын ач көздүгү, сугалактыгы ал көз жумганда токтойт делет: *Кишинин өзү тойсо да, көзү тойбойт; Адам жашка тойбойт; Адам ойго тойбойт, бөрү койго тойбойт; Адам ойго тойбойт, кулак сөзгө тойбойт; Адамдын дүйнөгө өзү тойсо да, көзү тойбойт; Адам ашка тойсо да, башка (жашка) тойбойт; "Соргок соргоктугун койбос, ач көз адам тойбос"; Адамдын көзү өлгөндө (бир чымчым) топуракка тоет.*

Адам табиятынан ач көз болуп жаралат, ач көздүктү ага заман жасап бербейт. бул касиет төрөлгөндө анын каны менен кошо келет. Ошондой болсо да, адам барга шүгүр кылып, каниеттүү болсо, Кудай ага бере берет: *Өлбөстүккө пенде зар, тойбостугу канында бар; Адам табияты дээринен ачкөз; Топук кылган адам бай болот.*

Аларманга алтоо аз, берерманга бешөө көп бул жерде "*Адам*" концепти *аларман* (бирөөдөн бир нерсени алып жаткан адам), *берерман* (бирөөгө бир нерсени берип жаткан адам) сөздөрү аркылуу туюнтулуп жатат. Адамдын ач көздүгү бул макалда дагы ачык көрүнүп турат. Пенденин табигый ач көздүгүн билип түшүнгөн соң, деги ал тоебу же таптакыр тойбойбу деген суроо жаралат: *Тоебу адам өмүргө, кыябы өзүн өлүмгө?*

16. Азык адамга күч-кубат берет (ач адамдын кылык-жоруктары) когнитемасы 13 бирдикте белгиленет.

Азык – бул адам организмине кубат берүүчү, керектүү заттар, витаминдер менен камсыз кылуучу нерсе. Адам тамак жебесе алдан тайып, дарманы кетип, шалдырап калат. Иш кылууга жарамдуулугун жоготот. Организмдин иштөө функциясы бузулат. Андыктан тамак-аш адам үчүн өтө баалуу, керектүү энергия булагы болуп саналат. Биз баарыбыз күн сайын тамактанып турууга муктажбыз. Антпесек ооруп калышыбыз мүмкүн: *Адам аштан калса, күчтөн калат; Кымыз – кишинин каны, эт – кишинин жаны; Ачка адамга бир кашык аш алтын менен барабар; Адам аягынан аксабайт, алкымынан аксайт; Адамды тамак аксатат, атты туяк аксатат; Адамдын денеси тамак, кийим, жарык, жылуулукка жана эс алууга муктаж.*

Тамак-аш адамзат үчүн өтө баалуу болгондуктан, оокат үчүн адам эмнелерге гана барбайт. Кара курсактын айынан адам айлап жол басууга, эл кыдырып жалданып иштөөгө, тилемчилик кылууга мажбур болот. Ачкалыктын кайгысы баарынан оор. Адам ачка болсо көңүлүнө эч нерсе жакпайт, маанайы начарлайт, кабагы бүркөлөт, оюнан тамак кетпейт. Мындайда алар ачуулуу, каардуу, урушчаак, чырдуу, чыдамсыз болушат: Мындай пикирибизди төмөнкү бирдиктер кубаттайт: "*Атасы өлгөн киши*

уктаса да, ачка киши уктабайт”; “Ач киши аш үчүн үч айлык жол басат”; Ач киши урушчаак, ач кой тырышчаак; “Ток киши уктайт, ачка киши айылдайт”; “Ачка кишиге таң атпайт”; “Ачка кишинин ачуусу жаман”; Ачка кишинин оюнан тамак кетпейт.

17. Жаман адамдын мүнөзү, кылык-жоруктары когнитемасы 12 макал-лакапты кучагына алат. Оң сапаттарга ээ эмес, жагымсыз кулк-мүнөздүү, мааниси жок адамдар коомго коркунуч туудурушат. Алар жакшы адамдарды сыйлашпайт, баркташпайт, көзгө илишпейт. Өздөрүн баарынан мыкты деп ойлошот. Мындай адамдар өз бактыларына өздөрү тоскоол болушуп, ар нерсенин убалына калышып, ачуусу чукул, терс кыял келишет: *Жаман адам жакшыны тааныбайт; Жаман адам өз ырыскысына өзү түкүрөт; “Жаман киши мас болсо, жакыны менен кас болот”; “Жаман жүргөн киши өзүн билбейт, башка бирөөнү назарына илбейт”;“Теректин башы тыт болот, жаман адам кырс болот, каарына алганда жайдын күнү жут болот”.*

Жаман адамдар өздөрүнө жакшы аттарды тандоого уста: *Жаман иттин аты – Бөрүбасар, жаман адамдын аты – Кудайназар.* Адамгерчиликсиз, маданиятсыз, орой начар адамдардын аброю, социалдык абалы төмөн болот: *Жаман – кишиден кийин, иттен илгери.* Жаман адамдар амалдуу, куу, митаам келишет: *Жамандын жаманынын адам таппас амалы бар;* Мындайлардын чачтары, сакал-муруттары өсүп жүдөп, сырткы келбети жагымсыз, жийиркеничтүү абалда жүрүшөт жана жеңил-желпи тамакты издеп, бирөөлөрдүн эсебинен жашашты каалашат: *Жаман атты жал басат, жаман кишини чач басат; Жакшы колбашчы элин ойлойт, жаман адам карышкырдай жойлойт.* Жаман адамды жакшы кылып алуу мыкты, чыйрак зайыптардын колунан келет: Жакшы аял акмакты адам, жаманды жакшы кылат; Адеп-ахлаксыз жаман адам жакшы болуу үчүн динге кирип, ыймандуулукту үйрөнүп, диний принциптердин негизинде жашоосу зарыл: *Адам жаманы - сопу, жыгач жаманы – соку.*

18. Адамдын көңүлү назик когнитемалуу провербиалдык бирдиктердин саны 10 болду.*Адам көөнү эт сымал - бат бузулат; Адамдын көңүлү гүл; Адамдын көөнү гүл деген, аңдасаң назик асыл жан; Адамдын көңүлү - айнек идиш; Адамдын көркү - бөз, көңүлү - эки ооз сөз* макалдарында адамдын көңүлү гүл сыяктуу өтө назик, өтө бош боло тургандыгы (айрыкча аялзатынын) жана адамга өтө кылдаттык менен аяр мамиле кылуу талапка ылайыктуу экендиги көрсөтүлөт. Эгерде адамды капа кылып албайын десең, ага этияттап, ойлонуп сүйлө деген пикир айтылат.

Киши аты терчил, киши кийими кирчил; Кишинин тону кирчил, кишинин аты терчил макалдарында эгерде кимдир бирөө кайсы бир адамдын кийимин кийип көрсө, ал адамга кийими кирлеген сыяктанып, көңүлү бузула баштоосу айтылат. Ал эми каймана маанисинде бул макалдар кишинин буюму, напис, бошоң болуп, канчалык этият кылган сайын, ошончолук иш берип, кыйнагандыгын туюнтуш үчүн колдонулат.

Салтка ылайык үйгө келген конокту үйдө тамак-аш болбосо дагы, жаркыраган маанай менен тосуп алуу керек. Антпесе адамдын көңүлү назик кылт эте түшүшү мүмкүн. Мындайлар үчүн тамак маанилүү болбой калат: *Адамды табагың менен эмес, кабагың менен кабыл ал.* Адамдарга жакшылык кылып, жакшы маанай тартууласаң, алардын көңүлү ачылып, маанайлары көтөрүлөт:*Адамдардын куш көңүлүн наз кылып, колдон келсе кылуу керек жакшылык* (Абзий Кыдыров); Жашоодо көп нерсени көрүп-билип, ар кандай жаман нерселерге, терс көрүнүштөргө дуушар болуп, адам көңүлү барган сайын ого бетер назик боло баштайт: *Агын суудай ага берип өмүрү, көп нерседен калат адам көңүлү* (Жолон Мамытов).

19. Адам баарына көнөт, ал чыдамкай. Жашоонун оош-кыйышы, азап-тозогу, жокчулук, жетишсиз оор турмуш, кайгы-капа, кусалык, сагыныч, убайым ж.б. адамды алгач жабыркатат, бирок кийинчерээк адам чыдамдуулукка үйрөнүп, аларга көнүп кетет. Мисалы, кайсы бир иш кайра-кайра кайталана берсе адатка айланып калган сыяктуу: *Киши баарына көнөт;*

Эмне бар адам көнбөгөн, эмнени адам көрбөгөн; “Кайгыга чөккөн адам көнөт,сууга чөккөн адам өлөт”.

Адам баласы табиятынан өтө чыдамкай келет. Буга мисал катары алгачкы космонавт Ю. Гагаринди алсак болот. Ал космоско учканга чейин машыгуу учурунда 60-70 градус ысыкта бир нече мүнөт олтурган. Бул анын өтө чыдамкайлуулугунан кабар берет. Адамдар ар кандай кыйынчылыкка, кыйноо-кыстоого, ачкачылыкка, суукка ж.б. туруштук бере алышат. Мурунку мезгилдерде азык-түлүк кышында түгөнүп, жон жукарган кезде дагы көчмөн кыргыз эли жазга чейин эптеп чыдап жеткен. Жазында мал тоюп, желинге сүт киргенде айран-сүт менен азыктанышкан: *Адам ит жандуу; Адам барга чыдабайт, жокко чыдайт; Өлбөгөн жанга жаз келет; Адам акка жетет, мал көккө жетет.*

Адам оор турмуштан канчалык жапа чексе, ошончолук курчуп, ошончолук чыдамдуулукка үйрөнөт: *Кийизди тепкилеген сайын бышкан сыяктуу эле, адамдарды оор турмуш өзгөчө чыдамдуулукка тарбиялайт* (Кубатбек Жакыпов).

20. Адамдар өз каталарын билбестен бирөөлөрдүн кемчиликтерин көргөнгө уста. Кызык, адамдар өз айыбын, кемчиликтерин эч качан байкашпайт, сезишпейт. Аларга кемчиликтери жөнүндө айтсаң, жинденишет, эч бир каталарын моюнга алышпайт. Ал эми башкалардын жетишпестиктерин байкоого, кемчиликтерин табууга маш болуп алышкан. Аларга башка адамдардын кемчиликтери оркоюп дароо эле көрүнүп калат, өздөрүнүкүн болсо, узак убакытта дагы байкай алышпайт: *Киши жаманы кирип чыккыча билинет, өз жаманың өлгөнчө билинбейт; Өз айыбың өлгөнчө билинбейт, киши айыбы – кирип чыкканча;Өз башындагы төөнү көрбөгөн адам, бирөөнүн башындагы чөптү көрөт.*

Чыныгы калыс, адилеттүү мыкты адам кимдир бирөөнүн кемчиликтерин башкаларга айтпоосу керек: *Кишинин кемчилигин айтса кошулба, артыкчылыгын айтса кошул.* Башкалардын кемчиликтерин издеп табуудан, башкаларга түзүксүнүп акыл-насаат айтуудан мурун, адам өзүнүн

кемчиликтерин терең анализдеп чыгып, жоюп, өзүнүн ким экенин билип алыш керек. Жок жерден башкаларга сын тага берүү жарабайт: *Адам бирөөнү сындап, же бирөөгө кеңеш айтуудан мурун өзүн-өзү абдан таанып-билүүсү зарыл* (Таалайбүбү Насырымбекова); *Бир кишиден "Адамдар бузулуп кетти" деген сөздү эшитсеңиз, анда ошол адамдын өзүн бузулган деп сезиңиз* (Хадис).

21. Адам баласы тез эле жакшы сапаттарын жоготуп коюшу мүмкүн когнитемасы 4 гана бирдикти кучагына алат жана бул топтун эң четки периферияcынан орун алат. Мээримдүү, боорукер, адептүү, сылык адам кандайдыр бир нерседен улам ачуусу келип, адамгерчилигин жоготуп орой, ырайымсыз, наадан кишиге айланышы мүмкүн. Анткени адам баласы жаман нерселерге азгырылып тез берилип кетет: "*Адам болмок аста-аста, айбан болмок бир паста"; Киши жаманга бат ыңгайлашат; Адам жүрүшүнөн- кул болот, ат жүрүшүнөн - пул болот; Адам айбанга айланганда, адамда жок жоруктарды күтөт* (Аскар Илипаев).

"Коомчулуктун (башкалардын) адамга таасирин тийгизиши" деген үчүнчү топ "Адам" концептинин жакынкы периферияcынан орун алат жана 8 когнитеманы, 137 провербиалдык бирдикти өзүнө камтыйт. Бул топтогу когнитемаларда *адамдын башкаларга тийгизген таасири, адам баласынын жашоосундагы коомчулуктун ролу, чөйрөнүн кишиге таасир этүүсү* ж.б. жөнүндө сөз болот.

22. 25 бирдиктин маанилеринин жалпылыгы **Жакшы адам менен жаман адам салыштырылат** когнитемасын жаратты. Бул жогоруда аталган топтун борборун түзөт. Жакшы адамдар ачык айтып, ак сүйлөшөт, алар сөздү айтардан мурда ойлонуп анан айтышат, мындайлардын сөздөрү сылык болот, ал эми жаман адамдар башкаларды жекирип, кемсинтип, капа кылып, шылдыңдап сүйлөшөт, алардын сөздөрү ачуу болот: "*Жаман адам сасык сүйлөйт, өзгөлөрдү басып сүйлөйт, жакшы адам ачык сүйлөйт, сөз тамырын казып сүйлөйт"; Жакшы адам жан эритип абайлап сүйлөйт, жаман адам жан кейитип табалап сүйлөйт; "Жакшы адам сөздү таап айтат, жаман адам каап айтат".*

Жакшы адамдар башкаларга оорун тийгизишпейт, алар менен жүрүү, иш кылуу майрам сыяктуу, ал эми жамандар менен жүрсөң, аларды баксаң кыйналасың, азап чегесиң: *“Жаман киши ооруса, көрдөн чыгып келгендей, жакшы киши ооруса тойго барып келгендей”; “Жаман киши менен жүрсөң – күндө азар, жакшы киши менен жүрсөң – күндө базар”.*

Жакшы адамдар эптүү, тартиптүү, жөндөмдүү келип элге өрнөк болушат, алар башкаларга мээримин төгүшөт, жаман адамдар болсо, ичтерине кек сактап жүрүшөт, элге шерменде болушат жана башкалардын маанайын чөктүрүшөт: *Жакшы адам – эпчил, жаман адам - кекчил; Жакшы адам - үлгү, жаман адам - күлкү; Жакшы адам тийген ай, жаман адам кара булуттай; Жакшы киши – үлгү, жаман киши – күлкү.*

Жакшы адамдар жаратылыш, айлана-чөйрөгө, жан-жаныбарларга кам көрүшөт, жамандар табиятка зыянын тийгизишет, бар нерселерди кыйратып, жарып жок кылышат, чагым кептерди таратышып, эл тынчтыгын ынтымагын бузушат: *Жакшы адам жаратылышты коргойт, жаман адам кордойт; “Жаман киши калааны бузат, жакшы киши калааны курат”; Жакшы адам шаар курат, жаман адам шаар бузат.*

Жакшы адамдар үлгүлүү, мазмундуу жашап өтүшүп, артында из калтырышат, балдарына бак-дарак тигип кетишет, жаман адамдын артында жалаң жаман ойлор, сезимдер, негативдүү таасирлер калат. Мындайлардын жашоодо аты калбайт, сайда саны, кумда изи жок болот: *Жакшы адамдын артында из калат, жаман адамдын артынан чаң калат; Жакшы адамдан бак калат, жамандан ойдо так калат.*

Жакшыга сөз айтсаң ал дароо түшүнөт, сезет, ал эми жаманга миң айтсаң дагы жетпейт, кайра өзүңдү шылдыңдайт: *Жакшы адамга бир сөз, жаман адамга миң сөз; Жакшыга айтсаң билет, жаманга айтсаң күлөт.* Жакшылар өздөрүнүн бешене тер, таман акысы менен жер иштетип жан багышат, жамандар элдин ырыскысын кемирип, акысын жеп, башкалардын эсебинен жан багышат: *“Жаман адам эл эсебинен, жакшы адам жер эсебинен жан сактайт”.* Жакшыларды кемсинтип, жамандарга колдоо көрсөткөнгө

болбойт: *Жакшы адамды кордобо, жаман адамды бордобо.* Жакшы адамдар ар-намысын, сый-урматын, уят-сыйытын сактап жүрүшөт, жамандар өздөрүнө карашпай байлыгына, мал-мүлкүнө кам көрүшөт: *Жакшы - арына кул, жаман – малына кул.* Жакшы адам эл арасында жасаган эмгеги үчүн макталат, даңкталат, эскерилет, алкышка татыйт, ардакталат, жаман адамды көз жумгандан кийин дагы эл эскербейт, алар жөнүндө жылуу сөздөрдү айтышпайт: *Жакшы адамга сөз илээшет, жаман адамга чөп илээшет; Жакшы адам тирүүсүндө алкыш алат, жаман адам өлсө да каргыш табат.* Кээ бирлер адамдардын эсинде аткарган мыкты кызматы, үлгүлүү иш-аракети, жүрүш-турушу менен калса, айрымдар кылган жаман, жагымсыз, зыяндуу иш-аракеттери, жорук-жосуну менен из калтырышат: *Тарыхта бир жакшы адам, бир жаман адам калат.* Жакшы адамды качан көрбө иш кылып жаткан болот, жаман адам дайыма ушак кууп бирөөлөр менен сүйлөшүп олтурган болот: *“Жаман адам сөз үстүндө, жакшы адам иш үстүндө”.* Жакшыларга жамандар ар кандай ылайыксыз жолдор менен атаандашып турат: *Жакшы адамга жамандар малы менен теңелет; Кудай берген кишиге, кудай урган киши теңелет.*

23. Адам башка адамдарга муктаж когнитемасы25 бирдиктин негизинде келип чыкты. Жашоодо адамдар башкалардын жардамына, колдоосуна, коргоосуна, күчүнө, кеп-кеңешине, акылына, билимине, мээримине, сүйүүсүнө ж.б. көз каранды болушат. Адам адамдан тарбия алат, көп нерсеге үйрөнөт, сүйүү табат. Ошондуктан адамдар бири-бирине өтө сыйлуу, кадырлуу, ардактуу болушат: *Адам адам үчүн табылгыс дары; Адам адамга муктаж; Адам адам менен адам; Адамга адам кымбат; Адамдар бири-бирине муктаж;“Адамга адам табылышы кыйын, адамга мал табылышы оңой”; Адам жакшылыкты жерден таап албай,адамдан үйрөнөт; Адашкың келбесе - кара, жаңылгың келбесе – сура.*Мындагы накыл кептердин акыркысында этиштин шартуу ыңгайы колдонулган. Эки бөлүгүндө тең ал -*се* аффиксынын *кел*- этиштик негизине жалгануусу менен ишке ашкан.

Адамга үй-бүлөсү, тууган-туушкандары, агайын-жолдоштору, урукташтары, эли-журту кыйын кезде колдоо көрсөтүп, таяныч, бел, жөлөк болуп беришет. Адам алардын жардамысыз кыйналып калат, иши алдыга жылбайт: *Бирөөнүн эли эл болбойт, бирөөнүн жери жер болбойт, туугандуу адам кем болбойт; "Жалгыз адам тутка болбойт, жалгыз таруу ботко болбойт"; Дарак - тамыры менен, адам – тууганы менен.*

*Жүз сомуң болгуча, жүз досуң болсун*деген накыл кеп бар. Досу-жардын, жоро-жолдоштун, көңүл жакындардын адамдын жашоосундагы ролу чоң. Достуу адамдар эч нерседен айыгышпайт, достор менен көңүл ачууга, жакшылыктарды, кайгы-капаны бөлүшүүгө, алардын жардамында оор жумуштарды бүтүрүүгө, кыйын маселелерди чечүүгө болот. Андыктан адамга дос сөзсүз керек. Бирок дос деген сатып, сызга олтургузуп кетпеген, көзгө чөп салбаган, эч нерсесин аябаган, ак ниет, акыреттик чыныгы дос болуусу зарыл: *Доссуз адам канатсыз куш; Досу жок жан жетимден да жаман; Адам адамга дос, жолдош, бир тууган; Адамга таандык мыкты дөөлөт – достук; Турмушта акыреттик досуң болсо, адамсың жер үстүндө эң бактылуу* (Ташмат Арыков).

Жаркын келечекке түптүү ой-максаттарды, пландарды койгон, келечекте улуу инсан болууга умтулган адамдар өзүнө керектүү адамдар менен мыкты мамиледе болууга, алардын көңүлүн алууга, өзүнөн улууну урматтап, кичүүнү ызаттоого, сылык-сыпаа, адамгерчиликтүү болууга, элге кошулуп, эл менен иштөөгө, элдин кызматында болууга, өзүнүн мыкты сапаттары менен айырмаланып турууга шашылат. Мындайды каалабаган адамдар мүнөзү чорт, өзүмчүл болушуп, элге аралашышпайт: "*Адам болбос кишинин адам менен неси бар, адам болор кишинин адам менен иши бар"; "Киши болбос кишинин киши менен неси бар, киши болор кишинин киши менен иши бар": "Жакшы болсоң миң кишисиң, жаман болсоң бир кишисиң".*

Кайсы бир элдин арасынан мыкты инсандын чыгышы (мисалы, президенттин, министрдин, жазуучунун, ири бизнесмендин ж.б.), ошол журттун аброю, тиреги, сыймыгы болот. Чоң кызматка суурулуп жеткен адам

тууган-уругун, досу жарын, айылдаштарын өзүнүн артынан тартат, жумушка орноштурат: *Бир кишинин дөөлөтү миң кишини көптүрөт; Бир кишинин чыгышы – миң кишинин ырысы*. Бул жерде бир киши – элден чыккан чыгаан инсан, ал эми миң киши – анын тууган-туушканы, айылдаштары, эли-журту.

Адам баласынын мыкты тарбияланып, мыкты билим алып жакшы инсан болушуна анын айланасындагы адамдар чоң таасир этет: *Адамдын жаман-жакшысы туулгандан эмес, көргөн тарбиясынан.* Адамдар бири-бирин ээрчип, бири-биринин жолун жолдошот: *Адам жүргөн жол менен адам жүрөт.* Адамдар адамдардын жашоосун шаңга бөлөп, мыкты маанай, жагымдуу эмоция жаратып, рухун-духун көтөрүп турушат: *Бул дүйнөдө бар экени өзү эле сага майрамдай сезилген бир сонун, жаркын адамдар болот* (Мырзаян Төлөмүшев). Араздашып, урушуп, капалашып калган адамдарды жараштыруу үчүн данакерлер керек: *Эң жакшы соопчулук бул – адамдардын таарынычын жазып, элдештирүү болуп саналат* (Хадис).

24. Кичи пейилдүүлүк, сылыктык жана гумандуулук адамга зарыл коомдук сапаттар. Аталган когнитема бир топ (б.а., 23) провербиалдыкбирдикте кезигип, аларды жалпылоочумаңызиретиндекызмат кылат.Коомдук жашоодо адам үчүн өтө керектүү, абдан баалуу: ыймандуулук, сабырдуулук, кайрымдуулук, боорукердик, жоомарттык, адилеттүүлүк, адептүүлүк, соопчулук моралдык категориялар бар. Алар инсанды жакшы адал иштерди жасоого, башкаларга жакшылык кылууга, кызуу кандуулукка алдырбоого, абийирдүү, башкаларга күйүмдүү, ырайымдуу, берешен, чынчыл болууга багыттап турат. Булар менен куралданган адам жашоодо жамандык көрбөйт. Ал эми мындай сапаттардан айрылган адам коомго коркунуч туудурат: *Үч нерсе адамга өтө зарыл: ыймандуулук, сабырдуулук, кайрымдуулук; Адамдыктын белгиси - боорукердик, жоомарттык; Адамдын көркү – адеп; "Жигиттин көркү – адептүүлүктө, адамдын көркү – адилеттүүлүктө"; Адамдын адеби анын алтынынан да кымбат; Дүйнөнүн экологиясынын тагдыры бүгүнкү адамдын ыйманынан көз каранды* (Сазыкбай Турдумалиев); *Кайрымдуулук жана соопчулук иштер инсанды*

түрдүү балакеттерден сактайт (Хадис); *Ыймандуу адам убадага бапалуу болот* (Хадис);

Адамдын дагы бир мыкты, зарыл сапаттарынын бири – бул кичи пейилдүүлүк. Кичи пейил адамдардын мүнөзү, жүрүм-туруму жөнөкөй келет, алардын сүйлөгөнү, башкаларга жасаган мамилеси өтө сылык болгондуктан адамды өзүнө тартып турат. Кичи пейил болуудан адам эч качан кадыр-баркын жоготуп, башкалардын алдында өзүн кем сезип калбайт, тескерсинче ийгиликтерге жетишет. Кичи пейилдүүлүк – элпектиктин белгиси: *Кичи пейил болгондон кичирейип кетпейсиң, эр көкүрөк болсоң да улуулукка жетпейсиң; Кичи пейилдүүлүктөн кичирбейсиң; Кичүү болсоң сылык бол, улуу болсоң жатык бол; Адам жеринен сыпаа, табиятынан жатык.*

Киши өз атын кишилиги менен бийиктетет; Кишимин деп мактанба, адам болдум деп мактан; Адамдыкка сен да жаса адамдык; Адамдын адамдыгы – адамгерчилик; Адамдык жакшы касиеттен ажыроо - чоң жоготуу көрсөтүлгөн бул бирдиктерде адамдык, адамдык касиет биринчи орунга чыгат. Адамдык – бул жогорку моралдык жана интеллектуалдык касиеттерди өзүнө топтогондук. Азыркы учурда жашообузда жаман адаттар, жырткычтык иш-аракеттер, адамга жат көрүнүштөр күчөп бараткансыйт, андыктан адамдар бири-бири менен адамгерчиликтүү мамиледе болуулары абзел. Адамдык касиет, аларда балалык чагынан калыптаныш керек. Адамдык сапатсыз адам жан дүйнө сулуулугуна ээ боло албайт.

Менменсинүү, текеберленүү, бой көтөрүүчүлүк, пейили тардык коомго жат көрүнүштөр. Алар адамга ийгилик, атак-даңк, кадыр-барк, жыргал жашоо алып келбейт. Пейили тар, текебер адам улуулукка, байлыкка жетишпейт. Мындай сапаттар адамдын өзүнө терс таасирин тийгизет: *Менменсинүү адамга атак-даңк алып келбейт; Пейили тар адам кең идиштен аш иче албайт; Пейли тар адамга дүйнө да тар; "Көп болуп жылдыз ай болбойт, пейли тар киши бай болбойт"; Керсейүү - көңдөйлүктүн белгиси; Адам башы көпүрө болсо аттабагын - текеберлик адамдын өзүнө тиет.*

25. 19 провербиалдык бирдиктерде **Жалгыз дарак токой болбойт. Адам дайыма эл менен болуу керек** когнитемасы белгиленген. Адамдын жетишкен ийгиликтерин, аткарган көрүнүктүү иштерин эл мактап, эл даңктайт, эл – адамдын тиреги, жөлөгү. Жакшылык-жамандык иштериң дагы эл менен болот. Кадыр-баркка, сый-урматка эл арасында ээ болосуң. Элден каада-салтты, үрп-адатты, улуттук колоритти, жашоо образын үйрөнүүгө болот. Көпчүлүк – бул улуу күч, ал баарын жеңет. Адамга элинин арасында эл катары иштөө, жашоо, элдин батасын алуу – чоң сыймык: *Адам - эли менен, өрдөк - көлү менен (даңктанат); "Эл менен сен адамсың, элден чыксаң жамансың"; Эл сагынбас эр болбос, элдүү киши кем болбойт; Элдин жолу - кенен жол, ээрчиген киши адашпайт; Элдүү адам – белдүү адам; Дарак - тамыры менен, адам – тууганы менен; Адам баскан жол менен адам басат, бири билбегенди бири билип жазат.*

Элдин назарынан калган, элин нааразы кылган, элине көңүл кош мамиле жасап, элин сыйлабаган, элине пайдасын тийгизбеген адам оңбойт. Мындай адамдар элден оолактап, жашоонун маңызын жоготуп, жалгызсырап, тирүүлөрдүн өлүгүнө айланышат. Эл үчүн алар санда жок жан катары саналып калат: *Элине кайдыгер караган киши – тирүүнүн өлүгү; Элине пайдасы жок адам – тирүүнүн өлүгү; Элине кайдыгер караган киши – тирүүнүн өлүгү; Элден чыгып калган адам – түбөлүк жетим.* Мындагы эки бирдикте көркөм образдуулукту күчөтүү максатында оксюморон фигурасы колдонулган: *тирүүнүн өлүгү.*

Жүрүш-турушу, кулк-мүнөзү жакшы, тарбиялуу, боорукер адамдар дайыма эл үчүн кызмат кылууга жүгүрүшөт. Андайлар элге өрнөк көрсөтүшүп, үлгү боло алышат: *Жакшы адам эл камы үчүн күйүнөт; Жакшы киши – үлгү, жаман киши – күлкү.* Бөтөн элде жүргөн чоочун адам, абайлап, эки жагын каранып, кооптонуп жүрөт. Тааныбасты сыйлабас дегендей, ага эч ким чай бербеши мүмкүн: *Жолоочу киши – жол менен, чоочун киши – сай менен.* Адам кайсы жерде, кайсы элде жашап жатса, ошол элдин тартибин

карманып, ошолордун шартына ылайык жашоого муктаж:*Кимдин жерин жердесең, ошонун ырын ырда.*

Элдин тагдыры жеке адамдан көз каранды кичи когнитема эки бирдиктин негизинде анализденген когнитеманын антоними катары уюшулду: *Адам бузулса, аалам бузулат; Эл касиети жеке адам касиетинен уланат* (Асан Жакшылыков).

26. Адам адамды кыйнайт, азгырат, шорго салат, өлтүрөт когнитемасы 16 паремиянынгизиндежаралды. Алардын ичинде 10 бирдикте адамды адам азгыра тургандыгы, адамды жолдон чыгарып бузган адам экендиги, жапа чектирип, жабыркатуусу, азапка салуусу, басынтуусу, өксүтүүсү ачык берилген: *Адамдын бузукусу адам; Азгырмалуу да, азгырылмалуу да – киши; Азгырма адамдардан алыс бол; "Адамдын жумшагын адам жейт, жыгачтын жумшагын курт жейт"; Киши кишини аксатат; Кишини киши аксатат; "Жыгачтын жумшагын курт жейт, кишинин жумшагын киши жейт"; Кишинин шайтаны киши; Керек нерсени суроо өтө зарыл болуп калса, чынчыл жакшы адамдардан сураңыз* (Хадис); *Кичүү болгуча иттин күчүгү бол; Ички оорууну табуу кыйын, кары адамды багуу кыйын.* Мындагы бир нече макалдарда варианттуулук, компоненттик орун алмашуучулук байкалат.

Бир макал эки афоризмде адамдардан ырк, ыймандуулук, адамгерчилик, мээримдүүлүк, пейил кетсе, адамдарда жырткычтык сезим, кулк-мүнөз, ырайымсыздык, бири-бирин айябоочулук пайда болуп, мындай коомдо жашоо кыйынчылык жарата тургандыгы келтирилет:*Көпчүлүк адамча жашабаса – заманың тозок; Адамдардын таш боордугу, кайрымсыздыгы айбандардан да өтүп баратат* (Темир Бирназаров); *Мөлтүр суу, сендей болсо адам пейли, турмушта көрбөйт элек көп көйгөйдү* (Бактыгүл Чотурова).

Адамдын жан алгычы - адам. Адамдар көпчүлүк учурда киши колдуу болуп көз жумушат, бири-бирине болгон кастыгынан азап чегишет. Атаандашуу, күч сынашуу, эрегишкендик, бири-биринен кем калышпоочулук

адамдарды бири-бирине кас кылат: *Душманы жок адам болбойт; Эр кишиге эр киши - өзү менен теңелет, эр кишиге кул киши – сөзү менен теңелет.*

27. 12 провербиалдык бирдиктин башын **Адам байлык менен бийликте сыналат** когнитемасы бириктирди.Байлык менен мансап адамдын пейилин, кулк-мүнөзүн, жүрүм-турумун өзгөртүп жиберүү касиетине ээ. Акча, мал-мүлк көбөйүп кетсе, жогорку кызматка жетсе, адам көөп чектен чыгып кетет, өзүнө бардык нерсени багынтууга, көп нерсени кылууга жол бере баштайт, туура жолдон чыгып, тескери жолдорго бара баштайт. Ашыкча байып кеткен адамдын көзү тумандап, башкаларды көзгө илбей менменсинет, байлыгына чиренип керсейет, өзүн башкалардан бийик сезип, эч кимге жаны ачыбайт, эч кимди аябайт. Мындайлардын материалдык байлыгы жетиштүү болгону менен жан дүйнөсү өтө жарды болот, ошондуктан алар коомго коркунуч туудурушат: *Адамды бузган - байлык менен бийлик;Жаман адам байлык тапса мас болот; "Байлык адамды эсиртет, эсирген адамдын кесири көпкө тиет"; Бардар адам таш боор болот;"Адамды шайтан азгырат, артык дөөлөт мас кылат, тумшугу таштай катаарда, тууган менен кас кылат"; Бүгүнкү күндө биздин көйгөйүбүз – бул адамдардын жан дүйнөсүнүн тардыгы. Биз жалаң гана материалдык кызыкчылыктарды ойлойбуз, бул абдан коркунучтуу* (Азамат Сыдыков).

Адамдын ким экендиги, чыныгы жүзүн билүү үчүн ага олуттуу кызмат берүү керек. Кызматта адам өзүнүн бар мүмкүнчүлүктөрүн, талантын, кереметин көрсөтөт. Бийлик адамынын жанга күйөрлүгүн, мекенчилдигин, чечкиндүүлүгүн, эр жүрөктүүлүгүн, акылмандыгын, тапкычтыгын, куулугун, арамзалыгын ж.б. өзгөчөлүктөрүн аныктоочу дагы бир жагдай – бул журт башына кыйын күн түшкөн мезгил. Байлыкка көппөгөн, чиренбеген адам, чоң кызматка жетсе дагы, менменсинбейт, өзүн башкалардан жогору сезип кетпейт. Ал жөнөкөй бойдон калат. Бул – жакшы сапат: *Адамды бийлик берип сында; Байлык менен бийлик кишини сынайт; Кишинин ким экени калк башынакайгы түшкөндө (алаамат келгенде) билинет; Дүнүйөгө мас болбогон мансапка бой көтөрбөйт.*

Адамга эли - сынчы, эли - тараза. Башкаруучулардын калкы үчүн жасаган иштерин эли мактайт, алардын эмгектерине эли баа берет: *Түбөлүктү ойлогон киши сонун, калкы үчүн иштеген иши сонун.* Колунда бар, мал-мүлктүү, кабыргасы майлуу адамдар акылдуу боло беришпейт, аларга караганда турмуштун кыйынчылыктарына бышкан жарды адамдар кыраакы келишет: "*Кедей киши акылга мас, байлыкка кас, бардар киши байлыкка мас, акылга пас".*

28. Адамга жамандык кылсаң, өзүңө кайтат когнитемалуу бирдиктердин тобу 10 бирдиктен турат. Төмөнкү бирдиктерде адамдар бирөөлөргө кыянаттык, кастык, кара санатайлык кылышып, жок жерден аларга катылышса, аларды эч негизсиз кордошсо, жаманатты кылышса, өздөрү дагы жакшылык көрбөй, оңбой тургандыгы, алардын өздөрүнө дагы башкалар ушундай азап-тозокту көрсөтө тургандыгы жөнүндө баяндалат: *Агынан тийсең бирөөгө, айланып тиет кезеги; "Жакшыга жакындасаң дейди болбойсуң, адамдын эмгегин жеп эки болбойсуң"; Кесирленбе, сын такпа, ал айланып башыңа түшөт; Кишиге көр казсаң, кең каз; Кишиге кылсаң жамандык, өзүңө жоктур амандык; "Адамга ор казсаң, өзүң түшөөрсүң"; "Адамга ор казсаң тайыз каз, өзүң ыргып чыгарга".*

Терме тезек, келме кезек дегендей адам кимдир бирөөнү кыйнаса, кемсинтсе, шылдыңдап, ыза кылса эртели кеч аны дагы башка бир адам куду ошондой кылат. Адамды басмырлап, кордогондон өткөн жаман нерсе, айып иш жок: *Адамды кордобо, акмакты бордобо; Эң оор күнөө – адамды басынтып, шагын сындыруу.* Биринчи бирдиктин *акмакты бордобо* деген экинчи бөлүгүндө акылсыз, жүрүш-турушу начар адамдарга колдоо көрсөтүп, жакшылык кылсаң, өзүңдү зыянын тийгизет деген ой бар. Бул ойду *Мал арыгын сыйласаң оозу-мурдуңду май кылат, адам арыгын сыйласаң оозу-мурдуңду кан кылат* деген макал дагы кубаттайт. Адам өзүнө башкалар кайрымдуу, боорукер, адилет болуусун кааласа, өзү дагы башкаларга ошондой болууга тийиш: *Адамдарга кең пейилдүү, айкөл болуңуздар, мына ошондо адамдар да сиздерге ошондой мамиледе болушат* (Хадис).

29. Жакындарын жоготуу адам үчүн абдан оор. Адам боор эти менен тең, уялаш жакын, жан күйөр адамдарынан айрылып калса, кан жутуп кайгырат, кабыргасы кайышып, оор орду толгус жоготууга учурап, телегейи тегиз болуп, убайымсыз, кайгысыз жашай албай калат. Жакындары адамга жөлөк-таяк болуп, дем-күч берип тургандыктан, аларды жоготкондон кийин адам алсызданат, жан дүйнөсү жабыркайт, береке-пайызы качып, кордук көрө баштайт: "*Агасы өлгөн адамдын, айтаар сөзү кем болот,аны аркалап жүрчү ким болот?"; "Келини өлгөн адамдын кермеден аты бошонуп, кемиген менен тең болот"; "Катыны өлгөн адамдын куту кетет үйүнөн, куну кетет төрүнөн"; Эженин көзү өткөн соң, эркелээриң ким болот"; "Энеси өлгөн адамдын чалкар булак соолуп, чаңкаган менен тең болот, эти-бою эзилип, энедей сүйчү ким болот"; "Кызы өлгөн адамдын, кабыргасы бөлүнөт, кандуу жашы төгүлөт"; "Эжеси өлгөн кишинин эркелээр жери аз болот"*.

Жакындарын жоготуу адамга өтө күчтүү таасир этпейт мини-когнитемасы "*Атасы өлгөн киши уктаса да, ачка киши уктабайт"*бирдиги аркылуу түзүлдү. Бул - жогорку когнитеманын антоними. Анда жакын адамын жоготкон адамдын кайгы-муңун басаңдатуучу сема орун алган.

"Адам жана анын жашоосундагы ыйык, маанилүү нерселер" тобуна байланыштуу когнитемалар (9) макал-лакаптардан, афоризмден, хадистерден жаралып, 113 бирдиктен куралат жана алар жогоруда анализденгенпропозициялардагыкаражаттарменен алаката болуусу мүмкүн. Аларда адам үчүн ыйык, баалуу, актуалдуу, адам баласына жашоодо эң керектүү нерселер жөнүндө кеп болот.

30. Сөз адамзат үчүн өтө маанилүү, өтө кооптуу, адам деген ойлонуп сүйлөө керек когнитемасы кезектеги 22 бирдикти камтыйт.

Кыргыз эли байыртадан сөз баккан, сөздү барктаган, сөзгө өтө чоң маани берген, аяр мамиле кылган эл болуп келген. Андыктан сөздүн мааниси, күчү жөнүндө өздөрүнүн ой-пикирлерин калтырып кетишкен. Сөз адам үчүн өтө баалуу, ыйык, маанилүү, касиеттүү нерсе, аны көрүнгөн эле адамга айта берүүгө болбойт. Сөздү баштагандан кийин, сөзсүз, аягына чейин чыгыш

керек, антпесе атасы өлөт деп коюшат. Адам өзү өлсө дагы, анын айткан сөздөрү эскирбестен түбөлүк жашай берет: *“Күүнү түшүнгөн кишиге черт, сөздү уккан кишиге айт”; “От чаласынан сөз чаласы жаман, адам аласынан сөз аласы жаман”; Адамдын өзү жетпеген жерге сөзү жетет; Адамдын өзү картайса да, сөзү картайбайт; Сөз адамдын акылынан чыгат. Өнөрдүн эң баалуусу - сөз өнөрү* (Шапы Назаралиева).

Жылуу сөз укса, адам сүйүнөт, маанайы көтөрүлөт. Кулакка жагымдуу, уккулуктуу сөздөр адамга позитивдүү эмоцияны тартуулайт, анын көңүлүн жайдары кылат. Адамдарга сылык сүйлөсөң, алар сенден жардамын аяшпайт. Чындыкты айткан сөздөрү жана адал иштери адамга кадыр-барк алып келет: *Адам кулактан семирет, айбан туяктан семирет; Адамдын көөнүн сөз ачат; Адамдын көркүн сөз ачат, ааламдын көркүн көз ачат; Адамзааданы жакшы сөз атынан түшүрөт;“Адамзатты эки сапат багыттайт, акыйкат сөзү, ак эмгеги карытпайт”*(Жусуп Баласагын).

Азыраак сүйлөп, көп тыңшоону акылмандыктын белгиси катары санашат. Башкалардын сөзүн угуу аркылуу адам акылмандуулукка, чечендикке үйрөнөт. Адам баласы аз-саз сүйлөөгө тийиш. Кыска айтылган сөз түшүнүктүү, жеткиликтүү жана ачык, даана, так болот. Көп сөз – чөп сөз дегендей, көп сүйлөгөн маңыз, тантык адамдар, элге жакпайт, алар элдин ачуусун келтиришет. Аз сүйлөп, көп уккан адамдарды эл баалайт, мындай адамдар эл арасында кадырлуу болушат: “*Аз сүйлөгөн адамдар асыл келет”; “Аз сүйлө, көп тыңда”; “Аз сүйлөсөң да, саз сүйлө”; “Аргымактын жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт, адамзаттын жакшысы азыраак сүйлөп, көп тыңдайт”.*

Билимдүү, көп жашап, көптү көргөн даанышман адам эч качан бакылдап, ажылдап сүйлөбөйт. Ал өз оюн токтоолук менен шашпай, мазмундуу билдирет жана айтар сөзүн, кеп-кеңешин ызы-чуусуз, бака-шакасыз эле орундуу жеткире алат: *Терең дарыя жай агат, терең киши тынч айтат; “Нускалуу адамдын сүйлөгөнү жай, чоң дарыянын акканы жай”.*

Бир сап ырдан бир кап чыр чыгыптыр, ойлонбой сүйлөгөн оорубай өлөт дегендей сөздү айтардан мурун адам абдан тыкыр ойлонуп, андан кийин айтыш керек. Сөздүн сөөктөн өтүп, чучукка жете турган касиети бар. Абайлабай, орунсуз айтылып калган сөздөр адамзаттын делбин козгоп, ачуулантышы, көңүлүн чөктүрүшү, капа кылышы, жаман ойдо калтырышы мүмкүн. Андыктан сөздү айтууда этият болуу зарыл: *Адамзатты сөз бузат, тоо-ташты сел бузат; Кечинде жатып ойлон, эртең менен туруп сүйлө.*

Сөз – адамдын маданиятынын, адамгерчилигинин, ыйманынын, интеллектуалдык деңгээлинин баалуу көрсөткүчү болуу менен бирге адамдын эмоциясын, кыжырын, ачуусун билдирүү, чагылтуу жөндөмдүүлүгүнө ээ. Адам сүйлөшүү темпин билбесе, баарлашуу этикасын сактай албаса, өзүнө негативдүү баа алып калат: *Айбан ачуусу көзүнөн, адам ачуусу сөзүнөн билинет; Улуттун жүзү - тил, адамдын жүзү – сөз* (Түгөлбөй Сыдыкбеков); *Бакырып аксым сүйлөгөн – күчсүздүктүн белгиси. Күлүңдөп жумшак жооп берет, кубаттуу, токтоо, эр киши* (Аалы Токомбаев). Сөзгө чечен, сөзмөр, оозунда сөзү бар адам - элдин көрөгөчү, көсөмү, даанышманы болот: *Сөз ээси киши – журттун көзү.*

31. Адам эмгектенсе жакшы жашайт, сыйлуу-кадырлуу болот (Адам жана эмгек) когнитемасын 16 провербиалдык бирдик түздү. Инсандынтурмушужумуш менен ажырагыс алакада. Турмуштун зарыл талаптарынын бири – эмгек. Жашоодоишти сүйүп, мээнет кылып жашаган, эмгекчил адам башкаларданкем калбайт, кадыр-баркка, сый-урматка ээ болуп, мээнетинин акыбети кайтып, жыргал турмушта күн өткөрөт. Ушул себептүүжыргал жашоодо өмүр сүргүсү келген адам эмгектениши керек. Эмгек кылуу аркылуу адам аң-сезимин, акыл-эсин жана ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрөт. Мээнет кылбаган жалкоо адамдар эч нерсеге жетишишпейт. Коомчулук эмгектенбегендергесый мамиле кылбайт. Иштен колу сууган жатып ичерлердин тапканы күнүмдүк жашоосуна араң жетип, чоң байлыкка, эл алдында кадыр-баркка ээ боло алышпайт. Мындай пикирибизди төмөнкү бирдиктер тастыкташат: *Жалкоолук адамды карытат, эмгек адамды*

байытат;“Төрт түлүктү шай кылган эмгек, адамды акылга бай кылган – эмгек”; “Адамга акыл тубаса бүтпөйт, эмгек менен заман жаратат”; “Жалкоо адамдын жакшы жашаганын көргөнүм жок бул өмүрдө” (Акматалы Карыбеков); *Адамдын эмгектен улуу тиреги жок; Адамдын адамдыгын аныктаган сапаты -анын үзүрлүү эмгеги; “Ууру кылган жанын жейт, кетмен чапкан нанын жейт”; Чарчабаган эмгек адамды эл алдында жер каратпайт* (Таке Акунов).

Кара жумуш менен алектенүүадамдын ден соолугун чыңдайт. Эмгектенүүнүн натыйжасында инсанбышат, күч-кубат топтойт, чыңалат, иммундук системасын күчөтөт жана эркин тарбиялайт, ден соолугун бекемдеп, өзүн чыдамдуу, максатка умтулган жанга айлантат. Мындайоюбузду алдыдагы мисалдар ырастайт: *“Эмгек адамды чыйралтат”; Адам иште чыңдалат, болот отто чыңдалат; Болот отто чыңалса, адам иште чыңалат* (Асан Жакшылыков); “*Адамзатты эки сапат багыттайт, чындык сөзү, ак эмгеги карытпайт”* (Жусуп Баласагын); *Жаралган адам эмгектен, жарышып иштеп, түрүнүп* (Жеңижок).

Эмгектин түшүм берүүсү, акыбети кайтуусу, адамдын эмгек кылуу менен гана максатына жетүүсү улуттук тажрыйбасында такталып, этностук дүйнө таанымында бышыкталып, журтубуздун кылым карыткан жашоосунда далилденип келген. Андыктанадамдынкылган эмгегинин акыбети, жемиши үзүрү,ийгилиги жана натыйжасы качандыр бир кездесөзсүз боло тургандыгы жана эмгек адамды максатына жеткирүүсү төмөнкү макалдарда даана чагылдырылат: *Адамдын акысын жер жебейт; Адамдын иши - жемиштин мөмөсү; Максатка жетем десең, күчүң коройт, пендеден бийиктигиң ошол болот.*

Провербиалдык бирдиктерди когнитивдик анализдин жардамында сыпаттоо үчүн «Адам» концептин репрезентациялоочу тилдик каражаттарды камтыгын макал-лакаптар, учкул сөздөр, афоризмдер ж.б. тандалып алынган. Булардын курмандагы адам, киши, инсан, пенде ж.б. лексемалар ачкыч

сөздөрдүн функциясын аткарат. Аларга байланыштуу эки мыйзам ченемдүүлүктү белгилеп коюуну туура көрдүк.

Биринчиси, кээде аталган концептти түздөн-түз атоочу рефлекстер айрым учурларда паремияларда атайын сөздөр менен берилбеши мүмкүн. Мындай жагдайда адам/киши түшүнүктөрүн туюнткан семалардын контекстте катыштыгы бары өзүнөн өзү эле байкалып калат же башка сөздөр аркылуу көңүлгө алынат. Адамдын жалкоолугун, арамзалыгын, эринчээктигин, кашаңдыгын, пассивдүүлүгүн билдирген“Ит итти жумшайт, ит куйругун жумшайт” макалын карап көрөлү. Бул жерде ит жаныбары, ага мүнөздүү сапат жөнүндө таптакыр сөз жок. Ит сөзү колдонулгандыгы менен макалдын денотаты – адам. Паремияда аталган лексеманын коннотативдик, өтмө мааниси аркылуу адамдар, алардын жалкоолугу эмоционалдуу чагылдырылган.

Экинчиси, «Адам» концепти туюк түрдө назарга тутулган паремияларда жаныбарларга, жаратылыш кубулуштарына, өсүмдүктөргө, буюм-тайымга ж.б. тиешелүү сапаттар жалпыланып, аларда денотатты өзгөртүүгө жана башка заттарды мүнөздөөгө карата чоң мүмкүнчүлүгү болот. Ошондуктан алар иттин касиеттерине окшош сапаттарга ээ адамды оңой эле мүнөздөй алышат. Кайсы бир провербиалдык бирдиктерде **туунду маани менен баштапкы маани жуурулушуп, көлөмдүү жалпылоочу семантиканыпайда кылат.**Мындай учурда жаныбарларды билдирген концепт денотатын өзгөртүп, образдуулугун жогорулатат. Эки маанинин биригиши провербиалдык каражаттын түпкү мазмунун арттырат, жайылтат жана тереңдетет [Амиралиев, 2014, 13-б.].

Айтылган эрежелер «Адам» концептин камтыган паремияларды дискурста колдонулушун эске алып, алардагы сөздөрдүн өтмө – түз, коннотативдик – денотативдик, баштапкы жана туунду маанилеринин негизинде дагы классификациялоо, топтоштурууга боло тургандыгын эскертет. Анда жогоруда айтылган мыйзам ченемдүүлүктөрдү камтыган “Ит

итти жумшайт, ит куйругун жумшайт” макалды төмөндө кенен чечмелеп берүүгө аракет жасайбыз.

Биринчи учур. Жатаканада жашаган студенттердин турмушун алалы. Бир бөлмөдө төрт студент жашайт дейли. Ар бири ар башка курстун студенттери. Күндөрдүн биринде алардын азык-түлүктөрү, тамак-аш продуктылары түгөнүп калсын. Төрт беш чакырым алыстыкта жайгашкан базарга барып, сатып келүү керек. Бул – алар үчүн түйшүктүү иш. Аптанын жумушчу күндөрү болуп жатат деп элестетели. Эрте менен уйкудан турушканда, А студент Б студентке базардан азык-түлүк сатып келүүсүн суранып, сабакка кетет. Кийинчерээк кичүүрөөк В студент ойгонот. Б студент чоңсунуп, чолом жок дегендей, куру шылтоо менен дароо бул ишти ага тапшырат. Жалкоороок келген В студент бөлмөлөшүнүн өтүнүчүн аткаруунун ордуна түшкө чейин ар ким менен убактын бекер өткөрөт.Түштөн кийин сабактан келген эң кичине Г студентке жан талаша базардан азык-түлүк сатып чыгууну мойнуна жүктөйт. Бул учурда алардан улуу болгон А студент сабакка барып келип калган болот. Окуянын чоо-жайын түшүнгөн соң, мындай жагдайда ал сөзсүз “Ит итти жумшайт, ит куйругун жумшайт” макалын келтирбөөгө аргасы калбайт.

Экинчи учур. Китепканада үч кызматчы аял иштейт. Алардын бирөөсү башкармалык кызматта. Бир күнү китепканага белгилүү өлчөмдө китеп келип түшөт. Аларды каттап бүтүп, атайын даярдалган текчелерге тыкан тизип коюу жумушу пайда болот. Башчынын кандайдыр бир зарыл жумушу чыгып калып, ишти берки экөөсүнө буюруп, кетип калат. Бир аздан соң жумуш башталбай туруп, эки китепканачынын биринин алыстан курдаш достору келип, аны чакырып калышат. Ал дагы берилген тапшырманы таштоого аргасыз болуп, үчүнчү шеригине өтүнүч менен кайрылып, жумушту жалгыз өзү бүтүрүшүнө макулдугун алат. Үчүнчү ишкер жасагысы келбей, колу сууп олтурса, бир топ студенттер кирип келишет. Алардан жардам сурайт. Бул учурда башчы кызматкер кайра келип калган болот. Баары анык болгон соң: “Ит итти

жумшайт, ит куйругун жумшайт, болгон турбайбызбы”, – деп үшкүрүп, өкүнгөндүгүн билдирүүсү турган иш.

Үчүнү учур. Атасы баласына малдарга чөп салууну тапшырып, өзү зарыл жумуштарын жасоого киришти дейли. Ал эми баланы бир аз оюнкарак, жалкоо, жоопкерчиликсиз жан катары элестетели. Албетте, мындай адам атасынын айтканын аткарбашы турган иш. Ал болбогон,сандырак, пайдасыз нерселер менен алектенип, ойноп жүрүп алгандыктан, малга чөп салууну унутуп койот. Бир кезде эстей калып, караса иниси үйгө келип калган болот. Малдарга тоют салууну дароо ага тапшырат. Натыйжада иниси агасынын буйругун аткарат, бирок бул убакта бир аз кеч болуп калат. Байлоодо көпкө чейин ачка турган уйлар мөөрөп, кошуналардын тынчын алган болсо керек. Муну билип алган атасы: «Ит итти жумшайт, ит куйругун жумшайт болбой, алгач өзүм эле бул жумушту аткарып, анан башка иштерге өтсөм болмок экен», – деп капалана ичтен сызышы толук ыктымал. Албетте, мындагы жагдайларда жасалмалуулук, жоромолдоо бар, бирок аларга аналогиялык жагдайлар адамдардын күнүмдүк турмушунда кезикпей койбойт.

Бул макалда ит жаныбары жөнүндө эч кандай сөз козголбой,ит сөзү макалдын салыштыруу объектиси катары кызмат кылды. Анын каймана мааниси аркылуу, адамдардын жалкоолугу, шалаакылыгы, жоопкерчиликсиздиги сыяктуу терс сапаты, кулк-мүнөзү, кылык-жоругу сүрөттөлдү.

Айрым учурларда белгилүү бир убакытты жана күч-аракетти талап кылган түйшүктүү, кыйын иш-аракетти, жумушту белгилүү бир чөйрөнүн, топтун, коомдун, кесиптин, уюмдун ж.б. тармактардын өкүлдөрү же адамдардын тобу аткаруудан баш тартып, улам бири-бирине тапшырып, статусу, жашы, социалдык абалы боюнча төмөн тургандарга милдеттендирүүсү, бирок башкаларга ишенип, аларды жумшоо оң натыйжа бербеши дароо анык болгон жагдайдыбаяндап жазуубул макалдын негизги мазмунун түзөт. Бирок берилүүчү тапшырма, жасалуучу жумуш, кайрылуудагы өтүнүч ар дайым эле машакаттуу, татаал жана кооптуу боло

бербейт. Айрым учурда болбогон эле бир ишти аткаруудан адамдар баш тартышы мүмкүн.

Паремиянын жалпы максаты– айрым адамдардын жалкоолугун, эмгекти сүйбөгөндүгүн, эринчектигин, инерттүүлүгүн, шалакылыгын, демилгесиздигин, жоопкерчиликсиздигин, жумушка болгон кызыгуусунун, дилгирлигинин жоктугун же төмөндүгүн ж.б. терс сапаттарын белгилөө.

Накыл кептин башкы шарты боюнча кайсы бир жумушту белгилүү адамдардын тобу аткарууну каалабай же мүмкүнчүлүгү болбой калып, бири-бирине тапшыруусу, башкаларга милдеттендирүүсү жана өтүнүч менен жакын адамына өткөрүп берүүсү зарыл. Жыйынтыгында мүшкүлдүн баары кесиптештерине үй-бүлө мүчөлөрүнө, бирге жашаган бөлмөлөштөргө, чогуу жүргөн жоро-жолдошторго салыштырмалуу социалдык абалы, кызмат орду төмөн, өзүнөн улуулардан көз каранды, бирөөнүн кол астында жүргөн алсыз адамга барып жүктөөлүүсү талап кылынат. Ошондой эле жумушту тапшырууда субъекттердин коомдогу позициясы улам-улам төмөндөй берип, акырында чабаал адам жабыркашы абзел. Мында субъект катары белгилүү адамдардын тобу кызмат кылат. Курамында эки зат атооч, эки толуктооч жана эки этиш камтылган.

Колдонулуу чөйрөсү бир топ кеңири деп айтууга болот. Алардын айрымдарын келтире кетели:

1) кандайдыр бир жумушту аткаруу колунан келип турса дагы, жалкоолук кылып,аны сөзү өткөн, алы жеткен башка бирөөлөргө жүктөгөн адамдарга карата;

2) кайсы бир жумушту кимдир бирөөнүн мүмкүнчүлүгү болбой калып, жакын адамдарынын бирөөсүнө тапшырса, бирок ал да аткаргысы келбей, башка бирөөгө милдеттендирген учурда;

3) белгилүү бир адамдардын тобу анча деле татаал эмес жумушту сен сала кылышып, жыйынтыгында эч нерсе аткарылбаганда, алардын бирөөсү же сырттан байкап турган чоочун адам жагдайга карата өз көз карашын, үшкүрүп, өкүнүп, капаланып салкын билдирген мезгилде ж.б.

32. Абийир, ар-намыс – адам үчүн ыйык нерсе.Бул когнитема 14 провербиалдык бирдикте белгиленет. Адамдын бетке карманган эң ыйык нерсеси – бул анын ар-намысы, уяты жана абийири. Алар инсандын деңгээлин көтөрүп турушат. Абийир менен ар-намыс адамдын моралдык баалуулуктарын чагылдырып турат жана алар адамдын нравалык сапаттарынын жана кылык-жоруктарынын коомдук жана индивидуалдык баасын өзүнө камтыйт. Абийирдүү, абройлуу кишилер эр арасында сый-урматка ээ болушат жана ардакталышат. Алар - элдин жүзү жана сыймыгы. Абийирин, уятын жоготкон адам жашоосун жоготот делет. Адам баласы мындай асыл сапаттарын балалык чагынан, жаш чагынан баштап өмүрүнүн аягына чейин сактап жүрүүгө тийиш: *Абийириңди жашыңдан сакта;Кичинеңден албаң болсоң, чоңойгондо далбаң болосуң; Адамдын аброю бийик; Адам даражасы абийири менен бийик;“Адамдагы улуу сыймык – абийир. Башка эч бир наам ага тең келбейт. Абийир – адамдын жүзү, мазмуну жана баасы. Жападан жалгыз бетке карманары жана сыймыгы”*(Сүйүнбай Эралиев).

Атак-даңк дагы адам үчүн бийик турат. Ал адамга кадыр-барк, сый-урмат алып келет жана адамдын атын даңазалайт. Атак-даңкка жетиш үчүн адам баласы бардык күч аракетин жумшап тырышат, эмнелерди гана кылбайт, бардык кыйынчылыктарды жеңүүгө аракет жасайт: “*Адам даңк үчүн от менен сууга кирет”; Адам ачтан өлбөйт, ардан өлөт; Адамга атак кооптуу; Абийирдүү адамда жалакайлык болбойт; Адамдын ардуусу тырышчаак болот.*

Абийир, ар-намыс сыяктуу эле адамга эне тили дагы өтө кымбат, өтө баалуу. Эне тилди өнүктүрүү, абийир-ыйманды сактоо - ар бир инсан үчүн ыйык милдети. Эне тилин мыкты билген инсандар дагы абийирдүү болушат. Уяттуулук, ынсаптуулук адам баласынын канында бар, алар адамга табияттан берилет: *Адам абийир-ыйманынэне тили менен кошо мурастайт; Абийир адамдын табиятында, тукумунда.* Адам ар-намыстуу, абройлуу жана үлгүлүү жашаганда гана башкаларга сөзү өтүп, таасирдүү болуп, жакындарына жардам

бере алат: *Ар ким өзүн өрнөктүү кылганда жарыгы башка адамга тийет* (Асан Жакшылыков).

33. Адам көбүнчө тилинен, айткан сөзүнүн жапа чегет. Тил - менин тууганым, тил – менин душманым, ойлонбой сүйлөгөн, оорубай өлөт деп бекеринен айтылбаса керек. Тилдин, сөздүн уусу адамга өтө күчтүү таасир этет. Тил адамга атак-даңк алып келип, ырыскы болуу менен бирге, ага терс жактарын, кесепетин дагы тийгизе алат. Тилинен, айткан сөзүнөн жаңылып калуу адамга өтө чоң көйгөйдү, кырсыкты, азап-тозокту алып келиши мүмкүн. Ошондуктан адам эң оболу тилинен этият болуусу абзел: *Адамды шорго салган да, өлтүргөн да тил; Адам тилинен табат;"Адамдын тарпын чыгарган да – тил, даңкын чыгарган да – тил"; "Тил адамды шорго салат, өлтүрөт, тил адамды бакыт даңкка жеткирет"; Адамдын бир душманы - тили, дагы бири - кур убадасы, үчүнчүсү - ичимдикке берилгендик;"Тил кылычтан өткүр, адамды адам кылат, аша чапса, жаман кылат".* Бул бирдиктердин ар бири ойлонуп сүйлөөнүн актуалдуулугун белгилейт жана тилдин пайдасы менен зыяны жөнүндө окурмандарга эскертип турат.

Орус тилинде "Тилим менин – душманым менин" деген накыл кеп бар (макал орус тилинен калькалоо жолу менен которулду). Ал келтирилген когнитеманы толугу менен кубаттайт жана "Тил – менин тууганым, тил – менин душманым" айтымына семантикалык жактан дал келет. Демек, тил дос дагы, кас дагы боло алат, анын кандай болушу адамдын өзүнөн көз каранды деген бүтүм келип чыгат. Буга кимдир бирөөлөр таптакыр маани беришпесе керек. Негизинен, аны терең түшүнүп, реалдуу жашоодо башкы принцип катары колдонуу сунушталат. Тил ар бир инсандын жашоосунда маанилүү ролду ойнойт. Бул жерде ооз көңдөйүндө тыбыштардын жаралуусуна көмөктөшүүчү орган назарга тутулбайт. Тамгалардын, белгилердин системасын камтыган татаал механизм жөнүндө кеп болууда. Ал эми сөз – баарлашуунун жана адамдар ортосунда маалымат алмашуунун гана каражаты эмес, ал жеке сезимдерди, кубанычты, сүйүүнү, кайгы-муңду, кооптонууну, тамашаны ж.б. билдирүүнүн куралы. Сөздүн жардамында жалаң гана жакшы

иштерди жасап, башкалардын көңүлүн алып, маанайын көтөрбөстөн, бирөөлөргө жамандык кылып, аларды таарынтып, капа кылып коюшубуз дагы мүмкүн. Көпчүлүк адамдар бир нерсе айтуудан мурун ойлонушпайт. Тамашалаша билүү дагы чоң маниге ээ, орунсуз азил-тамаша маектешибизди капалантып, абийирине шек келтирбеши керек. Баары эле юморду туура түшүнө бербейт. Мындай учурда жакындарыбыздын көңүлүн оорутуп, өзүбүзгө зыян алып келишибиз ыктымал.Айтылган сөз – атылган ок дешет. Андыктан кеп маданиятына маани берүү жана оболу ойлонуп, анан сүйлөө зарыл. Эл аралык аренада өлкө башчылары, ар улуттун өкүлдөрү өздөрүнүн ойлорун так, туура жеткирүүсү талап кылынат. Бул нерсе эл аралык конфликттин, чыр-чатактын, пикирлердин кагылышуусуна алдын алат. Өз тилине ээ чыгуу, аны башкара билүү – зор искусство жана рационалдуу ойлонгон адамдын белгиси. Айтылган жүйөлөрдүн баары эмне үчүн тил адамдын душманы экендигин чечмелеп берүүгө негиз боло алат.

Сөз аркылуу адамды мактоого, даңазалап-атын чыгарууга, сөз менен адамдын шагын сындырууга, кыжырын кайнатууга, көңүлүн калтырууга, маанайын түшүрүүгө, каралоого, уят-шерменде кылууга болот. Сөз ушундай таасирдүү касиетке ээ. Сөздүн торуна илинип калбоо адам үчүн абдан маанилүү: *Тоону, ташты суу бузат, адамзатты сөз бузат; Адамды сөз даңазалайт, сөз маскаралайт; “Айбан чөпкө (жипке) байланат, адам сөзгө (кепке) байланат”; “Уй мүйүзүнөн сынат, адам сөзүнөн сынат”*.

Ушак-айың кептер, чагым сөздөр, жалган-жалаадан алыс болсо, адам бейкут жана бакубат өмүр сүрөт. Ислам дининде эң чоң күнөөлөрдү адам тили менен кылат деп айтылат. Башкаларды көзү жокто ушактоо, жамандоо, жалган айтуу - эң чоң күнөөлөрдүн бири. Мындай иштерди кылган адам жакшылык көрбөйт. Андыктан адам тилинен жаңылыштык кетирбей, тилин тартып, жалган сүйлөбөй жүрүүсү керек: *Бактылуу адам – бузукулуктан, чагымчылдыктан оолак жүргөн жана оор кайгыга сабыр кыла билген адам* (Хадис); *Инсан катаны көп учурда өз тили менен кетирет* (Хадис); *Калп айткан киши жарыбайт* (Токтогул Сатылганов).

“Илим менен билимге көпүрө тил, көкөлөткөн адамды тили деп бил; Тил адамды бакыт даңкка жеткирет, тил адамды шорго салат, өлтүрөт” (Ж. Баласагын) сыяктуу бирдиктер **Тил адамды даңазалайт, даражасын жогорулатат** деген антонимдик кичи когнитеманын жаралуусуна шарт түзөт.

34. Адам үмүт, максат менен жашайт. Ар бир адамдын өзүнүн келечекке койгон максаты, үмүт-тилеги болот. Адам максаттарына жетүү, пландарын аткаруу, ой-тилегин орундатуу үчүн жашайт. Үмүт-тилек адамга күч, дем, түрткү берет, аны алдыга сүйрөп турат. Жадагалса, эң кыйын күндө дагы адамда үмүт, ишеним болот (эң жаман оору менен ооруган адамда дагы сакаям деген үмүтү бар). Келечектен үмүт кылуудан, алдыга максат коюудан адам тажабайт. Үмүттү эч качан үзүүгө, өчүрүүгө болбойт, анткени үмүтсүз адамдын жашоосу маанисин жоготот: *Өлбөгөн жанда үмүт бар; Адамды үмүт жашатат, кайгы какшатат; Адамды адам кылып алга үрөгөн үмүт; Үмүт адам менен жашайт; Үмүтсүз адам жаралбайт; Адам үмүткө тойбойт; Максатсыз киши – канатсыз куш; Максаттуу адамга түйшүк жок; “Жаман күндө ар кимди каргап-шилейт, адам күндө жаңы тилек тилейт”;Кемчиликсиз киши болбойт, үмүтсүз жан болбойт; Адам дүйнөсү – өчпөгөн үмүт.*

Үмүт ойлонулбаган, шашылыш кадамдарды жасоого, ачууга, кызуу кандуулукка алдырып, ар кандай жаман иштерге барууга жол бербейт. Албетте, ал бардык кайгы-капаны жоюп, көйгөйлөрдөн арылтып кое албашы мүмкүн, бирок күч-дем, сабыр берип, жашоону позитивдүү нукка өзгөртө алат. Бардык адамдар жакшылыктан үмүт кылышат. Анткени үмүтсүз ийгиликке, жаркын жашоого жетүү мүмкүн эмес. Жадагалса сууга чөгүп бара жаткан адам дагы аман калуу үмүтү менен жанын сактап калуу үчүн күрөшөт. Бул пикирибизди орус элинин “Надежда умирает последней” деген накыл кеби кубаттайт, анын мааниси үмүт эч качан өчпөйт дегенге жакын.Инсан табияты келечектен жалаң жакшы нерселерди күтүүгө, бүт иштер оң натыйжа берүүсүн, окуялар жакшылык менен аякташын талап кылат. Бирок турмушта бардык иштер шуруга тизгендей тегиз кетип, биз ойлогондой боло бербейт,

кээде ишиң жүрүшсө, кээде ишиң оңунан чыкпай калышы ыктымал. Эгерде үмүт баары бир үзүлө турган болсо,анда адам кайгыга чөгүп кетпестен, тагдырдын сыноосуна баш ийип, жаңы максаттарды алдына коюп, андан ары жолун улантуусу абзел.Улуу ойчул Бернард Шоу өз кезегинде “Үмүт кылып көрбөгөн адамдын эч качан көңүлү чөкпөйт” деп айткан экен. Анын бул ою кыргыздын “Кайгы менен үмүт үзөңгүлөш” деген макалына туура келет. Демек,бул жарыкчылыкта адам баласы орундалбаган тилектерине өкүнбөй, чоң нерселерден үмүт кылып, бийик максаттарга жетүүнү кыялданып, күн кечирүүсү зарыл деген тыянакка келебиз.

Үмүт-тилеги бар адам намысына бекем болуп, кайраттанып, ар-намысты туу тутуп алдына койгон максатына жетүүгө шашылат: *Өлүм адамды коркутат, үмүт намысты курчутат.* Адамдар көздөгөн тилеги менен талыкпаган эмгегин айкалыштырганда, чоң ийгиликтерге жетишишет, бардык пландарын орундатышат. Ой-мүдөөсү, көздөгөн максаты жок адам жеп-ичип, жашап, өлүп жок болгон жандык менен тең: *Максат менен эмгек чырмалышканда, адам бардык мүдөөсүнө жетет. Максатсыз жашаган адамдын башка тирүү жандыктан айырмасы жок* (Сарт аке Доскулу уулу).

35. Адамдын сөзүнө, түсүнө, кийимине караганда ишине көбүрөөк маани беришет. Адамдын ким экендигин анын жасаган ишинен байкоого болот. Иш – адамды сыпаттоонун көрсөткүчү боло алат. Жалкоо, жатып ичерлер ишти жакшы кылышпайт, аларга иш тапшырсаң чала-бучук, эптеп-септеп, арыдан-бери бүтүрүп салышат. Алардын мындай иши көзгө жагымсыз көрүнөт. Ал эми эмгекчил адам иштин майын чыгарат, чыкыйтып, орду менен пухта жасайт. Ошондой эле, таза кийинип алган сыланкороз, сулуусунган адамдар, көп сүйлөгөн, оозу менен орок оруп чеченсинген кишилер дагы ишти жалчытышпайт. Алар ак кол болушат. Мындайлардын ишке табы болбойт. Реалдуу жашоодо аларга караганда иштемчил адам бийик турат. Мына ошондуктан этностук менталитетте адамдын сөзүнө, кийимине, түсүнө караганда аткарган ишине көбүрөөк маани берилет: *Адамды (кишини, жигитти) сөзүнөн (кийиминен) тааныбайт, ишинен тааныйт; “Адам*

*ишинен таанылат, сөзүнөн таанылбайт”; “Адамды кийиминен тааныбайт, ишинен таанийт”; “Адамдын түсүн айтпай, ишин айт”; Адамдардын чийки иши жагымсыз.*Мындагы акыркы мисалдан башка бардык макалдар эреже-принциптин милдетин аткарышат. Аларда белгилүү бир негизге таянган жобо же шарт көрсөтүлүп, окурманды үйрөтүү милдети коюлган.

Кийим түшүнүгү башкы орунда турган бул бирдиктер эл тарабынан көптөгөн жылдар мурда жаралса керек. Бирок ошондой болсо дагы, аларды өтө эски заманда ойлонулуп табылган деп айтуу кыйын. Анткени алгачкы общиналык доордо адамдар кийим кийишти билишкен эмес, денелерин жаныбарлардын терилери, жалбырактар менен эптеп-септеп жабып жүрүшкөн. Аларда ар-намыс, уялуу, чач, сакал алуу, сулуулукка баалоо, сөзгө маани берүү сыяктуу сезимдер цивилизациянын, маданияттын өнүгүүсүнүн натыйжасында калыптанган. Андыктан адам баласынын коом баалаган сапаттары чагылдырылган бул макалдардысалыштырмалуу соңку мезгилдерде эле пайда болгон деп жоромолдоо мүмкүн. Алардын жардамында этностук тажрыйба, улуттук көз караш чагылдырылган.

Келтирилген провербиалдык каражаттардын мазмунун түзүүчү заттык лексемаларды эки топко ажыратып кароого аракет жасайлы. Биринчи тайпага субъекттин ролун аткаруучу *адам, киши, жигит* сөздөрү кирет. Алар жандуу, конкреттүү заттар. Ал эми экинчи топко кошулган*кийим, сөз, иш* бирдиктери – жансыз, предметтик жана абстракттуу зат атоочтор. Алар объект катары биринчи топтогу түшүнүктөргө таандык жана өз алдынча кыймыл жасай алышпайт. *Иш* сөзү адамдын сапатын аныктоодо *сөз, кийим* түшүнүктөрүнө караганда жогору турат жана аларга антонимдик катышта болот.

Адамдын физикалык жана акыл-эс тарабынан канчалык деңгээлде күчтүү экендиги, анын максатка умтулуусу, жөндөмдүүлүгү, кыйындыгы иштеп жатканда байкалат, б.а. кыймыл-аракет, натыйжа куруу сөзгө караганда катууракак сүйлөйт. Кайсы бир ишинин натыйжасын көрүп, жемишин татканда инсан бактылуу болот, катуу сүйүнөт. Мындай учурда анын жүзүнөн нур тамат. Кыска убакыттын аралыгында бир нече жумушту

бүтүрүүгө аракеттенгендик терс натыйжа берет. Сапатсыз, чала бүткөн иш элдин оң баасына арзыбайт.

Адамды иштеген иши көкөлөтөт, мураска жеткирет. Эмгек – адамдын көркү. Эмгек менен адам максатына жетет, жашоосу кооздолот: *Адам эмгеги менен даңктуу; Адам эмгек менен адам.* Адамдын эмне менен алектенип жүргөнүн, оюнда кандай план-максаттары бар экендигин шугулданып жаткан иштеринен байкоого болот: "*Киши сыры анын иштеген ишинен билинет"; "Кишини ичинен бил, ичинен биле албасаң ишинен бил".*

Адамдын кийимине көбүрөөк көңүл бурушат мини-когнитема жогорудагы когнитеманы танат, маанисине белгилүү бир деңгээлде карама-каршы келет: *Адам көркү - чүпүрөк, жыгач (дарак) көркү – жалбырак; Адамдын көркү - бөз, кулактын көркү – сөз.*

36. Адам өзү өлсө дагы анын даңкы, айткан сөзү, жасаган иши жашай берет когнитемасы 10 бирдиктен турат. Адам түбөлүктүү жашаш үчүн кыска өмүрүндө, көзүнүн тирүүсүндө үлгүлүү, мазмундуу өмүр сүрүп, айланасындагыларга жагымдуу сүйлөп, таасирдүү, таамай айтылган сөздөрдү жаратып, эл-жер, коом үчүн пайдалуу, пайдубалдуу иштерди (илим изилдеп, китеп жазып, көпүрө, мечит, мектеп куруп ж.б.) калтырууга, эл ичинде кадыр-баркка, атак-даңкка ээ болууга тийиш. Ошондо көзү өтүп кетсе дагы, айткан сөздөрү, жасаган иштери, атак-даңкы калып, эл дайыма эскерип турат: *Адам өлсө сөзү калат, жакшы атагы унутулбайт; "Ат өлсө териси калат, адам өлсө даңкы калат"; Адам өлөт, атак өлбөйт; Адамдын өлбөстүгү - элине калтырган эмгегинде; Киши өлөт, жакшылыгы калат; "Адам өзү ажалдуу болсо да, өлбөс нерселерди жасайт".*

Дүйнөдө үч нерсенин артынан из калбайт дешет: сууда сүзгөн балыктын, асманда учкан куштун жана мазмунсуз жашап өткөн адамдын. Айрым адамдар (көбүнчө карып калган) болот жашоодо, өзү, негизинен, жашап жатат, бирок тирүүсүндө эле унутулуп калган, эч ким аны эстебейт, өтүп кеткенби, жашап жатабы эч кимдин аны менен иши жок. Кокус бирөөлөр көчөдө көрүп калышса: "Э, тигил дагы эле тирүүбү?" – деп таңыркашат. Мындай

адамдардын аз же көп жашаганы маниге ээ эмес. Андайлар сайда саны, кумда изи жок калат. Бирок пенде мындай болбош керек. Ал бул жарыкчылыкка келгенден кийин сөзсүз из калтырууга, татыктуу жашап өтүүгө аракет кылышы зарыл. Из калтырыш үчүн өлбөс-өчпөс иштерди жасап, жаштыкта катуу эмгек кылуу абзел: *Адамды өттү экен деп эсептебе, артында өчүрүлгүс изи калса; Бир адамдын аты калып, өзү жок, бир адамдын өзү калып, аты жок; Адамдын аз же көп жашап өткөндүгү башкы нерсе эмес, кеп анын кандай жашап өткөндүгүндө* (Шабданбай Абдыраманов).

Өмүргө өрнөк калтыраар адам гана мураскерликке татыктуу (Гете). Гетенин бул афоризминде ата мурасы балдарынын ичинен эл арасында татыктуу, үлгүлүү жашаган, кадыр-баркы бар баласына калуу керектиги, ал баласы ата мурасын ыйык сактап, өзүнөн кийинки татыктуу урпактарга өткөрүп берүүгө жөндөмдүү болуусу айтылууда.

37. Адам кайраттуу болуусу зарыл когнитемасына 7 гана провербиалдык бирдик бириктирилген.Кайраттулук – жашоонун бардык чөйрөсүндө ийгиликке жетүүнү каалаган ар бир адам бул керектүү сапатты өзүндө өнүктүрүүгө тийиш. Кайраттуулук, тартынбоочулук – ийгиликтин ачкычы деп коюшат. Алар кишиге өзүнө өзү ишенүүсүнө, алга жылуусуна жана максаттарына жетүүсүнө жардам берет. Андыктан адамга кайраттуу, эр жүрөк, тайманбас болуунун пайдасы көп. Тартынчаак, батына албаган, токтоо пенделер көп нерседен кур калышат. Кайраттуу, чечкиндүү, баатыр, шер адамдар эл башкарышат, элге башчы болушат, эл аларга, алардын күчүнө ишенишет. Алар жолуккан бардык тоскоолдуктарды, кыйынчылыктарды жеңүүгө маш адамдар: *Адам кайраты - албарс кылыч; Кайраттуу адам – калкка башчы, калактуу адам – кемеге башчы; Карагай болбой жер болбойт, кайратсыз адам эр болбойт; Кайраты бар кишинин – берекеси бар ишинин.*

Адам сүрдүү болуп, бирок кайраттуу болбосо, ага анын айбаты эч кандай пайдасын тийгизе албайт: “*Кайратсыз кишинин айбаты бекер, каруусуз кишинин кайраты бекер”*. Киши эр жүрөктүүлүгү менен бийик турат, ал эми дарак тамыры менен бекем болот: *“Жыгач тамыры менен күчтүү, адам*

жүрөгү менен күчтүү”. Жашоодогу кыйынчылыктар, тоскоолдуктар, жокчулук, жетишсиздик, түрдүү машакаттар адамды чыңалтып, бекем кылып, күчүнө күч кошуп, ого бетер кайраттуу, өткүр болууга тарбиялайт. Адамга турмуштагы кыйынчылыктарга, тоскоолдуктарга моюн бербей, андан бетер күчөйт: *Кыйынчылык адамды курчутуп турат* (Алик Акималиев).

38. Адам жана билим когнитемасынын курамында 6 бирдик бар. “Турмушта билимден өткөн күч жок, билим менен куралданган адам эч качан жеңилбейт” деп М. Горький бекеринен айтпаса керек. Билим – бул маанилүү жана пайдалуу маалыматтар менен ар дайым толуп туруучу кампа. Китеп окуп, билим алуу менен бирге адам баа жеткис тажрыйба топтоого жетишет.

Ар бир адам билимдүү болууну, көп билүүнү, көп нерсени үйрөнүүнү каалайт. Бирок билимге болгон сапар жеңил эмес, ал чыдамкайлуулукту жана туруктуулукту талап кылат. Билим адамдын инсан болуп калыптануусунда чоң ролду ойнойт, адамды алдыга сүйрөйт, сабатсыздыгын жоюп, түшүнүгүн, дүйнө таанымын, көз карашын кеңейтет, аң-сезимин өстүрөт. Билимсиз адам мыкты адис боло жана коомго пайдасын тийгизе албайт. Ал адамзаттын эң чоң байлыгы, аны эч ким уурдап ала албайт. Билим адамды өмүр бою багат, башына кыйынчылык түшкөндө жардам берет. Бул пикирибизди төмөнкү бирдиктер тастыктайт: *Адам - окуу менен озот, өнөр менен өсөт; Күн ааламга нур чачат, билим адамга нур чачат;Кийим менен мактанбай, билим менен мактан;Билим – адамзаттын орток казынасы* (Жусуп Баласагын); *Окуу-билим - адамдын өмүрлүккө азыгы* (Чалагыз Иманкулов).

Билимсиз, сабатсыз, наадан адамдар коом үчүн коркунучтуу. Алар коомду булгашат жана башкаларга терс таасирлерин тийгизишет: *Караңгылыктан да караңгы адамдардан корком* (Айдай Чотуева).

Адам инсан катары билимдин жардамында калыптанат. Билимдүү болууга талыкпай окуунун натыйжасында жетишет. “Китеп – билим булагы” деген акылман кеп жашайт. Андыктан китептерге аяр мамиле кылуу, кам көрүү сунушталат. Алардын ордун эч кандай каражат толуктай албайт, жадагалса, жаңы технология, интернет дагы. Татыктуу билим алып, аны

өзүнөн кийинки муундарга өткөрүп берүү – адам баласынын жашоодогу эң башкы миссиясы. “Окуучуга бир тамчы билим берүү үчүн мугалим океандай (кээ бир булактарда деңиздей) билимге ээ болуусу зарыл” накыл сөзү замандан артта калбай, интеллектуалдык жактан өнүгүп туруу үчүн адам ар күнү китеп окуп, билимин өркүндөтүп, өзүнүн үстүнөн иштеп туруш керектигин эскертет. Билимдүүлөр өз ойлорун жетиштүү түрдө билдире алышат, алар башкаларга баалуу кеңештерин берип, туура багыт көрсөтүү колунан келген уникалдуу жандар катары сыппаталышат. Билимдүүлүктү адамдын кебинен, жүрүм-турумунан, маданиятынан, көз караштарынан, манераларынан байкоого болот.

Билим алуу иш-аракети ар кайсы мезгилде, негизинен, билим берүү мекемелеринде жүргүзүлөт. Ата-эне перзентине кантип сүйлөөнү, тамактанууну, кийинүүнү, жуунушту, ойноону ж.б. аракеттерди үйрөтүп жатканда эле билимдин башатын берет. Бирок бала бакчага, анан мектепке кирип, тамга тааныгандан тарта инсан баштапкы билимдерди ала баштайт. Бул жараян кийинчерээк жогорку окуу жайда уланат. Диплому бар адистер айлык акысы жогору жумуштарга орношо алышат. Жетиштүү маяна алып, үй-бүлөсүн толук кандуу камсыздоого шарт түзүлөт. Университетти аяктаган соң, билим алууну аспирантурада, докторантурада улантууга болот. Мындай жогорку тепкичти аяктагандарга окумуштуулук наам берилет. Илимпоздор өзгөчө билимге ээ. Аларды акылман катары санашат. Алардын эл арасында кадыр-баркы бийик турат. Ааламдашуу доорунда билим алуу процесси мурунку заманга караганда бир топ жеңилдеди. Интернеттин, чөнтөк телефондордун, гаджеттердин пайда болушу мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтти. Жалпылап айтканда, билим – бул турмушка карай жаркын жол.

Жогоруда көрсөтүлгөн провербиалдык бирдиктерде берилген ата-бабаларыбыздын, көрүнүктүү инсандарыбыздын кылым карыткан даанышман ойлору, жашоо сабактары, адеп-ахлак, тарбия нускалары эскирбей турган, бүгүнкү күндө биз терең үйрөнүп, күнүмдүк жашообузда колдоно турган баа жеткис руханий дөөлөттөр болуп саналат. Алар бизди адамдык жогорку

сапаттарды бийик тутууга, коомго жат, адам баласына мүнөздүү эмес моралдык илдеттер менен активдүү күрөшүүгө чакырат.

Изилдөөнүн жыйынтыгында “Адам” концептинин түрдүү өзгөчөлүктөрү, бөтөнчөлүктөрү, касиеттери жана когнитивдик мазмуну провербиалдык бирдиктердин негизинде уюшулган когнитемаларды анализдөө аркылуу каралды. Натыйжада, адам табияты табышмактуу, кулк-мүнөзү, кылык-жоруктары кубулуп турма, коомдун таасирине бат кабылуучу, жашоосунда маанилүү ыйык нерселер бар жан катары сыпатталып, мүнөздөмөгө ээ болду. Анализденген макал-лакаптар, афоризмдер, хадистер “Адам” концептинин текст уюштуруучулук касиеттерин ачып берет.

3.12.5. Провербиалдык бирдиктерде “Адам” концептинин мүнөздөлүшү (ар кыл сапаттарга ээ болушу)

Нечен кылым бою жашап, турмуштук тажрыйбадан улам пайда болгон провербиалдык бирдиктер адам баласынын кулк-мүнөзүн, жүрүм-турумун, кыял-жоругун, адеп-ахлагын, табигый өзгөчөлүктөрүн, социалдык абалын ж.б. касиеттерин жана сапаттарын аныктоодо баалуу булак катары саналат. Андыктан бул параграфта биз адамга мүнөздүү белгилерди көрсөтүү максатында *адам, киши, пенде, жан* ж.б.у.с. компоненттер камтылган провербиалдык бирдиктер иргеп алып, аларга статистикалык анализ жүргүзүлдү. Бул иш-аракетти жүзөгө ашырууда төмөнкү макал-лакаптар жыйнактарынан пайдаландык:

1.Макал-лакаптар, накыл кептер, нуска сөздөр,залкар ойлор / КойчумановЖ.Ы., Кадыров Ы. – Бишкек.: КР Билим берүү академиясы, 2012. – 540 б.

2.Кыргыз макал, лакап жана учкул сөз түрмөктөрү. Тажиева Г., Курманбекова А. - Б.: “Бийиктик”, 2004. – 696 б.

3.Макал-лакаптар: Баш сөзүн жаз. жана түз. Ж.Ы. Койчуманов; А. Акматалиевдин жалпы ред. астында; Кырг. Улут. И. А. ж.б. – Б.: Шам, 2001. – 208 б. – (“Эл адабияты”).

“Адам” концептин провербиалдык каражаттардын негизинде мүнөздөлүшүн ачыктаган мезгилде субстантивизацияланган (зат атоочтошуп кеткен) сын атоочтор (мисалы, акмак (*акмакка да акыл азуу чыгат*. Салыштырыңыз. *акмак достон, акылдуу душман артык*); жалкоо (*жалкоого аш болсо да, иш болбосо*), бактылуу (*бактылуу эмгегинде зор, бактысыз ооруда кор*), жалгыз (*жалгызга жылдыз жолдош*), дүлөй (*дүлөй кишинин оозуна карайт*) жакшы, жаман (*жакшыны сөз өлтүрөт, жаманды таяк өлтүрөт; жаман кыйнайт тили менен, жакшы сыйлайт дили менен*), ичи тар (*ичи тардын иши тар*), кары (*карынын кебин капка сал*) ж.б.) эске алынган жок.

Статикалык анализдөөнүн жыйынтыгы төмөнкүдөй түрдө болду (3.12-табл.).

3.12-таблица.

№	Мүнөздөмөлөр	Саны	Мисалдар
	Жакшы адам	48	*Жакшы адамга чаң жукпайт; Жакшы киши – үлгү, жаман киши күлкү.*
	Жаман (жүргөн) адам	34	*Жаман адам өз ырыскысына өзү түкүрөт; “Жаман жүргөн киши өзүн билбейт, башка бирөөнү назарына илбейт”* [http://bizdin.kg].
	Эр адам (киши)	8	*Жакшылыкка жакшылык ар адамдын кылаары, жамандыкка жакшылык эр адамдын кылаары, жамандыкка жамандык кем адамдын кылаары, жакшылыкка жамандык көр адамдын кылаары; “Айласын табаар ар иштин акылы тунук эр киши”.*
	Ачка (ач), ток киши	8	*Ачка киши айылдайт, ток киши уктайт; Ач киши аш үчүн үч айлык жол басат.*

	Акылдуу (акылы тунук) адам (киши)	7	*Адам алсызы урушчаак, акылдуу киши тырышчаак; Айласын табаар ар иштин акылы тунук эр киши.*
	Агасы (атасы, катыны, келини, кызы, эжеси, энеси) өлгөн адам	7	*Агасы өлгөн адамдын, айтаар сөзү кем болот,аны аркалап жүрчү ким болот?; Келини өлгөн адамдын кермеден аты бошонуп, кемиген менен тең болот*[http://bizdin.kg].
	Кары адам	5	*Ички орууну табуу кыйын, кары адамды багуу кыйын; Карыган киши – таптоодогу куш.*
	Эстүү адам	5	*“Эстүү адам эмгектен качпайт, эзели жаман жакка баспайт”; Эстүү киши да содор иш кылат.*
	Пейли (тар, кеткен) адам	4	*Пейили кеткен пенденин казанынан аш кетет; Пейили тар адам кең идиштен аш иче албайт*[http://bizdin.kg].
	Элдүү (элдик) киши (элден чыгып калган)	4	*Эл сагынбас эр болбос, элдүү киши кем болбойт; Элден чыгып калган адам – түбөлүк жетим.*
	Кайраттуу, кайраты бар (кайратсыз) адам	4	*Кайраттуу адам – калкка башчы, калактуу адам – кемеге башчы; “Каруусуз кишинин кайраты бекер, кайратсыз кишинин айбаты бекер”.*
	Кем адам, көр адам,	3	*Жакшылыкка жакшылык – ар адамда, жамандыкка жамандык – кем адамда, Жакшылыкка жамандык – көр адамда, жамандыкка жакшылык – эр адамда; Жакшылыкка жакшылык ар адамдын кылаары, жамандыкка жакшылык эр адамдын кылаары, жамандыкка жамандык кем адамдын кылаары, жакшылыкка жамандык көр адамдын кылаары.*
	Бактылуу, бактысы бар (бактысыз)адам	3	*Март адам, бактылуу адам – бирин берсе, миңин алаар; Бактысыз адамга аш да жок.*

	Максаттуу (максатсыз) киши	3	*Максатсыз киши – канатсыз куш; Максаттуу адамга түйшүк жок.*
	Калп айткан (калпычы) киши	3	*Базары жакын байыбайт, калп айткан киши жарыбайт; Калпычы киши элге ишенбейт.*
	Жалгыз киши	3	*“Жалгыз иттин үргөнү билинбейт, жалгыз кишинин жүргөнү билинбейт”; “Жалгыз таруу ботко болбойт, жалгыз адам тутка болбойт”* [http://bizdin.kg].
	Катасыз (кемчиликсиз) киши	3	*Бакасыз көл болбойт, катасыз киши болбойт; Кемчиликсиз киши болбойт, үмүтсүз жан болбойт.*
	Терең адам	2	*Терең адам – капчыгай, чабал адам – чакчыгай; Терең дарыя жай агат, терең киши тынч айтат.*
	Адал (жүргөн) адам	2	*Адал адам - адамдын гана адамы эмес,ааламдын адамы; Адал жүргөн адамдар киргили жок матадай, тил билгилүү эр болсо, дили жумшак казыдай.*
	Кудай (берген, урган, ураар) киши	2	*Кудай берген кишиге, кудай урган киши теңелет; Кудай ураар кишиге кумгандай жүрөк пайда болот.*
	Улуу адам	2	*Улуу адам улуу тоо сыяктуу; Канткенде адам улуу адам болот.*
	Момун адам	2	*Момун адам чынды сүйөт, бозокорлор чырды сүйөт; Айга кол сунба, момунга чоңсунба.*
	Жалкоо киши	2	*Жалкоо киши айылчы; “Жалкоо адамдын жакшы жашаганын көргөнүм жок бул өмүрдө”.*
	Таза адам	2	*Адам таза, ыймандуу болуш керек; Таза адамга чаң жукпайт.*
	Бузуку (бузук) адам	2	*Адамдын бузукусу адам; Бузук адам баарын өзүндөй көрөт.*

	Жөнөкөй адам	2	*Адамдын мыктысы - жөнөкөй адам; Президент өзүн жөнөкөй адам сезиш керек.*
	Чынчыл адам	2	*Чынчыл адамга жүгүн; Чынчыл адам дайыма чындыкты айтат, акылдуу адам убагы келгенде.*
	Сар-санаа баскан (санаалуу) адам	2	*Ичкени – ирим, жегени – желим, сар-санаа баскан адамдын; Санаанын изи жок, санаасыз киши жок.*
	Март адам	2	*Кары адам акылга бай, март адам доско бай; Март адам, бактылуу адам – бирин берсе, миңин алаар.*
	Азгырма адам	2	*Азгырма адамдардан алыс бол; Азгырмалуу да, азгырылмалуу да – киши.*
	Доссуз (досу жок) адам	2	*Доссуз адам канатсыз куш; Досу жок жан жетимден да жаман.*
	Чоркок киши	2	*“Чоркок киши төөнү жаза минет”; “Чоркок киши төөнү жаза муштайт, буканын мурдун муштум менен көзөйт”* [http://bizdin.kg].
	Бардар (кедей) адам	2	*Бардар адам таш боор болот; “Бардар киши байлыкка мас, акылга пас, кедей киши акылга мас, байлыкка кас”* [http://bizdin.kg].
	Сакалы узун (сакалдуу) киши	2	*Сакалы узун кишинин акылы кыска; Сакалдуу киши жоого түшөбү?*
	Чоочун киши	2	*Жолоочу киши – жол менен, чоочун киши – сай менен; Чоочун адамдын мүнөзү – чытырман токой.*
	Аттуу (жөө (бараткан)) адам	2	*Аттуу киши азыгын табат, жөө калгандын эки өңүрү санын чабат; Жөө адамга жол түйшүктүү.*

Төмөнкү мүнөздөмөлөрдүн баары бир жолдон гана колдонулган: **бакыр киши** (*Бакыр киши паанада, сокур киши шоолада*); **кул киши** (*Эр кишиге эр киши - өзү менен теңелет, эр кишиге кул киши – сөзү менен теңелет*); **ажалдуу**

киши (*“Ажалдуу киши ажыдаардын куйругун басат, ажалдуу кийик адырга качат”*); **малдуу киши** (*Малды бакса сан болот, малдуу киши хан болот*); **ач көз** (*Ач көз адам тойбос, соргок соргоктугун койбос*); **кайдыгер адам** (*Улутчулдуктан коркпой тескерисинче улутун ойлогон кайдыгер адамдардан коркуш керек*); **ушак уялаган адам** (*Ушак уялаган адамдан уят качат*); **аз сүйлөгөн адам** (*Аз сүйлөгөн адамдар асыл келет*); **кенен, кең, (тар) киши** (*Кенен киши арыбайт, тар киши болсо кеңейбейт*); **элине кайдыгер караган киши** (*Элине кайдыгер караган киши – тирүүнүн өлүгү*); **тобо кылган адам** (*Карызды кайырган адам – тобо кылган адам*); **абийирдүү адам** (*Абийирдүү адамда жалакайлык болбойт*); **сак адам** (*Сак адамдын үч шериги бар: көргөн жокмун, билген жокмун, уккан жокмун*); **кери кеткен киши** (*Кери кеткендин сакалы кекиртегине бүтөт*); **бай адам** (“*Мас болгон адам шок болот, бай болгон адам ток болот”*); **нускалуу адам** (“*Нускалуу адамдын сүйлөгөнү жай, чоң дарыянын акканы жай”*); **ушакчы адам** (*Ушакчы адам ушак кууйт, жетик адам ушакчынын жолун бууйт*); **карызды кайырган адам** (*Карызды кайырган адам – тобо кылган адам*); **топук кылган адам** (*Топук кылган адам бай болот*); **элине пайдасы жок адам** (*Элине пайдасы жок адам – тирүүнүн өлүгү*); **адам болор киши жана адам болбос киши** (“*Адам болбос кишинин адам менен неси бар, адам болор кишинин адам менен иши бар”*); **өзүнө жакшылык кылбаган адам** (*Өзүнө жакшылык кылбаган адамдан, өзгөгө жакшылык артпайт*); **күйүттүү адам** (*Күйүттүү адамдан акыл сураба*); **мас адам** (“*Мас болгон адам шок болот, бай болгон адам ток болот”*); **сары киши** (*Кара кишинин жини келгенче, сары кишинин жаны чыгат*); **азаптуу киши** (*Азаптуу кишиге айла жок*); **уурдаган адам** (*Сураган адам – кайырчы, уурдаган адам – каракчы*); **күнөө жасабас киши** (“*Сыр алдырбас киши жок мактанса да, күнөө кылбас киши жок актанса да”*); **сокур киши** (*Бакыр киши паанада, сокур киши шоолада*); **эпчил адам** (*Адамдын бири эпчил, бири кекчил, бири тентек, бири жөнтөк”*); **мекенсиз адам** (*Мекенсиз адам – үнсүз булбул*); **түбөлүктү ойлогон киши** (*Түбөлүктү ойлогон киши сонун, калкы үчүн иштеген иши сонун*); **жылдыздуу адам** (*Адамдын жылдыздуусун айбан*

да билет); **өмүргө өрнөк калтыраар адам** (*Өмүргө өрнөк калтыраар адам гана мураскерликке татыктуу*); **соодагер киши** (*Базары жакын байыбайт, соодагер киши жарыбайт*); **элдик тилди кадырлабаган адам** (*Элдик тилди кадырлабаган адам элди да кадырлабайт*); **кыңыр киши** (“*Кыңыр киши бир жакта, кырк киши бир жакта”*); **бышыксынган адам** (*Бышыксынган адамдар бересеге чалынат*); **өмүрлүү адам** (*Өмүрлүү адам алтын аяктан суу ичет*); **кайгыга чөккөн адам** (*“Кайгыга чөккөн адам көнөт, сууга чөккөн адам өлөт”*); **айкөл адам** (*Айкөл адам – чалкып жаткан деңиз*); **калактуу адам** (*Кайраттуу адам – калкка башчы, калактуу адам – кемеге башчы*); **белдүү адам** (*Элдүү адам – белдүү адам*); **айыпсыз киши** (*Айыпсыз киши болбойт*); **түркөй киши** (*Түркөй кишинин напсиси – бир, молдонуку – экөө, кожонуку – үчөө*); **каруусуз киши** (“*Кайратсыз кишинин айбаты бекер, каруусуз кишинин кайраты бекер”*); **ит жандуу адам**(*Адам ит жандуу*); **камдуу киши** (*“Камдуу киши кор болбойт, жаракту киши зар болбойт”*); **убадасыз киши** (*Убадасыз кишиден жүрүп кеткен жел артык*); **сөздөрү ширин, иштери арам киши** (*Сөздөрү ширин, иштери арам киши – эки жүздүү*); **жакын адам** (*Баланын эң биринчи жакын кишиси – эне*); **кара баш адам** (“*Билги алжыса – калайыкка күлкү, кара баш адам алжыса – өз башына күлкү”*); **арзан-кымбат адам** (*Жакшынын жакшы билер сымбатын, жамандар кайдан билсин адамдын арзан-кымбатын*); **эл үчүн күйгөн адам** (*Элита деген чынчыл, эл үчүн күйгөн адам болушу зарыл. Улутчул эмес мекенчил болуш керек*); **жөнтөк адам** (“*Адамдын бири эпчил, бири кекчил, бири тентек, бири жөнтөк”*); **урушчаак киши** (*Уй териси тон болбойт, урушчаак киши оң (чоң) болбойт*); **сууга чөккөн адам** (*“Кайгыга чөккөн адам көнөт, сууга чөккөн адам өлөт”*); **тентек адам** (*Адамдын бири эпчил, бири кекчил, бири тентек, бири жөнтөк*); **киши болор (болбос) киши** (“*Киши болбос кишинин киши менен неси бар, киши болор кишинин киши менен иши бар”*); **ичи тар адам** (“*Ашык ичкен аш болбойт, ичи тар адам баш болбойт”*); **эси жок пенде** (*Эси жок пенде – өзүнө душман*); **киши эмес киши** (*Киши эмес киши сөз эмес сөздү сүйлөйт*); **сураган адам** (*Сураган адам – кайырчы,*

уурдаган адам – каракчы); **жарактуу киши** (*Жарактуу киши зар болбойт, камдуу киши жоого кор болбойт*); **түшүнгөн киши** (*Сөздү уккан кишиге айт, күүнү түшүнгөн кишиге черт*); **кара жемсөө адам** (*Кара жемсөө адамда калыстык жок*); **билги адам** (*"Билги алжыса – калайыкка күлкү, кара баш киши алжыса – өз башына күлкү"*); **колго суу куйган адам** (*Колго суу куйган адамга «Суудай сулуу бол же суудай мол бол» деп алка*); **улуту бар (жок) адам** (*Улуту бар адам – улуттун укугун коргойт, улуту жок адам – адам укугун коргойт*); **жаркын адам** (*Бул дүйнөдө бар экени өзү эле сага майрамдай сезилген бир соонун, жаркын адамдар болот*); **сыр алдырбас** (*"Сыр алдырбас киши жок мактанса да, күнөө кылбас киши жок актанса да"*); **коркок адам** (*Коркок адам калың колду бузат*); **эсирген адам**(*"Бийлик,байлык адамды эсиртет, эсирген адамдын кесири көпкө тиет"*); **ак иштеген адам** (*Ак иштеген адам акыры жамандык көрбөйт*); **кара киши** (*Кара кишинин жини келгенче, сары кишинин жаны чыгат*); **дөөлөттүү адам** (*"Жашында жигит шок болот, дөөлөттүү адам ток болот"*);**татыктуу киши** (*Даңк да татыктуу кишини сүйөт*); **караңгы адам** (*Караңгылыктан да караңгы адамдардан корком*); **иши кыйшык киши** (*"Ооруп өлөөр кишинин дабасы болбос дартына, иши кыйшык кишинин күнү кетер артына"*); **көөлдөгөн киши** (*Көөлдөгөн киши көңүлгө карабайт*); **жумшак адам**(*"Адамдын жумшагын адам жейт, жыгачтын жумшагын курт жейт"*); **көпкөн киши** (*Көпкөн киши көбүрөт, көнбөй каниет кылганга*); **ак көңүл киши** (*Ак көңүл киши мурун айткандын тилине кирет*); **жалганчы киши** (*Жардыгың жалган болбосун, жалганчы киши оңбосун*); **ырыскысыз адам** (*Ырыс качса, тууш конбойт, ырыскысыз адам болбойт*); **акчалуу (акчасыз) адам** (*"Акчасыз адам көр үстүндө, акчалуу адам мөөр үстүндө"*); **жалаңгыч адам** (*Адамдын жалаңгычы да адам*); **душманы жок адам** (*Душманы жок адам болбойт*); **жашы жеткен адам** (*Жашы жеткен адамдын төрүнөн көрү жуук болот*); **алсыз адам** (*Адамдын алсызы - ушакчы*); **сырды барктаган адам** (*Сырды барктаган адам сактай да билет*); **кекчил адам** (*Адамдын бири эпчил, бири кекчил, бири тентек, бири жөнтөк"*); **ардуу адам** (*Адамдын ардуусу*

тырышчаак болот); **жетик адам** (*Ушакчы адам ушак кууйт, жетик адам ушакчынын жолун бууйт*); **дүйнөгө түркүк (устун) болгон адам** (*Дүйнөгө түркүк (устун) болгон адам жок*); **уяты бар жакшы адам** (*Уяты бар жакшы адам урматка жетээр*); **жолоочу киши** (*Жолоочу киши – жол менен, чоочун киши – сай менен*); **сырын каткан пенде** (*Сырын каткан пенде ар дайым эркин болот*); **чабал адам** (*Терең адам – капчыгай, чабал адам – чакчыгай*); **ыймандуу адам** (*Адам таза, ыймандуу болуш керек*);

Келтирилген мүнөздөмөлөрдүн ичинде этиштин көптөгөн атоочтук формасында берилген сыпаттамалар учурайт (*ак иштеген, дүйнөгө түркүк, сырын каткан, (устун) болгон, жашы жеткен, көпкөн, колго суу куйган, түшүнгөн, сураган, эл үчүн күйгөн, бышыксынган адам*ж.б.). Алардын баары провербиалдык бирдиктердин ичинде аныктоочтук, атрибутивдик функцияны аткарышат.

Мүнөздөмөлөрдүн статистикалык анализи көрсөткөндөй бул алкактын борборун **жакшы адам, жаман адам** атрибутивдик белгиси ээледи, жакынкы жакабелинен **эр адам (киши), ачка (ач), ток киши, акылдуу (акылы тунук) адам (киши)** ж.б. аныктамалар орун алды. Ал эми көпчүлүк мүнөздөмөлөр:**чоркок киши, сакалы узун (сакалдуу) киши, малдуу киши, ушак уялаган адам, нускалуу адам** ж.б. аз санда колдонулуп бул алкактын алыскы жакабелинен орун алышты.

3.13. “Адам” концептин кыргыздардын поэтикалык ой казынасында

“Адам” концепти кызыктуу, табышмактуу объект катары көптөгөн кыргыз акын-жазуучуларынын көңүлүн өзүнө бурган. Алардын бул концепттин табиятын ачып берүүгө арналган бир топ прозалык, поэтикалык чыгармалары бар. Алсак, Түгөлбай Сыдыкбековдун “Адамга”, “Адамга суроо”, “Адамга доо”, “Адамдын күчү”, Аалы Токомбаевдин “Адамзат”, Абдурасул Токтомушевдин “Элет адамы”, Жапаркул Алыбаевдин “Аракты таштаган адамдын монологу”, Тургуналы Молдобаевдин “Адамзат”, Байтемир

Асаналиевдин “Адаммын жашап жаткан катардагы”, Меңди Мамазаированын “Адамдарга”, “Эстебейт эми эч бир жан”, Аман Токтогуловдун “Ар бир адам колдон келер”, Гүлжамила Шакированын “Адамдык”, Атантай Акбаровдун “Керемет жан”, Акманай Эшпаеванын “Алсыз адам” ж.б. Мындан сырткары “Киши” концептине элдик оозеки чыгармаларды: “Чегиртке минген киши”, “Ийнелик менен киши” сыяктуу калптар, “Киши колдуу өлгөнгө кошулган кошок” кошогу, “Жаман аял алган кишинин арманы” арман ыры ж.б. кезиктирүүгө болот. Булардын баарынын аталыштарында изилденип жаткан концепттин негизги репрезентанттары катышат. Демек, бул нерсе “АДАМ” концептинин кыргыз акын-жазуучуларынын ой толгоолорунда, дүйнө таанымында актуалдуу экендигин айгинелейт.

Улуу даанышман, ойчул Ж. Баласагын дарыгерди, малчыны, акынды, устаны, эмчи-домчуну, түш жоруучуну, жылдыз саноочуну, дыйканды, соодагерди, темирчи, өтүкчү, бычмачы, боекчу, жебечи, жаачы, “АДАМ” концептин экспоненттери катары карайт. Анын ырларында теги мыкты, даанышман, илимдүү адамдарга кандай мамиле кылуу керектиги жөнүндө айтылат.

Төмөндө биз “Адам” концептин кучагына алган айрым ырларды когнитивдик талдоого алмакчыбыз

“Мүрөктүн суусу жөн суулардай шылдырап,
Агып жатса мал кечпес жашыл аралда”.
“Көк арчадай өңдөн азбас болсун деп,
Өзүм ичпей, ичирер элем адамга”.

“Мүрөктүн суусун ичирейин дегеним:
Адам деген картайгыч тура, бечара”.

“Замзамдын суусу кайнар суудайшарактап,
Ташып жатса куш жете албас ырааакта”.
“Эти калың пилдей күчтүү болсун деп,

Бүт агымын бурар элем адамга”.

“Замзамдын суусун агызайын дегеним:
Адам деген чарчагыч тура, бечара”.

“Олуя табып, улукман аке дарысы,
Жазгы гүлдөй тепселип жатса талаада”.
“Жүрөк оору, өпкө оорунун сообу үчүн,
Өзүм ичпей, ичирер элем адамга”.

“Дары чөптү ичирейин дегеним:
Адам деген оорукчан тура, бечара”.

“Ак шайы көйнөк, күмүш кемерсыяктуу,
Адамдын жаны сатылып турса базарда”.
“Дагы жыргап, дагы жашап көрсүн деп,
Өзүм албай берер элем адамга”.

“Жандарына жан кошоюн дегеним:
Адам деген көп өлгүч тура, бечара”.

“Кызыл топу, шуру, бермет сыяктуу,
Бала өмүрү, сатылып турса калаада”.
“Катуу күйүт, кайгы зардын дарты үчүн,
Өзүм албай, ал дээр элем адамга”.

“Бала өмүрүн алсын деген себебим,
Адам деген баласаак тура, бечара”.

“Мейличи, мени жаман көргөнбирөөнүн –
«Жан алгыч келип, жанын суурупаларда»”.
“Эгер чиркин, экөө болсо жүрөгүм,

Берер элем, бирин ошол адамга”.

“Мен сыяктуу жакшылыкка март эмес,
Адам деген өзүм дейт тура, бечара!” [http://bizdin.kg]

“Адам” концепттин даана чагылткан бул чыгарма Алыкул Осмоновго таандык. Акын ырында “Адам” концептинин алкагында адам баласынын, жалпы эле адамзаттын табиятын, жашоо образын көркөмдөп ачууга аракет жасаган. Ырда акындын адам баласынын алсыз жактарына көз чаптыргандыгы, аны бечара, байкуш, шордуу жан катары карап, аны аяп, ага боору ооругандыгы ачык байкалат. Алынган объектири чыгармалардын катарына кирбейт. Түзүмүб куплеттен, алты мини куплеттен (алар ар бир куплеттен кийин келет, эки саптан турат) 36 саптан, 188 сөздөн турат. Ырдын темасы – *адамзат*. Мында *адам* сөзү 13 жолу куплеттерде төртүнчү саптын аягында барыш жөндөмөсүндө (*адамга*), мини куплеттерде экинчи саптын башында атооч жөндөмөсүндө (*адам*) уйкаштыкты түзүп колдонулган. Кызыгы, бир гана жолу төртүнчү куплеттин экинчи сабынын башында илик жөндөмөсүндө келген (*Адамдын жаны сатылып турса базарда*).

Текстте адам баласын аныктаган атрибуттук маанидеги бир нече сөз жана сөз айкаштары кезигет: *көк арчадай өңдөн азбас, картайгыч, бечара, эти калың пилдей күчтүү, чарчагыч, оорукчан, көп өлгүч, баласаак, жакшылыкка март* ж.б. Бул аныктоочтордун көпчүлүгү адам сөзүнөн кийин жайланышып, адамдын кандай экендигин сыпаттап турат: *адам деген картайгыч, адам деген чарчагыч, адам деген оорукчан, адам деген көп өлгүч, адам деген баласаак* ж.б. Ырдын текстинде адам жашоосу менен байланышкан айрым контексттик антонимдер, синонимдер орун алган:*мүрөктүн суусу - жөн суу, өзүм – адам, март – өзүм дейт, мүрөктүн суусу – замзам суусу, мал кечпес жашыл арал - куш жете албас ыраак, олуя – табып - улукман аке, адам жаны - бала өмүрү, күйүт – кайгы – зар, адам – бирөө* ж.б. Ырда “Адам” концептинин негизги экспоненттери болгон *адам, пенде, инсан, жан, адам баласы* ж.б.лексемалары

учурабайт, бирок *адам* сөзүнө гипоним катары колдонулуучу *бала* лексемасы учурайт.

Ырдын курамында заттык маанидеги бир нече лексема дагы колдонулган: адамдарды - *олуя табып, улукман аке, бала, бечара, жан алгыч*; буюм-тайымды, ар кыл нерселерди - *ак шайы көйнөк, күмүш кемер, кызыл топу, шуру, бермет, дары*; өсүмдүктөр - *чөп, гүл, арча*; адамдын органдары - *жүрөк, өпкө*; жайлар - *базар, талаа, калаа*; абстракттык түшүнүктөр – *өмүр, катуу күйүт, кайгы зар, дарт, жан, сооп, жакшылык*; ичимдиктер – *суу, замзамдын суусу, мүрөктүн суусу*; жаныбарлар – *пил, мал, куш*.

Чыгармадан бир нече стилистикалык көркөм каражаттарды табууга болот:

- кайталоо жана эпифора - *ичирейин* ***дегеним,*** *агызайын* ***дегеним,*** *ичирейин* ***дегеним,*** *жан кошоюн* ***дегеним***.

- синтаксистик параллелизм - ***Адамдеген*** *картайгыч* ***тура, бечара***,

Адам деген *чарчагыч* ***тура, бечара***,

Адамдеген *оорукчан* ***тура, бечара***,

Адам деген *көп өлгүч* ***тура, бечара*** ж.б.

- градация - *Көк арчадай өңдөн азбас болсун деп*,

Эти калың пилдей күчтүү болсун деп,

Дагы жыргап, дагы жашап көрсүн деп ж.б.;

- инверсия - *Агып жатса мал кечпес жашыл аралда - мал кечпес жашыл аралда агып жатса, Ташып жатса куш жете албас ырааста - куш жете албас ырааста ташып жатса, Өзүм албай, ал дээр элем адамга - Өзүм албай, адамга ал дээр элем*.;

- салыштыруу - *Мүрөктүн суусу* ***жөн суулардай****шылдырап, Замзамдын суусу* ***кайнар суудай****шарактап,* ***Көк арчадай*** *өңдөн азбас болсун деп,* ***Ак шайы көйнөк, күмүш кемер****сыяктуу* ж.б.;

- гипербола - ***Бүт агымын бурар*** *элем адамга,* ***Адамдын жаны сатылып*** *турса базарда, Адам деген* ***көп өлгүч*** *тура, бечара, Эгер чиркин,* ***экөө болсо жүрөгүм*** ж.б.;

- метафора - *көк арчадай – узун өмүр, замзамдын суусу – дары каражаты, жазгы гүлдөй – өтө көп, мал кечпес жашыл арал – адамдын, малдын буту жеткис арал,жүрөк – жашоо, бала өмүрү – ыйык, кымбат нерсе, өңдөн азуу – жүдөө, арыктоо, тепселип жатуу– керексиз абалда болуу* ж.б.;

- эпитет - *көк арча, мүрөктүн суусу, эти калың пил, жазгы гүл, жүрөк оору, өпкө оору, жары чөп, ак шайы көйнөк, күмүш кемер, кызыл топу, катуу күйүт, кайгы зар, бала өмүрү* ж.б.;

- олицетворение - ***көк арчадай*** *өңдөн азбас,* ***замзамдын суусу*** *шаракта п,* ***адамдын жаны*** *сатылып турса базарда, улукман аке* ***дарысы*** *тепселип жатса талаада* ж.б.;

- фразеологизмдер - *жанын сууруу – абдан коркутуу, жан алгыч – баш кесер, желдет, мүрөктүн суусу – жашоону узартуучу дары суу, замзамдын суусу – адамды тирилтүүчү суу* ж.б.

Ырдын менталдык-семантикалык мазмунун серептеп биз мында **«борбор - жакабел» талаасын** аныктоого аракет жасадык. Текст семантикасындагы борборду (ядрону), албетте, адам аталышы түзөт. Ядронун түзүүчүлөрүн кантип бөлүп алсак болот? Бул иш-аракетти аткаруу үчүн алардын тема менентыгыз байланыштуулугу, “Адам” концептин чагылдыруусу, тексттеги жыштыгынакөңүл буруу зарыл. Андыктан чыгарманын мазмундукөзөгүнө*адам* лексемасын таандык кылууга болот.

Ушинтип, чыгарманын түзүмүндө ядролук концепт баштан аяк жогорку жыштыкта келтирилип, тексттин мазмун-маңызын, концептуалдык чөйрөсүн жана структурасын бекемдеп, аны уюштуруунун, жумдаштыруунун маанилүү элементинин функциясын аткара тургандыгын белгилөөгө болот. Натыйжада, чыгарманын менталдык-когнитивдикмазмунун *адам*сөзү жана анын концептуалдык чөйрөсүжаратып калат. Бул концепт акындын ой кампасында башка түшүнүктөргө караганда масштабдуу.

Дагы бир башка текстке назар салсак. Бул ыр “Адам мейман адамга” деп аталат жана М. Давлатовдун калемине таандык.

Убакыт менен жарышып кылым да өтөр ааламдан,
Турмуш менен алышып мен деле өтөр ааламдан.
Бийлик күчүн чабышып, бийлер өтөр ааламдан,
Нугу жеткен Кудайга бийлер өтөт ааламдан.

Бир төрөлүп бир жаралдык ааламга,
Адам баркын байлыгынан баалаба.
Адам барктуу, адам кымбат адамга,
Түшүнсөк биз адам мейман адамга.

Адам мейман адамга, оо, адамзат.
Адам кымбат адамга, оо, адамзат.
Адам мейман адамга, оо, адамзат.
Адам кымбат адамга, оо, адамзат.

Хан болсоң деле сыйың бил.
Сен деле бир пендесиң.
Колдо болсо сенелиң,
Хан тактыга келбейсиң.
Төшүңдү урба менмин деп,
Бийлик көргө эрчибейт.
Көз жумуп кетсең бир күнү,
Хан бы эле, эл көмөт.

Жер талашып кереги не бул дүйнөдө,
Жан кейитип, өмүр күйөт кан төккөндөн.
Сүйдүм турмуш баарыбызды кас кылып,
Жер калат го баарыбыздан бул дүйнөдө.

Чыгармада “Адам” концепти эксплициттик түрдө чагылдырылат. Көлөмү боюнча ал - кичи көлөмдүү чыгарма, 5 куплеттен, 24 саптан, 120 сөздөн турат. Ырдын темасы, объектиси – *адам, анын кылык-жоруктары,*

жашоо образы. Чыгарманын негизги мааниси – жалган турмушта жашап жаткан адам баласынын баркын, жашоо маңызын, багытын белгилөө жана адамдардын ортосундагы сый-урмат мамилени бекемдеп, бири-бирин кадырлоого, барктоого чакыруу. Аталышында эле биз изилдеп жаткан концепт катышкан бул чыгармада, “Адам” концептинин бир топ экспоненттери белгиленет. Алсак, *адам* сөзү ачкыч сөздөрдүн бири катары тексттин өзөгүн түзүп турат. Чыгармада ал 14 жолу колдонулган, 8 жолу жекелик түрдө илик жөндөмөсүндө, 6 жолу жекелик түрдө барыш жөндөмөсүндө. *Адамзат* сөзү 4 жолу илик жөндөмөсүндө, *пенде* сөзү 1 жолу жолугат. Алар “Адам” концептин эксплициттик түрдө чагылдырышат. Ал эми *бий, хан, мейман, эл, кас* лексемалары “Адам” концептин имлициттик түрдө репрезентациялашат.

Текст ичинде адам+аныктагыч модели боюнча куралган сөз айкаштарын белгилебей кетүүгө болбойт (*адам барктуу, адам кымбат, адам мейман*). Алар өз кезегинде эпитеттик милдетти аткарып, “Адам” концептин сүрөттөөчү, сыпаттоочу маанилүү каражаттар катары саналат. Аныктагычтар иретинде текстте сапаттык сын атоочтор пайдаланылган: *барктуу, кымбат, мейман.*

Чыгармада акын көптөгөн сөз түркүмдөрүнөн пайдаланган: зат атооч - а) мезгилди билдирген: *убакыт, кылым, күн*; б) абстрактуу маанидеги: *турмуш, бийлик, байлык, барк, сый, жан, өмүр, күч*; в) мейкиндик маанисиндеги: *аалам, жер, дүйнө*; г) адамдарды билдирген: *мейман, адамзат, хан, пенде, эл*; д) орунду билдирген: *такты, көр*; е) адамдын дене мүчөлөрү: *төш, кан, кол*; сын атооч: *барктуу, кымбат, мейман, кас;* сан атооч: *бир*; ат атооч: *мен, биз, сен, не, бул, баары*; этиш: *жарышуу, өтүү, алышуу, чабышуу, төрөлүү, жаралуу, баалоо, түшүнүү, болуу, билүү, келүү, уруу, деш, эрчүү, кетүү, көмүү, талашуу, кейитүү, күйүү, төгүү, кылуу, калуу*; кызматчы сөздөр: *менен, деле, бы, эле, го*; сырдык сөз: *оо*.

Жогоруда келтирилген сөз түркүмдөрүнөн сырткары ырда окурманга маанилери түшүнүксүз айрым лексемалар учурайт: ***Нугу*** *жеткен Кудайга бийлер өтөт ааламдан, Колдо болсо* ***сенелиң, Сүйдүм*** *турмуш баарыбызды*

кас кылып. Жеке-автордук бул неологизмдер автор тарабынан белгилүү бир көркөм эффектти жаратуу үчүн колдонулса керек.

Ырдын көркөмдүк табиятын ачуу максатында автор бир нече көркөм каражаттарды колдонгон:

- синонимдер: *төрөлүү – жаралуу (Бир **төрөлүп** бир **жаралдык** ааламга), барктуу – кымбат (Адам **барктуу**, адам **кымбат** адамга), аалам – дүйнө*.

- антонимдер: *мен* (бул жерде автор өзүн жөнөкөй, карапайым адам катары санайт) – *бий, хан – пенде (**Хан** болсоң деле сыйың бил, Сен деле бир **пендесиң**), төрөлүү – көз жумуу (Бир **төрөлүп** бир жаралдык ааламга, **Көз жумуп** кетсең бир күнү)*.

- фразеологизмдер: *төшүн уруу (**Төшүңдү урба** менмин деп), көз жумуу (**Көз жумуп** кетсең бир күнү), кан төгүү (Жан кейитип, өмүр күйүт **кан төккөндөн**)*.

- метафора: ***кылым** да **өтөр** ааламдан, сүйдүм **турмуш** баарыбызды **кас кылып**, **хан тактыга** келбейсиң.*

- метонимия - *Бийлик көргө эрчибейт* (Бийлик сөзү менен автор бийликтеги адамдарды айткысы келген).

- кайталоо (бул ыкма ырда бир топ жерде колдонулган) жана эпифора:

Убакыт менен жарышып кылым да ***өтөр ааламдан***

Турмуш менен алышып мен деле ***өтөр ааламдан***

Бийлик күчүн чабышып, бийлер ***өтөр ааламдан***

Нугу жеткен Кудайга бийлер ***өтөт ааламдан***

- синтаксистик параллелдүүлүк жана анафора:

***Ад - ам** мей - ман ад – ам - га, оо, ад – ам - зат.*

***Ад - ам** кым - бат ад – ам - га, оо, ад – ам - зат.*

***Ад - ам** мей - ман ад – ам - га, оо, ад – ам - зат.*

***Ад - ам** кым - бат ад – ам - га, оо, ад – ам - зат.*

Мында уңгуга уңгу, мүчөгө мүчө дал келет.

- кемтик сүйлөмдөр: *Хан тактыга келбейсиң, Төшүңдү урба менмин деп, Көз жумуп кетсең бир күнү.*

- салыштыруу:

Турмуш менен алышып ***мен*** *деле өтөр ааламдан*
Бийлик күчүн чабышып, ***бийлер*** *өтөр ааламдан*
Адам ***баркын байлыгынан*** *баалаба*
Хан *болсоң деле сыйың бил.*
Сен деле бир ***пендесиң.***

- синекдоха: *Адам барктуу, адам кымбат адамга* деген фразаларда *адам* сөзү менен автор көпчүлүк адамдарды, жалпы адамзатты назарга тутуп жатат. *Турмуш менен алышып мен деле өтөр* ааламдан деген сапта *мен* сөзү аркылуу автор биз баарыбыз (бай дагы, кедей дагы) деген ойду айткысы келген.

Ошентип, тексттин курамында *адам* сөзү 14 жолу колдонулса да, ырдын когнитивдик-менталдык мазмунун *киши* түшүнүгү түзүп турат. Мында адамга байланыштуу түшүнүктөр эксплициттик түрдө да, имплициттик түрдө да белгиленет.

Жалпы адамзат жер жүзүн каптаган оору менен алышып, оор күндөрдү башынан кечирип жаткан маалды эске алып, дагы бир текстке кайрылып көрүүнү чечтик. Адам баласына моралдык жактан дем-күч берүүчү кезектеги чыгарма ***“Бул сыноолор өтөт, кетет, жамандын артынан жакшы келет”*** деп аталат. Позитивдүү аталыштагы бул таасирдүү эстрадалык ырдын автору – жаш акын Акбар Кубанычбеков. Кыйын кезең, оор сыноолорду баштан кечирип жаткан кыргыз элинин рухун-духун көтөрүү үчүн аны кыргыздын бир топ ырчылары 2020-жылдын июнь-июль айларында чогуу ырдап чыгышты. Бирок анын обону Султан Садыралиевге таандык. Төмөндө тексттин толук версиясын сунуштайбыз.

Бул күндөр да өтүп кетер,
Кыйналган жандардын үнү жетер.

Баркын билбей бул жашоонун,
Жашадык заманда өзүм деген.
Баркын билбей бул жашоонун,
Жашадык заманда өзүм деген.

Бул сыноолор өтөт кетет,
Жамандын артынан жакшы келет.
Абалыңды сурап турган,
Бул күндө адамга адам керек.
Абалыңды сурап турган,
Бул күндө адамга адам керек.

Узак жолду улап келген,
Ар бир таң өзгөчө кубат берген.
Канча кыйын күн келсе да,
Адамбыз баарына чыдап келген.
Канча кыйын күн келсе да,
Адамбыз баарына чыдап келген.

Күндөн дагы суудан дагы,
Эң кымбат адамга адам керек.

Сабыр керек сынбай турган,
Жакшы күн бар али улай турган.
Чыңалсын деп адамзатты,
Сыноолорду Кудай сунган.
Жеңе алсын деп адамзатты,
Сыноолорду Алла сунган.

Адам жөлөк курбусуна,

Себепкер жаркыган турмушуна.
Кыйын күндөр бирге өтөт,
Таянып элдеги уул-кызына.
Ынтымакта жеңе турган,
Кайрат бер сабыр бер кыргызыма.

Адам деген көпүрө турмушуна,
Адам деген жөлөк да курбусуна.
Күч бар кезде биригип бир муштумга,
Курсак экен көпүрө кыргызыма.

Сен өлбөйсүң артыңда изин калса,
Сен жашайсың тарыхта ишиң калса,
Ташты талкан кыла бер сапарыңда,
Темир кессең мокобос мизиң барда.

Композицияда адам түшүнүгү даана, айкын чагылдырылган. Көлөмү боюнча аны орто өлчөмдөгү чыгарма катары саноого болот. Чыгарманын берилүүсүндө көпчүлүк ырлардын структурасына таандык тартип сакталбай, стандартсыздык байкалат. Куплеттердин басымдуу бөлүгү 6 саптан турса, акыркы экөөсү 4 сапты камтып, кийинчерээк атайын кошулуп калгандай туюлат. Ал эми ортоңку бөлүктөн орун алган куплет 2 гана саптан түзүлгөн.

Статистикалык өзгөчөлүгүнө көз жүгүртө турган болсок, ал 7 куплеттен 1 кайырмадан, 1 миникайырмадан, 40 саптан, 169 сөздөн турат. Тилдик каражаттардын базасын зат атоочтор *(адам, жашоо, күн, абал* ж.б.), этиштер (*өтүү* (бул этиш бир нече ирет кайталанат)*, кетүү, жетүү, суроо, берүү* ж.б.), атоочтуктар (*кыйналган, жаркыган, сынбай турган, чыдай турган* ж.б.), сын атоочтор (*узак, кыйын, кымбат, жакшы*, субстантивизацияланган сын атоочтор: *жакшы, жаман, (жамандын артынан жакшы келет)*, *жөлөк* ж.б.), сан атоочтор (*бир, канча*), ат атооч (*бул, ар бир, канча, сен* ж.б.), тактоочтор (*али,арты, бул күндө, күч бар кезде*), байламта/бөлүкчөлөр (*да, дагы, экен*

ж.б.), фразеологизмдер (*бир муштумга биригүү, ташты талкан кылуу, из калтыруу, үнү жетүү*) ж.б. сөз түркүмдөрү түзөт. *Кыйналган жандардын үнү жетер* айтымында Ыйык Жараткан, Кудай, Аллах маанилери назарга тутулат. Бирок алар атайын сөздөр менен берилбейт. Контекст аркылуу түшүнүктүү болот. Тил илиминде бул көрүнүш эллипсис деп аталат. Текстте зат атоочтор жана буйрук ыңгай формасында колдонулган этиштер басымдуулук кылат. Императивдердин колдонулушун тексттин мазмуну талап кылган. Анткени дем күч берүүчү чакырыктар, ураандар, стимул болуучу үгүт кептер көбүнчө буйрук иретинде берилип жүрөт. Сан атооч башка сөз түркүмдөрүнө караган эң аз колдонулган.

Саптардын аягында этиштердин өткөн чагына жалгануучу *-ган* мүчөсү (*турган, сунган*) жана анын *-ген* түрү (*келген, берген, деген*) бир нече ирет кайталанып колдонулгандыгы көрүнүп турат. Автор саптардын аягындагы уйкаштыкты уюштуруу үчүн ушундай кадамга барса керек. Мындан тышкары *-на, -ма, -га, -са*, *-ер, -ет* ж.б. мүчөлөр сөздөрдүн акыркы муундарында кезигет.

Чыгармада *адам* сөзү 10 жолу колдонулган, 6 жолу жекелик түрдө илик жөндөмөсүндө, 3 жолу жекелик түрдө барыш жөндөмөсүндө. *Адамзат* сөзү 2 жолу табыш жөндөмөсүндө жолугат. Ал адам сөзүнө туунду катышта болуп, “Адам” концептин эксплициттик түрдө репрезентациялайт. *Жан, курбу, жөлөк, эл, сен, кыргыз*, *өз, себепкер, уул-кыз* ж.б. лексемалары “Адам” концептин имлициттик түрдө туюнтушат.

*Текст ичиндеги баарына чыдап келген, абалыңды сурап турган, күндөн дагы, суудан дагы эң кымбат, темир кессе мокобос*сөз айкаштарын жана *кымбат, көпүрө, себепкер, жөлөк* лексемалары өз кезегинде автордук эпитеттин милдетти аткарып, “Адам” концептин сүрөттөөчү, сыпаттоочу маанилүү каражаттар катары саналат.

Ырдын тексти антропонимдерди (*адам, адамзат, кыргыз, эл*), теонимдерди (*Алла, Аллах*), темпоралдык, локативдик түшүнүктөрдү (*заман, күн, сапар, таң/алдыда, жол, көпүрө*), топонимдерди (*жер, суу*), материалдык

зат атоочторду (*талкан, таш, темир* ж.б.), абстракттык сезимдери (*барк, жакшы, жаман, жашоо, кайрат, кубат, күч, сабыр, сыноо* ж.б.), адамдын дене мүчөлөрүн (*курсак, муштум*), “адам” концептинин гипоним-гиперонимдери (*жан, курбу, уул-кыз*) ж.б. элементтерди камтыйт.

Чыгарманын мазмунун талдоо төмөнкүдөй ой жоруулар айтууга жол берет. Көпчүлүк адамдар: “Бул оору жөн жерден келген жок, Кудайдан берилген сигнал болду”, - деп эсептешет. Ал эми автор чыгармасынын негизинде ***“Адамдар. ойлонгула,***

- соңку мезгилдерде адамдар өздөрү менен өздөрү болуп, өзүмчүл болуп бараткандыгын;

- күнүмдүк турмуш жеңил жүргөндүктөн, адамдар бири-бирин унутуп калып жаткандыгын;

- тууган менен тууган катташпай, бири бирин көрсө качып, жашынып калмай, өкүм сүрүп, адамдардын жан дүйнөсү тарып калгандыгын;

- учурда адамдар досторуна, жакындарына бир жумушу болсо гана барып, же телефон чалууга көнгөндүгүн, ***ден соолукту, ал-жайды сурап кабар алуу, үйүнө баруу сыяктуу кыргыз элинин ата-бабалардан бери келе жаткан асыл салтынын, урп-адаттарынын жоюлуп бараткандыгын;***

- байлык-бийликтин аркасынан пенделер бири-бири менен касташуусун;

- адамдардын ортосундагы жылуу мамиле, достук, сый-урмат, гумандуулук, толеранттуулук, сабырдуулук ж.б. мыкты сапаттар күндөн-күнгө азайып жатышын;

- инсандар дүйнө деп эле чуркап, акчанын, максаттарынын, пландарынын кулу болуп калгандыгын;

- кимдир бирөөнүн дүйнөсү ашып-ташып турса да, кыйналып турган учурунда ***“Кандай болуп калдың? Абалың жакшыбы?”*** деп жанына келип сурап коюу эң маанилүү экендигин, бул нерсе элементардык адамдык мамиле болгону менен көп нерсеге арзый тургандыгын айткысы келген.

Эң башкысы акын бул ырында кыйналып турган элге дем, руханий азык

берүү максатын көздөгөн. Түзүлгөн кырдаалды, өкүм сүрүп жаткан окуяларды эске алып, элдин духун көтөрүү үчүн ушундай мазмундагы ырларды жаратуу актуалдуу экендигин автор жүрөгү менен туйган.

Адам бул жарыкчылыктан өтүп кетсе, ага жалпы-журт кайгыргыдай өмүр сүрүп, артында өчпөс из калтырып, ал-күчүнүн барында эли-жери үчүн адал кызмат кылып, өлбөс эмгектерди жаратуусу зарыл деген ойду карманган.

Келтирилген чыгарманын мазмунунун негизинде **“Адамга адам маанилүү”, “Адамга адам кымбат”, “Адам адамга, адамга адам муктаж”, “Адамдарга башкалардын колдоосу зарыл”, “Адамдар оор күндөрдү бирге өткөрүшөт”, “Адам бардык сыноолорду көтөрө алат. Ал күчтүү жан”, “Башка түшкөн мүшкүлдөр адамды курчутат”, “Бардык кыйынчылыктар убактылуу”, “Жамандыктын артынан жакшылык келет”, “Бардык жакшылыктар алдыда”, “Адамга поэзия дем-күч берет”** ж.б. когнитемаларды чыгарууга болот. Мындагы когнитемаларды бир нече кичи когнитемаларга дагы ажыратууга болот. Алардын миникогнитема түзүү потенциалы жогору.

Кыргыз эстрада жылдыздарынын арасында таанымал Сыймык Бейшекеевдин калемине таандык “Адам болгум келет (кээде “Тажадым” деп дагы атап жүрүшөт)” ырына токтолууну туура көрдүк. Анткени ал биз тандап алган объектти түздөн-түз чагылдырат. Автор анын обонун да өзү жазган. Музыка ышкыбоздорунун арасында бул композиция белгилүү деңгээлде популярдуулукка ээ деп айтуу мүмкүн. Анткени YouTube каналында ал бир жылдын аралыгында 50 миңге жакын көрүүгө ээ болгон. Төмөндө чыгарманын толук текстин берип, аны анализдөөгө алмакчыбыз.

“Тумчугуп жашоом туман
Чыйрыгып көзүм жумам.”
“Туңгуюк бул жашоодон
Түгөндү такыр аргам.”

“Тажадым бул чөйрөдөн, тажадым ушул көйгөйдөн

Алсырап куурап барам, үн салчы тээ өйдөдөн.”
“Мен деле адам болуп, алыска сызгым келет
Жубайым эркелетип, боорума кыскым келет.”
“Түгөйүм эркелетип, боорума кыскым келет.”

“Арданам арданамын
Неге артта кармалганмын.”
“Жаш кездеменин деле
Жакшы эле самаганым.”

“Тажадым бул чөйрөдөн, тажадым ушул көйгөйдөн
Алсырап куурап барам, үн салчы тээ өйдөдөн.”
“Мен деле адам болуп, алыска сызгым келет
Баламды эркелетип, боорума кыскым келет.”
“Кызымды эркелетип боорума кыскым келет.”

“Ата-энем күнөөлөбөйм
Чалынган тагдырыма.”
“Башынан баарын баштайм
Буюрса баары алдыда.”

“Тажадым бул чөйрөдөн, тажадым ушул көйгөйдөн
Алсырап куурап барам, үн салчы тээ өйдөдөн.”
“Мен деле адам болуп, закымдап сызгым келет
Баламды эркелетип, боорума кыскым келет”.
“Кызымды эркелетип боорума кыскым келет.”
“Тажадым бул чөйрөдөн адам болгум келет, адам болгум келет”
[https://super.kg]

Чыгармада *адам болуу* айтымы 5 гана жолу кезиккени менен философиялык улуу маанини бере алат.

Ыр адам баласынын көкүрөтө туйлаган өксүгүн, жашоодогу эң башкы миссиясын аткара албай калган арманын чагылдырат. Башкалардын эркине

баш ийип, жашоодогу адилетсиздиктер менен күрөшүп чарчаган, айлана-чөйрөсүндөгү адамдарга капаланган, терс көрүнүштөрдөн, турмуштун оош-кыйышынан тажаган, тагдырына таарынып, кусаланган пенденин ички туйгуларын, көксөөсүн сүрөттөөгө арналган. Негизги мазмун инсан убакытынын көпчүлүк бөлүгүн ата-энесинин, жакындарынын кашында болуп, балдарын эркелетип, үй-бүлөсү менен чогуу өткөрүүсү чоң бакытка, адамдык ыйык милдетке барабар экендигинде жатат.

Ошол эле учурда тагдырдын автору айлансында болуп жаткан окуяларга канааттанбай, демейдеги жашоо образынын башка нукка бурулушун каалап, ой-көксөөлөрү, каалоо-тилектери, арзуулары башка нерселерде жатаарын, башкалар сыяктуу ийгиликтерге жеткиси келгендигин айткысы келген. Адам кээде көр тиричилик, жумуш, кызмат деп жүрүп, үй-бүлөсүнөн алыстап кетет. Балдарын эркелетип, алар менен ойноп, кубанычка бөлөнүүгө убакыты болбой калат. Бул нерсе өз кезегинде чоң социалдык көйгөй жаратышы мүмкүн. Ошондой эле автор жаш кезинде жан дүйнөсү таза болгондугун, ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңип, чоңойгондо өз каалоосундай жашай албагандыгын, келечекте аны эмне күтүп жатканы бүдөмүк экендигин, адамдык асыл сапаттардан аздыр көптүр айрылып, инсандын чыныгы милдеттерин аткарууга жетишпегендигине өкүнүп, булардын баарын уялуу менен эскерет. Бирок тагдырынын тайкы болгонуна ата-энесин күнөөлөбөйт.

Жашоонун машкаттарына жеңдирип, алы кетип турганда *Үн салчы тээ өйдөн* деп ыйык Жаратканга, кандайдыр бир улуу күчкө кайрылып, андан жардам сурап жаткандыгын байкалат. *Башынан баарын баштаймын, буюрса баары алдыда* деген саптар менен оптимистик көз карашын, келечектеги изги тилегин билдирип, изги тилекте ырын аяктайт. Ырчынын акыркы сапта *адам болгум келет* деп эки жолу кайталап айтышы, кылык-жоруктарын, адаттарын, жашоо нугун өзгөртүүгө даяр болуп калгандыгын айгинелейт. (“Адамдын табиятынын, жашоо образынын, иш-аракетинин өзгөчөлүктөрү” когнитемалар тобундагы “Адам деген – баарынан кымбат улуу ысым, ыйык зат” когнитемасын чечмелөөдө кеңири токтолобуз).

Чыгарманын предмети катары кызмат кылган *адам болуу* фразеологизми аркылуу тагдырдын тепкисине кабылып, чөгүп кетпөө, кыйын кездерде дагы адамдык баалуулуктардан жазбоо, турмушта бир жакты өнүгүп калбай, бардык нерселерди тең алып кетүү, адамга тиешелүү мыкты сапаттарды өзүнө сиңирүү, боорукер, мээримдүү ата болуу ж.б. маанилерди түшүнүүгө болот. Бирок кыргыз тилинин 2010-жылы академик А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында басылып чыккан сөздүгүндө адам болуу туруктуу сөз айкашынын эки мааниси берилген: 1. Эр жетүү, эс тартып киши катарына кошулуу (*Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет деген ырас тура, баягы жаманы бой жетип, адам болуп, азыр баарын баккан ошол* (Кыргызстан маданияты)). 2. Оорудан айыгуу, жакшы болуу, баш көтөрүү. Бул бирдик *киши болуу, мал болуу* айтымдарына синоним экендиги дагы көрсөтүлгөн [Кыргыз тилинин сөздүгү, 2010, 27-б.]. Белгилүү болгондой лексикографиялык ири эмгекте ырда назарга тутулган маанилер кезикпейт. Демек, мындан улам *адам болуу* фразасын убакыттын өтүшү менен бутактап, кеңейип, жаңы семаларды кабыл алган деп жоромолдоого болот.

3.14. Кыргыз этносунун аң-сезиминде “Адам” концепти кандайча ассоциацияланат?

Эмгектин бул бөлүгүндө өткөргөн ассоциативдик (психологиялык) экспериментибиздинжыйынтыгы менен таанышырабыз. Концептуалдык изилдөөлөрдө ассоциативдик эксперимент чоң ролду ойнойт. Бул ыкманын негизинде лексикалык каражаттардын жана тилдик бирдиктердинадамдын лингвистикалык эс-тутумундагы, концептуалдык ой кампасындагы, психологиясындагычыныгы маани-маңызын, алардын реалдуу семантикалык катыштарынаныктоого шарт түзүлөт.Аталган эксперименттти өткөрүү менен илимпоздор тандап алган концептинин тил ээлеринин дүйнө таанымындагыобраздык мазмунун ачыкташып, сөздүктөрдө берилген аныктамаларынын чындыкка жакындыгын, маанилүүлүгүн текшерип алышат.

Белгилүү бир концепттин ачкыч сөзүнө карата пайда болгон ассоциаттардын жыйындысы ассоциативдик талаанытүзүлөт.Мындай ассоциативдик талаадаобраз-ассоциаттаричи ара парадигматика-синтагматикалык жана иерархиялык туруп,борбор(ядро) менен жакабелге (перифериянга) ээ болушат. Эң алгач ассоциативдик талаада борборду аныктап алуу зарыл. Жыш кайталануучу ассоциациялар дал ушул жерден орун табат. Ал эми талаанын жакабели салыштырмалуу аз жыштыктагы жана сейрек кездешүүчү ассоциациялардын тобун камтыйт [Попова, Стернин, 2007, 15-б.].

“Адам” концептин образдык мазмунун ачып берүү максатында ассоциативдик эксперимент жүргүздүк. Экспериментке Ош шаарындагы А.С. Макаренко атындагы №6 гимназия мектептин 10-класстарынын окуучуларынын арасынан 58 окуучу жана Ош мамлекеттик университетинин орус филологиясы факультетинин 1-курсунан 63 студент, жалпысынан 124 адам респондент иретиндетартылган. Алардын ичинен 103 кыргыз, 21 өзбек улутундагы студенттер жана окуучулар болду. Экспериментке катышуучулардынжалпы жашы – 16-20нын тегерегин түздү.

Респонденттерге төмөнкү 4 суроо берилди жана жоопторду сөз, сүйлөм, сөз айкаштары түрүндө жазып берүү зарылдыгы түшүндүрүлдү:

1) Адам сөзү кайдан пайда болгон?

2) Адам дегенде эмнени түшүнөсүңөр?

3) Адамды адам кылган кайсы сапаттары?

4) Адамды айбан кылган кайсы сапаттары?

Натыйжада 62 ассоциат (алардын жоопторунун саны - 498) алынды. Жүргүзүлгөн эксперименттти жыйынтыктоодо кабыл алынган образ-ассоциаттардынбаарын, жада калса, өтө аз санда кезиккен жооптор дагы көз жаздымда калтырылган жок. Жалпысынан келип түшкөн реакциялар ар кыл мүнөздө экендиги аныкталды. Берилген дефиниция лардын көлөмү *адам* сөзүнүн сөздүктөрдөгүмаанилерине караганда басымдуулук кылды.

«Адам» концепти боюнча окуучулар менен студенттерден алынган жооптор төмөнкү таблицага жайгаштырылды (3.13-табл):

3.13-таблица

ОБРАЗ-АССОЦИАТТАР	**Жооп-дун саны-498**
1) Адам сөзү кайдан пайда болгон?	***37***
1. Алла Таала Адам ата менен Обо энени жараткандан кийин.	14
2. Маймылдардан.	2
3. Адам атадан (ал жаралгандан кийин).	4
4. Жер бетиндеги алгачкы адам пайда болгондо.	1
5. Адамдардан, б.а., коом пайда болгондон кийин.	3
6. Адам жаныбарлардан пайда болгон, ошондон кийин *адам* сөзү пайда болгон.	1
7. Адамда үн пайда болгондон баштап болсо керек.	1
8. Адамды жан-жаныбарлардан айырмалоо үчүн пайда болгон сөздөн.	2
9. *Адам* сөзүнүн кайдан пайда болгонун билбеймин.	3
10. *Кадам* деген сөздөн, анткени ал - бул жарык дүйнөгө алгачкы жолу кадам таштаган инсан.	
11. Адам ата менен Обо эненин балдары (Абыл менен Кабыл), урпактары адам деп аталган, ошондон пайда болсо керек.	5
12. Энеден бала пайда болгондон кийин.	1
2) Адам дегенде эмнени түшүнөсүңөр?	*127*
13. Айбандан айырмаланып акыл-эси бар, акылы жайындагы жанды.	13
14. Бул дүйнөнү өзгөчөлөнткөн нерсени.	1
15. Акыл-эстүү, бир баштуу, эки колдуу, эки буттуу, көздөрү ж.б. бар жандуу затты.	10

16. Акылдуу, ыймандуу, бардык жагынан төп келишкен, жаныбарлардан акыл-эси, кылык-жоругу, ой-пикири, абийири жана тайманбастыгы менен айырмаланган жанды.	18
17. Ак-караны ажырата турган, жакшы-жаманды билген адамды.	4
18. Эң күчтүү, бардык нерсени кыла билген, бардык нерсе колунан келген.	7
19. Аллахтын пендесин.	1
20. Аң-сезимдүү, эмгекчил жанды, анткени ал башка нерселердей селдейип тура бербестен дайыма колунан келсе да, келбесе да аракет кыла берет.	5
21. Башкалардан акылы, сүйлөшү, жүрүш-турушу, чөйрөгө кылган мамилеси менен айырмаланып турган нерсени.	1
22. Сабырдуу, ой-жүгүрткөн, бири-бири менен сүйлөшкөн, боорукер, мээримдүү, жүрөктө арзуусу бар, көңүлү назик, таза, билимдүү, алдына максат койгон, жакшы жашоого умтулган, жашоо үчүн күрөшкөн адамды.	12
23. Акылы бар, акылы менен жашаган, акылы баарын чечкен жанды. Анын акылы менен дүйнөдөгү көп нерселер ачылган (газ, электр, машина ж.б.)	2
24. Аял кишини, эркек киши.	1
25. Бардык кыйынчылыктарга чыдаган адамды.	1
26. Адамдын бүт түзүлүшүн.	1
27. Адамдык сапаттары бар адамды.	1
28. Тирүү затты, жандыкты.	4
29. Адамды, кишини, инсанды, пендени, кайсы бир жанды.	35
30. Эгерде адам айбан болгондо, мынчалык өнүгүү, өрчүү, технологиянын өнүгүшү болбойт эле.	1
31. Бул турмушта өз ордун тапкан, кыялындагы тилегине жеткен, көптөгөн адамдарга жакшылык кылган, адамдык сапаттарын жоготпогон адамды.	1
32. Чечкиндүүнү, түшүнүктүүнү, жоопкерчиликтүүнү, адамгерчиликтүү.	3

33. Келишкен, сулуу инсанды.	1
34. Жашоонун аң-сезимдүү катмары.	1
35. Аягы жок китеп элестетилет. Табышмактуу жаралган жан.	2
36. Теңдешсиз зат. Аны руханий жана материалдык жактан караса болот.	1
3) Адамды адам кылган кайсы сапаттары?	*187*
37. Кулк-мүнөзү, тили.	4
38. Жөнөкөйлүк, түшүнүктүүлүк, сабырдуулук, оор басырыктуулук, чыдамкайлуулук.	24
39. Адамгерчиликтүүлүк, ыймандуулук, боорукердик, адептүүлүк.	56
40. Берешендик, шайыр болгондук, кең пейилдүүлүк, мээримдүүлүк, мартабалуулук.	19
41. Жоопкерчиликтүүлүк, чечкиндүүлүк, эч кимге жамандык кылбагандык, кайраттуулук, эч ким менен урушпагандык.	8
42. Акыл-эстүүлүк, акылдуулук, билимдүүлүк, сезимталдык, айкөлдүк, тыкандык.	27
43. Күн сайын адам болуу.	2
44. Жүрөгүнүн тазалыгы, адилеттүүлүк, ак көңүлдүүлүк, ак ниеттүүлүк, ак пейилдүүлүк.	12
45. Мыкты жүрүм-туруму, улуу-кичүүнү сыйлагандык, кичи пейилдүүлүк, сылыктык.	6
46. Ишкердүүлүк (эмгекчилдик), кечиримдүүлүк, тазалык, чынчылдык.	16
47. Ачык-айрымдуулук, күлүп жайнаган, кечиримдүүлүк, ынсаптуулук.	7
48. Ак эмгеги, асылдыгы, ар-намыстуулук, өзүнүн катасын сезе билгендик, бирөөгө зыян кылбагандык.	5
49. Өтө көп.	1

4) Адамды айбан кылган кайсы сапаттары?	*147*
50. Ушакчылык, калп сүйлөгөндүк, эки жүздүүлүк, куйтулук.	12
51. Зыянкечтик, таш боордук, тажаалдык, кечиримсиздик, мээримсиздик, мерездик, ырайымсыздык, жырткычтык.	14
52. Улууну урматтабагандык, кичүүнү ызаттабагандык.	4
53. Ичи тардык, кызганчаактык, көрө албастык, ач көздүк, урушчаактык, сараңдык.	37
54. Кара ниеттүүлүк (ниети жамандык), ичине кек сактагандык, кекчилдик.	7
55. Текеберлик, өзүмчүлдүк, адилетсиздик, оройлук, көзүн май баскандык, бой көтөрүүчүлүк, адамды кемсинтүүчүлүк, басмырлоочулук.	15
56. Саткынчылык, сөзүндө турбагандык, уурулук кылуучулук.	4
57. Адепсиздик, уятсыздык, бети каралык, адамгерчиликсиздик.	13
58. Жалкоолук, аракечтик, мас болуу, чегүүчүлүк (ичип алганда адамдын айбандан айырмасы болбой калат).	14
59. Акылсыздык, жиндилик, уу тилдүүлүк, жоопкерчиликсиздик.	15
60. Чечкинсиздик, сабатсыздык, шалтуруктук, кара өзгөйлүк.	6
61. Намаз окубагандык, орозо кармабагандык, бирөөгө жамандык кылгандык.	3
62. Кулк-мүнөзү (кошуналар менен болгон мамилеси).	3

Ассоциативдик талаанын ядросунан: «Адамгерчиликтүүлүк, ыймандуулук, боорукердик, адептүүлүк» (56); «Ичи тардык, кызганчаактык, көрө албастык, ач көздүк, урушчаактык, сараңдык» (37); «Акыл-эстүүлүк, акылдуулук, билимдүүлүк, сезимталдык, айкөлдүк, тыкандык» (27); «Адамды, кишини, инсанды, пендени, кайсы бир жанды» (35); «Жөнөкөйлүк, түшүнүктүүлүк, сабырдуулук, оор басырыктуулук, чыдамкайлуулук» (24); «Берешендик, шайыр болгондук, кең пейилдүүлүк, мээримдүүлүк,

мартабалуулук» (19); «Акылдуу, ыймандуу, бардык жагынан төп келишкен, жаныбарлардан акыл-эси, кылык-жоругу, ой-пикири, абийири жана тайманбастыгы менен айырмаланган жанды» (18); «Ишкердүүлүк (эмгекчилдик), кечиримдүүлүк, тазалык, чынчылдык» (16); «Текеберлик, өзүмчүлдүк, адилетсиздик, оройлук, көзүн май баскандык, бой көтөрүүчүлүк, адамды кемсинтүүчүлүк, басмырлоочулук» (15); «Акылсыздык, жиндилик, уу тилдүүлүк, жоопкерчиликсиздик» (15); «Зыянкечтик, таш боордук, тажаалдык, кечиримсиздик, мээримсиздик, мерездик, ырайымсыздык, жырткычтык» (14); «Айбандан айырмаланып акыл-эси бар, акылы жайындагы жанды» (13); «Сабырдуу, ой-жүгүрткөн, бири-бири менен сүйлөшкөн, боорукер, мээримдүү, жүрөктө арзуусу бар, көңүлү назик, таза, билимдүү, алдына максат койгон, жакшы жашоого умтулган, жашоо үчүн күрөшкөн адамды» (12); «Акыл-эстүү, бир баштуу, эки колдуу, эки буттуу, көздөрү ж.б. бар жандуу затты» (10); «Жоопкерчиликтүүлүк, чечкиндүүлүк, эч кимге жамандык кылбагандык, кайраттуулук, эч ким менен урушпагандык» (8); «Эң күчтүү, бардык нерсени кыла билген, бардык нерсе колунан келген» (7); «Мыкты жүрүм-туруму, улуу-кичүүнү сыйлагандык, кичи пейилдүүлүк, сылыктык» (6); ж.б. образ-ассоциаттар орун алды. Салыштырмалуу аз жыштыктагы жана сейрек учураган жооптор ассоциативдик талаанын жакабелине таандык болду.

Жалпысынан, «Адам» концептин камтыган ассоциаттар – адам, анын жаралуусу, кулк-мүнөзү, жүрүм-туруму, оң жана терс сапаттары жөнүндөгү реакция-жооптор. Мындагы жоромолдор сөздүктөрдө берилген аныктамаларды кубаттайт жана аларга кээде окшошуп кетет.

Өткөрүлгөн эксперименттин жыйынтыгынан маалым болгондой, «Адам» респонденттердин көз карашында төмөнкүдөй ассоциацияларга ээ:

1) адам бул ким?: Ал - адам, киши, инсан, пенде, кайсы бир жан (3-5-9-14-16 ..... ж.б. анкеталарда), Акылдуу, ыймандуу, жаныбарлардан акыл-эси, кылык-жоругу, ой-пикири менен айырмаланган жан (2-11-19-25 ..... ж.б. анкеталарда), сабырдуу, боорукер, жүрөктө арзуусу бар, көңүлү назик, таза,

билимдүү, алдына максат койгон, жакшы жашоого умтулган, жашоо үчүн күрөшкөн жан, Аллахтын пендеси, аял киши, эркек киши, тирүү зат, жандык.

2) адамдын оң сапаттары: адамгерчиликтүүлүк, ыймандуулук, боорукердик, адептүүлүк, жөнөкөйлүк, түшүнүктүүлүк, сабырдуулук, оор басырыктуулук, чыдамкайлуулук, акыл-эстүүлүк, акылдуулук, билимдүүлүк, сезимталдык, айкөлдүк, тыкандык, берешендик, шайыр мүнөз, кең пейилдүүлүк, мээримдүүлүк, мартабалуулук (15-44-59-93-117 ж.б. анкеталарда).

3) адамдын терс сапаттары: ичи тардык, кызганчаактык, көрө албастык, ач көздүк, урушчаактык, сараңдык, текеберлик, өзүмчүлдүк, адилетсиздик, оройлук, көзүн май баскандык, бой көтөрүүчүлүк, адамды кемсинтүүчүлүк, басмырлоочулук, акылсыздык, жиндилик, уу тилдүүлүк, жоопкерчиликсиздик (9-54-128-анкеталарда).

4) адамдын сырткы көрүнүшү боюнча сүрөттөлүшү: акыл-эстүү, бир баштуу, эки колдуу, эки буттуу, көздөрү ж.б. бар, келишкен, сулуу жандуу зат, Эң күчтүү, бардык нерсени кыла билген, бардык нерсе колунан келген жан, ал башка нерселердей селдейип тура бербестен дайыма колунан келсе да, келбесе да аракет кыла берет (14-32-85 ж.б. анкеталарда), Башкалардан тазалыгы, сүйлөшү, жүрүш-турушу, чөйрөгө кылган мамилеси менен айырмаланып турган нерсе.

5) адамдын ички жан дүйнөсүнө карата сүрөттөлүшү: ыймандуу, сабырдуу, ой-жүгүрткөн, боорукер, мээримдүү, жүрөктө арзуусу бар, көңүлү назик, алдына максат койгон, адамгерчиликтүү, адептүү, жүрөгү таза, адилеттүү, ак көңүл, ак ниет, ак пейил, таш боор, кара ниет (ниети жаман), ичине кек сактаган, кекчил, текебер, ичи тар, көрө албас жан.

6) ар түрдүү ассоциациялар: Бул дүйнөнү өзгөчөлөнткөн нерсе, Ак-караны ажырата турган, жакшы-жаманды билген адам, адамдын бүт түзүлүшү - адам, эгерде адам айбан болгондо, мынчалык өнүгүү, өрчүү, технологиянын өнүгүшү болбойт эле.

Жооптордун арасында, айрыкча “*Адам*” сөзү кайдан пайда болгон?” деген суроого берилген жооптордо күмөн туудурган, арсар, божомолдуу, өздөрүнө ишенбөөчүлүк менен жазылган жооптор кезигет: *ушундай болсо керек, ушундай деп ойлоймун*, *ушундан чыкса керек* ж.б.

Алынган жооптор ар кыл учкул сөздөрдөн, макал-лакаптардан, фразеологизмдерден дагы кем эмес. Алардын айрымдары автордук мүнөздө берилип калган: “Өлгөндү тирилте албагандан башканын баары адамдын колунан келет”; “Дүйнөдө адамдан акылдуу эч нерсе жок болуш керек”; “Адам дегендин аты - улуу зат”; “Адамды адам кылган эмгек”; “Жаман атка миң камчы, жакшы атка бир камчы (бул макалдын денотаты ат эмес адам)”; “Адамдын күзгүсү - адам”; “Эң кыйын күн сайын адам болуу (11 студенттин жообунда)”; “Жаман болуу - бир паста, жакшы болуу – аста-аста (16 студенттин жообунда)”; “Жүрөгү ыйманга толгон инсандар, ар дайым алдыда гана жүрөт”; “Жакшыга жанаш – жамандан адаш”; “Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот”; “Алым болбо, адам бол”; “Адам көркү - адеп”; “Адамдар бар айбан андан жакшыдыр”; “Эл менен – адамсың, элден чыксаң жамансың”; “Ач көз адамга дүйнөнү берсең да, аны орогону кагаз сурайт” ..... ж.б. фразеологизмдер: ак-караны ажыратуу, колунан келүү, кең пейил, адам болуу, ак көңүл, ак ниет, ак пейил, кичи пейил, эки жүздүү, таш боор, ичи тар, көрө албас, ач көз, кара ниет, көзүн май басуу, уу тил ж.б.

Көпчүлүк студенттерибиз “*Адам* сөзү кайдан пайда болгон?” деген суроону “Адам кайдан пайда болгон?” деген суроо менен алмаштырып алышып, ошол суроого дагы көптөгөн жоопторду жазышыптыр.

Айрым респонденттер Обо энени Умай эне деп дагы чаташтырып айткан же эки терминди тең окшош, маанилеш түшүнүктөр катары санаган учурлар байкалат. Ал эми өзбек улутундагы студенттерибиз Обо энени Мама апа деп жазгандары учурайт. Мындан сырткары өзбек улутундагы респонденттердин жоопторунда кыргыз улутундагылардан айырмаланып, диний көз караштар, исламий өзгөчөлүктөр байкалат.

Жооп берүүчүлөрдүн айрымдары бардык эле төрт суроого жооп жазган эмес. Кээ бирлер биринчи, экинчи суроого жооп жазса, айрымдары үчүнчү, төртүнчү гана суроого жооп берген.

Жооптордун арасынан таң калыштуу “Адам эч качан айбан болуп калбайт” деген реакция дагы жолугат.

Обо энени Алла Таала Адам атанын кабыргасынан жараткан деген ой бир топ студенттердин жоопторунда баса белгиленет. Мындан аялга караганда эркек бийик туруш керек деген гендердик саясат белгиленип жаткандыгын баамдоого болот.

Респонденттердин бир тобу *адам* сөзү кайдан пайда болгондугу жөнүндө жазышпастан адам баласы качан, кантип, ким тарабынан, кайда пайда болгондугуна басым жасашып, ушулар тууралуу жазышкан. Алардын көпчүлүгү диний көз карашта түзүлгөн. Ошол гипотезалардан айрымдарын келтире кетели: Алла Таала бейиште адам жаратыш үчүн жыланды жерден топурак алып чыгууга жиберген. Жылан байкуш топуракты кармаганга колу жок, аргасыздан сойлоп жүрө берген. Андан кийин тоокту жиберген. Ал болсо өзүнө жем издеп кетип калган. Ошондо Алла Таала Азрейил (Жабрейил) периштени жөнөткөн. Ал тырмактары менен кара, ак, сары, күрөң ж.б. топурактарды алып чыккан. Ошол топурактардан Адам атаны жараткан. Азрейил периште ар жердин топурагын алып чыккандыгы үчүн рассаларга, ар улутка бөлүнөт (Тажибай к. Эркинай).

Респонденттердин жоопторунда адамдын ыйманына, эмгекчилдигине, акылдуулугуна, жүрүм-турумуна, боорукерлигине, сабырдуулугуна, жүрөгүнүн тазалыгына ж.б. у.с. тараптарына өзгөчө көңүл бурулган.

Алынган жооптордун арасында *жан, пенде, инсан, зат, жандык* сыяктуу түшүнүктөр *адам/киши* сөздөрүнүн негизги экспоненттери катары каралган. Аларды респонденттер *адам,киши* сөзүнө синоним иретинде колдонушкан.

Изилдөөнүн жүрүшүндө берилген суроолордун жоопторунан тышкары дагы көптөгөн маалыматтарды, божомолдорду, ыр саптарын ж.б. студенттер

берүүгө аракет кылышкан. Алсак, бир студент минтип жазат: “Адам атага жан кирерде биринчи жолу анын оозунан “Ла иллаха илаллах” деген сөз чыккан”, - деп жазат. Айрым бир студент төмөнкү ыр саптарын келтирет:

Денеде бир бөлүк эт бар,
Эгер ошол таза болсо, бүт дене таза болот.
Эгерде ал бузулса, бүт дене бузулат.
Уккула!!! Ал жүрөк

Кээ бир окуучуларыбыз диалогдорду келтиргенге аракет кылышкан. Айдана менен Айбек сүйлөшүп олтурушкан. Бир аздан кийин кандайдыр бир маселе чыгып, Айдана жиндене баштады да, Айбекти карап:

- Айбек, сен айбан турбайсыңбы!!!

- Неге?

- Сен айбансың. Жөн гана эки бутуң менен басып, оюңдагыны оттоп, тилиңдегини жайнап жатасың, - деп жаакка бир чабат Айдана.

Мындан сырткары кайсы бир окуучу таң калыштуу минтип жазат: *“Адамды адам кылган эмгек деп коюшат, буга мен кошулбаймын. Кантип эле адамды эмгек адам кылып коймок? Анда баары эле эмгек кылып адам болуп кетпейт беле. Илгери апаларыбыз качан адам болосуң деп урушчу эле. Бирок адамбыз да. Адам эч качан айбан болуп калбайт. Ал адам болуп жаралдыбы, ал - эч качан айбан эмес, ал – адам, инсан. Аны Аллах ушундай жараткан.*

Алынган жооптордун арасынан атеисттик маанидеги, көз караштагы реакциялар жолугат. Буга “Адам маймылдан жаралган” деген жооп анык мисал болот.

Жооп берүү учурунда респонденттер адам түшүнүгүнүн философиялык,педагогикалык, социалдык, юридикалык, саясий-экономикалык ж.б. тараптары туурасында ойлонушпагандыгы аныкталды. Ошондой эле, адамдын оң дагы эмес, терс дагы эмес, нейтралдык, реалдуу, калыс баалангган сапаттарын да келтиришкен эмес.

Белгиленген ассоциаттардын ичиндеизилденип жаткан концепттин түшүнүктүк, образдык жана баалоочу түзүүчүлөрү дагы учурайт. Алар концептуалдыкмүнөздөмөлөрдүнжардамында чагылдырылат:

- **түшүнүктүк түзүүчүсү:** Акыл-эстүү, бир баштуу, эки колдуу, эки буттуу, көздөрү ж.б. бар жандуу зат, Башкалардан акылы, сүйлөшү, жүрүш-турушу, чөйрөгө кылган мамилеси менен айырмаланып турган нерсе, Сабырдуу, ой-жүгүрткөн, бири-бири менен сүйлөшкөн, боорукер, мээримдүү, жүрөктө арзуусу бар, көңүлү назик, таза, билимдүү, алдына максат койгон, жакшы жашоого умтулган, жашоо үчүн күрөшкөн пенде ж.б.;

- **образдык түзүүчүсү:** аягы жок китеп, аң-сезимдүү, эмгекчил жан, анткени ал башка нерселердей селдейип тура бербестен дайыма колунан келсе да, келбесе да аракет кыла берет, бул дүйнөнү өзгөчөлөнткөн нерсе, ак-караны ажырата турган, жакшы-жаманды билген пенде, ичи тар, кызганчаак, көрө албас, ач көз, уу тилдүү, намаз окубаган, орозо кармабаган, бирөөгө жамандык кылган зат, бардык кыйынчылыктарга чыдаган, эң күчтүү, бардык нерсени кыла билген, бардык нерсе колунан келген, ачык- айрым, күлүп жайнаган, табышмактуу жаралган жан ж.б.;

- **аксиологиялык түзүүчүсү:** теңдешсиз зат, жашоонун аң-сезимдүү катмары, келишкен, сулуу инсан, адамдык сапаттары бар адам, сабырдуу, боорукер, жүрөктө арзуусу бар, көңүлү назик, таза, билимдүү, жакшы жашоого умтулган, жашоо үчүн күрөшкөн жан, ал текебер, өзүмчүл, адилетсиз, орой ж.б. болушу мүмкүн (эскертүү: жогоруда көрсөтүлгөн адамды адам/айбан кылган бардык мүнөздөмөлөр изилденип жаткан концепттин аксиологиялык түзүүчүлөрү болушат) ж.б.

Респонденттердин кабылдоосунда, улуттук дүйнө таанымында «Адам» концепти жалпысынан оң баага арзып, позитивдүү мүнөздөлдү. Алардын аң-сезиминде адам баласынын оң сапаттуу, баалуу, мыкты жан, пенде иретинде кабыл алынгандыгы айкын болду, себеби алар инсандын терс сапаттарына (147) салыштырмалуу позитивдүүжактарына (187) өзгөчө көңүл бурушкан.

Өткөрүлгөн эксперимент биздин баштапкы жоромолубузду далилдеди. Анын натыйжалары сөздүктөрдөн, паремиялык фонддордон алынган материалдарда белгиленген “Адам” концептинин номинанттарын толук түрдө кубаттайт. «Адам » концептинин адам баласынын жашоосунда өтө орчундуу экендиги, анын ар кыл сапаттарды өзүнө сиңирүүсү этностук аң-сезимде маанилүү бойдон кала тургандыгы тастыкталды.

Ассоциативдик эксперимент практикалык дагы баалуулукка ээ. Анын жыйынтыктарын ассоциативдик сөздүктөрдү, сөздөрдүн жыштыгын аныктоочу лексикографиялык эмгектерди жазууда колдонсо болот.

3.15. “Адам” концептин изилдөөнүн негизги натыйжалары

Изилдөөнүн жүрүшүндө бир нече жаңы натыйжаларга ээ болдук. Алар төмөнкүдөй мүнөздө:

1) когнитивдик лингвистиканын негизги идеялары, категориялары (концепт, фрейм, схема, сценарий, когнитема ж.б.) мүнөздөмөгө ээ болуп, алар «Адам » концептинин маани-маңызын ачууда колдонулду;

2) «Адам» концептинин этностун эстутумундагы орду, турпатталыш жолдору аныкталып, тилдик жана когнитивдик дүйнө сүрөтүн жаратуудагы анын үлүшү айкындалды;

3) кыргыз этносунун менталдык чөйрөсүндөгү «Адам» концептине тиешелүү лексикалык бирдиктер алгачкы ирет өзүнчө подсистема катары каралып, классификацияланып, мүнөздөлүп өзгөчө бир парадигманы уюштуруп, системалуу иликтенди;

4) «Адам» концептине мүнөздүү энциклопедиялык, философиялык, логикалык, социалдык-тарыхый, биологиялык, саясий-укуктук, мифологиялык, деривациялык, этимологиялык, топонимикалык, физиономиялык ж.б. касиеттер серептелип берилди;

5) оппозитивдик ыкманын жардамында изилденип жаткан концепттин чегинде төмөнкү эки илтик белгилер аныкталды:бай – кедей адам; сабаттуу –

сабатсыз адам; адеп-ахлактуу – бузук адам; ак ниет – кыянатчыл адам; асыл – пас адам; ак пейил – жаман пейил адам; сергек – чарчаган адам; сылык – орой адам; эркин – туткундагы адам; акылдуу – акмак адам; жакшы – жаман адам; каардуу – ырайымдуу адам; түнт – ачык-айрым, жайдары адам; дени сак – оорулуу адам; ачуулуу – ак көңүл адам; ак ниет – эки жүздүү, анткор адам; жеңил ойлуу – олуттуу караган адам; жалганчы – чынчыл адам; жаш – кары адам; көңүлү шат – капалуу адам; мамилечил – түнт адам ж.б.

6) энциклопедиялык сөздүктөрдө *адам* түшүнүгүнүн көлөмдүүрөөк мүнөздөмөлөрү сунуштала тургандыгы, бул жерде *адам* түшүнүгүнүн түзүүчүлөрү так, даана көрсөтүлгөндүгү (адам коомдук-тарыхый ишкердиктин жана маданияттын субъекти катары, адамдын аң-сезимдүүлүгү, ой жүгүртүү жана эмгек куралдарын жасоо жөндөмдүүлүгү, жашоосунун маңызы, максаты, адеп-ахлагы, жоопкерчилиги ж.б. сапаттары бар экендиги) анык болду. Адамдын энциклопедиялык сөздүктөрдө түшүнүк катары берилиши, мында анын образдык жана аксиологиялык компоненттери белгиленбестиги тастыкталды;

7) эркин ассоциативдик эксперименттин жыйынтыгынан төмөнкүлөр анык болду: 1) «Адам» концепти - адамдын ой казынасында жашоочу конкреттүү концепт, себеби тил ээлеринин аң-сезиминде ал биринчи кезекте конкреттүү ассоциаттар менен, *киши, пенде, жан* сыяктуу синоним сөздөр менен ассоциацияланат; 2) «Адам» концептинин лексикографиялык булактарын анализдөөдө белгилүү болгон компоненттер белгилүү бир тастыкталды;

8) концепттин провербиалдык каражаттарда (фразеологизмдерде, макал-лакаптарда, афоризмдерде ж.б. паремиялык жанрларда) колдонулушу иликтенип, кыргыз макалдарында чагылдырылган «Адам» концепти уюштурган когнитемалар аныкталды жана мүнөздөөгө ээ болду;

9) акын-жазуучулардын поэзиясына мүнөздүү адам жөнүндөгү ыр саптарга «Адамга» (Алыкул Осмонов) жана «Адам мейман адамга» (Мирланбек Давлатов) аттуу ырларга кайрылып, «Адам» концептин

туюнтуучу аталыштардын текст уюштуруу мүмкүнчүлүктөрү иликтенип, бул аталыштардын текст курамындагы өзгөчөлүктөрү, көркөмдүк табияты когнитивдик жактан анализдөөгө алынды;

10) түшүндүрмө сөздүктөрдөгү аныктамаларда, синонимдик, антонимдик, сөз түзүүчү сөздүктөрдүн маалыматтарында, ассоциативдик эксперименттин жыйынтыгынын материалдарында жана провербиалдык бирдиктерди анализдөөнүн натыйжаларын жалпылоодо «Адам» концептинин семантикалык талаасы аныкталып, ядро (борбор, өзөк) жана периферия (жакабел) алкактары жиктелди, периферия жакынкы жана алыскы болуп эки кичи алкакка бөлүндү; түшүндүрмө сөздүктөрдө «Адам» концептинин борбору “акылы, ойлоо, сүйлөө жөндөмдүүлүгү бар, өндүрүш куралдарын жасап жана эмгек процессин пайдалана билген жан, киши”, синонимдик сөздүктө “киши, пенде, инсан, жан”, антонимдик сөздүктө “айбан, жырткыч, Алла Таала, адам эмес”, тил ээлеринин аң-сезиминде “акылдуу, ыймандуу, бардык жагынан төп келишкен, жаныбарлардан акыл-эси, кылык-жоругу, ой-пикири, абийири жана тайманбастыгы менен айырмаланган жан”, провербиалдык мейкиндикте “адам деген - баарынан кымбат улуу ысым, ыйык зат” түшүнүктөрү болорлугу сунушталды жана негизделди;

12) “Адам” концептине байланыштуу эпитет сөздөрдүн мол экендиги адам факторунун, адам деген ардактуу наамдын биздин менталдык аң-сезимибизде жана коомдук чөйрөбүздө орду бийик экендиги менен айгинеленди. Күнүмдүк турмушта эмне маанилүү болсо, ага тиешелүү, аны сыпаттоочу лексикондордун дагы саны ошончо көп болуусу белгиленди;

13)“Адам” концепти 289паремиялык бирдикте сын атоочтук, атоочтук эпитеттер менен ачыкталды. Демек, бул, макал-лакаптарда “Адам” концептинин лексикалык айкалышуулары ар түрдүү экендигинен кабар берет: *жакшы, жаман, эр, акылдуу, ачка, агасы өлгөн, пейли тар, кем, абийирдүү, элине пайдасы жок* ж.б. Белгиленген эпитеттер аныктоочтук, баяндоочтук милдет аткарат.;

14) 152 макал-лакапта “Адам” концепти кыймылды билдирүүчү предикаттар менен активдүү айкалыша тургандыгы далилденди: *жыйнайт, арыктайт, жоктон бар кылат, жеңет, тилинен жазат, көптү көрөт (билет), сүйлөйт, картаят, тойбойт, өлөт* ж.б. Бул фактылар адам баласы тынымсыз кыймылдагы чыйрак экендигинен жана анын жасаган кыймыл-аракеттери көп кырдуу, кең масштабдуу боло тургандыгынан кабар берет.;

15) паремияларды интерпретациялап жатып “Адам” концепти менен байланыштуу көптөгөн түшүнүктөрдү ачыктадык: *байлык, бакыт, дөөлөт, атак-даңк, сый-урмат, көңүл, улуулук, адептүүлүк, адилеттүүлүк, жашоо, эл, эр жүрөктүк, пайда, эмгек, ар-намыс, мекен, ийгилик, коомчулук, үмүт-тилек, ач көздүк, максат, кең пейилдүүлүк, боорукердик, ичи тардык, кылык-жорук, көрө албастык, билим, сөз, тил, убакыт, карылык, ажалдуулук* ж.б.;

16) провербиалдык бирдиктерде «Адам» концептинин эксплициттик: *Азаптуу* ***кишиге*** *айла жок; Бактысыз* ***адамга*** *аш да жок;*имплициттик: *Ичип,* ***арактын көөнүн алган****, кусуп, Кудайдын көөнүн алат;* ***Ичкиликке тойгон*** *энесин тааныбас;* ***Торпогунда сүздүргөн,*** *өгүз болгондо да жалтанат;* ***Мышык*** *майга (этке) жетпей, сасык дейт* ж.б. маанилери орун алган.

17) Изилдөөнүн жүрүшүндө дагы бир кызыктуу жагдай аныкталды. Провербиалдык бирдиктерде *адам* зат атооч сөзүнүн ордуна көпчүлүк учурда субстантивацияланган сын атоочтор пайдаланылат. Алсак, *Ичкенин кускан* ***чабалдын*** *иши, бергенин алган* ***жамандын*** *иши,* ***кара ниеттин*** *карды тойбойт,* ***карөзгөйдүн*** *иши оңолбойт,* ***момундун*** *ишин Кудай мактайт,* ***Амалкөйдү*** *ашынам дебе, ач көз байды кошунам дебе,* ***Бакыр*** *– алдуу, кой – шыйрактуу* ж.б.;

18) антропологиялык концепттердин провербиалдык бирдиктердеги колдонулуу статистикасы аныкталды. Алардын сандык маалыматтары төмөнкүдөй мүнөздө болду: *адам* сөзү басымдуу бөлүктө (563 бирдикте), *киши* сөзү 257 паремияда, *жан* сөзү (Өлбөгөн жанга жаз келет; Жан бар жерде өлүм бар; Өлбөгөн жанга өлүү балык эптеп табылат; Өлбөгөн жанда үмүт бар; Өлбөй турган жан болбойт; Тирүү жан – бул дүйнөгө келген конок) деген 6

макалда, *пенде* сөзү (*Максатка жетем десең, күчүң корот, пендеден бийиктигиң ошол болот; Эси жок пенде – өзүнө душман*; *Өлбөстүккө пенде зар, тойбостугу канында бар; Өлүм деген көңүл жейт, тирүү пенде өмүр жейт; Пейили кеткен пенденин казанынан аш кетет*) деген 5 гана макалда катышат. *Жан* сөзүнүн макал-лакаптарда мындай аз катышуусунун себебин бул сөздүн жогорку деңгээлдеги абстракттуулугу, *пенде* сөзүн диний боектуулугу менен түшүндүрсө болот. *Адамдык* сөзү эки макалда колдонулат (*Жашыңдан жаман жолго баспа, адамдык сапатыңды сакта; Жамандыктын каккысын билбейсиң, адамдыктын жакшысын билбейсиң*).

Ал эми *адамчылык, адамча* сөздөрүнөн бирден гана макал жаралган (*Сүттөй сиңген адамчылык – адалдык; Адамча туулуп, айбанча жашаба*);

19) макал-лакаптарда адам идеасы төмөнкү тилдик каражаттар аркылуу репрезентацияланат:*адептүү, азамат, азыткы, айбашы, айыбын жашырган, айыпсыз, акмак, ата, ата-эне, жинди, аял, аялзат, бай, бакшы, бала, балыкчы, врач, малай, доочу, арамза, дос, дөө, дубана, дудук, думана, душман, дүлөй, дыйкан, жан, жарды, жетим, жоо, арамзаада, казы, кас, катын, бий, кедей, колбашчы, наабайчы, конок, куда, кул, кыз, малчы, мейман, мерген, молдо, момун, сокур, соодагер, төкөр, тууган, уул, ууру, хан, эл, эне, ачкөз, эр, эркек, жигит;*

20) провербиалдык бирдиктерде адамдын сыпаттары төмөнкү сын атоочтук сөздөр менен чагылдырылат: *ар, далайды көргөн, адептүү, дарты бар, тоорук болгон, дарты жок, дени сак, дени соо, дилинде касиети бар, динчил, дос кадырын билбеген, досунан ажыраган, дөөлөттүү, кем, душманы жок, душманын аяган, дүйнөгө түркүк болгон, дүнүйөгө мас болгон, жагымсыз, айлакер, айы оңунан тууган, жадаткан, жакшы, жаман, көр, ооруну кенебеген, өлгөн, элдин эркеси, акылы тунук, амалкөй, эмгекчил, эр, дүнүйөкор*;

21) мындагы провербиалдык бирдиктердин арасынан антонимдик жуптар жыш орун алган: ***Акчалуу адам*** *мөөр үстүндө,* ***акчасыз адам*** *көр үстүндө;* ***Аларманга*** *алтоо аз,* ***берерманга*** *бешөө көп;* ***Кара*** *кишинин жини*

келгенче, ***сары****кишинин жаны чыгат;* ***Кенен*** *киши арыбайт,* ***тар*** *киши болсо кеңейбейт;* ***Коендон*** *корккон* ***аюуга*** *жолугат;* ***Кудай берген*** *кишиге,* ***кудай урган*** *киши теңелет; Өзү сары, көзү көк – ал адамдын* ***шумкары,*** *өзү кара, көзү көк – ал адамдын* ***шумпайы; Адалболгун, арамболбо, сакы*** *болгун,* ***сараң*** *болбо; Адал болсоң* ***дос*** *көбөйөт, арам болсоң* ***кас*** *көбөйөт; Адам аласы -* ***ичинде****, мал аласы -* ***сыртында****; Адам барга* ***чыдабайт****, жокко* ***чыдайт;Адам*** *болмок* ***аста-аста, айбан*** *болмок бир* ***паста; Адамжакшылыкты*** *тилейт,* ***акмакжамандыкты*** *тилейт; Адам* ***карылыктын*** *жакындаганына кайгырбай,* ***жаштыктын*** *алыстаганына кайгырат* ж.б.;

22) адам концептинде денотативдик коннотативдик катмарлар бар экендиги далилденди. Алсак, *желмогуз, түлкү* (кыйтыр), *аюу* (копол адам), *коен* (коркок адам), *кобра* (тили заар), *ит* (ажаан), *кой* (кой оозунан чөп албаган момун), *доңуз* (*жерде жүргөн коңуз бар, адамдан чыккан доңуз бар*) ж.б. сөздөрдү оозеки кепте өтмө маанисинде адамдарга карата колдонсок, алар терс коннотативдик маанини кабыл алышат. Бул мисалдар кыргыз тилинин коннотативдик сөздүгүн түзүүдө материал катары колдонула алат;

23) адамга тиешелүү паремияларды анализдөө макал-лакаптарда кыргыз социумунун турмуштук баалуулуктар системасы так, даана бериле тургандыгын аныктады. Муну кыргыз элинин адамга карата түрдүү мамилесинен, көз карашынан (мисалы, **Адам – ачылбаган сандык, анын ичин билүү кыйын, адам дагы кээде жаңылат. Ал катасыз, кемчиликсиз болбойт, адам ач көз болот, адамдын көңүлү назик, адам байлык менен бийликте сыналат, адамдар өз каталарын билбестен бирөөлөрдүн кемчиликтерин көргөнгө уста** ж.б. байкоого болот;

24) ***агым*** *чогулуп* ***сел*** *болот,* ***адам*** *чогулуп* ***эл*** *болот;* ***Адам*** *башы көпүрө болсо,* ***адам*** *аттабасын,* ***хан*** *башы көпүрө болсо,* ***калкы*** *аттабасын* – бул макалда градация орун алган.

25) “Адам” концептин объективдештирүүчү провербиалдык бирдиктерди иликтөө аталган концепт паремияларда *адам, киши, пенде, жан, бирөө* жана булардан уюшулган уңгулаш лексемалар аркылуу

манифестациялана тургандыгын белгилүү кылды, *инсан, жаран, индивид, личность, тургун, персона* ж.б. лексемалары катышкан макал-лакаптар кезикпейт. Бул нерсе биздин көз карашта, аталган лексемалардын жогорку деңгээлдеги абстрактуулугу, социалдуулугу жана колдонулуштарында китептик, илимий, расмий стилдик боектуулуктун бардыгы менен түшүндүрүлөт.

Үчүнчү баптан алынган тыянактар

1. Талданып жаткан концепт бир нече катмардан турат. Алар - философиялык, логикалык, социалдык-тарыхый, биологиялык, мифологиялык, деривациялык, этимологиялык, укуктук жана этномаданий катмарлар.

2. Адам маселесине философтор, адегенде эле, кайрылышкан эмес. Философияда антропоцентризм проблемасыXIX-XX кылымдарда курчуй баштаган. Философиялык аныктамага ылайык, адам баласы - ай-ааламда кайталангыс, керемет неме. Биз билген табияттын өрчүп-өсүшүнүн кыл чокусу, жеткен жери.

3. Адамдын организми, дене мүчөлөрү тамак-аштын, кислороддун жардамында, биологиялык-табигый жол менен өсүп-өнүгө берсе, анын аң-сезиминин, оюнун, кебинин, маданиятынын, мамилелеринин, адамдык сапаттарынын ж.б. өнүгүүсүнө социалдык шарттардын, коомдун таасири чоң.

4. Мифологиялык маалыматтарга ылайык, алгачкы адамды Алла Таала ылайдан жасап, андан кийин ага жан киргизген. Бул нерсе адамда материалдык жана руханий дүйнөнүн бар экендигинен кабар берет.

5. “Адам” концептинин деривациялык талаасын сыпаттоодо *адам* лексемасы өтө өндүрүмдүү. Бул лексемадан **28** сөз формасын түзүүгө болот. Алар *адам* сөзүнүн туунду маанилери катары эсептелинет. Ал эми *адамсын* этишинин 100дөн ашуун парадигмалык формалары бар экендиги аныкталды.

6.Орус тилиндеги булакка ылайык, *адам* сөзү иврит тилинен, кыргыз тилиндеги маалымат боюнча, *адам* сөзү арабча *адәм* сөзүнөн алынган.

7. «Адам» концептине тиешелүү лексиканын курамы алгачкы жолу өзүнчө тилдик катмар катары классификацияланып, жиктелди жана андагы номинативдик бирдиктердин түрлөрүнө мүнөздөмө берилди.

8. «Адам» концептинин алкагындагы айрым негизги түшүнүктөр белгилүү бир тартипте классификацияланды. Натыйжада 8 топ белгиленди.

9. Сөздүктөрдөгү интерпретацияларга ылайык «Адам» концепти түшүнүк берүүчү, образдык жана аксиологиялык түзүүчүлөрдөн турган 25 микроталаага ээ болот.

10. “Адам” концептинин *киши* ачкыч сөзү *адам, инсан, пенде, жаран* ж.б.полисемиялык синонимдерге ээ, анын гипероними катары *тирүүжан, жандык* лексемалары, жамдама түшүнүктөрү болуп *адамзат, адам баласы, пендезат* саналат, *айбан, жырткыч, Алла Таала, адам эмес* сыяктуу бирдиктер антонимдери катары белгиленет.

11. «Адам» концептин репрезентациялоочу эпитеттер (сын атооч маанисиндеги сөздөр) *адам* лексемасынын түрдүү когнитивдик белгилерин, касиеттерин мүнөздөп көрсөтүп, табиятын аныктап, ага көркөмдүк түр берет.

12. *Адам* сөзүнө тиешелүү синтагмалык бирдиктерди анализдөө, изилденип жаткан концепттин табиятын ачыктап берүү менен бирге тил үйрөнүүчүлөрдүн кебин өстүрүүгө салым кошот.

13. Компоненттик анализдин негизинде бир лексика-семантикалык топко кирген сөздөрдүн маанилик жактан окшоштук жана айырмалоочулук мамилелери аныкталат.

14. Фразеологизмдерди, провербиалдык бирдиктердеги атрибутивдик белгилерди сыпаттоо адамдын кулк-мүнөзүн, кыял-жоругун, жүрүм-турумун ж.б. сапаттарын ачыктоодо баалуу каражат болуп беришет.

15. «Адам» концептинин когнитивдик белгилери провербиалдык бирдиктерди анализдөөнүн жана алардагы когнитемаларды аныктоонун негизинде ачыкталат.

16. “Адам” концепти көркөм адабий чыгармалардын, элдик ырлардын объектиси болуп жүрөт. Буга акын-жазуучулардын чыгармалары дагы күбө. Аларды дискурс катары изилдеп, когнитивдик жактан анализдөөгө болот.

17. Ассоциативдик эксперимент аркылуу тиешелүү концептке карата тил өкүлдөрүнүн аң-сезиминдеги ассоциативдик маанилер ачыкталат.

Корутунду

1) «Адам» концептинин изилдөө үчүн тандалышы, бул концепттин маңызын ачууда когнитивдик, лингвомаданий категориялардын, методдордун жана принциптердин колдонулушу, «илимий – демейдеги (көнүмүш)», «илимий – поэтикалык», «демейдеги – эмоциялуу», «баштапкы – туунду», «нейтралдуу – баалоо», «оң – терс», «жалпы – жеке» ж.б. дихотомиялардын алкагында каралып жаткан концепттин мазмунунун аныкталышы;

2) алгачкы жолу бир иштин рамкасында адам жөнүндөгү, адам идеясын имплициттик түрдө (көмүскөлүү) камтыган кыргыз тилинин лексикалык бирдиктери, макал-лакаптары, учкул сөздөрү, фразеологизмдери топтолуп, системалаштырылып, анализденип чыккандыгы;

3) диссертациялык иш «Адам» концептин репрезентациялоочу тилдик каражаттарды комплекстүү лингвистикалык анализдөөнүн алгачкы кадамын өзүнө камтыгандыгы;

4) «Адам» концептиндеги мазмун түшүнүк, пропозиция, когнитема, схема, символ ж.б. когнитивдик категориялардын жардамы менен жиктелип сыпатталышы;

5) «Адам» концепти биринчи жолу дүйнөнүн концептуалдык сүрөтүнүн фрагменти катары изилдениши, анын кыргыз элинин улуттук тилинде объективтешүүсүнүн спецификасынын ачыкталышы;

6) микроталааларды түзүү «Адам» концептинин талаа моделин жана *адам* сөзүнүн семантикалык талаасын түзүүнүн алгачкы иш-аракети болгондугу менен аныкталат.

Бул эмгек «Адам» концепти реалдуу чындыктын белгилүү бир фрагменти жөнүндөгү элестөөлөрдүн жана түшүнүктөрдүн системасын чагылдырган менталдык-когнитивдик түзүм экендигин тастыктоого жол берет. Анткени бул иште «Адам» концептин уюштурган макал-лакаптар, афоризмдер, фразеологизмдер, хадистер ж.б. тилдик бирдиктер өзгөчө бир катмар катары каралып, когнитивдик лингвистика, лингвомаданият таануу илимдеринин чегинде иликтенди. «Адам» концепти «*Суу*», «*Жан*», «*Жашоо*», «*Кудай*», «*Тагдыр*», «*Бала*» ж.б. концепттер менен катар кыргыз этносунун негизги концепттеринин катарына кирет. Адамга байланыштуу касиеттер, мүнөздөр, кубулуштар, процесстер бардык этностор үчүн бирдей, окшош. Ошондуктан «Адам» концептин универсалдык (жалпы адамзаттык) концепт катары баалоого болот.

Иште жалпысынан адам баласына байланыштуу сегиз жүзгө жакын сөз, сөз айкаштары, паремиялар, кыймыл-аракеттик түшүнүктөрдү туюндурган атоолор териштирилип, алардын бир тобуна лингвистикалык мүнөздөмө берилди.

Кишиге байланыштуу лексика элдин жашоо-тиричилиги, маданияты, ой жүгүртүүсү менен тыгыз байланышта изилденип, кыргыз элинин турмуштук философиясына, дүйнө таанымына ылайык лингвомаданият таануу жана когнитивдик лингвистика илимдеринин изилдөө аспектисинин чегинде бааланды.

Когнитивдик лингвистика психология, лингвистика, философия, маданият таануу ж.б. сыяктуу илимий тармактардын спектрин өзүнө камтып, адамдын дүйнө туюмун, аңдап-туюусун, эске тутуусун, акыл-эсин, ойлоосун ж.б. анын тили аркылуу изилдейт. Бул жаатта когнитивдик лингвистика лингвомаданият таануу менен тыгыз байланышат. Концепт анын негизги объекти жана борбордук категориясы болот.

Концепт термини когнитивдик көз карашта түшүнүккө караганда көп кырдуу, көлөмдүү менталдык бирдик катары колдонулат. Биздин эмгекте концепт аркылуу иреттүү структурага ээ, адамдын ойлоосунун базалык

бирдиги болгон, когнитивдик ишкердиктин натыйжаларын жана улуттук-маданий өзгөчөлүктү өзүнө камтуучу, аларды чагылдыруучу, предметтер жана кубулуштар жөнүндөгү комплекстүү маалыматтарды коомдук аң-сезим аркылуу интерпретациялоочу менталдык түзүм белгиленет. Аны вербалдаштырылган түшүнүк катары да кабыл алса болот.

«Адам» концептинин жалпы денотаты өтө көлөмдүү. Анткени киши түшүнүгү адам баласы аң-сезимге ээ болгондон, баштап бүгүнкү цивилизациялык доордо да өтө актуалдуу жан катары бааланат. Ал - жашоосунун кыймылдаткыч күчү, жашоонун - көркү. «Адам» концептосферасынын борборун *адам, киши, пенде, инсан, кайсы бир жан* ж.б. ээлейт. Биздин респонденттердин эстутумунда ушул маани актуалдуу болуп чыкты. Ал эми “индивид”, “персона”, “Хомо Сапиенс”, “жаран” ж.б. кийинки планда калып, концептосферанын жакабелине кошулуп калды.

«Адам» концепти татаал түшүнүктөрдүн, аталыштардын, идиомалардын, паремиялардын, ири тексттердин курамында кездешет же булардын объектиси катары кызмат кылат.

Кишинин менталдык аң-сезиминде “Адам” концепти башка тилдик изилдөө объектилерден, лингвомаданий түшүнүктөрдөн өзүнө тийиштүү лексикалык бирдиктердин бай экендиги менен айырмаланат. Бул чөйрөгө байланыштуу кенен номинативдик бирдиктерди биз ишибизде бир нече классификацияга ажыратып, төмөнкүдөй системага бөлүп алдык:

1) адамдын айрым кесиптик ишкердиктерин ачыктаган жана кызматкерлерди туюндурган тилдик бирдиктер;

2) адамдын сырткы келбетин туюндурган сөздөр;

3) адамдардын улуттарынын жана түрлөрүнүн/расаларынын аталыштары;

4) адам ээ болгон, адамда катылган абстракттуу түшүнүктөр;

5) адам ээ болгон, өзүнө камтыган конкреттүү түшүнүктөр;

6) адамды эркелетүүдө же аларга жалынууда колдонулуучу лексика;

7) «адам» концепти катышкан антропонимдер, урууларды аттары;

8) антропонимдердин негизинде келип чыккан топонимдер же тескерисинче топонимдердин негизинде пайда болгон антропонимдер;

9) адамдын туугандык байланышын жана үй-бүлөсүн атаган лексика;

10) адамдын кызык жан экендигин, өзгөчө кылык-жоруктарын чагылтуучу бирдиктер;

11) этномаданий маалыматтар камтылган адамга тиешелүү түшүнүктөр;

12) адам идеясын жаныбарлардын аталыштары аркылуу чагылдырган бирдиктер ж.б. Аталган топтор өз ичинен майда тематикалык топчолорго бөлүнөт.

Адам табияты, жасоосу, ишкердиги - адамзат жашоосунун маанилүү негизги чөйрөсүнүн бири. Андыктан “Адам” концептинин алкагындагы негизги түшүнүктөр дагы бир кылка эмес, алардын курамын ар түрдүү тематикадагы тилдик каражаттар түзөт: 1) “адам” концептине байланыштуу айрым диний жана мифологиялык түшүнүктөр; 2) “адам” концептине байланыштуу юридикалык түшүнүктөр; 3) “адам” концептин ачыктаган илимдер жана багыттар; 4) адам жөнүндөгү түрдүү концепциялар, багыттар; 5) “адам” концептинин негизги экспоненттери; 6) курамында адам, киши лексемалар катышкан, белгилүү бир бүтүн түшүнүктү билдирген кош сөздөр; 7) кыргыз адамынын улуттук менталитетин чагылдырган этномаданий түшүнүктөр; 8) антропологиялык маанидеги ар кыл түшүнүктөр жана терминдер ж.б. Белгиленген топтордун ичинде камтылган жеке түшүнүктөрдүн ар бири лингвистикалык мүнөздөөгө ээ болуп, чечмеленип көрсөтүлгөн.

Адамзат дүйнөсү когнитивдик-тилдик, философиялык, логикалык, социалдык-тарыхый, биологиялык, мифологиялык, деривациялык, этимологиялык, укуктук, этномаданий, адабий-көркөмдүк ж.б. касиеттерге ээ. Ошондуктан ал түрдүү тармактардын иликтөө объектиси боло алат.

Көркөм адабиятта, оозеки кепте жана илимий-популярдуу эмгектерде «адам» түшүнүгү «киши», «инсан», «пенде», «жан»түшүнүктөрүнө караганда жалпы денотативдик маниге ээ болуп, жыш кайталанып турат. Муну *адам*

сөзүндө жогорку деңгээлдеги конкреттүү-нейтралдык маани орун алгандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Мына ушул себептүү аны «Адам» концептинин башкы ачкыч-сөз репрезентаты катары кабыл алууга болот.

Антропологиялык концепттердин деривациялык талаасынын негизги борбордук дериваттары катары *адам, адамсынуу, киши, кишисинүү, пенде, инсан* лексемаларын, ал эми жакабелдик дериваттары катары булардан куралган лексикалык бирдиктерди саноого болот. Аталган концепттин деривациялык талаасын изилдөөдөн алынган материалдар кыргыз тилинин сөз түзүүчү сөздүгүн түзүүгө даяр материал катары пайдаланыла алат.

«Адам» концептинин лексикографиялык булактардагы мүнөздөмөлөрүнүн семантикалык талаасын үч алкакта берүүгө болот. Анын борборун «акылы, ойлоо, сүйлөө жөндөмдүүлүгү бар, өндүрүш куралдарын жасап жана эмгек процессин пайдалана билген жан, киши» мааниси жакынкы жакабелди «элдердин ар бири, жер бетиндеги жаратылган нерселердин эң жогоркусу», «бийик моралдык жана интеллектуалдык касиеттерди өзүнө камтыган личность», «приматтар классындагы Homo сүт эмүүчүлөр тибинин Homo sapiens түрүнүн өкүлү», алыскы жакабелди провербиалдык бирдиктердеги коннотативдик оң-терс маанилер пайда кылат.

«Адам» концептинде денотативдик жана коннотативдик катмарлар бар. Денотативдик маани түздөн-түз адамды, анын түрлөрүн чагылдырат (*акылы, ойлоо, сүйлөө жөндөмдүүлүгү бар киши*). Коннотативдик маани оң, терс баалоо, эмоциялык-экспрессивдик боёк берүү учурда жаралат (*бул жарыктын коногу, курсактын кулу, иттин уулу Байкара* ж.б.).

«Адам» концептинин полисемиялык синонимдери катары: *жан* (4 мааниси бар)*, адам* (3 мааниси бар), *субъект* (3 мааниси бар), *киши* (2 мааниси бар)*, жаран* (2 мааниси бар)*, пенде* (2 мааниси бар)*, бирөө* (2 мааниси бар), *персона* (2 мааниси бар), антонимдери катары: *айбан,жырткыч, Алла-Таала, адам эмес* лексемалары аныкталды. *Адам* лексемасынын биз тараптан сунушталган синоним/антонимдери кыргыз тилинин синонимдик жана антонимдик сөздүктөрүн түзүүдө колдонула алат.

Анализденген эпитеттер жана *адам* сөзүнүн башка лексикалык бирдиктер менен болгон айкалышуулары “Киши” концептинин лексикографиялык маалыматтарын бир кыйла арттырып, кеңейтип жиберет.

Адам сөзүнүн синтагмалык айкалышуулары концепттин табиятын ачып берүүнүн маанилүү көрсөткүчү болуп, улуттук тилдин семиотикалык мейкиндигиндеги башка концепттер менен болгон айкалышуусун аныктайт.

Эркин ассоциативдик эксперименттин жыйынтыгынын негизинде тил өкүлдөрүнүн аң-сезиминдеги, дүйнө туюмундагы жана вербалдык эс тутумундагы «Адам» концептинин чагылуу өзгөчөлүктөрү ачыкталып көрсөтүлөт жана мунун натыйжасында да концепттин ядролук жана перифериялык зоналары аныкталат.

«Адам» концепти чагылдырган сын-сапаттар, кулк-мүнөздөр аң-сезимдин, руханий дүйнөнүн, коомдук жашоонун жана адам баласынын маданий-социалдык өнүгүүсүнүн пайдалануу элементи, адамзаттын тиричилигине эң керектүү белгилер болгондуктан, аларга байланыштуу туруктуу сөз айкаштары өтө эле көп:

1) адамга терс баа берген - *иши кара, кудай урган, ала барман, каңгы баш, иттин арткы шыйрагындай, кеби суук, эрке талтаң, кара жолтой*;

2) аялдарга, кыздарга мүнөздүү - *кумар көз, бото көз, куу жатын (жамбаш), кош бойлуу (кош кабат), кумар көз, кумурска бел*;

3) адамдын таш боордугун, зулумдугун билдирген - *баш кесер, жан алгыч, боору катуу, жүрөгү муз, ач тырмак, кызыл камчы, кандуу моюн*;

4) адамга оң баа берген - *кара кылды как жарган, шай колдогон, ырысы тоодой, арбак конгон, шаа мүйүз, кыдыр даарыган, тири карак*;

5) адамдын алсыздыгын, оорукчандыгын көрсөткөн - *чала жан, бир ичеги, ырп этерге алы жок, жүүнү бош, табы жок, чөп желке*;

6) адамдын жаш экендигин, тажрыйбасыздыгын чагылдырган - *боз баш, боконосу ката элек, бетинен түгү түшө элек, бешиктен бели чыга элек, башы быша элек, башы жаш, мурунтугу бош*;

7) адамдын кайраттуулугун, күчтүүлүгүн белгилеген - *жолборс жүрөк, тик көз, көк жал, жүрөгүндө оту (жалыны) бар, жоон билек*;

8) адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн - *шишке саяр эти жок, жек көрүмчү, ийне жеген иттей, тири арбак, карганын шыйрагындай* ж.б. аталган топтор өз ичине антонимдик топчолорду дагы камтыйт.

8. «Адам» концепти провербиалдык бирдиктерде этностук когнитемаларды жаратууга активдүү катышат. Кыргыздын ой-тутумунда көптөгөн когнитемалар орун алган: 1. Адам деген - баарынан кымбат улуу ысым, ыйык зат; 2. Адамдар ар кыл болушат: алардын кылык-жоруктары, жасаган иштери да ар түрдүү; 3. Адамга ак иштеп, адал болуунун пайдасы көп; 4. Адам көбүнчө сүйлөгөн сөзүнө, акылына карата бааланат; 5. Адам баласы өзүнө өзү кылат; 6. Адамдын көңүлү назик; 7. Адам башка адамдарга муктаж; 8. Адам эмгектенсе жакшы жашайт, сыйлуу-кадырлуу болот (Адам жана эмгек); 9. Абийир, ар-намыс - адам үчүн ыйык нерсе ж.б.

Алынган когнитемалардын ичинде бирин-бири танган байкоолор, пикирлер, антонимдик жуп когнитемалар учурайт: адам деген - баарынан кымбат улуу ысым, ыйык зат – адам эч нерсеге арзыбаган, баркы жок жан. Адамдар ар кыл болушат: алардын кылык-жоруктары, жасаган иштери да ар түрдүү – адамдар бири-биринен айырмаланбайт, алардын баары адам. Жалгыз дарак токой болбойт. Адам дайыма эл менен болуу керек. Элдин тагдыры жеке адамдан көз каранды ж.б.

“Адам” концептин объективдештирүүчү макал-лакаптарды когнитивдик жактан анализдөө алардагы когнитемаларды төмөнкү төрт негизги топко ажыратууга боло тургандыгын көрсөттү:

1. Адамдын табиятынын, жашоо образынын, иш-аракетинин өзгөчөлүктөрү: Адам – ачылбаган сандык, анын ичин билүү кыйын; Адам табияты - өзүнчө бир табышмактуу, сырдуу дүйнө; Адам - ажалдуу жан.

2. Адамдын акыл-эсинин, кулк-мүнөзүнүн, жүрүм-турумунун ж.б. касиеттеринин сыпатталышы: Азык адамга күч-кубат берет (ач адамдын

кылык-жоруктары); Адам баарына көнөт, ал чыдамкай; Адам баласы тез эле жакшы сапаттарын жоготуп коюшу мүмкүн.

3. Коомчулуктун (башкалардын) адамга таасирин тийгизиши: Адам адамды кыйнайт, азгырат, шорго салат, өлтүрөт; Адам байлык менен бийликте сыналат; Жакындарын жоготуу адам үчүн абдан оор.

4. Адам жана анын жашоосундагы ыйык, маанилүү нерселер: Адам көбүнчө тилинен, айткан сөзүнүн жапа чегет; Адам үмүт, максат менен жашайт.

Изилдөөнүн жыйынтыгында провербиалдык бирдиктердин негизинде уюшулган когнитемаларда адам баласынын тигил же бул оң, терс же нейтралдуу сапаттары баса белгиленбейт. Аларда, жалпысынан, адам баласынын табияты, жашоо-турмушу, ишкердиги, кылык-жоруктары, коомчулуктун адамга тийгизген таасири, жашоодогу адам үчүн маанилүү нерселер ж.б. жөнүндөгү түрдүү маалыматтар берилет. Бирок эске алуучу нерсе, жаман адамдын кылык-жоруктарына караганда, жакшы адамдын кылык-жоруктары аларда көбүрөөк чагылдырылган.

«Адам» концептинин тилдик репрезентациясы ар түрдүү этномаданий, лингвомаданий маалыматтардын кампасын өзүнө камтыйт. Бул маалыматтар жаңы этникалык маалыматтарды алуу үчүн колдонула алат.

Биздин бул изилдөөбүз каралып жаткан маселенин жалпы мазмунун, бүткүл тарабын бүтүндөй, толук ачып берди деп айтууга болбойт. Алынган натыйжалар «Адам» концептинин кыргыз лингвомаданиятында мындан аркы изилденүүсүнө жол ачат. Изилденүүчү материалдын корпусунун дагы да кеңейүүсү, тандалган объектке тиешелүү башка лингвомаданий концепттерди андан ары изилдөө иштери изилдөөбүздүн перспективасын түзөт.

Колдонулган адабияттардын тизмеси

1. Абдулатов, А. А. Паремияларды когнитивдик-педагогикалык максатта сыпаттоонун айрым проблемалары [Текст] / А. А. Абдулатов. – Ош: [б-сыз], 2006 – 149 б.
2. Абыканова, Г. А. Концепт «вода⁄суу» в русском и кыргызском языках [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук: 10.02.20 / Г. А. Абыканова. – Бишкек, 2012. – 23 с.
3. Адинаев, Ш. А. Когнитивная психология как основа активации и мотивации учебной деятельности студентов [Текст] / Ш. А. Адинаев // Наука. Образование. Техника. – Ош, 2008. – № 2. – С. 38-46.
4. Айылчиева, Д. Т. О различиях концептуальной и языковой картины мира [Текст] / Д. Т. Айылчиева, А. К. Бекмуратова // Сб. науч. тр. фак. рус. филол. Ош. гос. ун-та. – Ош, 2010. – Вып.2. – С. 99-106.
5. Айылчиева, Д. Т. Различная трактовка учеными понятия «картина мира» [Текст] / Д. Т. Айылчиева⁄⁄Сб. науч. тр. фак. рус. филол. Ош. гос. ун-та. – Ош, 2010. – Вып 2. – С. 93-98.
6. Алпатов, В. М. Об антропоцентрическом и системоцентрическом подходах к языку [Текст] / В. М. Алпатов // Вопр. языкознания. – 1993. – № 3. – С. 15-26.
7. Амиралиев, С. М. Тилдин менталдык семантикасындагы кинологиялык концепттер [Текст]: филол. илим. канд. ... автореф. / С. М. Амиралиев. – Бишкек, 2014. – 21 б.
8. Арутюнова, Н. Д. Язык и мир человека [Текст] / Н. Д. Арутюнова. – М.: Яз. рус. культуры, 1999. – 896 с.
9. Арутюнова, Н. Д. Типы языковых значений: Оценка, событие, факт [Текст] / Н. Д. Арюнова. – М.: Наука, 1988. – 341 с.
10. Аскольдов, С. А. Концепт и слово [Текст] / С. А. Аскольдов ⁄⁄ Русская словесность. От теории словесности к структуре текста. Антология. – М., 1997. – С. 267-279.
11. Атутов, П. Р. Роль трудового обучения в политехническом образовании школьников [Текст] / П. Р. Атутов, В. А. Поляков. – М.: Просвещение, 1985. – 128 с.

12. Ахатова, Б. А. Концепт “человек” в языковом сознании казахстанских и китайских студентов [Текст] / Б. А. Ахатова // Казахский ун-т междунар. отношений и мировых яз. им. Абылай хана. – Алматы, 2006. – С. 11-12.
13. Бабушкин, А. П. Типы концептов в лексико-фразеологической семантике языка [Текст] / А. П. Бабушкин. – Воронеж: Изд-во ВГУ, 1996. – 104 с.
14. Бабушкин, А. П. Картина мира в концептосфере языка [Текст] / А. П. Бабушкин // Язык и национальное сознание. – Воронеж, 1999. – Вып. 2. – С. 12-14.
15. Балашова, Е. Ю. Концепты *любовь* и *ненависть* в русском и американском языковых сознаниях [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Е. Ю. Балашова. – Саратов, 2004. – 20 с.
16. Баранов, А. Н. О типах сочетаемости метафорических моделей [Текст] / А. Н. Баранов // Вопр. языкознания. – 2003. – № 2. – С. 73-94.
17. Баранов, А. Н. Постулаты когнитивной лингвистики [Текст] / А. Н. Баранов, Д. О. Добровольский // Изв. РАН. Сер. лит. и яз. – 1997. – Т. 56, № 1. – С. 11-21.
18. Басова, Л. В. Концепт “труд” в русском языке (на материале пословиц и поговорок) [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Л. В. Басова. – Тюмень, 2004. – 19 с.
19. Богданов, В. В. Структурная схема в семантике предложения [Текст] / В. В. Богданов // Исследования по семантике. – Уфа, 1985. – С. 14-21.
20. Бодуэн де Куртенэ, И. А. Количественность в языковом мышления [Текст] / И. А. Бодуэн де Куртенэ // Избранные тр. по общему языкознанию: в 2-х т. – М., 1963. – Т. 2. – С. 311-324.
21. Бодуэн де Куртенэ, И. А. Избранные труды по общему языкознанию [Текст]: в 2-х т. / И. А. Бодуэн де Куртенэ. – М.: Изд-во АН СССР, 1963. – Т. 1. – 384 с.
22. Болдырев, Н. Н. Концептуальное простанство когнитивной лингвистики [Текст] / Н. Н. Болдырев // Вопросы когнитив. лингвистики. – 2004. – № 1. – С. 18-36.

23. Болдырев, Н. Н. Концептуальные структуры и языковые значения [Текст] / Н. Н. Болдырев // Филология и культура. Материалы междунар. конф. 12-14 мая 1999 г. – Тамбов, 1999. – С.62-69.
24. Борчиева, Б. Т. Концепт «верх – низ» в языковой картине мира носителей русского и киргизского языков [Текст] / Б. Т. Борчиева // Рус. яз. и лит. в шк. Кыргызстана. – 2008. – № 2. – С. 81-84.
25. Бөкөшов, Ж. Б. Философия [Текст] / Ж. Б. Бөкөшов. – Жалал-Абад: [б-сыз], 2002. – 201 б.
26. Бромлей, Ю. В. Этнографические аспекты изучения человека [Текст] / Ю. В. Бромлей // Человек в системе наук. – М., 1989. – С. 190-201.
27. Валерьевна, С. Т. Вербализация концепта "человек" фразеологическими единицами с компонентом - названием вещества в русском языке [Текст] / С. Т. Валерьевна // Альманах современ. науки и образования. – Тамбов, 2012. – № 9 (64). – С. 205-209.
28. Введение в когнитивную лингвистику [Текст] / под ред. М. В. Пименовой. – Кемерово: ИПК Графика, 2004. – Вып. 4. – 311 с.
29. Вежбицкая, А. Язык. Культура. Познание [Текст]: пер. с англ. / А. Вежбицкая. – М.: Рус. слов., 1996. – 416 с.
30. Воркачев, С. Г. Счастье как лингвокультурный концепт [Текст] / С. Г. Воркачев. – М.: Гнозис, 2004 – 192 с.
31. Воркачев, С. Г. Эталонность в сопоставительной семантике [Текст] / С. Г. Воркачев // Язык, сознание, коммуникация. – М., 2003. – С. 116-121.
32. Воркачев, С. Г. Лингвокультурология, языковая личность, концепт: становление антропоцентрической парадигмы в языкознании [Текст] / С. Г. Воркачев // Филол. науки. – 2001. – № 1. – С. 64-72.
33. Воробьев, В. В. К понятию поля в лингвокультурологии (общие принципы) [Текст] / В. В. Воробьев // Рус. яз. зарубежом. – 1991. – № 1. – С. 102-103.
34. Воробьев, В. В. Лингвокультурология: теория и методы [Текст] / В.В. Воробьев. – М.: Изд-во Рос. ун-та Дружбы народов, 1997. – 331 с.

35. Воронова, Т. А. Концепт «толерантность» в русском сознании [Текст] / Т. А. Воронова, И. А. Стернин // Языковая структура и социальная среда. – Воронеж, 2000. – С. 79-86.
36. Гак, В. Г. Человек в языке [Текст] / В. Г. Гак // Логический анализ языка. Образ человека в культуре и языке. – М., 1999. – С.73-81.
37. Гачев, Г. Д. Национальные образы мира. Общие вопросы. Русский. Болгарский. Киргизский. Грузинский. Армянский [Текст] / Г. Д. Гачев. – М.: Сов. писатель, 1988. – 448 с.
38. Геляева, А. И. **Человек** как объект номинации в языковой картине мира [Текст]: автореф. дис. … д-ра филол. наук: 10.02. 19 / А. И. Геляева. – Нальчик, 2002. – 44 с.
39. Гец, Г. В. Изучение ментальностей: взгляд из Германии [Текст] / Г. В. Гец // Споры о главном. – М.,1993. – С. 58-64.
40. Горелов, И. Н. О вербальных и невербальных составляющих речевого поведения [Текст] / И. Н. Горелов // Вопр. психолингвистики. – 2003. – № 1. – С . 13-18.
41. Гришина, Н. В. Концепт **вода** в языковой картине мира (на основе номинативного и метафорического русского языка XIX-XX вв) [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук: 10.02.01 / Н. В. Гришина. – Саратов, 2002. – 24 с.
42. Грищук, Е. И. Абстрактная лексика в языковом сознании (экспериментальное исследование языкового сознания старшеклассников) [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук / Е. И. Грищук. – Воронеж, 2002. – 20 с.
43. Гузеев, Ж. М. Семантическая разработка слова в толковых словарях тюркских языков [Текст] / Ж. М. Гузеев; отв. ред. А. А. Юлдашев. – Нальчик: Эльбрус, 1985. – 194 с.
44. Гумбольдт, В. Характер языка и характер народа [Текст] / В. Гумбольдт // Язык и философия культуры. – М., 1985. – С. 344-348.

45. Гринев-Гриневич, С. В. Основы антрополингвистики (к лингвистическим основаниям эволюции мышления) [Текст]: учеб. пособие / С. В. Гринев, Э. А. Сорокина, Т. Г. Скопюк. – М.: Академия, 2008. – 128 с.
46. Джапанов, А. А. Афоризмдер [Текст]: 2 т. / А. А. Джапанов. – Бишкек: Турар, 2011. – Т.1. – 387 б.; Т. 2. – 2011. – 402 б.
47. Демьянков, В. З. Когнитивная лингвистика как разновидность интерпретирующего подхода [Текст] / В. З. Демьянков // Вопр. языкознания. – 1994. – № 4 – С.17-33.
48. Дербишева, З. К. К проблем языковой концептуализации мира [Текст] / З. К. Дербишева // Русский язык в сообществе народов СНГ. – Бишкек, 2008. – С. 52-55.
49. Дербишова, З. К. Ключевые концепты кыргызской лингвокультуры [Текст] / З. К. Дербишева. – Бишкек: Изд-во КРСУ, 2012. – 176 с.
50. Дербишева, З. К. Кыргызский этнос в зеркале языке [Текст]: моногр. / З. К. Дербишева. – Бишкек: [б.и.], 2012. – 404 с.
51. 10 000 афоризмов, мыслей, высказываний великих и знаменитых [Текст]. – Минск: Харвест, 2010. – 400 с.
52. Дрофа, Л. И. Ключевые понятия когнитивной лингвистики [Текст] / Л. И. Дрофа. – Ош: [б.и.], 2009. – 89 с.
53. Залевская, А. А. Психолингвистический подход к проблеме концепта [Текст] / А. А. Залевская // Методические проблемы когнитивной лингвистики. – Воронеж, 2001. – С. 36-44.
54. Залевская, А. А. Концепт как достояние индивида [Текст] / А. А. Залевская // Слово. Текст. Избр. тр. – М., 2005. – С. 234-244.
55. Зимин, В. И. Этимологический аспект в описании фразеологии и паремий [Текст] / В. И. Зимин, М. С. Харлицкий // Болгарская русистика. – София, 1990. – № 2. – С. 55-61.
56. Зиновьева, Е. И. Лингвокультурология: теория и практика [Текст] / Е. И. Зиновьева, Е. Е. Юрков. – СПб.: Изд. дом «МИРС», 2009. – 291 с.

57. Зубкова, Л. Г. Эволюция представлений о языковой категоризации мира [Текст] / Л. Г. Зубкова // Когнитивная семантика. – Тамбов, 2000. – Ч. 2. – С. 176-180.
58. Зулпукаров, К. З. Введение в китайско-киргизское сравнительное языкознание [Текст] / К. З. Зулпукаров. – Бишкек: Бийиктик, 2016. – 768 с.
59. Зулпукаров, К. З. Об этногенетических и социокультурных связах ханзу и киргизов по данным языка [Текст] / К. З. Зулпукаров // Ош МУнун жарчысы. – 2014. – № 2/3. – 13-14-б.
60. Зулпукаров, К. З. Отражение этнического менталитета в теологических концептах языка [Текст] / К. З. Зулпукаров, А. Калмурзаева, С. Сейитбекова // Сборник науч. тр. фак. рус. филол. Ош. гос.ун-та. – Ош, 2010. – Вып. 2. – 7-18-б.
61. Зулпукаров, К. З. О билингвальной когнитивно-дискурсивной модели морфемики и словообразования [Текст] / К. З. Зулпукаров // Рус. яз. и лит. в шк. Кыргызстана. – 2005. – № 1. – С. 76-80.
62. Ибрагимов, С. Лингвокультурология – тилдик маданият таануу: тарыхы жана теориялык негиздери [Текст]: жогорку окуу жайлары учун окуу куралы / С. Ибрагимов. – Бишкек: [б-сыз] 2004. – 118 б.
63. Ибрагимов, С. Образ истины в русском и кыргызском языковом сознании [Текст] / С. Ибрагимов // Изучение языков и гуманизация образования в XXI веке. – Бишкек, 2002. – С. 22-25.
64. Иванова, Е. В. Мир в английских и русских пословицах [Текст]: учеб. пособие / Е. В. Иванова. – СПб.: Изд-во с.-петерб. ун-та, 2006. – 280 с.
65. Иванова, В. А. Антонимия в системе языка [Текст] / В. А. Иванова. – Кишинёв: Штиинца, 1982. – 163 с.
66. Иполитов, О. О. Объективация концепта «дорога» в лексикофразеологической системе языка [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук / О. О. Иполитов. – Воронеж, 2003. – 20 с.
67. Итигулова, Ж. К. Философия (схемаларда) [Текст] / Ж. К. Итигулова, Д. А. Кочкорова. – Ош: ОшМУ, 2013. – 158 б.

68. Калмурзаева, А., Амиралиев С. Пословица - фрейм и сценарий [Текст] / А. Калмурзаева, С. Амиралиев // Сборник науч. тр. фак. рус. филол. Ош. гос. ун-та. – Ош, 2011. – Вып. 3. – С. 50-54.
69. Калмурзаева, А. Концепт «Бог-Кудай» в провербально-религиозной картине мира [Текст] / А. Калмурзаева, Сейитбекова, К. Зулпукаров // Сборник науч. тр. фак. рус. филол. Ош. гос. ун-та. – Ош, 2010. – Вып. 2. – С. 19-29.
70. Камбаралиева, У. Д. Темпоральная категоризация в концептуальной картине мира [Текст] / У. Д. Камбаралиева. – Бишкек: БГУ, 2013. – 490 с.
71. Камбаралиева, У. Д. К проблеме сопоставительного анализа темпоральной лексики русского и кыргызского языков [Текст] / У. Д. Камбаралиева // Русский язык в сообществе народов СНГ: материалы междунар. конгр. – Бишкек, 2004. – С. 180-183.
72. Камбаралиева, У. Д. Котормодо темпоралдык маанилерди репрезентациялоо маселелери [Текст] / У. Д. Камбаралиева // Кыргыз тили ж-а адабияты. – Бишкек, 2013. – № 22. – 123-127-б.
73. Караева, З. К. Перевод и семиотика [Текст] / З. К. Караева. – Бишкек: [б.и.], 2006. – 332 с.
74. Маслова, В. А. Введение в когнитивную лингвистику [Текст]: учеб. пособие / В. А. Маслова. – М.: Флинта, 2018. – 296 с.
75. Карасик, В. И. Культурные доминанты в языке [Текст] / В. И. Карасик // Языковая личность: культурные концепты. – Волгоград; Архангельск, 1996. – С. 3-16.
76. Касевич, В. Б. О когнитивной лингвистике [Текст] / В. Б. Касевич // Общее языкознание и теория грамматики. – СПб, 1998. – С. 14-21.
77. Кассихина, А. В. Концепт «человек» в русском и английском языках [Текст] / А. В. Кассихина // Язык, личность, деятельность: взгляд молодых исследователей: материалы III Всерос. науч.-практ. конф. молодых учёных (с междунар. участием), г. Киров, 3-4 апр. 2012 г. – Киров, 2012. – С. 33-35.

78. Каштанова, Е. Е. Лингвокультурологические основания русского концепта «любовь» [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук / Е. Е. Каштанова. – Екатеринбург, 1997. – 23 с.
79. Кодухов, В. И. Афоризмы, их функционирование и восприятие [Текст] / В. И. Кодухов // Слово и фразеологизм в русском литературном языке и народных говорах. Межвуз. сб. науч. тр. – Великий Новгород, 2001. – С. 79-85.
80. Колесов, В. В. Русская ментальность в языке и тексте [Текст] / В. В. Колесов. – СПб.: Петерб. востоковедение, 2006. – 624 с.
81. Колесов, В. В. Ментальные харектеристики русского слова в языке и в философской интуиции [Текст] / В. В. Колесов // Язык и этнический менталитет. – Петрозаводск, 1995. – С. 13-24.
82. Колесов, В. В. Концепт культуры: образ – понятие – символ [Текст] / В. В. Колесов // Вестн. СПбГУ. Сер. 2. – СПб., 1992. – Вып. 3, № 16. – С. 16-25.
83. Колосова, Л. И. Концепт «совесть» в концептосфере русского и французского языков [Текст] / Л. И. Колосова // Язык и национальное сознание. – Воронеж, 1998. – С. 88-89.
84. Колшанский, Г. В. Семиотика слова в логическом аспекте [Текст] / Г. В. Колшанский // Язык и мышление. – М., 1967. – С. 187-208.
85. Комлев, Н. Г. Слово в речи. Денотативные аспекты [Текст] / Н. Г. Комлев. – М.: Изд-во МГУ, 1992. – 214 с.
86. Корнилов, О. А. Языковые картины мира как производные национальных менталитетов [Текст] / О. А. Корнилов. – М.: ЧеРо, 2003. – 349 с.
87. Кравченко, А. В. Когнитивная лингвистика сегодня: интеграционные процессы и проблема метода [Текст] / А. В. Кравченко // Вопр. когнитив. лингвистики. –2004. – № 1. – С. 18-26.
88. Кравченко, А. В. Проблема языкового значения как проблема представления знаний [Текст] / А. В. Кравченко // Когнитивные аспекты языковой категоризации: межвуз. сб. науч. тр. – Иркутск, 1997. – С. 3-16.
89. Красных, В. В. Строение языкового сознания: фрейм-структуры [Текст] / В. В. Красных // Когнитивная семантика. – Тамбов. 2000. – Ч. 1. – С. 53-55.

90. Красных, В. В. Этнопсихолингвистика и лингвокультурология [Текст] / В. В. Красных. – М.: Гнозис, 2002. – 283 с.
91. Крючкова, Н. В. Лингвокультурное варьирование концептов [Текст] / Н. В. Крючкова; под науч. ред. В. Е. Гольдина. – Саратов: Науч. кн., 2005. – 164 с.
92. Кубрякова, Е. С. Начальные этапы становления когнитивизма: лингвистика – психология –когнитивная наука [Текст] / Е. С. Кубрякова // Вопр. языкознания. – 1994. – № 4. – С. 26-34.
93. Кубрякова, Е. С. Об установках когнитивной науки и актуальных проблемах когнитивной лингвистики [Текст] / Е. С. Кубрякова // Вопр. когнитив. лингвистики. – 2004. – № 1. – С. 6-17.
94. Кубрякова, Е. С. Языковое сознание и языковая картина мира [Текст] / Е. С. Кубрякова // Филология и культура. Материалы междунар. конф. – Тамбов, 1999. – Ч. 1. – С. 6-13.
95. Кузлякин, С. В. Проблемы создания концептуальной модели в лингвистических исследованиях [Текст] / С. В. Кузлякин // Русистика и современность. – СПб., 2005. – Т.1: Лингвокультурология и межкультурная коммуникация. – С. 136-141.
96. Кыргыз макал, лакап жана учкул сөз түрмөктөрү [Текст] / туз. Г. Тажиева, А. Курманбекова. – Бишкек: Бийиктик, 2004. – 696 б.
97. Кыргыз поэзиясынын антологиясы [Текст]: 2 т. / түз. К. Жусупов. – Бишкек: “Кыргызстан - Сорос” фонду, 1999. – 1-т. – 740 б.
98. Кыргыз поэзиясынын антологиясы [Текст]: 2 т. / түз. С. Акматбекова, С. Тургунбаев, Т. Самудинов. – Бишкек: “Кыргызстан - Сорос” фонду, 2000. – 2-т. – 528 б.
99. Кыргыз совет энциклопедиясы [Текст]: 6 т. / башкы ред. Б. Ө. Орузбаева. – Фрунзе: Кыргыз совет энцикл., 1976. – 1-т.: А-БЮСТ. – 608 б.
100. Лакофф, Дж. Мышление в зеркале классификаторов [Текст] / Дж. Лакофф // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1988. – Вып. 23: Когнитивные аспекты языка. – С. 12-21.

101. Лекторский, В. А. Человек как проблема научного исследования [Текст] / В. А. Лекторский // Человек в системе наук. – М., 1989. – С. 31-35.

102. Леонтьев, А. А. Языковое сознание и образ мира [Текст] / А. А. Леонтьев // Язык и сознание: парадоксальная рациональность. – М., 1993. – С.16-21.

103. Литературная энциклопедия терминов и понятий [Текст] / гл. ред. И сост. А. Н. Николюкин. – М.: НПК Интелвак, 2001. – 1600 с.

104. Лихачев, Д. С. Концептосфера русского языка [Текст] / Д. С. Лихчев // Изв. РАН. Сер. Лит. и яз. – 1993. – Т. 52, № 1. – С. 3-9.

105. Лучинина, Е. Н. Лингвокультурология в системе гуманитарного знания [Текст] / Е. Н. Лучинина // Критика и семиотика. – Тверь, 2004. – Вып. 7. – С. 238-243.

106. Ляпин, С. Х. Концептология: к становлению подхода [Текст] / С. Х. Ляпин // Концепты. Научные труды Центроконцепта. – Архангельск, 1997. – Вып. 1. – С. 11-35.

107. Магамдаров, Р. Ш. Человек в языковой картине мира (реферативный обзор исследований последних 5 лет) [Текст] / Р. Ш. Магамдаров // Языкознание в Дагестане. Лингвист. ежегодник. – Махачкала, 1998. – № 2. – С.19-27.

108. Макал-лакаптар, нуска сөздөр, накыл кептер, залкар ойлор [Текст] / туз. Ж. Ы. Койчуманов, Ы. Кадыров. – Бишкек: [б-сыз], 2012. – 540 б.

109. Макал-лакаптар [Текст] / баш сөзүн жазган ж-а түз. Ж. Ы. Койчуманов; ред. А. Акматалиев. – Бишкек: Шам, 2001. – 208 б. – (“Эл адабияты” сер. 10-т.).

110. Маслова, В. А. Когнитивная лингвистика [Текст]: учеб. пособие / В. А. Маслова. – Минск: ТетраСистемс, 2004. – 266 с.

111. Маслова, В. А. Лингвокультурология [Текст]: учеб. пособие / В. А. Маслова. – М.: Academia, 2001. – 203 с.

112. Минский, М. Фреймы для представления знаний [Текст] / М. Минский. – М.: Энергия,1979. – 318 с.

113. Никитина, С. Е. О концептуальном анализе в народной культуре [Текст] / С. Е. Никитина // Логический анализ языка. Культурные концепты. – М., 1999. – С. 117-123.

114. Никитина, С. И. Сердце и душа фольклорного человека [Текст] / С. И. Никитина // Логический анализ языка. Образ человека в культуре и языке. – М., 1999. – С.26-38.

115. Новиков, Л. А. Антонимия в русском языке (семантический анализ противоположности в лексике) [Текст] / Л. А. Новиков. – М.: Изд-во МГУ, 1973. – 290 с.

116. Павилёнис, Р. И. Проблема смысла: современный логико- философский анализ языка [Текст] / Р. И. Павилёнис. – М.: Мысль, 1986. – 286 с.

117. Петренко, О. А. Этнический менталитет и язык фольклора [Текст] / О. А. Петренко. – Курск: Из-во КГПУ, 1996. – 118 с.

118. Печенкина, О. Ю. Содержание концептов **Бог** и **Судьба** в текстах пословиц и поговорок, собранных В.И. Далем [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук / О. Ю. Печенкина. – Орел, 2001. – 17 с.

119. Пименова, М. В. Предисловие [Текст] / М. В. Пименова // Введение в когнитивную лингвистику / под ред. М. В. Пименовой. – Кемерово, 2004. – Вып. 4. – С. 3-11.

120. Попова, З. Д. Язык и национальная картина мира [Текст] / З. Д. Попова, И. А. Стернин. – Воронеж: Истоки, 2002. – 61 с.

121. Попова, З. Д. К проблеме унификации лингвокогнитив-ной терминологии [Текст] / З. Д. Попова, И. А. Стернин // Введение в когнитивную лингвистику. – Кемерово, 2004. – С. 53-54.

122. Попова, З. Д. Когнитивная лингвистика [Текст] / З. Д. Попова, И. А. Стерни. – М.: АСТ: Восток-Запад, 2010. – 314 с.

123. Попова, З. Д. Очерки по когнитивной лингвистике [Текст] / З. Д. Попова, И. А. Стернин. – Воронеж: Изд-во ВГУ, 2003. – 190 с.

124. Попова, З. Д. Понятие «концепт» в лингвистических исследованиях [Текст] / З. Д. Попова, И. А. Стернин. – Воронеж: Изд-во Воронеж. ун-та, 1999. – 211с.

125. Постовалова, В. И. Лингвокультурология в свете антропологической парадигмы: (К проблеме оснований и границ современной фразеологии) [Текст] / В. И. Постовалова // Фразеология в контексте культуры. – М., 1999. – С. 25-33.

126. Прохоров, Ю. Е. В поисках концепта [Текст] / Ю. Е. Прохоров. – М.: Флинта, 2009. – 176 с.

127. Рахилина, Е. В. Когнитивная семантика: история, персоналии, идеи, результаты [Текст] / Е. В. Рахилина // Семиотика и информатика. – М., 1998. – Вып. 36. – С. 274-323.

128. Рахилина, Е. В. О тенденциях в развитии когнитивной семантики [Текст] / Е. В. Рахилина // Изв. РАН. Сер. Лит. и яз. – 2000. – № 3. – С. 3-15.

129. Розина, Р. И. Человек и личность в языке [Текст] / Р. И. Розина //Логический анализ языка. Культурные концепты. – М., 1991. – С. 52-56.

130. Рудакова, А. В. Когнитология и когнитивная лингвистика [Текст] / А. В. Рудакова. – Воронеж: Истоки, 2004. – 80 с.

131. Рузин, И. Г. Возможности и пределы концептуального обьяснения языковых фактов [Текст] / И. Г. Рузин // Вопр. языкознания. – 1996. – № 5. – С. 39-50.

132. Саматов, К. Кыргыз тилиндеги өң-түс сөздөрүнүн лексика-семантикалык жана стилистикалык мүнөздөмөлөрү [Текст]: филол. илим. д-ру. … дис. / К. Саматов. – Бишкек, 2003. – 330 б.

133. Сейитбекова, С. С. Концепт «счастье» в ментальной семантике языка [Текст] / С. С. Сейитбекова, И. Г. Апполонова // Сборник науч. тр. фак. рус. филол. Ош. гос. ун-та. – Ош, 2011. – Вып. 3. – С. 8-14.

134. Селиванова, Е. А. Когнитивная ономасиология [Текст] / Е. А. Селиванова. – Киев: Фитосоциоцентр, 2000. – 248 с.

135. Слышкин, Г. Г. Дискурс и концепт (о лингвокультурном подходе к изучению дискурса) [Текст] / Г. Г. Слышкин // Языковая личность: институциональный и персональный дискурс. – Волгоград, 2000. – С. 38-45.
136. Слышкин, Г. Г. Лингвокультурные концепт и метаконцепты [Текст]: автореф. дис. … д-ра филол. наук / Г. Г. Слышкин. – Волгоград, 2004. – 40 с.
137. Степанов, Ю. С. Концепты. Тонкая пленка цивилизации [Текст] / Ю. С. Ситепанов. – М.: Яз. славян. культур, 2007. – 248 с.
138. Стернин, И. А. Когнитивная интерпретация в лингвокогнитивных исследованиях [Текст] / И. А. Стернин // Вопр. когнитив. лингвистики. – 2004. – № 1. – С. 65-69.
139. Тагаев, М. Дж. Когнитивные подходы к лингвистическому описанию русского словообразования в учебных целях [Текст] / М. Дж. Тагаев // Языковая картина мира: лингвистический и культурный аспекты. – Бийск, 2004. – Т. 2. – С. 113-121.
140. Тагаев, М. Дж. Полипарадигмальное описание морфемики и словообразования (на материале русского и кыргызского языков) [Текст] / М. Дж. Тагаев. – Бишкек: Изд-во КРСУ, 2004. – 282 с.
141. Тагаев, М. Дж. Корневые морфемы русского и киргизского языка в типолого-когнитивном освещении [Текст] / М. Дж. Тагаев // “Юнусалиев окуулары – 2015”: Эл аралык илимий практ. конф. материалдары. – Бишкек, 2015 – 445-448-б.
142. Темиркулова, Ы. А. Языковая картина мира в русско-киргизском культурно-смысловом пространстве (на материале концептов «глаз-көз» и «лицо-бет») [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук: 10.02.20 / Ы. А. Темиркулова. – Бишкек, 2010. – 24 с.
143. Телия, В. Н. Коннотативный аспект семантики номинативных единиц [Текст] / В. Н. Телия. – М. Наука, 1986. – 143 с.
144. Телия, В. Н. Русская фразеология. Семантический, прагматический и лингвокультурологический аспекты [Текст] / В. Н. Телия. – М.: Яз. рус. культуры, 1996. – 288 с.

145. Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков [Текст] / Э. Р. Тенишев, Г. Ф. Блалова, И. Г. Добродомов [и др.] // Пратюркский язык – основа. – М., 2006. – С. 528-529.
146. Токарев, Г. В. Проблемы лингвокультурологического описания концепта (на примере концепта «Трудовая деятельность») [Текст]: учеб. пособие. – Тула: Из-во ТГПУ, 2000. – 92 с.
147. Токтоналиев, К. Кылым карыткан кыргыз тили [Текст] / К. Токтоналиев // Тил, адабият ж-а искусство маселелери. – 2009. – № 3 (8). – 10-24-б.
148. Төлөкова, Э. Т. Кыргыз тилиндеги «бала» концепти (Лингвомаданият таануу илиминин аспектиси боюнча) [Текст]: филол. илим. канд. … дис. / Э. Т. Төлөкова. – Бишкек, 2012. – 182 б.
149. Усубалиев, Б. Ш. Кыргыз филологиясы жана филологдору [Текст] / Б. Ш. Усубалиев. – Бишкек: Evrasia, 2007. – 410 б.
150. Федина, Е. В. Отражение концепта человек в паремиологии русского языка [Текст] / Е. В. Федина // Науковий вісник Міжнар. Гуманітар. уні-ту. Сер.: Філологія. – 2015. – Вип. 15(1). – С. 73-75.
151. Фесенко, О. С. Концепт *гроза* в русском языковом сознании [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук / О. С. Фесенеко. – Воронеж, 2005. – 21 с.
152. Фесенко, Т. А. Этноментальный мир человека: Опыт концептуального моделирования [Текст]: автореф. дис. … д-ра филол. наук / Т. А. Фесенко. – М., 1999. – 52 с.
154. Филлмор, Ч. Фреймы и семантика понимания [Текст] / Ч. Филлмор // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1986. – Вып. 23: Когнитивные аспекты языка. – С. 52-92.
153. Фреге, Г. Смысл и денотат [Текст] / Г. Фреге // Семиотика и информатика. – М, 1997. – Вып. 35. – С. 358-379.
154. Фридман, Ж. И. Социально-психологическая лексика в языковом сознании [Текст] / Ж. И. Фридман // Язык и национальное сознание. – Воронеж, 2005. – Вып. 7. – С. 53-58.

155. Фрумкина, Р. М. Концептуальный анализ с точки зрения лингвиста и психолога [Текст] / Р. М. Фрумкина // Научно-техн. информация. Сер. 2. – 1992. – № 3. – С. 3-9.
156. Фрумкина, Р. М. Константы культуры - продолжение темы [Текст] / Р. М. Фрумкина // Язык и культура. Факты и ценности. К 70-летию Ю. С. Степанова. – М., 2001. – С. 167-177.
157. Хайруллина, Д. Д. Бинарные концепты «Огонь» и «Вода» как фрагмент языковой картины мира [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук: 10 02.01 / Д. Д. Хайруллина. – Казань, 2009. – 18 с.
158. Чарыкова, О. Н. Менталитет и «образ мира» [Текст] / О. Н. Чарыкова // Язык и национальное сознание. – Воронеж, 1998. – Вып. 1. – С. 26-27.
159. Чейф, У. Память и вербализация прошлого опыта [Текст] / У. Чейф // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1983. – Вып. 12: Прикладная лингвистика. – С. 35-73.
160. Ченки, А. Современные когнитивные подходы к семантике: свойства и различия в теориях и целях [Текст] / А. Ченкин // Вопр. языкознания. – 1996. – № 2. – С. 68-78.
161. Чернышова, Е. Б. Коммуникативное поведение старшего дошкольника (психолингвистическое исследование) [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук / Е. Б. Чернышова. – Воронеж, 2001. – 22 с.
162. Шайкевич, А. Я. Русская языковая картина мира в ряду других картин [Текст] / А. Я. Шайкевич // Моск. лингвист. журн. – 2005. – № 2. – С. 5-21.
163. Шаховский, В. И. Эмоциональные культурные концепты: паралелли и контрасты [Текст] / В. И. Шаховский // Языковая личность: культурные концепты: сб. науч. тр. – Волгоград; Архангельск, 1996. – С. 80-96.
166. Шаховский, В. И. Национально-культурная специфика концепта «обман» во фразеологическом аспекте [Текст] / В. И. Шаховский, Н. К. Панченко // Фразеология в контексте культуры. – М., 1999. – С. 283-289.

167. Шеина, И. М. Концепт "Человек" в русской и английской языковых картинах мира [Текст] / И. М. Шеина // Филол. науки. – 2011. – № 5. – С. 63-65.
168. Эргешова, С. Б. Паремияларда антонимдик концепттер аркылуу тилдик дүйнө сүрөтүнүн жана менталдык пропозициянын берилиши [Текст]: филол. илим. канд. … дис. автореф. / С. Б. Эргешова. – Бишкек, 2010. – 19 б.
169. Яхонтов, С. Е. Древнекитайский язык [Текст] / С. Е. Яхонтов. – М.: Наука, 1965. – 115 с.
170. Goffman, E. Frame analysis: An essay on the organization of experience [Text] / E. Goffman. – N.Y.: Northeastern University Press, 1974. – 600 p.
171. Jackendoff, R. X-Bar Semantics [Text] / R. Jackendoff // Proceedings of the Thirteenth Annual Meeting of the Berkeley Linguistics Society. – 1987. – P. 355-365.
172. Jackendoff, R. What is a concept? [Text] / R. Jackendoff // Frames, fields, and contrasts. New essays in semantics and lexical organisation. – Hillsdale, 1992. – P. 629-643.
173. Langacker, R.W. Concept, image and symbol: the cognitive basis of grammar [Text] / R. W. Langacker. – New York: Mouton de Gruyter, 1991. – 395 p. – (Cognitive Linguistics Research 1).
174. Jackendoff, R. Semantics and Cognition [Text] / R. Jackendoff. – Cambridge: MIT Press, 1983. – 283 p.
175. Lakoff G. The Contemporary Theory of Metaphor [Text] G. Lakoff / A. Ortony. // Metaphor and Thought. Cambridge, 1993. – Second edition. – P. 202-251.
176. Google [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.google.com/. – Загл. с экрана.
177. Google [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.google.ru/ . –Загл. с экрана.
178. Google.kg [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.google.kg// – Загл. с экрана.
179. Викисловарь [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://ru.wiktionary.org/wiki. – Загл. с экрана.

Колдонулган сөздүктөрдүн тизмеси

1. Абрамов, Н. Словарь русских синонимов и сходных по смыслу выражений [Текст] / Н. Абрамов. – М.: Рус. слов., 1996. – 502 с.
2. Ахманова, О. С. Словарь лингвистических терминов [Текст] / О. С. Ахманова. – М.: Сов. энцикл., 1966. – 608 с.
3. Горбачевич, К. С. Словарь эпитетов русского литературного языка [Текст] / К. С. Горбачевич, Е. П. Хабло. – Л.: Наука, 1979. – 567 с.
4. Евгеньева, А. П. Словарь синонимов русского языка [Текст] / А. П. Евгеньева. – М.: АСТ, 2001. – 648 с.
5. Карасаев, Х. Өздөштүрүлгөн сөздөр [Текст] : сөздүк: 5100 сөз / башкы ред. Б. Ө. Орузбаева. – Фрунзе: Кыргыз Совет энцикл. башкы ред., 1986. – 424 б.
6. Краткий словарь когнитивных терминов [Текст] / [Е. С. Кубрякова. В. З. Демьянков, Ю. Г. Панкрац, Л. Г. Лузина]. – М.: Изд-во МГУ, 1996. – 245 с.
7. Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст]: 50 минден ашык сөз ж-а айкашы камтылды. – Бишкек: AVRASYA, 2010. – 1460 б.
8. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү [Текст] / Ж. Осмонова, К. Конкобаев, Ш. Жапаров. – Бишкек: КТМУ, 2001. – 519 б.
9. Лингвистический энциклопедический словарь [Текст] / гл. ред. В. Н. Ярцева. – М.: Сов. энцикл., 1990. – 685 с.
10. Львов, М. Р. Словарь антонимов русского языка [Текст]: слов. / М. Р. Львов. – М.: Аспект пресс, 2001. – 592 с.
11. Мифологический словарь [Текст] / гл. ред. Е. М. Мелетинский. – М.: Сов. энцикл., 1991. – 736 с.
12. Ожегов, С. И. Толковый словарь русского языка [Текст]: 80000 слов и фразеологических выражений / С. И. Ожегов, Н. Ю. Шведова. – М.: Азбуковник, 1999. – 944 с.
13. Орузбаева, Б. Ө. Кыргыз тилинин этимологиялык сөздүгүнө материалдар [Текст] / Б. О. Орузбаева. – Бишкек: [б-сыз], 2010. – 147 б.

14. Русский ассоциативный словарь [Текст]: в 6-х кн. / Ю. Н. Караулов, Ю. А. Сорокин, Е. Ф. Тарасов [и др.]. – М.: ИРЯ РАН, 1994. – Кн. 1: Прямой словарь: от стимула к реакции. Ассоциативный тезаурус современного русского языка, – ч. 1. – 224 с.; Кн. 2: Обратный словарь: от реакции к стимулу. Ассоциативный тезаурус современного русского языка, ч. 1. – 1994. – 358 с.; Кн. 3: Прямой словарь: от стимула к реакции. Ассоциативный тезаурус современного русского языка, ч. 2. – 1996. – 212 с.; Кн. 4: Обратный словарь: от реакции к стимулу. Ассоциативный тезаурус современного русского языка, ч. 2. – 1996. – 324 с.;
15. Русско-кыргызский словарь [Текст]: 51 000 слов / под ред. К.К. Юдахина. – Бишкек: Шам, 2000. – 992 с.
16. Русско-киргизский гнездовой словарь [Текст] / П. И. Харакоз, А. О. Осмонкулов. – Фрунзе: Мектеп, 1979. – 525 с.
17. Словарь современного русского литературного языка [Текст] / гл. ред. В. И. Чернышева, С. Г. Бархударов. – М.: Изд-во АН СССР, 1991. – Т. 2: В. – 1393 с.
18. Словарь сочетаемости слов русского языка [Текст] / под ред. П. Н. Денисова, В. В. Марковкина. – 2-е изд., испр. – М.: Рус. яз., 1983. – 688 с.
19. Словарь-справочник “Человек и общество” (Философия) [Текст] /авт.-сост. И. Д. Коротец, Л. А. Штомпель, О. М. Штомпель. – Ростов н/Д.: Феникс, 1996. – 544 с.
20. Советтик энциклопедиялык сөздүк [Текст]: 4 т. / башкы ред. Б. Ө. Орузбаева. – Фрунзе: КСЭ, 1987. – 4-т: Соко-Яя. – 654 б.
21. Степанов, Ю. С. Константы. Словарь русской культуры. Опыт исследования [Текст] / Ю. С. Степанов. – М.: Яз. рус. культуры, 1997. – 825 с.
22. Тихонов, А. Н. Словообразовательный словарь русского языка [Текст]: в 2-х т.: более 145 000 слов / А. Н. Тихонов. – М.: Рус. яз., 1990. – Т. 1: Словообразовательные гнезда. А-П. – 856 с.; Т. 2: Производные слова, размещенные в гнездах. Одиночные слова. Р-Я. – 886 с.

23. Фасмер, М. Этимологический словарь русского языка [Текст]: в 4 т. / М. Фасмер; пер. с нем. и доп. О. Н. Трубачева. – М.: Прогресс, 1987. – Т.4. – 573 с.
24. Частотный словарь русского языка [Текст] / под ред. Л. Н. Засориной. – М.: Рус. яз., 1977. – 936 с.
25. Шанский, Н. М. Краткий этимологический словарь русского языка [Текст]: пособие для учителя / Н. М. Шанский, В. В. Иванов, Т. В. Шанская. – М.: Просвещение, 1971. – 542 с.
26. Севортян, Э. В. Этимологический словарь тюркских языков (Общетюркские и межтюркские основы на гласные) [Текст] / Э. В. Севортян. – М.: Наука, 1974. – 768 с.

Тиркемелер
“Адам” концептине байланыштуу макал-лакаптар, учкул сөздөр

Ааламга келдиңби? Адамдыгыңды көрсөт.
Ааламга чачылган насипти адам жыйнайт.

Аары уусу менен, адам сөзү менен.
Абайла, даамдуулар уулуу болот.
Абийир адамдын табиятында, тукумунда.
Абийир үчүн ак жүр, алыш-беришке так жүр.
Абийирдүү адамда жалакайлык болбойт.
Абийири бар адам таза сүттөй.
Абийириңди жашыңдан сакта.
Агасы өлгөн адамдын, айтаар сөзү кем болот,аны аркалап жүрчү ким болот?
Агым чогулуп сел болот, адам чогулуп эл болот.
Агымы менен ааламдын адамы гана ага алат.
Агынан тийсең бирөөгө, айланып тиет кезеги.
Адал адам - адамдын гана адамы эмес,ааламдын адамы.
Адал болгун, арам болбо, сакыболгун, сараң болбо.
Адал болсоң дос көбөйөт, арам болсоң кас көбөйөт.
Адал дөөлөт, малыңды булгабагын арамга.
Адал жүргөн адамдар киргили жок матадай, тил билгилүү эр болсо, дили жумшак казыдай.
Адал иш (эмгек) абийир таптырат, арам иш (эмгек) азабын тарттырат.
Адал ишти айылыңдан аяба, арам ишти аялыңдан ая.
Адал тапкан кара наның майдай жагат, арам тапкан казы-картаң жыландай чагат.
Адал эмгек, ак ниет опо берет адамга.
Адал эмгек - астында ат, үстүндө тон.
Адал эмгек нурлантат, арам эмгек кырдантат.
Адал эмгек элге жеткирет, арамдык элден кетирет.
Адам абийир-ыйманынэне тили менен кошо мурастайт.
Адам адамга дос, жолдош, бир тууган.
Адам адамга муктаж.
Адам адам менен адам.
Адам адам үчүн табылгыс дары.
Адам акка жетет, мал көккө жетет.
Адам акылы менен адам, ансыз баса албас бир да кадам.
Адам аласы - ичинде, мал аласы - сыртында.
Адам аласынан сөз аласы жаман, от чаласынан сөз чаласы жаман.
Адам алсызы урушчаак, акылдуу киши тырышчаак.
Адам аракты жутат, кийин арак адамды жутат.
Адам атасы - нур, энеси - жер.
Адам ачтан өлбөйт, ардан өлөт.
Адам ашка тойсо да, башка (жашка) тойбойт.
Адам аштан калса, күчтөн калат.
Адам аягынан аксабайт, алкымынан аксайт.
Адам баарын көндүрөт, адам баарын өндүрөт, аалам менен төрөлүп, аалам менен бирге өтөт.
Адам баласы жылкы мүнөз.
Адам баласы тетиксиз сандык, сыртынан сынчы жаңылат.
Адам барга чыдабайт, жокко чыдайт.
Адам баскан жол менен адам басат, бири билбегенди бири билип жазат.
Адам башы көпүрө болсо аттабагын - текеберлик адамдын өзүнө тиет.
Адам башы көпүрө болсо, адам аттабасын, хан башы көпүрө болсо, калкы аттабасын.
Адам болмок аста-аста, айбан болмок бир паста.
Адам болор кишинин адам менен иши бар,адам болбос кишинин адам менен неси бар.
Адам болуп төрөлгөн соң, адамча жүр, жигит болуп өскөн соң, жигитче өл.
Адам болуу арзан, адамды билүү кымбат.
Адам болуу баарынан артык.
Адам бузулса, аалам бузулат.
Адам бул дүйнөгө эки келбейт.
Адам - бул жарыктын коногу.
Адам гүлдөн назик, темирден бекем.
Адам да көктөмдө арыктайт.
Адам даңк үчүн от менен сууга кирет.

Адам даражасы абийири менен бийик.
Адам дүйнөгө бир келген конок.
Адам дүйнөдө бир жаралат.
Адам дүйнөсү - өчпөгөн үмүт.
Адам жакшылыкты жерден таап албай,адамдан үйрөнөт.
Адам жакшылыкты тилейт, акмак жамандыкты тилейт.
Адам жаманы - сопу, жыгач жаманы - соку.
Адам жаман эмес, анын кыялы жаман.
Адам жашка тойбойт.
Адам жеринен сыпаа, табиятынан жатык.
Адам (көзү)жок жерде кеп кылба.
Адам жоктон бар кылат, болбосту толтурат, туюктан жол табат.
Адам жолу - улук.
Адам жүргөн жол менен адам жүрөт.
Адам жүрөгү менен күчтүү,жыгач тамыры менен күчтүү.
Адам жүрүшүнөн- кул болот, ат жүрүшүнөн - пул болот.
Адам ит жандуу.
Адам ичине катылган кара түтүндү, күндүн жарыгында да көрүш кыйын.
Адам иште чыңдалат, болот отто чыңдалат.
Адам кааласа таштан суу, такырдан гүл чыгарат.
Адам кайраты - албарс кылыч.
Адам канчалык адилет болсо, адилеттикти ошончолук туура түшүнөт.
Адам карыган сайын бала.
Адам карылыктын жакындаганына кайгырбай, жаштыктын алыстаганына кайгырат.
Адам карыса да жүрөк карыбайт.
Адам катасыз болбос, көл бакасыз болбос.
Адам келсе таң аткандай, акмак келсе күн баткандай.
Адам көңүлүнөн азат, тилинен жазат.
Адам көөнү эт сымал - бат бузулат.
Адам көптү көрбөй акыл кирбейт.
Адам көркү - акыл, акыл көркү - токтоолук.
Адам көркү - чүпүрөк, жыгач (дарак) көркү - жалбырак.
Адам кулагынан жаңылат, тулпар туягынан жаңылат.
Адам кулактан семирет, айбан туяктан семирет.
Адам кунунан, элдин талабынан өйдө турган прогрессивдүү мыйзам жок.
Адам курсагынан арыктабайт, кулагынан арыктайт.
Адам күндө жаңы тилек тилейт, жаман күндө ар кимди каргап-шилейт.
Адам күндү дайыма көргүсү келет.
Адам маңдайга жазылгандан өтө албайт.
Адам менен малдын айырмасы - акылда.
Адам менен ыр да бар, адам менен чыр да бар,
Адам ойго тойбойт, бөрү койго тойбойт.
Адам ойго тойбойт, кулак сөзгө тойбойт.
Адам - окуу менен озот, өнөр менен өсөт.
Адам ооруган жеринен колун албайт.
Адам өз өмүрүндө көптү көрөт, көптү билет, ал эми көрбөгөнү, билбегени андан да көп.
Адам өзү ажалдуу болсо да, өлбөс нерселерди жасайт.
Адам өзү карыса да, көөдөнү карыбайт.
Адам өзүнөн кийинкилерди көрүп картаят.
Адам өзүнөн эмес, сөзүнөн байкалат.
Адам өзүнө өзү кылат.
Адам өзүнүн келечегине өзү көпүрө салат.
Адам өлбөй турган шайтан эмес.
Адам өлбөсө - айыл башы, сарт (соодагер) өлбөсө - кербен башы.
Адам өлмөйүнчө ырыскысы түгөнбөйт.
Адам өлөт, атак өлбөйт.
Адам өлсө даңкы калат, ат өлсө териси калат.

Адам өлсө сөзү калат, жакшы атагы унутулбайт.
Адам өмүрү бир көргөн түш.
Адам өмүрүнөн бийик нерсе жок.
Адам өчкө кудай өч.
Адам сатуу - арам иш.
Адам сөзгө (кепке) байланат, айбан чөпкө (жипке) байланат.
Адам сөзүнөн сынат, уй мүйүзүнөн сынат.
Адам сөзүнөн таанылбайт, ишинен таанылат.
Адам сүйлөшкөнчө, айбан кашынышканча.
Адам сүйлөшкөнчө, жылкы кишенешкенче.
Адам табияты дээринен ачкөз.
Адам таза, ыймандуу болуш керек.
Адам темирден катуу, таштан бек, гүлдөн назик.
Адам - Теңирдин көз алдында турган нерсе.
Адам тердесе дарт чыгат.
Адам тилинен табат.
Адам тиричилигинин туткасы - түндүк, аалам тиричилигинин туткасы - күн.
Адам тирүүлүгү - бейиш.
Адам тукуму болуш улуу.
Адам улуу тоо сыяктуу.
Адам үмүткө тойбойт, кыял азгырып.
Адам чакырса барбайм деген, ашка чакырса калбайм дейт.
Адам ызаатка келет, айбан чөпкө келет.
Адам ынсаптуулугу менен береке табат.
Адам - эли менен, өрдөк - көлү менен (даңктанат).
Адам эмгеги менен даңктуу.
Адам эмгек менен адам.
Адамга адам кымбат.
Адамга ажал жакын - күн менен түндөй, өмүр менен өлүмдөй киндиктеш.
Адамга акыл тубаса бүтпөйт, эмгек менен заман жаратат.
Адамга арам буйрубайт, жукпайт, өзүң сиңирип кетсең да, балдарыңдан чыгат.
Адамга атак кооптуу.
Адамга - ишарат, айбанга - келтек.
Адамга конгон касиет качпайт,бирок издеген киши таппайт.
Адамга көрбөгөндүн баары кызык.
Адамга кылган жакшылык, айда тийген ай эмес, күндө тийген күн эмес.
Адамга кылган жакшылык жерде калбайт.
Адамга мал табылышы оңой, адамга адам табылышы кыйын.
Адамга өлүм ак.
Адамга - сый, арамзага - жаза.
Адамга таандык мыкты дөөлөт - достук.
Адамга чычалак жарашпайт, атка жаталак жарашпайт.
Адамда эки напси бар: бирөөөдө, бирөө паста, азамат аны башкарат.
Адамда эң ыйык нерсе - ишеним.
Адамдагы улуулукту баала, аруулукту,сулуулукту баркта.
Адамдан айла (акыл) качып кутулбайт.
Адамдан башкасынын баарын адамга курман чалууга болот.
Адамдан улуу ат жок, нандан улуу аш жок.
Адамдар бири-бирине муктаж.
Адамдар жип болобуз көңүл улаар.
Адамдарды жер көтөрсө, акылманды эл көтөрөт.
Адамдардын чийки иши жагымсыз.
Адамды адам кылып алга үрөгөн үмүт.
Адамды акылга бай кылган - эмгек, төрт түлүктү шай кылган эмгек.
Адамды акылынан, даракты жалбырагынан байка.
Адамды алыстан тааныш кыйын.
Адамды бийлик берип сында.

Адамды билиш үчүн аны менен бирге көп жолу туз даамдаш болуш керек.
Адамды билиш үчүн аны менен бирге үч пуд туз жеш керек.
Адамды бузган - байлык менен бийлик.
Адамды жер, суу, Теңир колдойт.
Адамды каниет аздырбайт, кайгы аздырат.
Адамды кийиминен тааныбайт, ишинен тааныйт.
Адамды кордобо, акмакты бордобо.
Адамды көзүнөн түшүнбөй, сөзүнөн түшүн, акмакты өзүнөн түшүнбөй элден түшүн.
Адамды өттү экен деп эсептебе, артында өчүрүлгүс изи калса.
Адамды (кишини, жигитти) сөзүнөн (кийиминен) тааныбайт, ишинен тааныйт.
Адамды сөз даңазалайт, сөз маскаралайт.
Адамды сөзүнөн тааныбайт, ишинен тааныйт.
Адамды сөзүнөн тааныйт, малды өңүнөн тааныйт.
Адам акылынан же сөзүнөн таанылат.
Адамды табагың менен эмес, кабагың менен кабыл ал.
Адамды тамак аксатат, атты туяк аксатат.
Адамды үмүт жашатат, кайгы какшатат.
Адамды чанып көнгөн киши жолдоштукка жарабайт.
Адамды шайтан азгырат, артык дөөлөт мас кылат, тумшугу таштай катаарда, тууган менен кас кылат.
Адамды шорго салган да, өлтүргөн да тил.
Адамды эки нерсе картайтпайт тез:бири - жакшы мүнөз, экинчиси - жакшы сөз.
Адамдык жакшы касиеттен ажыроо - чоң жоготуу.
Адамдыкка сен да жаса адамдык.
Адамдыктын белгиси - боорукердик, жоомарттык.
Адамдын аброю бийик.
Адамдын адам билет сымбатын, акмактар кайдан билсин, адамдын арзан менен кымбатын.
Адамдын адамгерчилиги ачуусу келгенде билинет.
Адамдын адамдыгы - адамгерчилик.
Адамдын адамдыгын аныктаган сапаты -анын үзүрлүү эмгеги.
Адамдын адеби анын алтынынан да кымбат.
Адамдын акылманы алысты көрөт.
Адамдын акысын жер жебейт.
Адамдын аласы жаман, айбандын куласы жаман.
Адамдын алсызы - ушакчы.
Адамдын ардуусу тырышчаак болот.
Адамдын арманы көп, жакшынын жардамы көп.
Адамдын байлыгы - саламаттыгы.
Адамдын башкы милдети - кайрымдуулук (же ыймандуулук).
Адамдын башы - Алланын ташы.
Адамдын бетин бөрү жебейт.
Адамдын бир душманы - тили, да бири - кур убадасы, үчүнчүсү - ичимдикке берилгендик.
Адамдын бир сапаты - сабырдуулук.
Адамдын бири тентек, бири жөнтөк, бири эпчил, бири кекчил.
Адамдын болот адамы.
Адамдын болот жаманы: акылын аңдап ченебейт, өзүн өөдө көтөрүп, өзгөнү жанга теңебейт.
Адамдын бузукусу адам.
Адамдын даңкын чыгарган да - тил, тарпын чыгарган да - тил.
Адамдын денеси тамак, кийим, жарык, жылуулукка жана эс алууга муктаж.
Адамдын дүйнөгө өзү тойсо да, көзү тойбойт.
Адамдын жакшылыгын биле жүргүн, өзүң да жакшылыкты кыла билгин.
Адамдын жалаңгычы да адам.
Адамдын жаман-жакшысы туулгандан эмес, көргөн тарбиясынан.
Адамдын жаны пейилге, ыйманга, ынсапка, адепке, эргүүгө, сүйүүгө, Теңирге муктаж.
Адамдын жылдыздуусун айбан да билет.
Адамдын ийгилигине эмес, акылына карап баа бер.
Адамдын иши - жемиштин мөмөсү.

Адамдын кийимине караба, сөзүнө кара, жаман кийимдин ичинде жалындаган жүрөк бар.
Адамдын ким экенин билгиң, келсе, кебин шашпай тыңшап көр.
Адамдын көзү өлгөндө (бир чымчым) топуракка тоет.
Адамдын көңүлү - айнек идиш.
Адамдын көңүлү гүл.
Адамдын көөнү гүл деген, аңдасаң назик асыл жан.
Адамдын көөнү - чытырман токой.
Адамдын көөнүн сөз ачат.
Адамдын көркү - адеп.
Адамдын көркү - адилеттүүлүктө, жигиттин көркү - адептүүлүктө.
Адамдын көркү - акыл, акыл көркү токтоолук.
Адамдын көркү баш болот, кабактын көркү каш болот.
Адамдын көркү - кашта, акылдын көркү - башта.
Адамдын көркү - бөз, көңүлү - эки ооз сөз.
Адамдын көркү - бөз, кулактын көркү - сөз.
Адамдын көркү көздө, акылдын көркү сөздө.
Адамдын көркүн сөз ачат, ааламдын көркүн көз ачат.
Адамдын кыйноосу - санаа, өлүмү - оору.
Адамдын мөмөсү - бала.
Адамдын мыктысы - жөнөкөй адам.
Адамдын ойлогонумиң, аткарганы бир.
Адамдын оозунда болсо - Алланын кулагында болот.
Адамдын өзү жетпеген жерге сөзү жетет.
Адамдын өзү картайса да, сөзү картайбайт.
Адамдын өзүн билгиң келсе, сөзүн тыңда.
Адамдын өзүнө баа бербе, акылына баа бер.
Адамдын өлбөстүгү - элине калтырган эмгегинде.
Адамдын өмүрү - суу.
Адамдын пейли оңолмоюнча, иши оңолбойт.
Адамдын пейли тойбой, карды тойбойт.
Адамдын пейилине жараша - тилеги, тилегине жараша - иши.
Адамдын сапаты - сабырдуулук.
Адамдын сулуулугу сөзүнөн (тилинен) билинет.
Адамдын тизгини - акыл.
Адамдын түсүн айтпай, ишин айт.
Адамдын үйүн кирбей туруп бил, акылманды көрбөй туруп тааны.
Адамдын шери да бул жазмыш жашоодонжанын ала качпаган.
Адамдын ыйык милдети адал жашоодо.
Адамдын эмгегин жеп эки болбойсуң, жакшыга жакындасаң дейди болбойсуң.
Адамдын эмгектен улуу тиреги жок.
Адамзааданы жакшы сөз атынан түшүрөт.
Адамзат баарынан танат, нандан танбайт.
Адамзат - бир сырдуу, миң кырдуу.
Адамзат баласына мезгил сыноо.
Адамзат - тирүүлүккө башат.
Адамзатты сөз бузат, тоо-ташты сел бузат.
Адамзаттын жакшысы азыраак сүйлөп, көп тыңдайт, аргымактын жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт.
Адамзаттын өзүндө да ачыла элек сыр бар.
Адамзаттын уругу - ажырыктын тамыры.
Адамча туулуп, айбанча жашаба.
Адашкың келбесе - кара, жаңылгың келбесе - сура.
Адилеттүүлүк - чындыктын энеси, бешене белгиси, адамдын бетиндеги нур.
Ажал алаңдаганды алат, оору салаңдаганды алат.
Ажал алдында баарыбыз теңбиз.
Ажал келбесе, адам өлбөйт.
Ажал-өлүм жетпесе, адам уулу жыгылбайт.

Ажалдуу карга бүркүт менен ойнойт.
Ажалы жеткен карга өзү барып жарга урунат..
Эки тоонун чөбүн эңсеген кийик ачка калат.
Кой өлгүсү келсе, койчунун таягына сүйкөнөт.
Адашкан казды топтошкон карга алат.
Торпогунда сүздүргөн, өгүз болгондо да жалтанат.
Ат айланып казыгын табат.
Казга теңелем деп, карганын буту сыныптыр.
Мышык майга (этке) жетпей, сасык дейт.
Жыландан сыр сурасаң, чаянды калыс кылат.
Ажалдуу кийик адырга качат,ажалдуу киши ажыдаардын куйругун басат.
Аз сүйлөгөн адамдар асыл келет.
Аз сүйлө, көп тыңда.
Аз сүйлөсөң да, саз сүйлө.
Азаптуу кишиге айла жок.
Азар мактансаң да, эки кишилик алың бардыр.
Азга алкыш айтпагандын көпкө көңүлү тойбойт.
Азгырма адамдардан алыс бол.
Азгырмалуу да, азгырылмалуу да – киши.
Айбан ачуусу көзүнөн, адам ачуусу сөзүнөн билинет.
Айбандан түңүлсөң түңүл, адамдан түңүлбө.
Айга кол сунба, момунга чоңсунба.
Айласын табаар ар иштин акылы тунук эр киши.
Айтарга акылың болсо, угаарга киши табылат.
Айыпсыз киши болбойт.
Акчалуу адам мөөр үстүндө, акчасыз адам көр үстүндө.
Акчалуунун колу ойнойт, акчасыздын көзү ойнойт.
Алдырган бир киши, уурусу миң киши.
Алланын буйругу чачтан көп, аны аткарган киши жок.
Аларманга алтоо аз, берерманга бешөө көп (бул жерде “Адам” концепти *аларман, берерман* сөздөрү аркылуу туюнтулуп жатат.)
Ат азгыны – жорго, адам азгыны – молдо.
Ат сыйлаган жөө калбайт.
Атасы өлгөн киши уктаса да, ачка киши уктабайт.
Аттуу киши азыгын табат, жөө калгандын эки өңүрү санын чабат.
Ач киши аш үчүн үч айлык жол басат.
Ач киши урушчаак, ач кой тырышчаак.
Ачка адамга бир кашык аш алтын менен барабар.
Ачка киши айылдайт, ток киши уктайт.
Ачка кишиге таң атпайт.
Ачка кишинин ачуусу жаман.
Ачка кишинин оюнан тамак кетпейт.
Ачкөз адам тойбос, соргок соргоктугун койбос.
Ачтын – тогу, бардын – жогу болот, адамдын багы жана бүтпөс шору болот, жарыктын бүтүнү болот.

Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши.
Баба өмүрүн билген киши караңгыда шам сыяктуу.
Базарда миң киши бар, ар ким өз сүйгөн адамына салам берет.
Базары жакын байыбайт, калп айткан киши жарыбайт.
Базары жакын байыбайт, соодагер киши жарыбайт.
Бай болгон адам ток болот, мас болгон адам шок болот.
Байлык адамга эркиндик берет.
Байлык адамды эсиртет, эсирген адамдын кесири көпкө тиет.
Байлык менен бийлик кишини сынайт.
Бакасыз көл болбойт катасыз киши болбойт.

Бак коноор адамдын уулу эптүү, кызы көрктүү болот.
Бактысыз адамга аш да жок.
Бакыр киши паанада, сокур киши шоолада.
Бала адамдын канаты.
Балалык кишиге эки келет: бири жашында, бири карыганда.
Бардар адам таш боор болот.
Бардар киши байлыкка мас, акылга пас, кедей киши акылга мас, байлыкка кас.
Башы оорубагандын Кудай менен иши жок.
Биз да киши болорбуз, атка кишен саларбыз.
Билимдүү болмок оңой, адам болуу кыйын.
Бир адам миң адамга татыйт.
Бир адамдын аты калып, өзү жок, бир адамдын өзү калып, аты жок.
Бир кишиге бир киши аздык кылбайт, алдырбайт.
Бир кишинин дөөлөтү миң кишини көптүрөт.
Бир кишинин чыгышы – миң кишинин ырысы.
Бирөөнүн эли эл болбойт, бирөөнүн жери жер болбойт, туугандуу адам кем болбойт.
Боорукердик адамга дайым керек, көмөк барда тоскоолдукту дайым жеңет.
Бузук адам баарын өзүндөй көрөт.
Буту менен басып, мурду менен тынгандын баары эле адам боло бербейт.
Буюмду адам жаратат, адамды Кудай жаратат.
Бүгүн көрсөң - киши, эртең көрсөң ажыдаардын тиши.
Бүркүттү канатынан тааныйт, адамды адатынан тааныйт.
Бышыксынган адамдар бересеге чалынат.
Даңк да татыктуу кишини сүйөт.
Дарак жемишинен тааныла т, адам акылынан тааныла т.
Дарак - тамыры менен, адам – тууганы менен.
Доону төлөбөгөн төлөйт, ооруну кенебеген өлөт.
Доссуз адам канатсыз куш.
Досу жок жан жетимден да жаман.
Дөөлөттүү адам ток болот, жашында жигит шок болот.
Душманы жок адам болбойт.
Дүйнөгө түркүк (устун) болгон адам жок.
Дүлөй кишинин оозун карайт.
Дүнүйө адамды таппайт, дүнүйөнү адам табат.
Дүнүйөгө мас болбогон мансапка бой көтөрбөйт.
Дүнүйөнү сел алсын, кара башым соо калсын.
Жакшы адам ачык сүйлөйт, сөз тамырын казып сүйлөйт, жаман адам сасык сүйлөйт, өзгөлөрдү басып сүйлөйт.
Жакшы адамга бир сөз, жаман адамга миң сөз.
Жакшы адамга сөз илээшет, жаман адамга чөп илээшет.
Жакшы адамга чаң жукпайт.
Жакшы адамда жаштык (жатык) жок, тобокелдин көөнү ток.
Жакшы адамдан бак калат, жамандан ойдо так калат.
Жакшы адамды кордобо, жаман адамды бордобо.
Жакшы адамдын ар дайым бир жери кем.
Жакшы адамдын артында из калат, жаман адамдын артынан чаң калат.
Жакшы адамдын аты өчпөйт.
Жакшы адамдын ачуусу бар, кеги жок.
Жакшы адамдын белгиси – көңүлүңдү калтырбайт.
Жакшы адамдын досу көп, жакшы аттын ээси көп.
Жакшы адамдын ою кенен, сөзү терең, пейили таза, ниети ак.
Жакшы адам жайлоодогу гүлдөй, тийип турган күндөй.
Жакшы адам жалган айтпайт.
Жакшы адам - жанга кубат.
Жакшы адам жан эритип абайлап сүйлөйт, жаман адам жан кейитип табалап сүйлөйт.
Жакшы адам жаратылышты коргойт, жаман адам кордойт.
Жакшы адам жарык нур сыяктуу.

Жакшы адам жер эсебинен, жаман адам эл эсебинен жансактайт.
Жакшы адам иш үстүндө, жаман адам сөз үстүндө.
Жакшы адам ката кетирсе өзүн өзү жемелейт,
Жакшы адам он бешинде жашмын дебейт, жүзгө чыкса карыдым дебейт.
Жакшы адам ооруса, коноктон келгендей.
Жакшы адам рахмат айтат, жаман сөздү акмак айтат.
Жакшы адам сөздү таап айтат, жаман адам каап айтат.
Жакшы адам тийген ай, жаман адам кара булуттай.
Жакшы адам тирүүсүндө алкыш алат, жаман адам өлсө да каргыш табат.
Жакшы адам улууну ак дилинен урматтайт, кичүүнү орду менен ызаттайт.
Жакшы адам үлгү, жаман адам күлкү.
Жакшы адам шаар курат, жаман адам шаар бузат.
Жакшы адам – элдин эркеси.
Жакшы адам эл камы үчүн күйүнөт.
Жакшы адам – эпчил, жаман адам кекчил,
Жакшы адамга жамандар малы менен теңелет.
Жакшы - арына кул, жаман – малына кул.
Жакшы ат камчы салдырбайт, жакшы адам көөн калтырбайт.
Жакшы аял акмакты адам, жаманды жакшы кылат.
Жакшы киши калааны курат, жаман киши калааны бузат.
Жакшы киши карыса да, акылынан танбас.
Жакшы киши менен жанашкан жакшы.
Жакшы киши менен жүрсөң – күндө базар, жаман киши менен жүрсөң – күндө азар.
Жакшы киши ооруса тойго барып келгендей, жаман киши ооруса, көрдөн чыгып келгендей.
Жакшы киши – үлгү, жаман киши күлкү.
Жакшы колбашчы элин ойлойт, жаман адам карышкырдай жойлойт.
Жакшы малдын тишин ачпа, жакшы адамдын жашын сураба.
Жакшыга айтсаң билет, жаманга айтсаң күлөт.
Жакшылык жакшы адамдын гана колунан келет.
Жакшылыкка жакшылык – ар адамда, жамандыкка жамандык – кем адамда, Жакшылыкка жамандык – көр адамда, жамандыкка жакшылык – эр адамда.
Жакшылыкка жакшылык – ар адамдын башында, жамандыкка жакшылык – эр адамдын башында.
Жакшылыкка жакшылык ар адамдын кылаары, жамандыкка жакшылык эр адамдын кылаары, жамандыкка жамандык кем адамдын кылаары, жакшылыкка жамандык көр адамдын кылаары.
Жакшылыкка жакшылык – ар кишинин ишидир, жакшылыкка жамандык көр кишинин ишидир, жамандыкка жакшылык эр кишинин ишидир, жамандыкка жамандык кем кишинин ишидир.
Жакшылыкты биле турган адамга жаса.
Жакшынын жакшы билер сымбатын, жамандар кайдан билсин адамдын арзан-кымбатын.
Жакшынын жакшы билер сымбатын, жамандар кайдан билсин адамдын арзан менен кымбатын.
Жалгыз иттин үргөнү билинбейт, жалгыз кишинин жүргөнү билинбейт.
Жалгыз таруу ботко болбойт, жалгыз адам тутка болбойт.
Жалкоо киши айылчы.
Жалкоолук адамды карытат, эмгек адамды байытат.
Жаман атты жал басат, жаман кишини чач басат.
Жаман болсоң бир кишисиң, жакшы болсоң миң кишисиң.
Жаман адам байлык тапса мас болот.
Жаман адам жакшыны тааныбайт.
Жаман адам өз ырыскысына өзү түкүрөт.
Жаман жүргөн киши өзүн билбейт, башка бирөөнү назарына илбейт.
Жаман иттин аты – Бөрүбасар, жаман адамдын аты – Кудайназар.
Жаман киши мас болсо, жакыны менен кас болот.
Жаман – кишиден кийин, иттен илгери.
Жамандын жаманынын адам таппас амалы бар.
Жан бар жерде өлүм бар.
Жандуунун койсарысы адам экен, жердин койсарысы көл экен.
Жарактуу киши зар болбойт, камдуу журт жоого кор болбойт.
Жаралган адам эмгектен, жарышып иштеп түрүнүп.

Жардыгың жалган болбосун, жалганчы киши оңбосун.
Жарыкты алган өзүнөн жашоонун өчпөс көзү – адам.
Жашы жеткен адамдын төрүнөн көрү жуук болот.
Жер бетинде адам деген – улуу сыр.
Жерде жүргөн коңуз бар, адамдан чыккан доңуз бар.
Жоктон барды жараткан адамдын акылы.
Жолоочу киши – жол менен, чоочун киши – сай менен.
Жөө адамга жол түйшүктүү.
Жыгачтын жумшагын курт жейт, адамдын жумшагын адам жейт.
Жыгылган ооганга күлөт, жыртык тешикке күлөт.
Жырткычтык жактан адамдан өткөн айбан жок.
Илим – тозбогон кудук, билбеген киши дудук.
Ит жадаса үрөт, адам жадаса күлөт.
Ичи тар адам баш болбойт, ашык ичкен аш болбойт.
Ичкени – ирим, жегени – желим, сар-санаа баскан адамдын.
Ички орууну табуу кыйын, кары адамды багуу кыйын.
Иши кыйшык кишинин күнү кетер артына, ооруп өлөөр кишинин дабасы болбос дартына.
Кайгы адамды өлтүрөт, кайгырса адам эскирет.
Кайгыдан адам картайат, шаттыктан адам жашарат.
Кайраттуу адам – калкка башчы, калактуу адам – кемеге башчы.
Кандай адам болсо да, карыздар болсо жарыбайт.
Кара баш киши алжыса – өз башына күлкү, билги алжыса – калайыкка күлкү.
Кара далы эр тандабайт, өлөр адам жер тандабайт.
Кара жемсөө адамда калыстык жок.
Кара кишинин жини келгенче, сары кишинин жаны чыгат.
Кара өпкөлүк адамдын касиетин качырат.
Карагай болбой чер болбойт, кайратсыз адам эр болбойт.
Карга карысын ким билер, киши аласын ким табар.
Карганын жашын, кишинин ичин билиш кыйын.
Каргылуу тайган бар, адамдан чыккан айбан бар.
Каруусуз кишинин кайраты бекер, кайратсыз кишинин айбаты бекер.
Кары адам акылга бай, март адам доско бай.
Кары адам – үйдүн куту.
Кары адамды каркыттаган “Карыя” деген сөз болот.
Кары бар жерде касиет бар.
Кары канча карыса да, карышкырга амал табат.
Карыга катуу айтпа, ката кетирсе жаакка чаппа.
Карыга – урмат, балага – кызмат.
Карыган киши – таптоодогу куш.
Карыганда адам кичирейет, көркү кетип чүтүрөйөт.
Карыганда адам таарынчак болот.
Карызды кайырган адам – тобо кылган адам.
Катыны өлгөн адамдын куту кетет үйүнөн, куну кетет төрүнөн.
Келини өлгөн адамдын кермеден аты бошонуп, кемиген менен тең болот.
Кызы өлгөн адамдын, кабыргасы бөлүнөт, кандуу жашы төгүлөт.
Эжеси өлгөн кишинин эркелээр жери аз болот. Эженин көзү өткөн соң, эркелээриң ким болот.
Энеси өлгөн адамдын чалкар булак соолуп, чаңкаган менен тең болот. Эти-бою эзилип, энедей сүйчү ким болот.
Кемчиликсиз киши болбойт, үмүтсүз жан болбойт.
Кенен киши арыбайт, тар киши болсо кеңейбейт.
Кең болсоң кем болбойсуң.
Кең пейилдүү кемибейт, тар пейилдүү жарыбайт.
Кери кеткендин сакалы кекиртегине бүтөт.
Керсейүү - көңдөйлүктүн белгиси.
Кесирленбе, сын такпа, ал айланып башыңа түшөт.
Кетмен чапкан нанын жейт, ууру кылган жанын жейт.
Кечинде жатып ойлон, эртең менен туруп сүйлө.

Кечүү билбей кечпе,адамдын сырын билмейинче ишенбе.
Кийим менен мактанбай, билим менен мактан.
Кийимдин жакшысы кир көтөрүмдүү, кишинин жакшысы сөз көтөрүмдүү.
Кимдин жерин жердесең, ошонун ырын ырда.
Кичинеге чоңсунба, асмандагы айга кол сунба.
Кичинеңден албаң болсоң, чоңойгондо далбаң болосуң.
Кичипейил болгондон кичирейип кетпейсиң, эр көкүрөк болсоң да улуулукка жетпейсиң.
Кичипейилдүүлүктөн кичирбейсиң.
Кичүү болгуча иттин күчүгү бол.
Кичүү болсоң сылык бол, улуу болсоң жатык бол.
Кичүүнү сыйлабаган, улууну урматтабайт.
Кичүүсүндө салам жок, улуусунда алик жок.
Киши акылы - кишен, өз акылың - өзүң менен тамыр (же өз акылыңа ишен).
Киши акылы - тушоо, өз акылың эм, жаныңа дем.
Киши аласы ичинде, аны сыртынан билиш кыйын.
Киши аты терчил, киши кийими кирчил.
Киши баарына көнөт.
Киши болор кишинин киши менен иши бар, киши болбос кишинин киши менен неси бар.
Киши дүйнөгө түркүк болбойт.
Киши жаманга бат ыңгайлашат.
Киши жаманы кирип чыккыча билинет, өз жаманың өлгөнчө билинбейт.
Киши кайгысы этекте, өз кайгысы жүрөктө.
Киши кишини аксатат.
Киши кишинин баркын көбүнчө айрыларда билет.
Киши оюн тагдыр жөнгө салат.
Киши өз атын кишилиги менен бийиктетет.
Киши өзүнүн атын кишилиги менен бийиктетет.
Киши өлөт, жакшылыгы калат.
Киши семирген сайын зулум болот.
Киши сүйлөшкөнчө, жылкы кишинешкенче.
Киши сыры анын иштеген ишинен билинет.
Киши уулу эсиргенде, анын арты кырсык алып келет.
Киши эмес киши сөз эмес сөздү сүйлөйт.
Кишиге киши тең эмес, чийкиге бышык тең эмес.
Кишиге көр казсаң, кең каз.
Кишиге кылсаң жамандык, өзүңө жоктур амандык.
Кишиге ор казсаң, өзүң түшөөрсүң.
Кишиге ор казсаң тайыз каз, өзүң ыргып чыгарга.
Кишилер пейлин бузса, бала менен атанын арасында биримдик сый жок.
Кишимин деген адам толуп жүрөт.
Кишимин деп мактанба, адам болдум деп мактан.
Кишини ичинен бил, ичинен биле албасаң ишинен бил.
Кишини киши аксатат.
Кишини өлтүрсөң, таанып өлтүр.
Кишинин баарын өз нукумуң менен ченебегин.
Кишинин жумшагын киши жейт, жыгачтын жумшагын курт жейт.
Кишинин кемчилигин айтса кошулба, артыкчылыгын айтса кошул.
Кишинин ким экени калк башынакайгы түшкөндө (алаамат келгенде) билинет.
Кишинин ким экени кирип чыкканча.
Кишинин ким экенин билиш үчүн биргелешип бир бут туз жеш керек.
Кишинин кишиси бар, бышуунун чийкиси бар.
Кишинин колунда куш тойбоптур.
Кишинин кулагын кессең, бирөөгө кийиз кескенче көрүнбөйт.
Кишинин өз майы өзүнө эм.
Кишинин өзүнө караба, сөзүнө кара.
Кишинин өзү тойсо да, көзү тойбойт.
Кишинин тону кирчил, кишинин аты терчил.

Кишинин шайтаны киши.
Коендон корккон аюуга жолугат.
Коенду жатагына чейин билет.
Коендун териси деле бир күнгө (кээде бир жыл) чарыкка чыдаптыр.
Коркок адам калың колду бузат.
Көкаланын кадырын басканда билесиң, көп адамдын кадырын өткөндө билесиң.
Көөлдөгөн киши көңүлгө карабайт.
Көпкөн киши көбүрөт, көнбөй каниет кылганга.
Көпчүлүк адамча жашабаса – заманың тозок.
Кудай берген кишиге, кудай урган киши теңелет.
Кудай ураар кишиге кумгандай жүрөк пайда болот.
Кушту жырткыч кылган – тырмагы, кишини сүрдүү кылган – мансабы.
Күйүттүү адамдан акыл сураба.
Күн ааламга нур чачат, билим адамга нур чачат.
Күнөө кылбас киши жок актанса да, сыр алдырбас киши жок мактанса да.
Кыйналганда киши өзүнүн ким экенин таанытат.
Кымыз – кишинин каны, эт – кишинин жаны.
Кырк киши бир жакта, кыңыр киши бир жакта.
Кырсык жакшы кишини да чалат.
Кырсыкты адам баласы күн мурунтан билбейт.
Май талканды ичине жаккан киши жейт.
Максатка жетем десең, күчүң корот, пендеден бийиктигиң ошол болот.
Максатсыз киши – канатсыз куш.
Максаттуу адамга түйшүк жок.
Мал арыгын сактасаң, ооз майлайт, киши арыгын сыйласаң төбө кандайт.
Малды бакса сан болот, малдуу киши хан болот.
Март адам, бактылуу адам – бирин берсе, миңин алаар.
Мекенсиз адам – үнсүз булбул.
Менменсинүү адамга атак-даңк алып келбейт.
Момун адам чынды сүйөт, бозокорлор чырды сүйөт.
Мээрим чачса, адам күндүн нурундай.
Нандан улук тамак жок, адамдан улук атак жок.
Өз айыбың өлгөнчө билинбейт, киши айыбы – кирип чыкканча.
Өзү сары, көзү көк – ал адамдын шумкары, өзү кара, көзү көк – ал адамдын шумпайы.
Өзүнө жакшылык кылбаган адамдан, өзгөгө жакшылык артпайт.
Өзүң адам болгон соң, өлөөрүңдү билген соң, кайда барсаң анда бар.
Өлбөгөн жанга жаз келет.
Өлбөгөн жанга өлүү балык эптеп табылат.
Өлбөгөн жанда үмүт бар.
Өлбөй турган жан болбойт.
Өлбөстүккө пенде зар, тойбостугу канында бар.
Өлмөйүнчө кишинин түйшүгү бүтпөйт.
Өлөөр киши бой түзөйт.
Өлүм адамды коркутат, үмүт намысты курчутат.
Өлүм деген көңүл жейт, тирүү пенде өмүр жейт.
Өмүр деген адамга өлчөлүү экен бир келет.
Өмүрлүү адам алтын аяктан суу ичет.
Өткөн иш үчүн кайгы чегүү – акылдуу адамдардын иши эмес.
Пейили кеткен пенденин казанынан аш кетет.
Пейили тар адам кең идиштен аш иче албайт.
Пейли тар адамга дүйнө да тар.
Пейли тар киши бай болбойт, көп болуп жылдыз ай болбойт.
Сак адамдын үч шериги бар: көргөн жокмун, билген жокмун, уккан жокмун.
Сакалы узун кишинин акылы кыска.
Санаанын изи жок, санаасыз киши жок.
Сокур киши – шоолада, бакыр киши – маанада.
Сөз ээси киши – журттун көзү.

Сөздөрү ширин, иштери арам киши – эки жүздүү.
Сөздү уккан кишиге айт, күүнү түшүнгөн кишиге черт.
Сураган адам – кайырчы, уурдаган адам – каракчы.
Сууга чөккөн адам өлөт, кайгыга чөккөн адам көнөт.
Сырды барктаган адам сактай да билет.
Сырын каткан пенде ар дайым эркин болот.
Тагдыры адамзаттын көп кубулма.
Таза адамга чаң жукпайт.
Такымын жеп тапанданган адам.
Тарыхта бир жакшы адам, бир жаман адам калат.
Теректин башы тыт болот, жаман адам кырс болот, каарына алганда жайдын күнү жут болот.
Терең адам – капчыгай, чабал адам – чакчыгай.
Терең дарыя жай агат, терең киши тынч айтат.
Тил адамды бакыт даңкка жеткирет, тил адамды шорго салат, өлтүрөт.
Тил кылычтан өткүр, адамды адам кылат, аша чапса, жаман кылат.
Тирүү адамдын опаасы – катын, бала, баккан мал.
Тирүү жан – бул дүйнөгө келген конок.
Тоебу адам өмүргө, кыябы өзүн өлүмгө.
Тоону, ташты суу бузат, адамзатты сөз бузат.
Тооруп жүргөн ажалдын торуна кирет адамың.
Топук кылган адам бай болот.
Түбөлүктү ойлогон киши сонун, калкы үчүн иштеген иши сонун.
Түркөй кишинин напсиси – бир, молдонуку – экөө, кожонуку – үчөө.
Түйшүк адамды кургатат, кайгы адамды карытат.
Убадасыз кишиден жүрүп кеткен жел артык.
Уй териси тон болбойт, урушчаак киши оң (чоң) болбойт.
Улуу адам улуу тоо сыяктуу.
Урган киши дөң менен, урдурган киши жол менен.
Ушак уялаган адамдан уят качат.
Ушакчы адам ушак кууйт, жетик адам ушакчынын жолун бууйт.
Уяты бар жакшы адам урматка жетээр.
Үйдүн ысык-суугун кыш түшкөндө билерсиң, кишинин жакшы жаманын иш түшкөндө билерсиң.
Үмүт адам менен жашайт.
Үмүтсүз адам жаралбайт.
Үч нерсе адамга өтө зарыл: ыймандуулук, сабырдуулук, кайрымдуулук.
Чоң дарыянын акканы жай, нускалуу адамдын сүйлөгөнү жай.
Чоочун адамдын мүнөзү – чытырман токой.
Чынчыл адамга жүгүн.
Чынын айткан киши ак.
Шайтан азгырса, адам калбайт жаңылбай.
Эки адам чатакташса – акылдуусу күнөөлүү.
Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт.
Эл ичинде миң киши, үйгө келсе бир киши.
Эл менен сен адамсың, элден чыксаң жамансың.
Эл сагынбас эр болбос, элдүү киши кем болбойт.
Элден жеген пул арам, жолобогун эч адам.
Элден чыгып калган адам – түбөлүк жетим.
Элдин жолу - кенен жол, ээрчиген киши адашпайт.
Элдүү адам – белдүү адам.
Элине кайдыгер караган киши – тирүүнүн өлүгү.
Элине пайдасы жок адам – тирүүнүн өлүгү.
Эмне бар адам көнбөгөн, эмнени адам көрбөгөн.
Эң оор күнөө – адамды басынтып, шагын сындыруу.
Эр атасыз болбойт, адам катасыз болбойт.
Эр кишиге эр киши - өзү менен теңелет, эр кишиге кул киши – сөзү менен теңелет.
Эркиндикке андан коркпогон киши жетишет.
Эси жок пенде – өзүнө душман.

Эстүү адам эсирбейт.
Эстүү киши да содор иш кылат.
Эстүү киши кыйшайбай эл журтуна тең болот.
Эстүү киши элим дейт, эл жактаган жеңилбейт.
Ырыс качса, тууш конбойт, ырыскысыз адам болбойт.

Адамга байланыштуу тыйуулар

Аарынын уюгуна тийбе.
Агын сууга түкүрбө, шыпырынды таштаба, кир жууба, даарат алба.
Агын сууну чачпа, бул ырыскыңды чачканга барабар.
Адам көзү жок жерде кеп кылба.
Адамга бычак кезебе, анты болот.
Адамга далыңды тосуп отурба, бул адепсиздиктин белгиси.
Адамга жакшылык кылууну унутпа.
Адамды айланба.
Адамды аттап өтпө.
Адамды башка чаппа.
Адамды ийнинен баспа (кемсинтпе,өзүңдөн төмөн санаба).
Адамды малча санаба.
Адамдын айыбын издөөчү болбо.
Адамдын башынан жаздыкты сууруп алба (өлгөн адамдын башынан гана жаздыкты сууруп алат).
Адамды тегеренип ойнобо.
Адам өлгөн күнү башыңды жууба, кир жууба.
Адегенде нан ооз тий.
Азганды кууп, тозгонго жолукпа,тууган издеп достон кетпе.
Азуулуу менен арбашпа, алдуу менен кармашпа.
Айга ак (сүт, айран) көргөзбөйт.
Айга (Күнгө, кыбылага) карап заара кылба.
Айды көпкө караба.
Ай жаңырганда «Ай көрдүм аман көрдүм. Айдан аман, жылдан эсен бололу, келерки айга чейин өсүп-өнүп тололу» деп бата кыл.
Айтканыңдан кайтпа,алдыңдан жоо чыкса да кайра тартып качпа.
Айыл ичине атчан чаап кирбе,бул жаман кабар угузуунун белгиси.
Айыл болбо анткорго, жолдош болбо айгакка,мүдүрүлтөт тайгакка.
Айыл конбо анткорго, карыз болбо сүткорго.
Ак бараңды кундагын, аталбасаң сунбагын.
Ак кууну көрсөң атпагын.
Акылдуу менен арбашпа, алдуу менен кармашпа.
Акылдуунун алдына акмакты ээрчитип барба.
Алаканың кычышса - акча аласың, таманың кычышса - жол жүрөсүң.
Аланын изин баспа.
Ала тонуңду аңтара кийбе.
Алган чачты тебелендиге таштаба,киши баспаган жерге көмүп кой.
Алдыңа келген ашты күттүрбө.
Алдыңдан кара мышык өтсө, баш кийиминди бир тегеретип кой.
Алп көңүлүн калтырба, ат аркасын жоорутпа.
Алсаң, берээриңди унутпа.
Кепиниңди кий деп эч кимди урушпа.
Керексиз кепти сүйлөбө.
Кесирдүүдөн кез бою кач, жалакордон жаа бою кач.
Кетмендин башын тебелебе.
Кечинде адамды атынан чакырба.
Кимдир бирөөгө бычак, кайчы, ийне берээрде жыл-майып бериш керек. Антпесе уруш чыгышы мүмкүн.
Кишиге артыңды салба.

Кишиге иңирде көңүл айтпа.
Кишиге көңүл айтып келатып башка үйгө кирбе.
Киши келатканда тамакты жашырып катпайт.
Кишини шыпыргы менен урба.
Колго суу куйган адамга «Суудай сулуу бол же суудай мол бол» деп алка.

“Адам” концептине байланыштуу афоризмдер

Адам – курсактын кулу (Махмуд Кашгари);
Адамдын өмүрү төрдөн көргө чейин эле болот (Кыдыр аке Байсары уулу).
Бактысы бар адамдын, балдарынан чыр чыкпайт (Калык Акыев).
Бакырып аксым сүйлөгөн – күчсүздүктүн белгиси. Күлүндөп жумшак жооп берет, кубаттуу, токтоо, эр киши (Аалы Токомбаев).
Билим – адамзаттын орток казынасы (Жусуп Баласагын).
Калп айткан киши жарыбайт (Токтогул Сатылганов).
Максат менен эмгек чырмалышканда, адам бардык мүдөөсүнө жетет. Максатсыз жашаган адамдын башка тирүү жандыктан айырмасы жок (Сарт аке Доскулу уулу).
Улуттун жүзү - тил, адамдын жүзү – сөз (Түгөлбөй Сыдыкбеков).
Кырсык аяк астынан табылгандай бакыт да кишиге айттырып келбейт (Түгөлбөй Сыдыкбеков).
Окуу-билим - адамдын өмүрлүккө азыгы (Чалагыз Иманкулов).
Токтогулдай элдик адам эл көзүнчө ыйлабайт (Муратбек Ырыскулов).
Элдик тилди кадырлабаган адам элди да кадырлабайт (Болот Юнусалиев).
Канткенде адам улуу адам болот (Чыңгыз Айтматов)?
Инсанды инсан кылган маданият (Чыңгыз Айтматов).
Адамдын башкаларга кылаар эң чоң жакшылыгы эле үйүнөн адам болоор балдарды тарбиялап өстүрүү экен (Чыңгыз Айтматов).
Адам жашоосун стандартташтыруу, демек, анын личность болуусун жок кылуу катары каралат (Чыңгыз Айтматов).
Ой адамдын өзүнө окшош болот (Муса Адышев).
Адамдагы улуу сыймык – абийир. Башка эч бир наам ага тең келбейт. Абийир – адамдын жүзү, мазмуну жана баасы. Жападан жалгыз бетке карманары жана сыймыгы (Сүйүнбай Эралиев).
Адам мезгилсиз өлүш үчүн төрөлбөйт (Иса Ахунбаев)!
Адамзатты эки сапат багыттайт, чындык сөзү, ак эмгеги карытпайт (Жусуп Баласагын).
Адамдын аз же көп жашап өткөндүгү башкы нерсе эмес, кеп анын кандай жашап өткөндүгүндө (Шабданбай Абдыраманов).
Адамдардын куш көңүлүн наз кылып, колдон келсе кылуу керек жакшылык (Абзий Кыдыров).
Турмуштан алып бүткүчө киши өзүн да берип бүтөт (Эрнис Турсунов).
Агын суудай ага берип өмүрү, көп нерседен калат адам көңүлү (Жолон Мамытов).
Адамдын жашы өйдөлөгөн сайын жылуулукка (жылуу сөзгө, жылуу кийимге, жылуу чайга ж.б.) муктаж боло баштайт экен (Амантур Акматалиев).
Элита деген чынчыл, эл үчүн күйгөн адам болушу зарыл. Улутчул эмес мекенчил болуш керек (Ишенбай Абдуразаков).
Ар бир адам ачыла элек элемент, кирбеген Менделеев мезгилине (Совет Урманбетов).
Эл касиети жеке адам касиетинен уланат (Асан Жакшылыков).
Ар ким өзүн өрнөктүү кылганда жарыгы башка адамга тийет (Асан Жакшылыков).
Болот отто чыңалса, адам иште чыңалат (Асан Жакшылыков).
Президент өзүн жөнөкөй адам сезиш керек (Жоомарт Кадыралиев).
Кээ бир адамдар бала боюнча эле карып калышат (Кубатбек Жусупалиев).
Кыргыз акын-жазуучуларынын көбү адам болбой туруп жазуучу болуп алышкан (Кубатбек Жусупалиев).
Жүрөгүмдө туудай толкуп жер шары адам болуп калганыма сүйүнөм (Тургунбай Эргешов).
Жалкоо адамдын жакшы жашаганын көргөнүм жок бул өмүрдө (Акматалы Карыбеков).
Чарчабаган эмгек адамды эл алдында жер каратпайт (Таке Акунов).
Баланын эң биринчи жакын кишиси – эне (Зияш Бектенов).
Күзгүгө көрүнөм деп келген ар бир адамга күзгүнү алмаштырып туруунун зарылдыгы жок (Эсенбек Мамбетакунов).
Чындап ыйлаганды билген адам гана жан дили менен күлө алат (Жеңишбек Чыманов).
Караөзгөйдүн пейлинде, кароолонот арамдык, ак жүрөктүн дилинде, алоолонот адамдык (Тургуналы Молдобаев).
Турмушта акыреттик досуң болсо, адамсың жер үстүндө эң бактылуу (Ташмат Арыков).
Адам өлгөндөн кийин кайра тирилеби, же түз эле тирүү бойдон башка дүйнөгө өтүп кетеби – мен аны элестете албаймын (Мелис Эшимканов).

Улутчулдуктан коркпой тескерисинче улутун ойлогон кайдыгер адамдардан коркуш керек (Каныбек Иманалиев).
Кыйынчылык адамды курчутуп турат (Алик Акималиев).
Жамандыкты да, жакшылыкты да адам оболу өзүнө жасайт (Кадыр Кушалиев).
Дүйнөнүн экологиясынын тагдыры бүгүнкү адамдын ыйманынан көз каранды (Сазыкбай Турдумалиев).
Бул дүйнөдө бар экени өзү эле сага майрамдай сезилген бир соонун, жаркын адамдар болот (Мырзаян Төлөмүшев).
Аял менен эркектин ортосундагы туюмду жүрөк башкарат. Жүрөгү жетеленген адамды эч кандай күч токтото албайт (Токтош Абдиева).
Адам болуу ар бир эле адамдын колунан келе бербеген нерсе (Эсенбай Калдаров).
Мөлтүр суу, сендей болсо адам пейли, турмушта көрбөйт элек көп көйгөйдү (Бактыгүл Чотурова).
Улуту бар адам – улуттун укугун коргойт, улуту жок адам – адам укугун коргойт (Байас Турал).
Адамдын билгенден биле элеги көп. Ошону түшүнгөндөр чанда гана (Сабыр Иптаров).
Караңгылыктан да караңгы адамдардан корком (Айдай Чотуева).
Айкөл адам – чалкып жаткан деңиз (Аскар Илипаев).
Адам айбанга айланганда, адамда жок жоруктарды күтөт (Аскар Илипаев).
Кийизди тепкилеген сайын бышкан сыяктуу эле, адамдарды оор турмуш өзгөчө чыдамдуулукка тарбиялайт (Кубатбек Жакыпов).
Балтачанды токой сүйбөйт (Кубатбек Жакыпов).
Адам тагдыры да аалам сыңары татаал, түпсүз белем (Айдарбек Сарманбетов).
Сөз адамдын акылынан чыгат. Өнөрдүн эң баалуусу - сөз өнөрү (Шапы Назаралиева).
Адам бирөөнү сындап, же бирөөгө кеңеш айтуудан мурун өзүн-өзү абдан таанып-билүүсү зарыл (Таалайбүбү Насырымбекова).
Түшүнгөндөр жаңырып заман менен, ажыратпай жакшыны жаман менен ..... Жаңы заман жаңы деп артыбызда калып барат касиет адам деген (Олжобай Шакир).
Адамдардын таш боордугу, кайрымсыздыгы айбандардан да өтүп баратат (Темир Бирназаров).
Бүгүнкү күндө биздин көйгөйүбүз – бул адамдардын жан дүйнөсүнүн тардыгы. Биз жалаң гана материалдык кызыкчылыктарды ойлойбуз, бул абдан коркунучтуу (Азамат Сыдыков).
Бүткөрөр ишиң улуу – алыс өлчөп, бийик бол пенделикке колуң шилтеп (Жайсаң).
Адамдын жандүйнөсү – түпсүз деңиз, ачкычын терең каткан акыл жеткис (Элдик накыл).
Жаралган адам эмгектен, жарышып иштеп, түрүнүп (Жеңижок).
Адамзат – Тирүүлүккө болгон башат, апаңар – асыл Жерди алгын сактап (Жайсаң).
Өмүргө өрнөк калтыраар адам гана мураскерликке татыктуу (Гёте).
Адам – бул жүнү жок, эки буттуу жаныбар (Платон).
Адамзаттын өзүндө ачыла элек сыр да бар (Барпы).
Бүткөрөр ишиң улуу – алыс өлчөп, бийик бол пенделикке колуң шилтеп (Жайсаң).
Адамдын жандүйнөсү – түпсүз деңиз, ачкычын терең каткан акыл жеткис (Элдик накыл).
Чынчыл адам чындыкты дайыма айтат, акылдуу адам убагы келгенде гана (Б. Шоу).
Илим менен билимге көпүрө тил көкөлөткөн адамды тили деп бил (Ж. Баласагын).
Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу (Ч. Айтматов).
Ак иштеген адам акыры жамандык көрбөйт (И. Раззаков).